КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**«АЙТЫШ» СЕРИЯСЫ**

# АЙТЫШ

**6-том**

# ЭГЕМЕНДИК МЕЗГИЛИНДЕГИ АЙТЫШТАР

*Академик Абдылдажан Акматалиевдин жалпы редакциясы менен*

**Түзгөндөр:** *Абдылдажан Акматалиев,*
*Мээрим Көлбаева*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС»– 2017

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-5
А 37

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Чыгышына жооптуу:
*А. А. Акматалиев*

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

А37 **Айтыш:** 6-том. **Эгемендик мезгилиндеги айтыштар.** / Түз. А.Акматалиев, М.Көлбаева. – Б.: «Принт-экспресс», 2017. – 512 б. («Айтыш» сериясы).
ISBN 978-9967-12-688-6

Кыргыз элинин оозеки жаралган көркөм чыгармаларынын бири – айтыш. Жыйнакта постсоветтик мезгилдеги Рахматулла Козукеев, Абдибали Акимбеков, Амантай Кутманалиев, Шекербек Адылов, Жеңишбек Токтобековдор баш болгон акындардын чыгармачылыгынын орчундуу бөлүгүн түзүп, акындык жүзүн даана көрсөтүп турган айтыштары топтоштурулду.
Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

**А4702300200-17**
**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-12-688-6

© КР УИА, 2017
© «Принт-экспресс», 2017

## ПОСТСОВЕТТИК ДООРДОГУ АЙТЫШТАРДЫН АБАЛЫ

Айтыш байыркы мезгилде элибиздин жан дүйнөсүндө жаралып, каны менен кошо айланып, элдин жашоо мүнөзүнө ылайык чачырай калып, кара сөздө, чечендик таймаштарда, табышмак жашырууда, акыйнекте, жоролордогу сармерденде уруктанып, оозеки элдик чыгармачылыктагы алым-сабак, кайымдашуу, кордоо, суроо-жооп айтыштарында адепки үлгүлөрүн жаратып, кийин акындардын ыр өнөрүнүн эрөөлүндө кадимкидей өрүш алып өз алдынча чыгармачылык түргө айланды. Айтыш өнөрү совет мезгилинде идеологияга, заман талабына ылайыкташып, айрым бир өзгөчөлүктөрдү калыптандырса, чыгармачылыкты өздөштүрүүдөгү кээ бир салттуу ыкмалар таптакыр башка мүнөз күттү.

Ар бир жаңы баскыч өзүн-өзү мүнөздөй ала турган айырмалуу белгилери менен белгилүү болгон сыңары эгемендик жылдарында канча жылдардан бери баардык күч кубатыбыз, баардык иш аракетибиз совет мамлекетинин гүлдөгөн жашоосуна арналып, жеке улуттук баалуулуктарыбыздын көбү унутта калып, а түгүл дилибизди, тилибизди жок кылып коюу коркунучуна чейин жеткен өксүктөрүбүздү толтуруп, көркөм-адабий баалуулуктарыбызды кайрадан улуттук наркка буруу аракеттери жүрө баштады.

Эгемендикти алган алгачкы жылдардан тарта акындардын айтыштарындагы башкы темалардын бири элдин эркиндиги, биримдиги улут эгемендиги ырга салынып, кыргызды кыргыз кылган чыгаан инсандары, алардын өрнөк болор өмүр жолун даңазалоо иши колго алынды. Буга кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына, Курманжан датканын 200 жылдыгы жана эгемендик майрамынын 20 жылдыгы сыяктуу даталуу

майрамдарда өткөрүлгөн айтыштар мисал болот. Акындар Амантай Кутманалиев менен Табылды Актановдордун Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгындагы айтышында кыргыздарды «эркиндик сүйгөн, эзелтен баатыр эл» экени «тарыбай турган пейли, эчен-эчен кылымдар, жатса да душман тебелеп, ак жамгырдай себелеп акындар чыкканын» эсине салып, орозо менен бир келген, эгемендик майрамына куттук айтып, жалпы элге

«Унутпай жүрсүн деп ырдайм.
Эркиндик үчүн эл үчүн,
Эки эле карыш жер үчүн,
Кечеги бабалар төккөн кандарын» – деп Табылды Актанов эгемен эл үчүн жердин мааниси кандай экенин бабалар төккөн кан менен айтып кетет. Анда кезегин алган Амантай «азаттык деп кыргыздын, азапты көргөн эзелки» тагдырынан сөз таштап «ушул азаттык эгемендигиң, аман болсун дешели» деп тилек кылат. Курманжан сындуу апалардын тарыхтагы орду, кыргызга кылган кызматы даңазаланып, «тырмагына тең келбейт, токсон депутат биригип» деп саясатчыларга катуу сын коёт. Ырчылар байыркы замандан бери карай кандан-бектен кайра тартпай, каралаauthor калың журтка кайыры тийген калк башчыларын ыры менен жөнгө салып, алардын адилетсиз иштери болсо ачык ырдап, эл алдында жүргүзгөн саясатына сын коюп, калыс сөзүн айтып, ачуу чындыктын көзүн сайып көрсөтүп келген өткүр тилдүү, өзгөчө калыс, көсөмдүгү менен айырмаланып келгени маалым. Мына ушундай касиет сапат эгемендик жылдарындагы акындардын айтыштарында алдыга чыгып, эл башчыларынын кылганы акындык чымчыкей менен ар бир айтышта ырдалган.

Ырчылыкта байыртадан бери калыптанып келген замана темасында ырдоо эгемендик мезгилиндеги акындардын айтыштарында өзгөчө көркөм боёктор менен сүрөттөлүп, өз заманынын көйгөйлүү маселелери көтөрүлгөн. XXI кылымдагы замандын абалын сүрөттөө Асылбек Маратов аттуу жаш акындын 2014-жылы Жумамүдүн Шералиевдин 100 жылдыгына арналган «Жаш таңдайлар» 2014 конкурсунун финалында Акжолтой Канат уулу менен айтышында өтө курч

айтылат. Айтыштын жолу менен акын «карап турсак калкыбызда кандай заман?» деген суроо менен баштап, ага карата замандын абалын «каада салтты унутуп калган заман», «пара берсе чоң кызмат берет экен, папкелерди көтөргөн балбан заман» –деп учурдагы байыркы кааданы унутуп, пара берип, бийликке умтулган, ар бир бийликтин орду акчага сатылып, калктын камын жеген эл жакшыларынын жоктугун айтып, калктын кешиги бөксөрүп, «ак сакалдуу карылар арак ичип, акыл айтпас балдарга айбан заман» болгонуна өкүнүп, «элибизде ынтымак болсо экен, жергебизге ырыскы толсо экен» деген тилегин билдирет. Жогоркудай калктын кутун учурган окуялардын болушуна наарazы болуп, «касиетин учуруп кыргызымдын, кайда алып бара жатат кайран заман?» –деген суроосу менен кезегин өнөгүнө узатат. Демек, бүгүнкү «цивилизациялуу коом» деген ураан менен жашап, батыштын маданиятын жакса-жакпаса да тууроодон тапкан пайдабызды, байыртан калыптанган каадаларыбыздын калбай бара жатышын акындар кайрадан чыгармачылыктагы «замана» деген жол менен ачык сүрөттөп берип олтурат.

Ушул багытта коомдогу терс окуяларга сын көз менен карап, кыргыз наркын, улуттук баалуулуктарын ырга салып санаттоо эгемендик мезгилиндеги айтыштардагы негизги багыт болду. Элдин коомдук абалы, базар экиномикасынын сүрөтү акындардын айтыштарында ачык чагылдырылды. Айтылуу Коргоолдон акындыктын сырларын үйрөнүп кезегинде өзү да ырчылыктын түрлүү салттарын шакирттерине таберик кылган Тууганбай жаш өнөрпоз эл ичинде «эл сүйгөн акын – Элмирбек» атанган акын менен эгемен элдин жаш карылары тууралуу айтышышат. Ырда Элмирбек жаштардын өкүлү катары ырдап, Тууганбай карылардын таламын талашат. Алгач сөздү айтыштын салтын улай Тууганбай алып, Элмирбекти «тай кезинен таптап, жаман жолго чаппай» таптап, бүгүн жарышка салып турганын ырдайт. Анда Элмирбек «күлгүндөй жаштык барында, күкүрттөй болуп жанайын» - деп атасы менен айтышууга даяр экенин билдирет. Тууганбай «теңтушумдай теминбей, тексиз бала дедирбей» ырчылыктын адебин сакта деген кеңешин айтат. Анда Элмирбек «антип кетсе оңборун» айтып, «акыл эстен тайган, кулк мүнөзү жиндидей,

куурап калган кайбар, акылы кем, эрке өскөн» балдар бар экенин, «алигиче токтолбой андан өткөн чалдар» бар экенин замандын көйгөйү катары ырга кошот. Кыргызстан 70 жыл бою жогортон коюлган план, көрсөтмөлөр, аларга андан да жогоркулардын берилген тапшырмасы менен жашап, өз алдынча эгемен мамлекет болгондо, эркиндикке эми жеттик деп ээнсирей түшүп, жаңы базар экономикасынын саясатына көнбөй, батыштын чагылгандай тездик менен тараган адепнарктык «жылаңач» саясатын кабыл алып, элдин эң бир укмуш өзгөрүүлөргө учураганы бул айтышта сүрөттөлгөн. Андан ары текстке көңүл буралы. Тууганбай:

«Эт базар» деген болот го,
«Көк базар» деген болот го.
«Чөп базар» деген болот го,
«Нан базар» деген болот го,
«Дан базар» деген болот го» – деп базар экономикасы күч алганын элдин баары базарда күн өткөрүп калганын айтып, а түгүл

«Борборум Бишкек шаарында,
Моссовет, цирктин жанында,
Көргөндөрдөн кеп угам,
«Көгүчкөн базар» деп угам» – деп жаңы замандагы улуттун көйгөйү болгон «көгүчкөн базардын» абалын сүрөттөп, базар деп жатып баарын сатмай болдук деген оюн айтат. Ал жерлерди акчага көпкөн чиновниктер ээлеп, жедеп коомдун жаман жолго түшүп бара жатканынан коңгуроо кагат. Анда Элмирбек ал базарларда жеке эле чоңдор барбасын айтып, «калың чөнтөк, жел өпкө, балдар», «карды салык чириген «баштар», «катынына таарынган мастар», «жан дүйнөсү туруксуз жандар», «чамасына карабай чалдар» барарын айтат. Мындан улам атасы жок балдар төрөлүп, коомдо чоң көйгөй жаралганы ырдалат. Мындай кыргыздын нарк-насилине туура келбеген жүрүш-туруш «ошолор келди каяктан, орустан калган арактан, басып келди калганы, баарысы Батыш тараптан» – деп жаман жосундун баарын арак менен Батыштын саясатынан көрөт.

Айтыш эки ырчынын баамына илинген коомдогу, турмуштагы көптөгөн көйгөйлүү маселелер салттуу турмуштук

проблемалар менен салыштырмалуу ырга салынып, санатталып айтылган. «Оозеки болобу, жазма түрүндө болобу, эң эле байыркы мифологиялык, фольклордук, ошондой эле жазма адабияттын чыгармалары да тигил же бул формада, ал же бул даражада коомдук турмуштун талабынан пайда болуп, турмушту чагылдырып турат [Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст] / М.Борбугулов – Бишкек: «Сорос фонду» – 1996, 552 б., 55]» – деген сыңары бул айтыш дагы ошол мезгилдеги эгемен элдин коомундагы көйгөйлүү маселерди көтөрүп чыгуу талабынан ырдалып, турмуштук чындыкты сүрөттөп турат. Айтыштардын ушундай турмуш чындыгын, калк турмушун айкын сүрөттөө жагынан реалисттик чыгарманын айрым талаптарына жооп берген сапаттарды көрүүгө болот. Турмуш чындыгы кандай болсо так өзүндөй сүрөттөө айтыштын негизги белгиси, ал коомдук жагдайга жараша өзгөрүлүп турары шексиз. Совет мамлекетинде жаман жагын жашырып, жакшысын жар салуу, гүлдөгөн совет элинин эркин турмушун баяндоо, мактоо, жар салуу айтыштардагы башкы милдет болсо, эгемендүүлүк жылдарында айтыштын нугу коомдук терс көрүнүштөрдүн бетин ачып сынчыл мүнөз күткөндүгүн көрүүгө болот.

Бул жылдардагы айтыштардын дагы бир өзгөчөлүгү акындардын жеке жашоосун, бийликтин, өкүмөттүн акындарга мамилесин ырдоо менен жалпы элдик абалды чагылдырып берүүгө аракеттер жасалат. М: «Айтыш» телесынактарынын биринде Майра Керим кызы:

«Туз салбаса тамактын даамы жок гой,
Таптабаса күлүктүн табы жок гой.
Осундай жас талантты көтөрбөгөн,
Отурган үлкөндөрдүн баамы жок гой.
Ардактуу Назарматов министрим,
Алиги Амантайдын тамы жок гой» – деп министирге

сөз салып, акындарга карата бийликтин кандай көңүл бөлүп жатканын сынга алат. Анда Амантай байыртадан калган нарктуулукту сактап, бир эсе чычалай төмөнкүдөй жооп кылат:

«Үйүң жок экен деп айттың
Үшкүртө турган кеп айттың
Там берсин чоңдор деп айттың

Таң кала турган кеп айттың
Оюма салып арманды
Ошол сөздү неге айттың
Карагандын түбүндө
Калганым жок деп мен айттым
Курулуш жатаканасы
Жашап жаткан тамыбыз
Амантай жалгыз калган жок
Алтымыш бала баарыбыз» [Алагушев, Б., Садык Шер-Нияз. Актаңдайлар: Чыгармачыл ажарлар – Бишкек, – 2003, – 95] деп акын өзүнүн арманын эле эмес ошол учурдагы ички миграциянын өзгөчө өнүккөн учуру болуп, борбор калаада батирде, жатаканада жашаган айыл-кыштактардан иш издеп келген көпчүлүк элдин көйгөйүн айтып кетүүгө үлгүргөн. Демек, эгемендик мазгилиндеги айтыштар идеялык-тематикалык жактан эгемен элдин эркин жашоосуна куттук айтып, канча мезгилден бери көксөп келген өз алдынчалыгыбыздын колго тийгенин кубаттап, анын келечегин тилөө, кыргыз улутунун тиреги болгон улуу инсандарыбыздын өмүр-жолун өрнөк этип, жаштарга тарбия иретинде аларды даңазалап ырдоо, ар түрдү маараке-юбилейлерди куттуктоо менен катар турмуштун көйгөйлөрүн, кыргыз насилине туура келбеген жүрүш-туруш окуяларды сын сөз менен ачык сүрөттөө, бийликтин аткарган ишин оңун оң, тетирисин жаман деп ачык айтып чыныгы демократиялуу сынчыл мүнөзүндө болду. Муну менен акындар жалаң эле элдин көйгөйүн айтып, муңканып калган тура деген ойдон алыс болушубуз керек. Кези келгенде ашыктык, табият, турмуштагы жакшы саамалыктар темасындагы айтыштар да ырдалып жатты. Демек, тематикалык жактан айтыштар турмуштун баардык жагдайларын сүрөттөөгө алып, идеялык жактан эгемен элдин турмушун чагылдыруу багытында болду.

Эгемендик жылдарындагы ырчылардын баамы жетип, көңүлүнө илинген көйгөйлүү маселелерди ырга салып, кыргыз элинин учурдагы оомалуу-төкмөлүү социалдык, тарыхый-экономикалык абалын санаттап айтып берүүнү Тууганбай, Элмирбек, Жеңишбек, Амантай, Аалы, Азамат өндүү акындардын айтыштарынан көрөбүз.

Айтыш өнөрүндөгү негизги ыкмалардын бири болгон алым сабак түрүндө ырдашуу эгемен элдин акындарынын көбүндө кездешет. Мисалы, Арстанбек, Жеңижок, Токтогул Калык өңдүү акындарды пир туткан, шакирт ырчылар акындыктын сырларын толук өздөштүрүп, өз алдынча ырдоо жөндөмүнө ээ болду. Ал жылдарда айтыштын байыртадан бери сакталган түрү болгон алым сабак салтуу жана өзгөргөн формада ырдалып жатты.

Азыркы айтыштарда «Талым кыз менен Көбөктүн», «Чоңду менен Арстанбектин» же «Кет буканын» суроолуу, табышмактуу айтыштарындай башынан аягына чейин табышмактатып айтылган айтыштар кездешпесе дагы ырдын ыгына жараша табышмак катып, түбөлүктүү темалардан суроо коюп ырдаган айтыштар бар. Ал айтыштарда табышмак айтыштын салттуу белгилерин толук сактаган дешке болот. Бирок, ал өз алдынча турбастан алым-сабак, тамашлуу айтыштар менен аралаша берилип, өзүнчө бир өнөрдүн «кыямы» пайда болгону көрүнөт. А чынында, айтыштын түрлөрүн бири-экинчисинен обочо бөлүнүп окчун турары мүмкүн эмес, анын түрлөргө бөлүштүрүү өтө шарттуу дешке болот.

Азыркы мезгилдеги айтыштарда совет мезгилинен мурдагы ачуу кордоо, жеке адамдык сапаттарга, кемчиликтерге, ата-тегине асылуу мүнөзүндөгү айтыштар дээрлик жокко эсе. Бирок, акындардын беттешинде юморго бай, өзгөчө курч айтылган саптар арбын. Жеңижоктун 140 жылдыгына арналган айтышта казактан келген Айтакындын көрүнүшүнө Элмирбектин туздап жооп беришинен ачык көрүнөт. «Мен казактан бакер келди дейсиңби» деген кыязда домбурасын эргип чертип, эки ийинин кыймылдатып, бир бутун бир бутуна арта салып, домбурасынын күүсү күчөгөн сайын, добушу да бийиктеп, кээде көзүн сүзүп, кээде чалкалай түшүп, кайта эки ийинин кагып жиберип, чапаны үстүнөн түшүп кеткенине карабай, домбурасынын ыргагы менен бийлеп, каршылаш акынын качыра ырдаган казак акынына

Элмирбек:

Кайнап жаткан бозодой,
Шарактайсың Айтакын.
Отургучту булкунтуп,

Барактайсың Айтакын.
Жалбырак күүгөн күздөгү,
Дарактайсың Айтакын.
Шайың бошоп калгандай,
Шалактайсың Айтакын.
--------------------------------
Короо толо көмүргө,
Күйүп жаткан кишидей.
Керегенин баарысын,
Түрүп түшкөн кишидей,
Токтолбойсуң силкилдеп,
Токсон шайтан мойнуңа,
Минип түшкөн кишидей [Алагушев, Б., Садык Шер-Нияз. Актаңдайлар: Чыгармачыл ажарлар – Бишкек, – 2003, –237] – деп өзгөчө мурч тилдүү, куйкум сөзү менен сынга алган ырынан кийин өнөктөшү бир далай жоошуп, ак сөзгө баш ийип берген экен. Мына ушул сыяктуу өзгөчө курч мүнөздө айтылган Аалынын, Амантайдын, Азаматтын айтыштарын кошууга болот.

Азыркы айтыштарда байыртан салт болуп калган саламдашуу айтышы акындардын көбүнүн чыгармачылыгында кездешип, жагдайына жараша ар учурда ырдала берет. Саламдашуу акындардын айтышы учурунда көрүүчү эл менен, өнөктөш ырчысы менен амандашып, абал жайын билүү максатында айтылат. Мындай учурашуулар салт болуп калган ыкма катары көпчүлүк акындарда түрдүү формада ырдалат. Мисалы, Айдалып кеткен Шиберге, Акын Током аманбы? («Тоголок Молдонун Токтогулга амандашканы»), Ак бариктүү токойго, Конгон Током эсенби?, Алты сан журттун эрмеги, Болгон Током эсенби? («Алымкулдун Токтогулга саламдашканы»), Ардактуу акын аманбы? Арзып жүргөн агама Ардактап берем саламды. («Осмонкулдун Калыкка саламдашканы») ж.б.у.с. Совет мезгилинде саламдашуулар эмгекчи элге, жалпы совет элине арналып, он беш союз республикасынын жетишкендиктери саналып, алардын ар бирине салам айтылган.

Осмонкул:

Туруктуу акыл чыдамкай,
Душмандан коркуп качпаган.

Лениндин туусун бек кармап,
Бизге, бет алса душман батпаган,
Улуу орус баатыр эл.
Боордош тууган жакын эл,
Эрлерге салам айтамын (Калык, Осмонкул, Алымкул, Токтонаалы, Ысмайыл. «Куттуктоо»)

Токтонаалы:

Күжүрмөн өсүп гүлдөгөн,
Билимдин жолун сүйлөгөн,
Жигиттерге айтам саламды.

Ысмайыл:

Кыздын кырк чачы улуу дейт
Унутуп калдың аларды.
Аял, эркек аралаш
Ардактуу көп журт аманбы» (Токтонаалы менен Ысмайыл. «Сахнаны ачканда»)

Азыркы айтыштарда саламдашуулар калыптанган салттуу ыкма менен түрдүү формада айтылгандары бар. Демек, замандаш акындардын талант дараметин байкоодо саламдашып ырдатып көрүү негизги ыкма катары бүгүн да колдонулуп жатканы көрүнөт.

Жаш таланттарды тандап аларды борборго алып келип, айрымдарын окутуп, айрымдары менен чогуу иштешип өнөр жактан талант жактан өстүргөнү маалым. Бүгүнкү акындардагы бир өзгөчөлүк талантын такшалтууда атайын окуу жайларында окушуп, адистерден билим алышкандыгында. Мурунку акындар устатын ээрчип, айлап-жылдап, алар менен бирге жашап, бирге жүрүп турмуштан сабак алып, эдин жашоосун өз көзү менен көрүп, устаттын кеп-кеңеши менен тапталса, бүгүнкү акындар ар тараптуу билимдерге ээ болгон окумалдуулугу менен айырмаланат. Мындан улам акындар жазмакерлик менен төкмөлүктүн салттарын айкалыштырып, айрымдары (Замирбек, Жеңишбек, Амантай, Шекербек, Элмирбек ж.б.) ыр китептерин, термелерин элге тартуулап жүргөндөрү да бар. Мындан сырткары замандаш ырчылардын кээ бири актёрдук менен алектенип, Ж.Мольердин «Дон Жуаны», Б.Брехтин «Трёхгашевая» операсы сыяктуу классикалык чыгармаларда башкы ролдордо ойносо

(Табылды, Жеңишбек), айрымдары обончулук, дастанчылык менен алектенип (Замирбек, Майра, Элмирбек) акындык менен башка өнөрлөрдү (актёрдук, обончулук, артисттик, жазма акындык ж.б.) айкалыштырышууда. Башкача айтканда, азыркы учурдагы акындардагы чыгармачылык синкреттүүлүк өтө татаалдашып, өнөрлөрдүн жуурулушу менен мүнөздөлүп, көп катмарлуу мүнөз күткөн.

Азыркы кездеги акындардын чыгармачылык тарыхына кайрылганыбызда көпчүлүгү мектеп курагында чыгармачылык менен алектенип, айылдын чегинде түрдүү жыйындарда ырдап, мектептик түрдүү конкурс, сынактарга катышып жүргөндүгүн көрөбүз. Мунун өзү акындардагы чыгармачылык даярдыктын алгачкы этабы катары кызмат аткарган. Демек, акындыкка коюлган ынтаа менен ички даярдык акындардын төкмөлүккө жетишүүсүнүн негизги жолу катары кызмат өтөгөн. Чыгармачылык такшалуу кийин үйрөнүү, үлгү алуу менен коштолгон. Үйрөтүү жана үлгү алуу байыркы замандардан бери муундардын чыгармачылык байланышын түзүп келген салттуу өнөр үйрөнүү ыкмасы. Ал устат-шакирт түшүнүгү менен аныкталат. Бул түшүнүк кыргыздарда байыртадан бери колдонулуп Токтогул, Калык, Осмонкул, Коргол сындуу залкар таланттардын чыгармачылык такшалуу мектебинде бийик деңгээлге көтөрүлүп, совет мезгилинде уланып, азыркы күндө дагы колдонулуп жаткан салттуу өнөр үйрөнүү ыкмасы. Мындай дегенибиздин себеби, бүгүнкү акындарыбыз да өз кезегинде Эстебес, Тууганбай, Ашыралы өңдүү акындардан чыгармачылык таалим алып, азыр өздөрү жаш таланттарга устаттык кылып жатканын көрөбүз. Мисалы, көзү тирүү кезинде Тууганбай, Ашыраалы акындардан Элмирбек, Шекербек ырчылыктын сырларын үйрөнсө, Азамат, Асылбек, Болот сыяктуу жаш акындар Элмирбектин, Аалы, Идирис акындар Жеңишбектин таалиминде ырдашканын көрөбүз. Мындан сырткары азыркы кездеги жаш таланттар консерваторияда же музыкалык студияда кайсы ырчынын классында окуса, ошол ырчыны устат катары тутунган. Мындан улам өнөр үйрөнүүчү ырдоо манерасы, ой куроо өзгөчөлүгү, көркөмдүк-эстетикалык жасалгалоолору, салыштыруулары, жооп

кайыруусу жагынан устатынын негизги ыкма-жолдорунун нугунда тарбияланганы байкалат.

Таалим алуу, өнөр үйрөнүү иши жазуу ишинин жакшы жолго коюла элек мезгилде жалаң оозеки абалында көргөн билдендерин, уккандарын дароо угуп жаттап калуучу үйрөнүүчүнүн кабыл алуу жөндөмүнө, эстин сыйымдуулугуна байланыштуу болсо, бүгүнкү заманда өнөр үйрөнүүнүн теле, радио, интернет, телефон, диктофон, магнитафон, китеп өңдүү миң түрлүү булактары менен толукталып жатат. Бул каражаттар көрүү, кайталып угуу сыяктуу үйрөнүүнүн кошумча булагы болот. Мындай түрдүү кажаттардын болгону менен баары бир устат-шакирт, үйрөнүү, үлгү алуу салты бүгүнкү күндө дагы эски түшүнүк катары колдонуудан калып калбастан мурунку абалында чыгармачылыкты өздөштүрүүдөгү негизги ыкма-жол катары жашап жатат. Демек, үйрөтүү жана үйрөнүү салты мезгилдин сыноосуна туруштук берип, табигый жол аркылуу тандалып бизге жеткен, азыр да өз жашоосун токтотпой, улап жаткан чыгармачылык байланыш жолу экени көрүнөт.

Айтыштын аткарылышы, орундалышы, бааланышындагы мындай жаңылануулар болсо дагы, канча кылымдан бери жандуу кубулуш катары сакталып келе жаткан салтуулуктар азыркы айтыштарда дагы сакталганын көрүүгө болот. Ал импровизациялап ырдоо салтынан (кайсы акын менен бет келишпесин, кандай темада болбосун дароо ырдашуу), акындардын үйрөнүү, үйрөтүү салтынан (алгач көрүшкөн ырчы менен саламдашып таанышуу, өнөрүн сынатуу, өзүн тааныштыруу, ээрчип жүрүп өнөр үйрөнүү, классында окуу, бата, алуу, пир (кумир) тутуу, устатын урматтап ар бир чыгармасында айтып жүрүү, таазим этүү ж.б.), чыгармаларындагы тематикалык салттуулуктардан (элдин көйгөйүн, замандагы өзгөрүүлөрдү ырдоо, элдин ынтымагын тилеп, эгемендүүлүгүн даңазалоо, улуттук баалуулуктарды даңктоо, эл бийлөөчүлөрдүн кылган иштерин даңазалоо же сындоо ж.б.) поэтикалык салттуулук салттуу ыкмаларды, салттуу сөз формулаларды колдонуу, акындардын коомдук милдетиндеги салттуулуктардан (эл көңүлүн көтөрүү, эл тарыхын ырдоо, коомдук өзгөрүүлөрдү сынга алуу менен жаш муундарга таалим-тарбиялык насаат-

тарды айтуу, калкка руханий-эстетикалык рахат тартуулоо ж.б.) көрүнөт. Демек, айтыш өнөрү эгемендик жылдарында канча кылымдардан бери сакталып келген салттуулуктарды сактап, айрым өзгөрүүлөрү менен биздин күнгө жеткен көркөм өнөр экенин көрөбүз.

Эгемендик жылдарындагы айтыштар жогоруда белгилегендей, кайда кандай ырдалса, ошол калыбында калып, айрымдары электрондук вариантта гана сакталган. Жыйнакка топтоштурулган айтыштар аудио, видео үлгүдөгү айтыштардан терилип даярдалды. Мындан улам айрым мүчүлүштүктөр учурашы мүмкүн. Бул жыйнактарга кирген постсоветтик мезгилдеги айтыштар алгач ирет китептик формага салынып жаткандыктан окурмандардан сунуш-пикирлерди күтөбүз.

Айтыш сериясына акындардын макулдугу менен тексттер тандалып алынды.

Эгемендик жылдардагы айтыштардын китеп болуп чыгышына көмөктөшкөн Кыргыз радиосунун кызматкери Жаныбек Эсеналиевге ыраазычылык билдиребиз.

***Ф.и.д. М. Көлбаева***

# РАХМАТУЛЛА КОЗУКЕЕВ

## 2016-ЖЫЛЫ 28-МАЙДА БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## РАЗМАТУЛЛА КОЗУКЕЕВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Рахматулла:**

Баштаарда ырды абалы,
Баткендеги агайын.
Амандашып да алалы.
Айтыла кетсин силерге
Акыныңардан саламы.
Жайлоодо айтыш болот деп
Төгөрөктүн төрт бурчуна
Таркаган экен кабары.
Алла болсун ыраазы
Икрамжан балаңа.

Айтыш болуп бул жерге,
Чогулуп келди бүтүндөй.
Жети дубан жериңден,
Жез таңдай акын балдары.
Желпинип ырдайт астыңда
Саргашка деген чоң акын.
Айтканда ою даана бар.

Саргашканын башында,
Ашыкем берген ак бата,
Кенен сонун жолу бар.

Кымбаттуу төргө биз келдик,
Кыйыта көздү салыңар,
Көз мончоктой тизилип
Отурган элим аманбы?
Ала келдим силерге
Жалал-Абаддай жалпы журт
Ала-Тоо элден саламды.
Таштап келдим бул жерге
Ала-Тоо, Баткен элим деп,
Аянбастан кадамды.

Ашыраалы алп акын,
Атын койгон кезинде.
Бармактай бала кезинде
Ырдап чыкканы эсимде.
Жаш кезинен талбады.
Таалайлуу кыргыз элине
Ак таңдай тилин сайратып
Эчен ырын арнады.
Калпып келе жатпайбы
Калыс ырдын каймагын.
Колуңда жүрөт Амантай
Ырчылыктын байрагы.
Кыдырып келген жериңиз.
Кең Баткендин аймагы.

Төө жайлоонун төрүндө,
Бүгүн көрүп турасың.
Таалайлуу кыргыз элиде,

Көкүрөктө, көөдөндө,
Айтып бергин элиңе.
Анда эмесе Амантай
Эстекемдин жанында,
Эрбейген бала чагыңда,
Анделектей чагында,
Ашыкемдин жанында.
Туура сөздөн тайбаган.
Тууганбайдын жанында.
Ырдап чыктың Амантай.
Бармактай бала чагыңда
Азыр
Чоң акын болдуң талпынып,
Ала-Тоо элге мынакей
Саргашка деп таанылып
Ырдап чыктың журтуңа.
А дегенде оозуңдан
Аркырап суулар агылып
Суудай бологон ырыңыз
Көкүрөктөн, көөдөндөн
Түгөнбөгөн сырыныз.
Калың элге белгилүү
Саргашка деген сыйыңыз.
Саргашка сага ырахмат
Отуз жыл ашык иштедиң.
Ордолуу элдин ичинде
Кадыр-барктын баарысын,
Кызыл тил менен түптөдүң.
Менин башкача болчу күткөнүм.
Өкүмөткө кичине,
Айтайын деп турамын.
СДПКсы баш болгон,
Партиянын баарына,

Жашы менен карыга,
Саргашка деген саламат ,
Эсен жүрөт дайыма.
Маротория алынса,
Мамлекеттик наамдар
Туш болуп турсун багыңа.

**Амантай:**

Бурадарым Ракебиз,
Булбулдай болгон үнүңдөн
Төө ашуунун төрүнө
Төккөнү келдим бүгүн мен.
Былтыр да келип кетти элем,
Быйыл да мында келем деп,
Жакшы үмүт менен сүйүнгөм.
Туз, даам татып жатабыз
Туугандар ар бир үйүңдөн.
Ала-Тоо кыргыз мекени
Кайсы жерге барсак да
Ал акындардын өз эли.
Кайсы жерге чыксак да,
Ал абалтадан таланттын
Жери болгон да мекени
Амантай деген үкеңиз,
Төө жайлоого дагы да
Кайрылып келген кезеги.
Атадан калган салт экен,
Сагынычтуу саламды,
Саргашка айта кетели.
Албетте салттан качпайбыз,
Саламдашып баштайбыз.
Ак калпакчан кийинген,
Ак сакалдар турганын
Айтпай кетсек болобу?

Илмияновдой болсо уулу,
Мууну болот жогору.
Кулунун мактап ырдаса
Элдин купулуна толобу?

Жакшыларын элимдин,
Жалтанбай мактап ырдайлы.
Эл жакшысын биз эмес,
Эшмамбеттер мактаган.
Элге жумуш кылганды,
Акындары даңктаган.
Ырдагым келет төрүңдө,
Атактуу Баткен элиңде.
Ракең менен кошулуп,
Бир көлүктө отуруп,
Бирге ырдайбыз Ташкенде,
Бирге ырдайбыз таш жерде,
Бирде ырдайбыз жат жерде,
Бирде ырдайбыз тоо башы
Чек арадачы аскерге.
Бүгүн келгениме кубанам
Кереметтүү Баткенге.

Ракем бир аз жакшы айтты,
Бир жерин эле башка айтты.
Элим, наам деген табылаар
Акындын айтар сабы бар.
Элге жакса ырларың
Наам деген ошол да.
Андыктан жалпы туугандар
Алдымда турган элимди,
Ыр сабына кошом да.
Саймадай кооз жергеңер,

Сакталып калган көңүлдө.
Мындай жерге келгендер,
Баргысы келбейт өлүмгө.
Анткенимдин себеби,
Алдыңдагы көк майсаң
Өзүңөр көргөн берeги
Кереметтүү төрүңөр,
Кереметтүү элиңер,
Керемет жерде жашаган,
Кейүүгө жок жөнүңөр
Анткени,
Раззаков баш болгон,
Атуулдар чыккан эл эле.
Элине кызмат кылышкан
Баш уулдар чыккан эл эле.
Ошондой жерге келгенде,
Обдулуп ырдайм деги эле.

Таң аткандан ырдаткан,
Төрүңөрдө жыргаткан.
Акынга комуз күүлөнткөн,
Алдыңарга сүйлөткөн,
Акындарды дүрбөткөн,
Жыйырма акын бир келди,
Билбеймин кимиң иргелди,
Былтыр да
Отуз акын бир келди,
Орошондор иргелди.

**Рахматулла:**

Кыска болсо убакыт,
Кызык абал салайын.
Ичкиликтин обону,
Иргеп сөзүн табайын.

Калың элге мен бүгүн
Кара жаак, кызыл тил
Сайрап ырдап жагайын.
Айланайын Саргашка,
Ачылбайт дейсиң уйкумду,
Таппайсың дейсиң куйкумду.

Эл астына келгенде,
Эминени айтасың.
Элиргип ырдап кайтасың.
Калың элиң турганда,
Какшанбай калмак эмине.
Мен келип калгам демиме.
Он мүнөт деген момундай
Отурган элге эмине?
Атайы келген болчумун,
Баткендин алтын төрүнө.
Жакшы болмок туугандар,
Рахматулла акындын
Жамгырдай ыры төгүлсө.
Жалпы калкка бул акын,
Жакшы акын болуп көрүнсө.
Алтымышка чыкса да,
Аккуладай бөлүнсө,
Ошондуктан баарыңар,
Жашы менен карыңар,
Саламат болсун жаныңар,
Аман болгун баарыңар
Дагы кезек келгенде
Башка сөздөр табылар.

## ТОКТОСУН АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

## РАХМАТУЛЛА КОЗУКЕЕВ МЕНЕН КУРСАНТ НУРМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Рахматулла:**

Баштарда ырды абалы.
Калайык калкым эмесе,
Амандашып алалы.
Айтыла кетсин силерге,
Жалал-Абаддан келди эдем.
Жалпы элге саламым,
Козголуп жаткан турбайбы.
Таалайлуу кыргыз ырчысы,
Токомдун бүгүн арбагы.
Калкылат сөздүн каймагы,
Калкым бүгүн кут болсун.
Токтосундун арбагы.
Эскерип алакан колду чабалы.
Өзгөчө шаңга бөлөнүп,
Өрөөнү өлкөм аймагы.
Айтыш коомун баштаган,
Сахнага бүгүн келиптир.
Алтындай болгон балдары,
Жагып турат өзүмө жалаң.

Шаан-шөөкөт комуз чалганы,
Ошонун баарын колдосун.
Бүгүн Токомдун арбагы,
Атиң ай дүйнө чиркини.
Жетет экен түбүнө,
Эгер андай болбой,
Жетпесе эгер түбүнө.
Сексен үч жашка толуп,
Током калктын астында.
Сайрап турса эмине.
Таңдайга тили такалбай.
Кайрап турсаң эмине,
Кызыл гүлдөй ачылып,
Жайнап турса эмине.

Бүгүн келдик туугандар,
Кең Бишкектин төрүнө.
Айып көрбөйт калың журт,
Акындарың төгүлсө,
Кашымда турат карачы.
Айткан сөздө акынга,
Акындыгың бар болсо,
Ак таңдай тилиң сабачы.
Алтындай болгон Токомдун,
Олтурбайбы кыздары.
Көкөлөгөн куштары,
Ашка татым туздары.
Айланайын Такиним,
Артында калган туягы.
Шумкардын болот канаты,
Ырдай берсем түгөнбөйт.

Токомдун бүгүн санаты,
Самадым бүгүн эскерип.
Кагылайын туугандар,
Дагы бир колду чабалы.

Токтосун деген ким эле,
Толкуган элдин гүлү эле.
Темир комуз какчу эле,
Таалайлуу кыргыз элине.
Таланты менен жакчу эле,
Ооз комузду ышкыртып.
Ордолуу элге какчу эле,
Оюн куруп олтуруп.
Ордолуу элге жакчу эле,
Баш ийкеп берет бул жерде.
Сүйдүмдөй болгон апабыз,
Ырдап келсе туугандар.
Ырдан болбос катабыз,
Арбагын бүгүн эскерип.
Ак сакалдар баарынын,
Арбагын козгоп жатабыз.
Кашымда турат Неля апам,
Ашыралы атамдын.
Алып калган батасын,
Батадан такыр таппадым.
Турмушта эч бир катасын,
Токомдун алган батасын.
Торгойдой шаңшып ырда деп,
Кагылайын Ырашым.
Ырыстуу элдин ичинде,
Ырың менен жырга деп.

Алар берген батасын,
Эстебестей агабыз.
Эгиз козу өңдөнүп,
Ээргишип үйгө барчу эле.
Колуна комуз алчу эле,
Эстекем Toком келгенде.
Залга эл батпай калчу эле,
Ошолордун туугандар.
Козгоп жатам арбагын,
Көтөрүп жүргөн баламын.
Көкөлөтүп байрагын,
Айланайын кашымда.
Курсанттай болгон баламды,
Кетмен-Төбөнүн жеринен.
Байкагыла туугандар,
Акындык сонун кебинен.
Алдыга койгон кебинен,
Садыктай болгон инимдин.
Салмактуу ишин байкадың,
Акындыгым бар болсо.
Көргөнүмдү айтармын,
Көпчүлүк элдин астында.
Көбүртүп ырдап кайтармын,
Анда эмесе Курсантым.
Ырдай турган убагың,
Алдыны карай улагын,
Алдыңда калың эл турат,
Аксакал кары тең турат.
Кетмен-Төбө жеринин,
Токтогулдун элинин.
Куйкум сөздүн устаты,

Коргоолдун келдиң элинен.
Кетмен-Төбөнүн төрүнөн,
Калайык калкым байкасын.
Сайрап айткан кебиңден.

**Курсант:**

Ыракем берди кезекти.
Эми мындай учурда,
Ырдабай койсом болбойт да.
Акындар антип айтпаса,
Купулга анда толбойт да.
Комузду колго алган соң,
Коোздоп добуш салган соң.
Ээргип бир төгүп алайын,
Ак Суудан чыккан атактуу.
Ак таңдай акын Токтосун,
Ак таңдайды эскерип.
Акының бүгүн коштосун,
Акынды сүрөп калың эл,
Ак калпак элиң коштосун.
Арбагын сыйлап акындын,
Акының Курсант төгүлүп.
Алты ооз кантип кошпосун,
Кызуу кепти баштайын.
Кызыкты айтып таштайын,
Агайын элдин алдында.
Алты сап сөздөн саптайын,
Кашыма келдиң агайым.
Өзүңүздү чынында,
Өзгөчө жакшы баалаймын.
Кызыктуу сонун кебимди,
Кыялымда таптаймын.

Өзүңдөй акын болсом деп,
Өзүңүздү самаймын.
Сыналгыдан көрчү элем,
Сыймыгы болуп элимдин.
Сый-урматта жүрчү элең,
Таланттуу сиздей акындын.
Таалимин алсам дечү элем,
Таңшыган булбул сыяктуу.
Таңшып бир турсам дечү элем,

Ак таңдай акын Токтосун,
Айтканда сөзүң шар эле.
Түркүн-түркүн чынында,
Дастандарың бар эле.
Көпчүлүктүн көөнүнө,
Жаккан жагың бар эле.
Ак калпак элдин көңүлүн,
Ачкан жагың бар эле.
Жана өзүңүз айткандай,
Черткен темир комузду,
Каккан жагың бар эле.
Алтындай болгон сөздөрдү,
Чачкан жагың бар эле.

Токомдой болгон талантты,
Башынан жакшы билгемин.
Радио, теледен,
Ырларын угуп жүргөмүн.
Эстекем экөө айтышса,
Кунт коюп кулак түргөмүн.
Аркалап жүргөн ал киши,

Акындыктын түйшүгүн.
Чыгармаларын Токомдун,
Чын жүрөктөн сүйгөмүн.
Обончу темир комузчу,
Өнөрдүн билген түркүнүн.

Барпы акындын «Мөлмөлүн»,
Баяндап далай ырдаган.
Бабалардын өрнөгүн,
Бакылдап топто ырдаган.
Билемин анын жөндөмүн,
Темир комуз какканын.
Теледен далай көргөмүн.

Өзүңүз мына абаке,
Катар басып жүрдүңүз.
Током менен чынында,
Сырын жакшы билдиңиз.
Алтындай кээ бир сөздөрүн,
Көңүлгө бекем түйдүңүз.
Эми биздей жаштарга,
Болсо экен деймин үлгүңүз.

Маңдайымда олтурган.
Маанилүү мында агам бар,
Алтындай сөздү чуубурутуп.
Асылын сөздү табар бар,
Токомдун жайын мен сурап,
Болсом деймин мен кабардар.

**Рахматулла:**

Акын болсоң Курсантым,

Чыдайсыӊ далай көп сынга.
Сага айтаар сыным мына ушул,
Азыраак чертип көп ырда.
Акындар келет экен деп,
Залга калыӊ эл жыйылсын.
Ток этер жерин айтсаӊчы балам,
Точкасы барбы ырыӊдын.

Токомдун жайын сурасаӊ,
Андан ары улайын.
Аккуладай чурайын,
Агамды бүгүн айтпастан,
Анда кантип турайын.
Мен болсом
Ак Суудан таптап өстүргөн.
Алтындай болгон кунанмын,
Токомду көрүп калды элем.
Ырдап жүргөн убагын,
Кандырайын туугандар.
Кары жаштын бүгүн бир,
Кулагынын планын,
Токосундун арбагын
Эскерип турган убагым.
Алыска чапкан тулпардай,
Теминип турган убагым.
Алдыга чыгып күлүктөй,
Бөлүнүп турган убагым.
Асмандагы булуттай,
Сөгүлүп турган убагым.
Ак жаан болуп нөшөрлөп,
Акын Токомдун иниси

Агайын элдин алдында,
Төгүлүп турган убагым.
Бир кезекте Токомдун,
Элүү төрттө жашында.
Ээлептир элдин кашында,
Ырдаганын көргөнмүн.
Көкүрөктө көөдөндүн,
Көпчүлүк элдин баарысын.
Сырдаганын көргөнмүн,
Алакан чаап калың журт.
Жыргаганын көргөмүн,
Олтура калып орустун.
Тыңдаганын көргөмүн,
Анткени, ооз комузду какканда.
Орустар тыңшап турчу эле,
Оордолуу элдин баарысы.
Кандай киши экен деп,
Ага көңүл бөлчү эле.
Кыягын тартып турганда,
Кыргыз эмес бүтүндөй.
Көргөн эл тыңшап көрчү эле,
Кыякты тарткан ал киши.
Төрт аягы төп жорго,
Обончулук жагы бар эле,
Ордолуу элдин ичинде.
Ооматы акындын шар эле,
Токтосундун таланты.
Төрт аягы төп жорго эле,
Айта берсем Токомдун.
Ак таңдай тилин сайраткан,
Кыргыз элдин ичинде.

Кызыл гүлдөй ырларын,
Ырдап берип жайнаткан.
Кыргыз эстеп жүрсүн деп,
Эстелигин койгонбуз.
Ошондо Кеңеш агам кеп айткан.
Кеп кыскасы жан иним,
Тарыхта калат деп айткан.
Ишенбей жездем кеп айткан,
Ишенип кой кайнагам.
Ийгиликтүү иш экен,
Колдоймун деп кеп айткан.
Айланайын жездеке,
Ачылып бүгүн кабагың.
Түгөнүп бүгүн арманың,
Ачыкка чыгып алганың,
Кут болсун жезде кут болсун!
Эжем экөөң бир кезде,
Кайгырып жүргөн убагың.
Айта берсем түгөнбөйт,
Армандуу жаштын убагын.
Эми анын баары кулады,
Азыр эжекем менен жездемдин.
Буралып турган убагы,
Колдоп турган кезеги.
Атасынын арбагы,
Калкылып сөздүн каймагы.
Кең Бишкекете термелет,
Токтосундун байрагы.
Айланайын балдарым,
Ак булбулдай сайрагын.
Кызыл гүлдөй жайнагын,

Алтындай болгон карачы.
Света эжем тун кызы,
Алтындай болгон Нуркызы.
Клара эжем бир кызы,
Кагылайын эжекем.
Гүл көтөрүп атайын,
Ордолуу Оштун жеринен.
Келип турган убагы,
Акындардын баарысын.
Атасындай эскерип,
Көрүп турган убагы.
Бир кезде, Токтосун менен Ашыкем,
Ак батасын беришип.
Көкүрөккө ыр таккан,
Элмира эжем олтурат.
Акын болсоң кайним деп,
Төлөгөн агам кур таккан.
Далай жерге ырдаткан.
Ошондуктан тартынбай,
Ырдап турган убагым.
Жалал-Абаддан жалын кеп,
Алып келдим саламды.
Ар дайым каалайм туугандар,
Ала-Тоо кыргыз калкыма.
Ар убакта аманды,
Ошондуктан туугандар.
Ээрчитип чыктым Курсантты.
Кубангандан жан иним,
Сайрагын такыр калбагын.
Ала-Тоо калкым ичинен,
Ак таңдай тилди сайратып.

Алтындай ырдын байрагын,
Калкып ал сөздүн каймагын.
Кармап жүргүн Токомдой,
Акындыктын байрагын.

**Курсант:**

Эзелтен бери карата,
Эл ичи өнөр кенч экен.
Талант деген бул өзү,
Табигат берген энчи экен.
Талантты сыйлап көпчүлүк,
Талантка таазим этчү экен.
Токтосундай зор талант,
Топ жыйындын көркү экен.
Торгойдой тилди таңшытып,
Толгоп бир комуз чертчү экен.

Осмонкул менен Алыкул,
Ак сакал Барпы карыдан.
Атактуулардын баарынан,
Ысмайыл, Токтонаалыдан.
Үлгүсүн алып абыдан,
Ак калпак элдин астында.
Ак таңдай тилди жаныган,
Көпчүлүк турчу кубанып.
Токомдун ошол шаңынан,
Өздөштүргөн ал киши.
Өнөрдү түркүн жагынан,
Атагы элге билинип.
Эл оозуна илинип,
Эли-журтум тааныган.

# АБДИБАЛИ АКИМБЕКОВ

## БАРПЫ АПЫЗДЫН ШАКИРТИ ТАЙИРБЕК ТӨКМӨ МЕНЕН УЧУРАШУУ

2003-жылы май айында Ош шаарынан атайын айтылуу Барпы апыздын шакирти Тайирбек төкмө Сатыбалдыевди «Ак таңдай» автордук телекөрсөтүмө тартып келүү үчүн Ош-3000 мамлекеттик телерадио компаниясынын көркөм жетекчиси Мейманбек Касымов, оператор Асылбек Айбашев айдоочу Тажимат аганын авто унаасында Жалал-Абад облусун көздөй жол тарттык. Алгач Барпы айлындагы өнөрпоздорго жолугуп, андан ары Барпычы Чырмаш Кочкорбаевди алып Сузактын Жийде айлына жөнөдүк. Бир кезде Барпы апыз Тайирбек төкмөгө айтчы экен: «Акындын айлына акын келгенде айыл башынан эле ырдап келчү эле деп», – дал ошол кеби эске түшүп төкмөнүн үйүнө кире бериштен эле үн чыгарып ырдап кирдим:

**Абдибали:**

Эй, аман бекен бул жерде,
Атактуу элдин шайыры,
Издеп келдим атайын,
Ак таңдай абам Тайирди.
Аралап келип турамын,
Сузактын Жийде айлыны.
Канча жыл болду көрүшпөй,
Бакубат бекен дайыны.

Үлгү алып Барпыдан,
Кыргызга кеткен дайыны.
Насип кылып жолуктук.
Төгүлсүн ырдын жалыны.
Улуу жол баскан калкыбыз,
Ууртуңузда тарыхы.
Амансызбы, абаке.
Аттанып келдим атайын.
Абалың сурап билгенге.
Ак бата алып өзүңдөн,
Ар убак айтып жүргөнгө.
Барпы апыз баш болуп,
Атактуулар көп чыккан.
Элиңиз аман жатабы?
Эзелтен ырыс-куту бар,
Жериңиз аман жатабы?
Төкмөлөр чыгып артыңдан,
Көбөйдү бекен катары?
Ордолуу шаар Ошумдан,
Мейманбек агам баш болуп.
Оператор Асилбек,
Туш болду менин багыма.
Барпы айлында жолуктук,
Өнөрлүүнүн баарына.
Саламын айтты ал жерден,
Жашы дагы, кары да.
Кошулуп келди биз менен.
Шакиртиң Чырмаш шайыр да.
Өткөөл заман ушундай,
Жолугушсак канеке.
Күн санабай дайыма.
Оштуктар айтты саламын,

Өзүңүз мында баш болгон.
Өнөрпоздун баарына.
Айтыптыр сизге кабарым,
Алик алып турасыз,
Абдибали саламын.
Тагдырдын жолу ушундай.
Мунун,
Тайгактыгын карагын.
Маңдайга жазса айла жок.
Жашоонун татаал талабы.
Эми кейибеңиз тагдырга.
Шакирти болуп Барпынын.
Тайирбек төкмө аталдың.
Атагыңызды эл билет.
Аны да айтып жатамын.
Баркыңыз сиздин башкача.
Арбагы колдоп Барпынын.
Алтымыш акын ичинен,
Баш байге жорго алганың.
Аа десеңиз төгүлөт,
Калк билет дечи ал жагын.
Атайын келдик биз бүгүн,
Мейманбек акем экөөбүз.
Телеге тартып атайы.
Сизден ак бата алып калганы.
Жолуктук аман мынаке,
Балаңдын жоктур арманы –

деп араң ырымды бүтүрдүм, анкени Тайирбек төкмө ошол кезде оорууга чалдыгып кадимки устаты Барпы сыңары көзөрү тунарып элес-булас көрүп, бир жак жамбашынан инсульт да болуп калган кези экен. Экөөбүз астанада учураштык кол беришип, колумду коё бербей каңырыгы

түтөп турган Тайирбек төкмө көзүнөн жаш кылгырып ыр чылбырын коё берди.

Амандашкан чырагым.
Амандашып турамын.
Абалым менин ушундай,
Кечээ,
Санжырачы келди эле,
Ошондон балам сурадым.
Андан балам сурасам.
Сени Өзгөн жакка барат дейт,
Өзүндөн кабар алат деп,
Кабар берди бир казак.
Казак кетти Аксыга,
Амансыңбы чырагым.
Канча жыл өттү арадан.
Амандашып турамын.
Ал-абалым ушундай,
Катын болсо кетиптир.
Айылына жетиптир.
Эми ал-абалым ушундай,
Өкүнгөн менен не пайда.
Кайран өмүр жашчылык,
Кайда кетти бастырып.
Эсил өмүр жашчылык,
Бекерге кетти бастырып.
Бала кезде Барпы акем,
Элүүгө жетип курагы.
Эр жетип турган убагы.
Ошондо сайрап Барпы акең.
Калың кыргыз калкына,
Улуу-кичүү жалпыга.

Кай жерге бассам түшүрбөйм,
Оозумдан асыл Барпыны.
Андай деген себебим,
Атагыңды эл билет.
Ак калпак кыргыз тең билет.
Машина менен атайы,
Абдибали келди деп.
Келгениң айтат белгилеп.
Амансыңбы чырагым,
Азыр жашып калган убагым –

деп көзүнөн жаш алып ыйлап жиберди. Кайрат айтып эшиктин алдындагы сөрүчөгө олтургуздум. Ошондо ырын дагы бир далайга чейин улантты.

Эй, он экимде ырдадым,
Оозумда сөзүм тыңдадың.
Кана бала дегенде,
Карышкыр көргөн улактай.
Карап мен да турбадым.
Жаш экенден ырдадым.
Жаагым жаңшап тынбадым.
Жалынтырбай көбүнчө,
Жаңшап канча ырдадым.
Калкымда калсын бир нуска,
Аралап жүрсөм арман жок,
Ак калпак тууган кыргызга.
Алдымда турган Абдибали,
Колуңду сунсаң жетесиң
Не тилесең турмушта.
Аңдаштырсам мен көрдүм.
Кайран өмүр жашчылык,
Кайгырган менен не пайда.
Өтөт экен шаштырып.

Кечээ гана жүргөндөй,
Кеп түйүнүн сүйгөндөй.
Өтүп кетти кайран жаш.
Элимде калсын бир нуска.
Ээрчип өскөн жашымда,
Теңимде калсын бир нуска.
Атагым калса деп жүрөм.
Ага-ини, тууган кыргызга.
Жаш өмүрдүн барында,
Балалыктын чагында.
Гүлкайырдай гүлдөп кал,
Гүлгүн жаштын барында.
Акындыгың болбосо,
Атанын уулу Абдибали,
Келет белең жаныма,
Салам айтып келмек бар,
Сагынган элдин жанына.
Кары да бол, жаш да бол,
Кадырлашкын тирүүңдө.
Калат экен алтын баш,
Казылган жердин түбүндө.
Атайын келип мынаке,
Телевизорго тарттыңыз,
Оомат келди үйүмө.
Алтын баш барда табылат,
Атасын көрү дүнүйө.
Быйыл жетимиште курагым,
Жер тартып турган убагым.
Атайын мени сурадың,
Ал-абалым сурасаң.
Анда өзүм турамын.
Адамзаат пендеден.

Ар кыл чыгат пендеден.
Он экимде ырдадым,
Барпы акынды жетелеп.
Оозумда нуска термеден.
Алтын өмүр күлгүн чак,
Айланып кайра келбеген.
Бир кезекте кайран жаш.
Тайирбек ырдап берсин деп,
Кана ырчым келсин деп.
Эми карып калган убагым,
Канча жашка чамалап,
Барып калган убагым.
Убагым кеткен чагында.
Алдымда турган Абдибали.
Ал-абалым сурадың.
Эл кыдырып жер көрүп.
Эчен элди сен көрүп.
Алдыма келген чырагым,
Амандашып турамын.
Ырдаганда эл деген,
Менин черим жазылат,
Силерге окшош балдардан,
Өөрчүтүп турса термеден.
Аба айланса түн келет.
Атагыңды билбесе,
Акын деп издеп ким келет.
Күндөр өтүп түн келет,
Күкүктөй сайрап ырдайын.
Канатташ калкым болбосо,
Кадырымды ким билет.
Бала экенден бирге өскөн.
Алдымда турган Абдибали.

Ак сакалым барбы деп,
Алыс жактан келдиңиз.
Өркүндөп өскүн күнүгө,
Жеткен киши болбогон,
Бул дүйнөнүн түбүнө –

деп ырын токтотту, бир саамга чейин чер жазылганча сүйлөшүп олтурдук, кетээр чак келген маалда мындай ак батасын берди.

Оомийин балам, жана келген меймандар!
Жолуңар шыдыр болсун,
Жолдошуңар кызыр болсун!
Ыр бабасы ар убак колдосун!
Жолуңду тоскон болбосун!
Пас болбогула, кас болбогула!
Себеби, адамзаат пендеден,
Акыры бир күн өлмөк бар,
Оо, дүйнөнү көрмөк бар.
Каза жетсе өлмөк бар,
Кара жер астын көрмөк бар.
Бирок,бул ыр деген түгөнгүс казына,
Ушул казынаны дайым бекем сактагыла, оомийин!

Ошентип кош айтышып биз Ош шаарын көздөй жөнөп кеттик. Тайирбек төкмө эки небереси менен кала берди. Чиркин дүйнө ошол күн улуу инсан менен жолукканыбыз акыркы экен бир айга жетпей каза болуптур. Армандуу дүйнө бизге кабар көптөн кийин жетти каңырыгыбыз түтөп, оо дүйнөдө бейиштен орун берсин жараткан деп бата кылып кала бердик.

## МЫРЗА-АКЕ АЙЛЫНДАГЫ ЖОЛУГУШУУ

2000-жылы октябрь айында Өзгөн районунун Мырза-Аке айлына Зейнеп деген айым ажыга барып келип калың журтту чакырып той берип мен дагы катышып келген конокторго жар чакырып ырдап олтурсам эртелеп бир жаш бала комузун көтөрүп эшиктен апкаарып кирип эле мени көздөй ырдап калды, көрсө эми эле он бешке толуп толо элек азыр элибизге белгилүү төкмө акын Сапарбек Зулпуев экен.

**Сапарбек:**

Ассалому алейкум,
Абдибали акем аманбы?
Акын чыкма баламын,
Текшерип көрсөң чамамды?
Жагамбы сизге билбеймин,
Ал жагы мага караңгы.
Осолсунтпай иниңди,
Жообун сизден аламбы? – деп ырдап кирди

анан мен кыска алик алып ырдадым:

**Абдибали:**

Айланайын бөбөгүм,
Бөбөгүмдөй көрөмүн.
Шашылбай иним туруп тур,
Жообуңду азыр беремин.

Сендей балдар өссө деп,
Калкымдан издеп келемин.
Кайрып көрчү дагы бир,
Кезегиңди беремин! – десем элирип турган тай кунан ансайын ачылып ар жагында купуя сыр жаткандай бир далай ырдап токтоду эсимде калганы бул саптар:

**Сапарбек:**

Айланайын Абыке,
Жакшы чыкты сырыңыз.
Акынсың деп айтсаңыз,
Мага жакты сыныңыз.
Теледен көрүп жакты эле,
Кыргызым деген ырыңыз.
Мен дагы акын болоюн,
Ээрчитип алып жүрүңүз – деген саптары мага аябай таасир калтырып жаш бала арабызга кошулганына кубанып:

**Мен:**

Кагылайын калың журт,
Ырыма көңүл бургула.
Алмустактан келаткан,
Акындар айткан ыр мына.
Жаш ырчы чыкты тобуңдан,
Кубаттап колдоп тургула.
Буюрса келсе баралың,
Сени калың элге жаямын,
Ээрчитип алып эрбейтип,
Акын кылып аламын.
Эл кыдырып жер көрүп,
Үйрөнөсүң иничек,
Акындыктын талабын.

Азыр кел эми чайдан ич,
Айласын өзүм табамын.
Атайы келсең жаныма,
Кайсы өнөрдү аяйын – деп дагы бир топ саптар эсимден чыгып кетиптир андан бери жылдар өтүп мына кыргыз элине белгилүү Сапарбек Зулпуев деген ысым таанылып калды шакирт кылып он беш жашынан бери ээрчитип келем.

## АЛГАЧКЫ ШАКИРТИМ ТӨРӨБАЙ

1988-жылы баштагы союз маалы Ош шаарында азыркы Р.Абдыкадыров атындагы филармония ачылганына бир жыл болгон. Улам өнөрпоздорго катары толуп канатыбыз жайылып жаткан чагы. Мен маркум атам Буркан ырчыдан таалим алып, анан филармонияда алгачкы карлыгачтарынын катарында белгилүү төкмө Султан Боролдоев менен устат – шакирт болуп ээрчишип жүргөн чагыбызда устатын ким десе – атам Акимбеков Буркан акындан Боролдоев Султан деп калаар элем. Ошол жылдары кадимки ак таңдайлар Ашыралы Айталиев, Тууганбай Абдиевдерге жолугуп ак баталарын алып эл аралап калган кезим. Ошентип 1992-жылы залкар обончу Рыспай Абдыкадыров мага бир көзү көк жаш жигитти ээрчитип келип калды, көрсө айтылуу алайкуулук Төрөбай Арзыбаев экен, чамасы бир аз даярдап келгендей дароо эле ырдап кирди:

**Төрөбай:**

Алайкуу менин турагым,
Азыр жыйырманы ашты курагым.
Тай кунандай тамтаңдап,
Такшала элек убагым.
Ага сиз айткан асыл ырларды,
Ардактап-даңктап угамын.
Келишимче колумдан,
Кемтик сөзүм курадым.

Сүрдөп турам өзүңдөн.

Ал жагын өзүң улагын – деп ырдап калды. жаныбызда Рыспай агамдан башка дагы бир топ өнөрпоздор бар эле анда мен:

Рыспай агам апкелди,
Алдыма көккөз баланы.
Ээрчитип келсе эрбейтип,
Эрмек кылып алалы.
Текшердим иним баятан,
Демиңди жана чамаңды.
Оор болот аябай,
Акындыктын талабы.
Мөмөлүү болсун тилейли,
Өнөрүңдүн дарагы – деп кезек бердим.

**Төрөбай:**

Агайым сизге ырахмат,
Ар дайым жүрөм ызаттап.
Ырдадыңыз өзүмдү,
Баятан бери кубаттап.
Мен дагы сизди ээрчисем,
Ырларым чыгар булактап.
Өзүңдөй болгон таланттан,
Кетпеймин эми ыраактап – деп эле жабалактап ырдагандары эсимде. Анан мен:

Абыдан уктум сөзүңдү,
Иним деп сени ээрчитип.
Өстүрөм иним өзүңдү.
Агам деп ээрчип сен жүрсөң.
Ачамын көкмөк көзүңдү.
Ушундай болот акындык.
Унуткун бала сен эми,
Кечээки бала кезиңди – деп ак бата бергенбиз.

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## АБДИБАЛИ АКИМБЕКОВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Абдибали:**

Бүгүн эгемдин улуу күнүндө,
Ырыскы берсин кудайым.
Датка энеге туугандар,
Эки жүз жыл толгону.
Эгемендүүлүктү алганы,
Жыйырма жаш болжолу.

Ала-Тоонун койнунда,
Залкарлар баскан момундай.
Кадимки ыйык сахнада.
Көңүл бөлүп биз турдук,
Ак сакал, каары жаштарга.
Оозума салсын кудайым,
Жакшы сөздү тапканга.
Анткени, Алай менен Чоң Алай

Тээтиги как Сулайман пайгамбар,
Ак-Буура суусу аккан жер,
Калайык калкка жаккан жер.
Ордолуу оштун төрүнөн,
Жалпыңа майрам кут болсун!

Эми Азаматым кадимки,
Улуудан таалим алгансың.
Ашыраалы,Тууганбай,
Эстебестей залкардан,
Ак бата алып калгансың.
Бүгүн салттуу ырдайлы,
Датка энени кошуп өт,
Обондуу ырдан созуп өт.
Куттуктап бүгүн элиңди,
Эгемендикти кошуп өт.

**Азамат:**

Жарашып асмандагы нурун чачкан,
Жалпы кыргыз аманбы алтын айдай.
Кереметүү айтышка куш келдиңер,
Кетпейличи алдында шаң чыгарбай.
Абдибали агабыз туш келдик го,
Асмандан жаап жаткан тамчылардай.
Эл кол чаппай, коштобой отурса эгер,
Биз кантип ыр ырдайбыз камчыланбай.
Бар болгун кан Манастын тукумдары,
Баш ийип салам айтам калкыма арнай.

Эгемен эл жыйырмага чыгып турса,
Агабыз айталычы бакыт кепти.
Жыйырма жылдан бери карай кыргыздарда,

Эл көөнүн акын гана ачып кетти.
Шайырбек чоңдор чыкты деген кезде,
Кыжырланып жинибиз ташып кетти.
Жакшы жерде чоңдорду кеп кылбайлы,
Чоңдордун баардыгы качып кетти.

Ээ калкым айткан сөздү илип тургун,
Кадырыңды ыр менен билип турдум.
Жыйырма жылда депутат миңден ашты,
Ал жагын да мен өзүм билип турмун.
Аким менен министрге сандар жетпейт,
Алар баарын көңүлгө түйүп турмун.
Жыйырма жылда, жыйырма адам премьер
болду,
Бирөө да иш кылбады, күйүп турмун.
Оозуңдагы кебиңен душман корксун,
Ошолордун баарынан бийик тургун.

Азамат бакыт элден сурай берсин,
Кыргыздар улуу салтын улай келсин.
Намыс керек жигиттер баатыр болсун,
Кыздарыңа укмуштуу чырай берсин.
Жолуңан кыдыр тосуп ал ар качан,
Үйүнөн аппак сүтүн умай берсин.
Ошолордун баардыгын бириктирип,
Кыргызды бакытыма кудай берсин.

**Абдибали:**

Кылымдап келген кыргыздын,
Басылган улуу жолду айттың.
Жыйырма жылда кээ кезде,
Боло турган тойду айттың.

Качканын эрдин айтпастан,
Калкымдан бүгүн болжолун,
Кадимки кыргыз тойлорун,
Жыйырма жыл топтогон
Абийирди мында чачпайлы.
Калың кыргыз акынга,
Кадимки ошол улуу сөз,
Бакканын мында ырдайлы.
Улуу өнөрдү ушинтип,
Улап жатканын ырдайлы
А балким мында айланып,
Кашыңа келип тургандыр.
Кара Молдо, Ыбырай,
Тоо булбулу Токомдун,
Ушул төрдө кайрыгы.
Ала-тоо элдин байлыгы,
Бир кезде кан Манасың кадимки
Курама топтоп журт кылса,
Эмгегин айтып ырдайлы.
Жаманын айтып ырдабай,
Жаман десең баарысы,
Жаман болуп жатпайбы.

Курманжан датка эненин
Ким болгонун айталы.
Оруска деле кол берип,
Жакшылыгын калкынын
Сактаганын ырдайлы.
Баласын дарга асканда,
Ажалдан тике ал жерде
Кайтпаганын ырдайлы

Кең Алайдын белинде,
Ак Босогонун төрүндө,
Датка энемдин чоң тоюу
Өткөндүгүн ырдайлы.

Кечээ
Кадыр түн тоссо калкыбыз
Бүгүн, ЭлТРден башчыбыз,
Муфтийибиз баш болуп,
Тилектерин айтышты.

Ак таңдай менен айтыштын,
Балдары өсүп жатканда,
Ала-Тоонун койнунда,
Кылымдап келген жолуну,
Уланткандан бололу.
Ала-Тоонун коюнун,
Кубаткандан бололу.
Түгөнбөсүн кадимки,
Кан Манастан уланган,
Кыргыздын улуу жомогу.

**Азамат:**

Абыкем айтчу сөздү тереңдетти.
Саясаттын пардасын желеңдетти.
Кыргызга чеке тердеп иштеп берсең,
Кыргыз эли унутпайт ал эмгекти.
Жакшыларды ырдаганга эмне жетсин,
Айтылган сөз жүрөктөн тереңдеппи,
Абдубали агабыз унутпагын,
Жаман айтпай жакшы жок деген кепти.

Жакшы тамак кыргызда жарма делет,
Жаман жолго кыргыздар барба делет.
Акыйкатты чындыкты ырдап турсаң,
Акындарга кыргызга айла берет.
Сексен кандидатты кеп кылбаңыз,
Сексен тоок багып алсаң пайда берет.

Самандай сапырылган ак үйдөгү,
Саясатты ырдашка ашыгасың.
Ааламда акын деген кыргыз да бар,
Ачык айтып вулкан болуп атыласың.
Ыр кезегин өзүңө берип турмун,
Ырларың күн нурундай чачырасын.

**Абдибали:**

Ырас, сексенинде пайда жок,
Айтпашка аны арга жок.
Бирок калыстыгын айтпасаң,
Акындыгыңда пайда жок.
Эми бүгүн иничек,
Салттуу нарктуу кептерди
Айткыла деп жатышат,
Улам нарктуу кептерди.
Калкым улам айтышса,
Жолун ачат кудайым.
Аталар берген чоң жолду,
Акындык кепти кынайлы.
Азаматтым ушинтип,
Салбагын башка кайрыкты.
Сактайлы улуу кадимки,
Улуудан келген байлыкты.
Саясаттан албайлы.

Андан көрө Азамат,
Ала-Тоонун койнунда
Салттуу айткын кадимки
Кан Манасыбыз жөнүндө.
Айтып мында сен өткүн,
Көйкөлгөн кыргыз төрүнө.
Сары өзөн ошол кадимки,
Кылымдап келген Чүйүнө.
Теңир Тоонун тегинде,
Жалал-Абад Оштун жеринде.
Кең Таластын кадимки,
Кан Манас баскан төрүндө.
Болбосо эгемендик күнүнө,
Кан Манастын айкелин,
Коёбуз деп жатышат.
Ар кандай кеп бар элимде.
Эгемендик күнүндө,
Эмнени күтүп жатасың?
Буюрса ушул сахнада,
Элдин алсак батасын.

**Азамат:**

Кан Манастын барында кыргыздарга,
Кырк чоросун ээрчитип бакыт жеткен.
Акындар ырдап турса кыргыздарың,
Кыялдардын баарына батып кеткен.
Кыргызда митинг дешип жамандаган,
Ал азыр ааламга ташып кеткен.
Эгемендик майрамын ырдап турбуз,
Бирөө бар кыргыздарын сатып кеткен.
Бир Курманбек сактаган кыргыздарды,
Бир Курманбек кашайтып атып кеткен.

Ал эми кыргыздарга жанса экен,
Ак батасын кыргыздын алса экен.
Курманжан болом деген Роза эжем,
Курманжандын артынан барса экен.

Айтышка жашы келсин, кары келсин,
Ырыскы кут береке дагы келсин.
Эгеменге орозо туш болгону,
Ыйман берсин жүрөктүн шаңын берсин.
Бакыт деген үйүңдө ойноп турсун,
Береке дөөлөттүн баарын берсин.
Жамандык кыргыздарга болбосо экен,
Үйүңүздө ынтымак орносо экен.
Ортобуз толо берсин Кыргызстаным
Оомийин бизди кудай колдосо экен.

**Абдибали:**

Жакшы айттың аягын,
Жакшы айттың кадимки
Калдайган кыргыз баягын.
Мен айтат элем каягын
Андан көрө Азамат,
Аман-эсен бололу!
Ар убакта сактайлы
Ала-Тоодой короону.
Акындардын тилдери,
Сайрап турсун ылайым.
Чоң жарыш мында келатат
Кадимки Алп Манастын тукумун,
Сактасын өзү кудайым.

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АКИМБЕКОВ АБДИБАЛИ ЖАНА БОЛГОНБАЕВ АЗАМАТТЫН АЙТЫШЫ

**Абдибали:**

Улуусуз ага башта деп.
Азаматтык кылганың
Бул Азаматым накта кеп.
Агамсыз ага какша деп,
Абалкы элдик тарыхтан,
Алтын агам башта деп,

Анда амансыңарбы баарыңар,
Мен тарыхтан баштайын,
Эчен кырды карасаң,
Белдерден ашкан кызыл тил,
Кан Манастын жанында,
Ырамандын Ырчы уулу
Баштап келген узун тил.
Ала-Тоолук кыргыздар.
Кыйынчылык бел ашып,
Боз үйдө жашап келген тил.

Боз үйдүн ичин жаңыртып,
Залкарлардан келген тил,
Кыргыздар келип дүйнөгө,
Жаралганда берген тил.

Андан бери карата
Канчалап доор өтүптүр,
Какшаган күндөр кетиптир.
Баштагы союз жоюлуп,
Элим чоң максатка жетиптир.
Кыргыз тил деп күйгөндөр,
Калкымдан көбү кетиптир,
Башында бар турбайбы,
Баштагыдан ырдайлы,
Адабиятын кыргыздын,
Бир кезде элим издептир,
Эгемен эл болгон маалында,
Элим, өзүнчө болгон чагында,
Касым ата баш болуп,
Кол жазмасы кыргыздын,
Тамганы чогуу такташып,
Алар издеген экен чындыкты.
Ошондо Молдо Нияз абамдын,
Кол жазмасын табыптыр,
Анан адабият норма деп,
Алайдан издеп алыптыр.

Кызыл тил деп кыргыздын,
Бакайдай болгон Түгөлбай,
Атабыз келген эмеспи.
Кызыл тил деп кыргыздын,

Мына ушу күндү алперген,
Камбааралы, Түмөнбай
Атабыз өткөн эмеспи.
Бүгүн Түмөнбайдай атанын
Туулган күнү эмеспи.
Кош майрамыбыз кут болсун,
Азамат ашчы белести.

**Азамат:**

Бабабыз Айкөл Манастан,
Ала-Тоо менен жанашкан.
Кыраанын Манас атабыз,
Буйругун айтып Таластан.
Эне-Сайдан бери карай,
Кан Манас баатыр барында,
Элине бакыт самашкан.
Какылдап ырдап берели,
Касиетин жарыктын.
Алдыда турган калың эл
Акындан алик алышсын.
Тайлары кыргыз калкымдын,
Таланттар менен таанышсын.
Кайрыгын улуу өнөрдү,
Кадырласын да багышсын.
Баатыр элбиз чынында,
Тукумдары барсыңар
Курманбек, Жаныш, Байыштын
Ал эми,
Акын элбиз чынында
Токтогул торгой сайраган.
Кара жаак Эшмамбет
Кызыл тилин кайраган.

Ысмайыл, Токтонаалы бар
Ыр менен жашап жандаган.
Калкы келсе маңдайга,
Каймагын сөздүн тандаган.
Ошол, улуу элде сөз баккан
Кээде ырдагандан да арданам.
А бирок, ак бата берсе калың эл,
Ак бата бизди жалгаган.
Акындар айткан сөздөрдү,
Сала жүргүн жадыңа.
Айтыш деген жакшы өнөр
Сапары болуп арыла.
Айкөл Манастан келген эл,
Каныкей сүтүн эмген эл
Бүгүн башымды ийем баарыңа.

Абдибали ага куш келдиң,
Сулайман-Тоо тагынан.
Арбып келдиң бул жерге,
Акындардын баарынан.
Ал ырас,
Айтышка чыктың ал бүгүн,
Акындын баары тааныган.
Жол болобу чынында,
Акындардын жолундай
Акындардын оюндай.
Айтыш деген чынында,
Ак калпак элге сонун да.
Он беш мүнөт ырдадың
Акаевдин доорундай.

Кагылайын агайын,
Кол чапкандардын балдары,
Абдибали агам сыяктуу
Акын болсун ылайым.
Чол чаппагандын балдары,
Аким болсун ылайым.
Акын деген ошондой
Алты ооз сөздү чалабыз.
Алдыңарга келгенде
Канатыбызды кагабыз.
Акын менен акимдин
Кимисине чабабыз.

Ардактуу журтум силерге,
Менин ырдаганга акым бар.
Ырдата турган акынды,
Ак калпак деген асылдар.
Кыргыз тил ооруп жатпайбы,
Чынында жүрөгүмдө датым бар.
Кыргыз тил ооруп жатканда
Алардын тез жардамы акындар.

**Абдибали:**

Айлантып айттың доорду
Доорго коштуң коомду.
Тизмектеп ошол берметтей,
Тиздиң го кептен сонунду.
Ажолорго асылмай дайым.
Бул Азаматтын жоругу

Бирок, акындардан эмеспи.
Азаматым абалтан

Кашыңдагы калың эл,
Кеп багып келген эмеспи.
Кыргыз ашкан белести.
Анткени, сүзө берет түбөлүк,
Кыргыз тилдин кемеси.

Кээде келем жан иним,
Тээ Сулайман тоосунан.
Борборго келе калганда,
Күйөөмүн иним балдарга.
Эки кыргыз олтуруп,
Орусча сүйлөп калганда.
Кыргызча жалаң сүйлөгөн,
Балдардын жолун кырк дешет.
Орусча билбей калышса
Жаш балдарың мырк дешет.
Андайлардан болбойлу,
Бүгүнкү майрам кут болсун,
Элим көп эле капа болбойлу.

**Азамат:**

Кырк уруу кыргыз баяны,
Кабарын билип алалы.
Асманды күзгү каранып,
Айдан бүткөн жамалы.
Өз тилин билбей өрөпкүп,
Кыргыздын,
Бүркөлүп турат кабагы.
Байлык бул кыргыз тилинде,
Байлык бул кыргыз үйүндө.
Байлык бул акын тилинде,
Байлык бул калкым агайын,

Баарыңардын дилиңде.
Байлык деп бирөө айтышат,
Катар-катар жанагы,
Салган тамы бар дешет.
Катар-катар жанагы,
Машинесин ал дешет.
Жоок байлык эмес ал чында,
Байлык эмес алтында.
Байлык бул кыргыз калкымдын,
Айтышып турсаң алдында.
Акындары кыргыздын,
Жамалындай жылдыздын.
Акындардан бололу,
Кадыры элге билинген.
Кайрыгын айтып кыргыздын
Калкым десе жүгүргөн.
Күнкарама болбойлу,
Күндү көрсө ийилген.
Биз алманын багы бололу,
Байлаган сайын мөмөсү,
Башы жерге ийилген.

Кыргыздын тилин даңктаган,
Кыргыздын тилин сактаган.
Айтышты көрүп келген эл,
Акындарына кол жайып,
Ак батасын берген эл.
Жүрөгүм дагы тилимде,
Айтылчу сөздүн кайрыгын,
Азамат деген иниңде.
Азыр эл башчылар кыргыздын

Эсирип калган маалында,
Ырыскысын кыргыздын,
Кетирип калган маалында.
Мамлекеттик маселе,
Башка тилде жанагы,
Чечилип калган маалында.
Илгерки бабалардын тилибиз,
Ар качан жүргөн жадында.
Билесиз Алымбектин баласы
Абдылдабек чоң баатыр.
Орус менен кармашып,
Душманы менен арбашып,
Тээтиги Афгандын барган элине,
Афгандын барган жерине,
Анан кара ажал келип өлөөрдө,
Кара жерге көмөөрдө
Абдылдабек кеп айткан.
Жүрөгүм сууруп ал деген,
Журтума алып бар деген,
Көөдөнүн сууруп ал деген,
Көйкөлгөн Ысык-Көлүм бар,
Төрүмө алып бар деген.
Ак калпагы шаңкайган
Элиме алып бар деген.
Айкөл Манас жүргөн жер,
Жериме алып бар деген,
Ал ошол Абдылдабек баатырды,
Ак калпак кыргыз баалашып,
Ардакташат сүйүшөт,
Курманжан датка эненин,
Айтканын көөнгө түйүшөт.

Ал эми эки башчы кыргызда,
Элинен кетип жүрбөйбү,
Ошол акындык менен алардын
Алыска кеткендигин сүйлөйлү.
Ошолордун баардыгын,
Элибиз көөнгө түйүшөт.
Алар байлыгына кул болуп,
Башка жерде тул болуп,
Баштарын катып жүрүшөт.

**Абдибали:**

Ээ аягында айтарым,
Ушуну менен кайтамын.
Тээ төрдө бүгүн олтурган,
Сагын эжем баш болгон,
Токтосун, Анатай, Карбалас
Агаларым каш болгон.
Эгемберди жан аке,
Элимдин улуу баяны.
Эң негизгиси туугандар,
Түбөлүк,
Тилибиз менен калалы!

## 2016-ЖЫЛЫ 28-МАЙДА БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА» КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АБДИБАЛИ АКИМБЕКОВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Абдибали:**

Айланайын Болотум,
Бүркүттөй болуп коносуң.
Калктын алсаң батасын,
Көгөрүп ошол оңосуң.
Мен сыйлаган балдардан
Өсүп келген жоргосуң
Алакан чаап койгула,
Боркулдаган Болотум,
Узатып койсун жоргосун.

**Болот:**

Таланттуусуң Абыкем,
Талпынасың, боздойсуң
Такымдап келдик финалга,
Талпынат бүгүн окшойсуң.
Токтогул экен деп жүрсөм,
Тогуз сап менен токтойсуң.
Аманбы элим Баткеним,

Ат тизгинин бурайын.
«Албай тур алка жакадан,
Атаңдын оозун урайын»
Деп айтчу эле Ашыкем.
Ашыкем ырдын башы экен.
Ашыкем сиздей кезинде
Абыкем мендей жаш экен.
Жаныңа кубат болоюн.
Жашаган сайын жашыбай,
Жашара берчи атакем.

**Абдибали:**

Алланын берген белеги,
Болотум,
Экинчи ирет кадимки,
Илегилек жерине,
Сахнага келип конушуң.
Мен да бактылуу бала экемин,
Алладан насип кошулуп,
Көрүп турам арман жок,
Кадимки Лейлек конушун.
Көгөрткөн ушул арчаны
Тээтиги жерде карагын,
Курманбек деген агаң бар.
Калк намысына жараган.
Адамзат өсөт турбайбы
Ар убакта батадан,
Былтыркы жылы билесиң
Сумбула суунун боюнда,
Сумбуланын жолунда,
Баймураттай балага,
Жабылып бата берди элек.

Ал аким болуп чоңойду.
Анан кечээ ойлоп отурсаң
Балдарга бата берди элек,
Алар асыл болуп чоңойду.
Саркенттен агып келчү сууларды,
Болотум, былтыркы жылы элиме,
Ой менен бирге казганбыз.
Эл менен чогулуп тээтиги
Саркенттен акчу суусунун,
Боюнда бойлоп жатканбыз.
Буюрса Икрам туруп сөзүнө,
Кайрадан айтыш кургандары,
Кандай дейсң Болотум,
Кашыңда калктын турганы.
Дагы, дагы той болсо,
Калайык калың, эл менен
Туура болот туугандар,
Саркенттин суусун биерде
Акындар чогуу бурганы.

**Болот:**

Айтышыш кыйын сиз менен
Тытышып бир тартышсам деп,
Мен Аалы акынды издегем.
Ой бардык жанга нан керек
Жамгыр жаап атса да,
Кээде көтөрүлгөн чаң керек.
Абыке айтыш жокто сыйлайын
Бүгүн мага деле жан керек.
Өткөндө Жалал-Абадда айтышта
Баш байгени алды элең,
Ошто айтыш болсо эле,
Башыңыз чыкпайт байгеден.

Ошондо тааныгандар кеп айтты,
Койдой кырып баарыңды.
Койбоптур Абиш деп айтты.
Баш байге алса Абыкең,
Болбоптур айтыш деп айтты.
Алар тааныбай сиздей бийикти,
Тантыган сөзүн көп айтты,
А сиз ырчысыз да ак таңдай.
Ызгып жаайсыз ак кардай,
Ырыңдын да сонун уйкашы.
Байке, Рамис төгүп аткандай.

**Абдибали:**

Алган болсом баш байге,
Балам, ак эмгектин үзүрү.
Айланып келип бул күнү,
Сага тиет да ой түшүмү.
Ойлонбой тургун Болотум,
Баш байге алып Лейлектен,
Баталуу элге толосуң.
Сага эле берем баш байге,
Чуркай бергин алдыга.
Жакшы ырдасаң калайык
Жалпы журтуң эл билет.
Калайык калкың тең билет.
Көрсө, оюн көрчү баланын
Аалыга турмак асылып,
Агасын сыйлап жатыптыр,
Ар сөзү менен жашырып.
Эй бөрү деле карыса,
Бир койлук да алы бар.
Шоруңду
Койбоюн анда катырып.

**Болот:**

Бүгүн да байге алам дейт,
Чечилбейт сизге пайдасы.
Курч калыстар келгенде,
Абыкемдин, куруп атат айласы.
Кумдагы тоодой көрүндү,
Абыке сөзүңүздүн майдасы.
Асанбай атам айткандай,
Кунаажын баксам уй болду.
Эртеден берки ырыңыз,
Ыр эмес эле пыр болду.
Айламдын гана жогунан,
Айтаар сөзүм бул болду.
Эми арыба Баткен жайыгым,
Ааламга жайган тамырын,
Ыш болуп түтөйт дебегин,
Ырымдын берем жалынын.
Өзүңө келип кайрадан,
Өрүккө толду карыным.
Быша элек кезде жеп алып,
Бышып ичим тарыдым.
Сиз айткан карагай, марча, арчалар
Кайноолуу жүзүм, алчалар,
Санасаң деги канча бар.
Сапаты таза баарынын,
Бул жакта,
Далай миң датка эл өткөн,
Даанышман ойчул бек өткөн
Даңсага чийген тарыхын.
Ой былтыр да келип айтышка,
Элим батаңды алгам барыңын,
Кыйласын аттан оодаргам,

Кыйлага маалим дайыным.
Ошондо кулап калганда,
Кулады Болот неге деп,
Кыйкыргансың жарымың.
Бүгүн күчтөнүп келдим кайрадан,
Күчүндөй болуп Нарындын.
Баа берсең сүрө сөзүмө,
Байыр алды кайра өзүңө,
Баягы барбайган ананайынын.

**Абдибали:**

Чокуда сени деп жүрсөм,
Дагы эле түздө жүрөсүң.
Бу балдарга бир оору,
Жармашып калган шекилдүү.
Агасынын издеп жүргөн күнөөсүн,
Өзүңөр чогулуп берген карачы,
Баш байгенин эмнесин,
Ала албай иним жүрөсүң.
Агаңдан алсаң ак бата,
Ак жорго дайым минесиң.

Тээтиги булуттарга кошулган
Кадимки шумкар сыяктуу,
Мен сени баалап жүрөмүн,
Алыска чапкан ар убак
Кадимки тулпар сыяктуу.
Анда эмесе иничек,
Кичине кулагыңа куюп ал.
Агаңдан сөздү угуп ал.
Исхак атам жеринде,
Орозбековдун төрүндө,
Полот хандай жан өткөн,

Болбосо ошолорго кошулган
Апсамат асыл дагы өткөн.
Курмандын келип жерине,
Молдо Нияз төрүндө,
Кечээги өткөн кыргызда
Туяктай акын дагы өткөн.
Ошолордун элинде,
Ырдабайт деген эмине?

Кечээки
Токтогул менен Эшмамбет,
Жеңижоктой атанын,
Айланып келди арбагы.
Ыраазы болду бул жерде
Ашыраалы, Тууганбай,
Токтосун менен Эстеке,
Улуулардын арбагы.
Өсө берсин ылайым.
Чуркай турган ушундай,
Кызыл тилдүү балдары.
Силердей балдар өссүн деп,
Жыйырма жылга толуптур,
Жыйырма жыдан бери жакка,
Көрбөйсүңбү карачы,
Ала-Тоонун койнунда
Бир кезде элдер айтчу эле
Төрт акын кыргыз жеринде.
Сайрап жүрөт деп айтып,
Бар арманын көп айтып.
Төрт акын эмес карачы,
Төрт тарабы төп келген,
Алтымыштан ашышты.

Жетимишке жетишти.
Кечээги ойчулдардын оюнан
Барысын козгоп кетишти.
Ошондой болсун ылайым
Кайсы жерде жүрбөсүн,
Ала-Тоо калкым төрүндө,
Ак таңдай элдик акынды,
Саламат койсун кудайым.

Айланайын Болотум,
Сүлүктүнүн кендерин,
Айланып өтсөң болбойбу
Тажикстанга такалган,
Кадимки Арка жерлерин,
Айланып өтсөң болбойбу.
Кадамжайда жашаган,
Хандары менен бегиңди
Ырдап кетсең болбойбу.
Элдерден түрдүү кеп угам
Үч Токтогул болгон деп угам
Ошолорду ырга кошсоң болбойбу?

Калганын айтып ырдап өт,
Калайык калкты сыйлап өт,
Алладан тилеп кетээрим,
Ак бата алып элиңден
Ар убак иним жыргап өт.

**Болот:**

Бүтпөйт экен казалың,
Убакытты жеп койдуң.
Ушул экен азабың.
Минтип бөдөнө жеген таруунун,

Мендей таранчы тартат азабын.
Ат жалын тартып мингени,
Айтыштын жедиң бөлкөсүн.
Жалдыраттың мени да,
Жаныма уйкаштыктарды
Жамака салып төңкөшүң.
Уңгусун муунун ырыңдын
Тиякта устаттарың өлчөсүн.
Биягын калдык түшүнбөй,
Быт-чыт кылып таштадың,
Байке уйкаштардын өлкөсүн.

Олтурсаң мени ардактап,
Оюн салбайм дардактап.
Кармашкан эле жеримден,
Кайрып кирбейм бармактап.
Ботоң келди Төө-Жайлоо
Боло көрбө чаң баткак.
Кулаалы көргөн жөжөдөй,
Куйтка издебейм калдастап.
Жабыр баян болсоң да,
Жаакташам далбастап.
Сөөктөр дагы зырп этчү,
Сөз айталы салмактап.
Балкытсак элди болду да,
Байгеде эмес бар максат.
Бирок, олуям Током айткандай,
Оңой эмес мал тапмак
Оокат кылып жан бакмак.
Бүгүн жарышка түшсө күлүктөр,
Мен да жата албай койдум жамбаштап.

# АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ

## АМАНТАЙ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ[1]
## (Жаш төкмө Шекербек Адыловдун эскерүүсү)

1992-жылы ар обулустан иргелген, алтымыш акын бир келген айтыш болуп, элибиздин мен төкмө дегендери келип, бири жеңилип, бири жеңип, бакмасын да, нактасын да эл көрүп, айылдагы жаш бала, ачылбай жүргөн башкага, телмирип тиктеп, телевизордон мен көрүп, ошо кезде карысын калтаарыткан, жашын жалтанткан, жамактап жалпы элди таң калткан, кыскасы акындардан озуп, айтышамын дегендин алдын өзү тозуп, ак калпак элден бата алып, Амантай төкмө аталып, анча-мынчаны көзүнө илбей, көзүнө илсе сөзүнө илбей жүргөндө, 1993-жылы жазында Догдурбек деген ырчы жигит менин тек жайымды билип, Амантайга жолуктурам деп ээрчитип жөнөдү. Барсак, жок экен, жатаканада төрт жигит болуп турушат экен. Биз киргенде оң тарапта керебетте бир бала жаткан экен, туруп учурашты. Тааныштык, атым Элмирбек деди. Ал кадимки Эшмамбет акындын чөбөрө жээни экен. Белгилүү төкмө акын Тууганбай Абдиев алып келип окуп жатканын айтты. Экөөбүз көпкө сүйлөшүп олтурдук. Аңгыча Амантай аке келди. Жанында ээрчиткен дагы бир жигит бар экен, аны Сардал деген акын деп тааныштырды. Догдурбек мени алып келгенин түшүндүрдү. «Андай болсо ырда, көрөлү» – деш-

---

[1] *Кутманалиев Амантай.* Саргашканын санаты. – Б., 2004. – 121-б.

ти, Ал жердегилердин баары акын, аларды көрүп сүрдөп, келбей эле койбой дөп өзүмдү тилдеп, кудайдын айтканын көрөрмүн, болбосо келген жагымды көздөй жөнөрмүн деп, учурашып турганым:

Көрсөм деп далай самадым,
Көп билген агам карагын!
Журтуңа жагып бул кезде
Жүрүп турат арааның.
Алтымыш акын келгенде,
Айтышка түшүп жарадың.
Түндүк менен түштүккө
Түгөл жетти кабарың.
Жетип келдим алдыңа
Жерге тийбей таманым.
Оозуна элдин илиндиң,
Олтурган жерде билиндиң.
Кашыңдагы Докудан
Кабарың укту иниңдин.
Урматтап сиздей аганы
Учурашып турамын.
Конушуңузда турбастан,
Конокко кетет экенсиз.
Комуздун бурап кулагын,
Тегинен күчтүү дегемин.
Теледен көрүп ыраңың
Ак сакалдардан үлгү алып,
Акындык жолду уладың.
Кез болуп турган учурда,
Келип турат сурагым,
Айтыңызчы азырак,
Акын болом дегенде

Алган ким сизди асырап?
Кимиси кандай таптады,
Кими сизди мактады?
Атадай жакын болгондур,
Адам бол деп айтканы.
Таасын сынчы турбайбы,
Таластан сизди тапканы.

Айтышка түшүп күнү-түн,
Актадың алар үмүтүн.
«Шах» койгондорду «мат» кылдың,
Шахматтай болуп жүрүшүң.
Алдыңыз беле Теңирден
Акындыктын үлүшүн?
Жабыкпы сыры акындын,
Жашырбай ага ачылгын!
Келсе шык талант болду дейт,
Кээ бирөө,
Кереги жок дейт акылдын.
Көрсөткөн акыл болбосо,
Көккө кантип атылдың?
Көк жал болуп жашыңдан
Көп акынга катылдың.
Өлчөсүн деп өнөрдү,
Өзүңө келип жатырмын.

Кармашсам казал чыгабы,
Кары-жаш мени угабы?
Жармашсам жамак чыгабы,
Жадабай элим угабы?
Ташыркап, жолдо калбайбы,

Тайыңдын кандай туягы?
Ашыкча жерин аларсыз,
Айтылсын эми биягы.
Айтсын деп дайым шекер кеп,
Ааламга келген кезимде,
Апам койгон Шекер деп,
Кубанычтын баласы.
Кашында турат Шекербек,
Ата-бабам илгертен
Аксыны келет мекендеп.
Өзгөчө жүргөм ойлонуп,
Өзүңө кантип жетем деп.
Сардал менен Элмирбек
Салып турат кулагын,
Салмагы кандай экен деп.
Айланып келгем борборго
Акын болор бекем деп,

Жеримде дагы бар чыгар,
Жеңижок абам издери.
Аталардан калганда
Айтылган сөздөр биздеги.
Токтотпой мени эңсеткен
Токтосун абам чырагы.
Ойлондурган анан да
Ормонбек абам курагы.
Ооздо жүрсө айтылып
Ойлобой бирөө турабы.
Айтпайм кантип аларды
Аксынын мендей уланы.
Алып келген сизге да ошол,

Абалардын жарыгы.
Ар жактан өнөр бар болсо
Ачканы келдим багымы.
Ийгиликтерге жетеби,
Иниңдин кандай арымы? – деп токтодум.

Ошондо Амантай акемин мага карата ырдаганы:

Оо, саламың угуп кубандым,
Сакадай иним Шекербек.
Таланттар элдин ичинде,
Таанылбай жүргөн чечен көп.
Азыркы сенин ырларың
Ал сөздү турат бекемдеп.
Айттырам деп саламды,
Апкелген экен Доктурбай.
Азаматтык кылыптыр
Бирок,
Анысын жүрсүн док кылбай.
Ушундай,
Жакшыга кошул Шекербек,
Жамандарды дос кылбай.
Түз алгач мага келгенге,
Түшүнбей турам таң калып.
Мээрим күтүп келипсиң,
Мен өзүм жүрсөм «сандалып».
Эң биринчи эмне үчүн,
Эстекеңдерге барбадың?
Замирбек, Ашкең, Тууганбай
Залкарлар турса, кайраным.
Айтчы неге биринчи,

Амантайды тандадың?
Жогоркулар айткандай:
Жорголор турса токулуу
Жортокту киши чабабы?
Таанымал тулпарлар турса,
Тай мингениң жагабы?
Же алардыкынан өйдөбү,
Амантайдын жамагы?
Учурашсам деп кирген,
Урматыңа ырахмат!
Ушул жерге жеткирген,
Курдашыңа ырахмат!
Сөөгүмдү бүгүн агарткан,
Сөздөрүң турдум кубаттап.
Эч ката таппайм кебиңен,
Эмне деп айтсам эми мен?..
Жан агаң деле чыгалек,
Жамакчылык чегинен.
Ошентсе да алдыга,
Олбуй-солбуй теминем.
Кармап жүргөн кезегим
Эстекеңдин этегин.
Толкун келе калганда
Кээде,
Токтоналбай кетемин.
Айталбаймын сага мен,
Акындык эмне экенин.

Ашыкең төксө жетилген,
Адашып калам эсимден.
Кептин айтат атасын,

Көздөрү укмуш чечилген.
Магдырап калат ырына,
Мас киши да секирген.
Какшанышат залкарлар,
Катасы жок кетирген.
Ачканым сезбейм оозумду,
Алоолойт жалын бетимден.
Айланайын Шекербек,
Акындык башка экен деп,
Айныйм мен максат чечимден.
Сүйлөгөн жокмун жалганды,
Өзүң, Жүрөсүң көрүп эфирден.

Аскасы көктү чапчыган,
Атактуу аймак Аксыдан
Атайын келет экенсиң.
Жаш кезинден жамактын
Сазайын берет экенсиң.
Элиргениң мен эмес,
Бу,
Элмирбектен кем эмес.
Эгер илхам чын келсе,
Эге таалаң ыр берсе,
Эч акын сага тең эмес.
Сайраганың мен эмес,
Бу,
Сардалдан да кем эмес.
Сага илхам чын келсе,
Салып кудай ыр берсе,
Сандаган акын тең эмес.

Сен мени десең каяктан,
Жердиги болом Таластан.
Ээрчитип келген калаага,
Эстебес акем аяктан.
Боломун суунун башынан,
Болсом дейм ырчы жашыман.
Угузам элге ырымды,
Устатымдын атынан.
Жанашып чогуу жүрөлү,
Сени да, жаныма кел деп чакырам!

Тууганбай деген акын бар,
Тутунам десең акың бар.
Ашыраалы асыл бар,
Аралашаар акың бар.

Айтканым жакшы эстегин,
Аксыга кайра кетпегин.
Салмагы, даңкы көптө бар,
Замирбек деген төкмө бар.
Абалыңа көз салар,
Абдылда деген төкмө бар.
Жакшы сөз жанга жагымдуу,
Жаш кезде болбо тоң моюн.
Тапандык кылсаң мага окшоп,
Жакшы көрбөйт чоңдоруң.
Жооп уга албай кетесиң,
Жолуга албай кетесиң.
Мен,
Жол көргөзүп коймоюн.

Эсендешип барууга,
Эстекеңе жагууга,
Эми айтайын эмнесин,
Эмгектен чекең тердесин!
Эскертип жатам мен жетим,
Эрезеге жеткирген,
Эзелки устаттарынын,
Эсиңе ал дастан, термесин
Ал эми,
Амандашып барууга,
Ашыкеңе жагууга,
Жамгырдай ырды таштагын,
Жайыраак ырдап баштагын.
Аны жаман көрөт ал,
Адырандап шашпагын!
Ал эми,
Тууганбайга барууга,
Туура келип жагууга,
Добушуңду таптагын,
Комузуңду тактагын.
Кырс мүнөздүү жери бар,
Кыйшык-куйшук айтпагын!
Өңү түсүң жакшы экен,
Өтөсүң студияга.
Билим алып жатабыз,
Биз деле ошол уяда.

Жердиги туулган экенсиң,
Жеңижок өскөн туурдан.
Кең Таластан Аксыга
Кезегинде бир бийдин,

Кесири тийип куулган.
Акыйкаттык азыраак,
Ал заман экен чуулган.
Шек кылбайм чыгат бирдеме,
Шекербек сендей уулдан.
Болжогон максатыңа жет,
Болбосун жолуң буулган.
Колдосун Өтө арбагы,
Алтындай сендей баланы.
Ал, Жуунган сууга жуунган.

Мен, ак батамды берейин,
Андан башкам зарылбы?
Үлгүсүн алгын дөө-шаанын,
Үйрөталбайм сага ырды.
Түшүп алсаң чыйырга
Түздөйсүң аркы жагыңды.
Берет дейт жаштын тилегин,
Кана, Бетке жай алаканыңды! –

деген эле. Туз насип буйруп, андан бери далай жерге ээрчишип ырдап, ал тургай азыр чогуу, бир жерде иштеп жаткан чагыбыз дейт – Шекем.

## АЛЫМ САБАК[1]

### (Бир уйкаштык менен)

**Амантай:**

Адамдын көркү чүпүрөк,
Асемдеп мыкты кийинсе.

**Элмирбек:**

Ага тууган кубанат,
Атагың элге билинсе.

**Садык:**

Коного чапкан аргымак,
Колтугуң кере жүгүрсө.

**Амантай:**

Тобунан чыгат топ күлүк,
Төрт аягы бүгүлсө.

**Элмирбек:**

Тулпар да чыкпайт марага,
Туягы ташка тилинсе.

**Садык:**

Жашоонун болбойт кызыгы,
Жакшылыктан түңүлсө.

---

[1] Амантай Кутманалиев Саргашканын санаты (Алым сабак, термелер). – Бишкек, 2004. – 135-б.

**Амантай:**

Аргасыз адам көтөрөт,
Алмадай башка жүк үйсө.

**Элмирбек:**

Алыска кетет арышы,
Аргымак бели түйүлсө.

**Садык:**

Албан-албан ыр чыгат,
Акындын көөнү сүйүнсө.

**Амантай:**

Ордону бузат бир томпой,
Ортого чүкө тигилсе.

**Элмирбек:**

Омоктуу чыгат сөздөрүң,
Орундуу ойду чимирсе.

**Садык:**

Безе албайсың тагдырдан,
Бешенеңе чийилсе.

**Амантай:**

Кыйылат өмүр ажалдын,
Кылтагына илинсе.

**Элмирбек:**

Урмат кылуу жакшы экен,
Улууга кичүү ийилсе.

**Садык:**

Келген жерге жакпайбы,
Келиндер төмөн жүгүнсө.

**Амантай:**

Жарашык болбойт даракта,
Жалбырагы күбүлсө.

**Элмирбек:**

Жаман сөз чыкпайт эсинден,
Жарылбай калган иринче.

**Садык:**

Кылмыштын бети ачылат,
Кырк жылдан кийин билинсе.

**Амантай:**

Мурда бир дин болбогон,
Мухамбеттин дининче.

**Элмирбек:**

Адал деп айтпа баардыгын,
Ашказан эле сиңирсе.

**Садык:**

Үмүтүн элдин актагын,
Үйүндө жатпай үлүлчө.

**Амантай:**

Эмгектин майын чыгарат,
Эржигит билек түрүнсө.

**Элмирбек:**

Кадыры болбойт кишинин,
Катарынан сүрүлсө.

**Садык:**

Өзгөгө калмак сынтакпай,
Өзүнө адам үңүлсө.

**Амантай:**

Калкыңа пайдаң тийбесе,
Карааның болбос дүмүрчө.

**Элмирбек:**

Заманды көрүп не демек,
Залкарлар кайра тирилсе.

**Садык:**

Азыркылар айта албайт,
Андагылардын биринче.

**Амантай:**

Албан акын болсо да,
Айтмак эле киминче.

**Элмирбек:**

Акындык эсеп чот эмес,
Алгебра илимче.

**Садык:**

Жеңижоктой төкпөйбүз,
Жетет ушул бүгүнчө.

## 2003-ЖЫЛЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН 2200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ЧОРОБЕК АЙДАРОВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Чоробек:**

Агайын, өлөңдүн өткүрү бар, кыяңы бар.
Акындын кыйыны да кыялы бар.
Касында карапайым көрарман бар,
Ишинде окумысты зыялы бар.
Баарыңа салам берип ийилемин,
Белимдин шору жане куяңы бар.

Сөзүндө момул журттун коштоосунда
Кыргыздар барлыгыңды карып кылып,
Берейин бир-бир салам бас-басыңа.

О Амантай,
Экөөбүз жүргүзөлүк кызыкты айтыш,
Кетпейли катуулукка эч бир окшоп,
Сокуйуп калыпсың го Амантайым,
Куйругу музга тоңгон каскырга окшап.

Басымыска солмомойду каук бышак
Бөрүбай кече сени чарчатканбы,
Көзүмө көрүнөсүң арык тузак.
Амантай сөлбүрөп калыпсың гой,
Жаагыңа алгандай го жанып бычак.
Жаагыңа-жаагың жабышып калыптыр гой,
Машина басып кеткен таук оксап,

Амантай мен өзүңдү аман көрдүм,
Кыргыздын туусу деп салем бердим.
Сен өзүң тарбиялуу журт өкүлүсүң.
Мен элдин акынымын жаман жердин
Сыйластык да ары карай жалгап жибер,
Ал эми сөз кезегин сага бедим.

**Амантай:**

Чоробай, айтайын эми эмнени,
Айтылар ой мендеги.
Сен бир бакырып койгондо,
Айтар сөз башка келбеди.
Ой таңында азан айтчы эле,
Таңында короз кыйкырат.
Кеч кирип калган маал экен,
Баарында эле тынч убак.
Беймаал корооз сыяктуу,
Бакырып жаткан учуруң.
Ачыгын айтчы кимди сен,
Чакырып жаткан учуруң.
Кыргызда бар бир макал,
Ошону айтсам башкараак.
Аткарса сөзүн тактамак,
Аны айтсам Чокем жаттамак.

Айтышканың Саркашка,
Кыйкырыгың таш жарат.
Сыңарыңдай анысың,
Сыздап калган экенсиң.

Айкырып калган Чокеме
Жолугуп калган окшоймун.
Айтыша турган күн бар го,
Сага аппак дил бар го.
Айтышканда пас айткын,
Акырын мен да айтайын,
Эшекте деле үн бар го.
Андамесе Чоробай,
Үн күчүнө салбагын.
Боюнда бар жандар бар,
Анын кокусуна калбагын.
Элдин ичи болгон соң,
Ар кандайлар болот да.
Сөзүнө бир аз Амантай,
Жооп берип коёт да.
Какшык-кукшук көп айтып,
Келген акын турбайбы.
Жаш кезинен такымын
Жеген акын турбайбы.
Бизде бир сөз бар Чоке,
Тапандар деген чынында,
Тапандык деген тапандык.
Тапандыктан биз дагы,
Далай эле кашайдык.
Акыryндап ырдагын,
Тапандыкты эч качан,

Жакшы көрбөйт начальник.

**Чоробек:**

Тогосу кыргыз-казак кауш керек,
Баска бир такырыпка ауш керек.
Ыйкулап жатат бүгүн казак кыргыз,
Соларды ойатууга дабус керек.
Чоробек эл көңүлүн тапкан жокпу,
Баягыда билесиң баатыр Манас,
Айхайлап жоога карай чапкан жокбу?

Амантай сага салам кыйкылыкты,
Сөздөрдү биз айталык ийгиликтүү.
Кеше мына жүрилер акылдашып,
Акынга проблема айт деп буюруптур.

Агайын мына бул жагдайга
Мүмкүн эмес күн артпау.
Ал калкым бир эсинде,
Мен айтайын сынап дау,
Шолпон-Ата, Ысык-Көл,
Сиздерге ошол шырак та.
Ельцинге койгон эскерткич
Ал ага абдан ынап дау.
Ол мына мындай эскерткич,
Коюлган жок, жыл апта.

Сиздерге достук сын айтып,
Жыгайын сөз таякка,
Бөтөнгө төрдү сунып,
Намысыбыз каякта?
Ельцинге эскерткич коёрдай

Ол кушшу ма бугу ма,
Сарубу бу эл де саякма?

**Амантай:**

Бара-бара Чоробай да,
Түзөнүп бара жатасың.
Жыртык элең, бай элең,
Бүтөлүп бара жатасың.
Саясаттын жагынан,
Күчөнүп бара жатасың.

Элибиз мындай эл болду,
Башка чапса былк этпес,
Көлүк болгон жери жок.
Эркиндик турат башында,
Өлүк болгон жери жок.
Бир аз жалтактыгы болбосо,
Элимдин эч бир жерде кеми жок.
Эки миң эки жүз жылы,
Жашап келген кыргызым.
Азапты далай көрүптүр,
Кечээ эле ачарчылык маалында,
Туурабы машак терген кыргызым.
Антсе да өзүн кыргыз деп,
Атап келген кыргызым.
Ысык-Көлдүн жээгине,
Мени жетелеп бара жатасың.
Алыстан айтпай сөзүңдү сен,
Төтөлөп бара жатасың.
Ырас, Ысык-Көлдүн жээгинде,
Ал кыргызымдын тээгинде,
Угуп алгың Чоробай,

Мен айтып кетсем кебимди.
Ал жагын дагы эстейли,
Чоке ырыскыны теппейли.
Назарбаевге арналган,
Беш понсионат турбайбы.
Сага ошол деле жетпейби.

А эгер Бөрүбайды сүйлөсөң,
Мени башка чапкан жери жок,
Айтышып өттүк кичине,
Мени ташка чапкан жери жок.
Бөрүбайды мен айтсам,
Өзүбектин жеринде,
Өзүбек тууган элимде,
Аларда да төрт понсионат бар экен,
Кече гезитти окусам кеминде.
Айтор кыргыз элибиз,
Общий дом деген убагы.
Общий дом десе ушинтип,
Общий эле келип үй курабы.
Бирок, тууганДыктын белгиси,
Тууралап айтсам бу дагы.
Ээ Чоробай,
Ары карабай, бери кара,
Эмне деп айттың сен жана,
Кара жамак дегендин,
Сазайын берип жүрбөгүн.
Амантайды жеңем деп,
Атайын келип жүрбөгүн.
Кайран ушул Чоробай,
Оңуп калган турбайбы,

Кече бирөөнү жеңдим деп,
Болуп калган турбайбы.
Кыргыз менен казакта,
Оомат менен атак да,
Өзүңөр деле билерсиң,
Домбура менен комузуң,
Эгиз жүрөт турбайбы.
Эгиз жүрсө бир-бирине,
Тегиз жүрөт турбайбы.
Айтышта дайым бир-бирине,
Ушинтип туугандар,
Келип жүрөт турбайбы.
Жорголой албаса дагы
Желип жүрөт турбайбы.
Желе бер Чоке, желе бер,
Келе бер Чоке, келе бер.
Чоке мен айтайын эмнени,
Айтылган макал элдеги,
Баарыбыз биздин баарыбыз,
Кандайча болду доорубуз.
Ошол жагынан кичине,
Эки ооз сөз айтып коюңуз,
Эми чырдашканда айла жок,
Кичине маданияттуу болуңуз.

**Чоробек:**

Таңдайыңдын дагы бар,
Маңдайыңдын багы бар.
Ак таңдайлы акынсың,
Туустугуң тагы бар.
Казактарга жакынсың,
Советтик доор болгондо,

Пансионатты биздерге,
Тартуу эткен баатырсың
Эгемендик алып бар,
Таркыйып алып жатырсың,
Мына жерге Амантай,
Туусканын алдайды
Понсионатка жат десе,
Калайык тартып алмайды,
Сунте берсең казактан
Клиентиң калмайды.

Мен төмөн, сен жогорку Таластансың.
Экөөбүз бир өзөндү желип өстүк.
Чиркин ай кыргыздардай кайда калык
Жүрөмүн жакшылыгын пайдаланып.
Сөздөрү тегиз кылып коёт экен
Өзөндүн баш жагынан байлап алып.

Таластын башы мага буюрбаган,
Басынан байлап алсаң осу жаман.
Кыйналсам сууларыңды бууп салып,
Өзүмө кош челектен ташып алам,

**Амантай:**

Арманың айтсам кичине,
Жашый турган окшойбу,
Ысык-Көлдү чакалап
Ташый турган окшойбу.
Амантай байкуш желкесин,
Кашый турган окшойбу.
Кой ал жагына токтойлу,
Кыргыздын Ысык-Көлү бар,

Кыргыздын ошол багы бар.
Сага дагы тең болгон,
Атакттуу Ысык-Көл болгон.
Жакшы болот чырдашпай,
Бир сөзгө келип токтошкон.

Эки миң эки жүз жылдык,
Тарыхы келсе кубанам.
Маңдайына кыргыздын
Жарыгы келсе кубанам.
Чымчылашпай бул жерде,
Маанилүү сөздү айталы,
Айтпай кантип тура алам.
Талантпыз биз талбаганган,
Таң атканча болсо да,
Таңшыймын деген убадам.
Бир маанилүү сөздөн сүйлөчү,
Чоке, суранам сенден, суранам.

Оң менен сол биригип,
Биздин кылым башында,
Кыргыз деген ой асылда,
Азыр тарых жазат десе эле,
Баары уланышып жатпайбы.
Ар кандай элдин тарыхын,
Сугарышып жатпайбы.
Жок тарыхтарды да тактайлы,
Ал жакка көңүл да буруп ал,
Кыргызга кызмат кылып ал,
Андыктан Чоке угуп ал,
Түндүк менен түштүктүн,

Түзүндө жүргөн кыргызым.
Кече Кытай, орус ортосу,
Ичинде жүргөн кыргызым.
Ошол кезде Кытайдын,
Мизинде жүргөн кыргызым.
Айтор, кыргыз нени көрбөгөн,
Акырында өлбөгөн
Азаттык алып карачы,
Жайнап турган кези экен.
Саркашка деген акыны,
Сайрап турган кези экен.

## 2003-ЖЫЛЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН 2200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## МУХАНБЕТЖАН ТАЗАБЕКОВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Муханбетжан:**

Үмүт бен бул сарайга эл кирип эн,
Өзүмдү-өзүң үмүткө исендирдим
Кыргыздарым жоомарттык таанытууда,
Тер тамып акындардын терлеринен.
Осы өзү Жамбыл менен Кенендеди
Неге жаксы көрөдү деп жүрөмүн ай?

Кус ушбас сар даланын аспанында,
Алла пана болбосо баштарында,
Таластык Саркашкага салам бердик.
Айналган осу айтыштын дастанында.

Саркашка мыкты болуп макталады,
Эли жакшы түшүнгөнсүң акталады,
Алтын бир таскагынан эли менмин,
Касиеттүү алтыны сакталады.

**Амантай:**

Казактан келген чолпонум,
Кай сөзүңдөн коркомун.
Казак кыргыз элимдин,
Ажырабай арасы.
Айтышып жүрсүн дайыма,
Казактын эки баласы.

Азыркы казак элимде,
Кең далаалуу жеримде,
Жетимиштей акын бар,
Мен санасам кеминде,
Ошолордун ичинде
Кичүү десең, кичүүсүң.
Чечилип ырдай келгенде,
Чечпей турган бүчүсүң.
Корко турган акындын,
Көрө турган түшүсүң.
Казактын акындарынын,
Кагылам иним жүзүсүң.
Мухамбетти баалаймын,
Ар убакта каалаймын.
Чокусуна жете бер,
Чогулган бакыт таалайдын.
Жакшысында боло бер,
Жаркыраган маанайдын.
Анткенимдин себеби,
Өнөрдү кыргыз сыйлаган.
Алтымыш казак келсе да,
Өзүңдөй болбойт бир балаң.
Анткени,
Казакты мактап жатканым.

Өнөрдү мактап жатканым,
Эки элди мактап жатканым.
Кошуп ырдап жүрө бер,
Колуңдан түшпөй аспабың.
Кагылайын ой иничек,
Кабарың элдер билишет,
Мухамбеттей мыкты деп,
Мурасын айтып жүрүшөт,
Ушундай жерге келгенде,
Амантай неге бүрүшөт.
Айтыш деген эмне деп,
Айтышта мисал эң керек.
Айта турган чынында,
Асмандан түшкөн бул комуз.
Мен ойлосом чынында,
Кыргызга түшкөн шул комуз.
Домбуранын чынында,
Эки чети кылы бар.
Бирөөсү казак бирөөсү
Кыргыз экен билип ал.
А кыргыздын үч кыл комузу,
Кылымдан калган болучу.
Орто Азия элине бүгүн,
Угулуп жатат добушу
Мен ойлоймун комуздар,
Кыргыздын улуу дини экен,
Диндеринин бири экен,
Азыр Көкө Теңир дастанын
Окуп жаткан ким экен.
Ошол үч илтиктен жаралган,
Ойноп турсак да адамдан,
Ошону барбы баалаган,

Ошону барбы каалаган.
Мына Көкө Теңир асманда,
Алдыңызда ой жер экен
Ортосунда адамзат, ошону
Баалаган кыргыз эл экен.
Кандай дейсиң туугандар,
Жана Чоюн агам жазгандай.
Жаман-жуман сөз менен,
Жалпы элди башкарбай.
Тазасын сөздү ой айталы,
Кече Чоюнду окуп отурсам,
Ар бир жазган ой саптары.
Кээ бирөөсү азыр да
Орноп жаткан баштары.
Ээ төшү түктүү Жер-эне
Төбөсү ачык көк асман,
Бизди колдоп келген турбайбы,
Кырылбай кыргыз элимди,
Оңдоп келген турбайбы,
Кыргызым теңирчиликти,
Жолдоп келген турбайбы,
Андыктан теңирчиликтин,
Сапатын баалай билели,
Ар убакта туугандар,
Текти ойлой жүрөлү.
Бир күндүк үчүн адамзат,
Жашаганда болбойт да,
Тегин койсоң унутуп,
Деги эле кыргыз оңбойт да.
Айтаар сөзүмдүн негизи.
Тынч болсун дайым эл ичи.
Кана улуу эпос жөнүндө,

Эминени ой билесиң,
Кыргыздын эпос дастаны.
Кыйырга учуп ой жаткады.
Болбосо кандай сайрады,
Жана сахнаны ачканда
Сакемдин айткан саптары.
Кулагыңа кандай угулду,
Тайторуну ой чапканы.
Ошондо кайран Сакем төгүлүп,
Калдайган элдин алдында,
Караны тоодой көрүнүп.
Башка адамдан башкача,
Тайтору чаап келе жатканда.
Ошондо кыргыздын чыныда,
Теңирин ойлойт экенсиң,
Түртүшкөн менен айла жок
Түбүңдү биле албасаң.

**Мухамбетжан:**

Бул Амантай ырдоого зирек боптур,
Карсыласың касыңда көмөк боптур,
Жалгыз өзүң токтомой кеткен кезде.
Мени унутуп кеткениң бөлөк боптур.
Ол дабир аз экен бүгүн сөз кылганга.
Айта отур эки ортого себеп болуптур,
Казак кыргыз домбуранын кошуш жери,
Ол ырас сөзүң бизге керек болуптур.
Билесиң го казактын үш жүзү бар,
Жайкалып бүгүн жасыл желек болуптур.
Үш кылы бар колуңдагы комузуңуз,
Кыргыздан көрөк казакка керек боптур,
Казак кыргыз дегеним,

Кос бөйрөгү кунандын,
Косок болсо куланың,
Кос аягы секилди
Алладан бүткөн кураның,
Душманга бирге аттанса,
Айыр тили жыланың.

Осондуктан оңолгондой тирлигибиз,
Түрүлүп турсун ар кез түндүгүбүз,
Осы айтыштан кетпейбиз бет жыртысып
Меңги уакка сакталсын бирлигибиз.
Бирлик мен ынтымагы болсо гана,
Турар деймин ортодо бирдигибиз.
Шыксак да акын болуп мына бетке,
Сыйласып ар убакта турар элек.
Бул дүйнөдө тек гана ынтымак болбой,
Басымыз бир кошулсун кыянетте,
Бир-бирибизге жакшы сөз арнайлыкчы,
Ак шумкардай Бишкекте салгайлыкчы,
Кешеки катардагы Сүйүнбайдын,
Сара жолун мен кылып жалгайлыкчы.
Осында казак кыргыз чеп курайык,
Жаксылык ынтымакка бет турайык.
Ал агайын аман бол кай кездерде,
Тоюң мен тоголокко кеп турайлык.

**Амантай:**

Ажал жетип күн бүтсө,
Алдыда турган көр ачык,
Ар дайым каттап жүрө бер,
Ак калпак элде төр ачык.

## 2007-ЖЫЛЫ «КЫРГЫЗ» АТЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН САПАРБЕК ЗУЛПУЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Улуусу баштайт акындын,
Учурашып жатырмын.
Агасы баштайт акындын,
Амандашып жатырмын.
Улуу кичүү болсо да,
Айтышканга макулмун.
Өзү келип калыптыр,
Кадимки Сапар акындын.

Шашпагын иним шашпагын,
Сахнага чыгып бул жерде,
Комузду күүлөй баштадың.
Алсырап турат кичине,
Келген окшойт ачкарын.
Күрөп ырдап жатканда,
Комузуңду күүлөбө,
Бирөө сүйлөп жатканда,
Өз ичиңден сүйлөбө.

Бирок, сага окшогон акындар,
Күндө эле келбейт дүйнөгө,
Мындай жадыраган акындар,
Жарала бербейт күндө эле.

Акындар ырдап жатканда,
Ошентип койсоң бирдеме.
Бирдеме деп жатканым ал,
Алаканды чапканың.
Үч күндөн бери карата,
Баарыңдын ачык экен асманың.
Анда эмесе баш жагын,
Алтыным өзүм баштадым.
Эки күнү көрдүң го,
Эргитип атты чапканын.
Француз Жаклин эжекең,
Атайын келип алыстан.
Аттарын кыргыз таптаган,
Алыскы жакка чабышкан.
Ошол кара байыр казан ат,
Тулпар чыккан турбайбы.
Кадимки кыргыз элинен,
Семетейдин Акшумкардай,
Шумкар чыккан турбайбы.
Ушулардын баарысы,
Элдик нерсе турбайбы.
Элдик нерсе болгон соң,
Мендик нерсе турбайбы.
Сендик нерсе турбайбы.
Өнүгө берсин өлбөсүн,
Ар дайым кыргыз жылкысы,

Андан да алыс өрдөсүн,
Кадимки төкмө ырчысы.
Эмесе, буулугуп турган кезегиң,
Чоң чабышка сен түшүп,
Суурулуп турган кезегиң.
Маңдайдан бирок күн тийип,
Куурулуп турган кезегиң.
Өңүң сенин кара экен,
Менин өңүм сары экен.
Анча мынча өзүңдүн,
Маскаларың бар экен.
Амантайдын билбеймин,
Жаркыраган бул күндө,
Калабы деги жаны эсен?
Анткенимдин себеби,
Ашепке болсо сөзүмдө,
Агайын койгун кечирип.
Сааты жыйырма мүнөт дейт,
Сары киши кетет эзилип,
Андыктан кичине,
Тизгинди тартып ырдайлы.
Шайыр иним жакшы айтты,
Айтканда ырчы билсин деп,
Ар бир сөзүн кашкайтты.
Ырчынын айткан сөздөрү,
Эки саптан билинет.
Айта турган акындар,
Эргип-эргип жүгүрөт.
Эки саат ырдаса,
Элдин баары түңүлөт.
Эмесе кезек берейин,

Алтыным иним не дейин.
Баштарда алдың жөтөлүп.
Комузду келдиң көтөрүп.
Эмесе Сапар инимдин,
Өнөрүн көрүп өтөлүк.

**Сапарбек:**

Төкмө башка ыр башка,
Саламын айтты Саркашка.
Акын башка ыр башка,
Учурашты Саркашка.
Айткан сөзгө ишен деп,
Сөзүмдү турат кишендеп.
Амантайдай агабыз мени,
Коёбу мында мишендеп.
Амантай агам угуңуз,
Алды-арканы эстеңиз.
Табак апкелип берейин,
Эзилип мында кетсеңиз.
Жана да айтып өттүңүз,
Купулга мында ырдасам,
Кайгы-капам жок келдим.
Эртең менен мен деле,
Ошол жерден ток келдим.
Амантай агам угунуз,
Ырчылык жактан өзүмдү,
Үндөгөнүм да чын эле.
Танаписти тууралап,
Күүлөгөнүм да чын эле.
Амантайдай жан аке,
Анчалык чаба бербеңиз.
Мен деле өзүмө бир аз адаммын,

Өзүмө бир аз акынмын.
Өзүңүзгө кичине,
Акындык жактан жакынмын.
Чаппасам да өзүңдү,
Ээрчип ырдап койсом деп,
Сахнага чыгып жатырмын.

Жакшы экен го Амантай,
Кызылдан кымкап кийгени.
Бизге окшогон жаштарды,
Жакпай жатат бул жерде,
Чаап мында сүйлөдү.
Айтышат деп мен келсем,
Каап мында сүйлөдү.
Алдыга учар шумкарсың,
Ортого чабаар тулпарсың.
Ат жагынан кичине,
Жакшы ырдап турасың,
Айтып өттүң Амантай,
Жакшына сөздүн ууздарын,
Айтып өттүң жана да,
Американын кыздарын.
Ошол америка кыздары,
Азамат экен карачы.
Ошолор келип бул жерде,
Аттардын атагы алыс чыкканы.
Жанатан бери Амантай,
Жакшы эле ырдадың.
Амантай деп жатат деп,
Таарынып мында турбагын.
Жакшылыктын жышааны,

Болуп жаткан турбайбы.
Калың элим бул жерде.
Толуп жаткан турбайбы.
Өзүңүздү кичине,
Ырга кошуп ырдайлы.
Эми кантип чабаар экен,
Кезегин берип сындайлы.

**Амантай:**

Асмандап учат каркыра,
Алтыным сенде бар тура.
Айткан ар бир сөздөрүң,
Агылган суудай шар тура.
Жаркыра иним жаркыра,
Жаш кезде такыр тартынба.
Жамакты, ырды баалаган,
Жаш-карың ушул калкыңда.
Жакшы жамак айтканды,
Алмаштырбайм алтынга.
Анан Жакилин деген эжени,
Мен француз деп жүрчү элем.
Көрсө америкадан келеби?
Айланайын Сапарым,
Башкача кылып төгөбү?
Айтат деген ушул деп,
Кээ бир кээ бир сөздөрдөн,
Башкача кылып жөнөдү.
Далай айтышка түштү элем,
Көрбөгөн ошол сазайды,
Амантай Сапарбектен көрөбү?

**Сапарбек:**

Амантайдай жан аке,

Сөзүмө көңүл буруңуз.
Эмесе угуп туруңуз.
Айтышам деп мен менен,
Атайы агам келдиби?
Аа деп эле жан аке,
Жакилинди мактайсыз,
Сизге француз духи бердиби?
Францияны айтпастан,
Кыргызстанды ырдайлы.
Ал франциядан келсе да,
Тулпарлар
Кыргыздан чыгып турбайбы.
Амантай аке шашпаңыз.
Алгалап кадам бассаңыз,
Жакшы экен го бул жерде,
Жалынып ырдап жатсаңыз.
Караанымa менин бир,
Кагынып ырдап жатсаңыз.
Мен деле сиздин караандан,
Кагылып ырдап көрөйүн.
Жакшы ыр менен өзүңө,
Сабылып ырдап көрөйүн.
Сазайымды бул бала,
Берет экен дебегин.

**Амантай:**

Ошентип кээде иничек,
Кезекти берип койсоңуз.
Айтыштын болду сахнасы,
Мени менен болсоңуз.
Анда эмесе не дедим,
Айланайын бөбөгүм.

Айтыш бүтсө өбөмүн.
Француз духи дегендин,
Жарымын сага беремин.

**Сапарбек:**

Бекер айттың жан аке,
Ушундай сөздү, буларга.
Чоңоюп калган баланы акем,
Бөбөгүм деп турабы?
Өбөмүн деп кеп айттың,
Мен жеңе болуп турамбы?
Амантайдай жан аке,
Тулпардан атты минели,
Тулпарды айта кетели.
Аргымак атты минели,
Кечээ тема берди журилер,
Ошол аргымак атка күйөлү.
Кезинде Аккула деген ат болгон,
Манас минген ошол ат.
Өзүнө сонун чак болгон.
Ал күндөп-түндөп жүрчү дейт,
Түнү жүргөн кезинде,
Шамалынан карачы,
Эки кулагынын учунда,
Шамы күйүп турчу дейт.
Ошондой сонун жерлерге,
Манасы анда келчү дейт.
Кулакта күйгөн шамынан,
Жалына жарык берчү дейт.
Амантайдай жан аке,
Аргымак атты ырдадым.
Аккуланын билсең тарыхын,

Ары жагын улагын.

**Амантай:**

Аккула жөнүн мен деле,
Окуп калган жайым бар.
Аккуланы биз эмес,
Ардактап билген айыл бар.
Эгер мен жакшы айтпасам,
Кашыңда турбайбы Рысбай,
Ошол билет сурагын.
Анткени улуу дастанда,
Аккуланы кула деп,
Манасчылар айткан да.
Алты күндүк жолдорду,
Алты саатта чапкан да.
Ал Аккула чынында,
Манас төрөлгөн күнү төрөлгөн.
Экөөнүн
Күнү да бир турбайбы,
Түнү да бир турбайбы.
Чет Бээжинди чабыптыр,
Нечен олжо табыптыр.
Чебин бузуп кытайдын,
Бээжинге чейин барыптыр.
Аккуланы не дейсиң,
Андан беркисин эле алалы.
Тапталып жаткан бул аттар,
Жагабы сизге жагабы?

Эми иним угуп тур,
Азыраак көңүл буруп тур.
Улууларга сен эмес,

Далайлар моюн сунуптур.
Мына элимди угуп отурсам,
Кээ бирөөлөр ойлошот.
Акындык деген бул өнөр,
Бир жакка эле ыктайт деп.
Түндүктөн чыгып жатышат.
Түштүк жактан чыкпайт деп.
Анда эмесе акындар,
Баарыңар өсүп өнгүлө.
Түштүктөн мына чоң акын,
Дүбүртү чыкты көргүлө.

**Сапарбек:**

Ал жактан келип жатырмын,
Ак таңдай төкмө акынмын.
Түндүк түштүк дебеймин мен,
Кыргыздан чыккан акынмын.
Айткан сөзгө көнбөгүн,
Андай сөздү дебегин.
Ачык айтам жан аке,
Түндүк-түштүк бөлбөгүн.

Ынтымагы бир болуп,
Кыргыз болуп жаралган.
Манас ата сыяктуу,
Бир атадан таралган.
Тарыхтарды оодарып,
Ырдабайлы бул жерде.
Сен башкасың мен башка,
Сен Сапашсың мен Саркашка,
Деп, сындабайлы бул жерде.
Амантайдай жан аке,

Ак сакалсың бул жерде.
Беш жаш улуу болсоң да,
Ак сакалдыгын сыйлаймын.
Жакшына ырды курагын.
Жакшы экен ырдап турганың.
Бирок мага жакпай турбайбы,
Экиге бөлүп турганың.

**Амантай:**

Айтышпайын көбүрөөк,
Опасный бала көрүнөт.
Тартышпайын көбүрөөк,
Такымын жеген көрүнөт.
Түштүктөн чыкты деп айтсам,
Өзүнөн-өзү бөлүнөт.
Анан мени бөлөт деп,
Амантай бирди көрөт деп
Айткандарын карачы.
Сен дагы кыргыз баласы,
Мен дагы кыргыз баласы.
Кыйкырта бербей биздерге,
Кылып койгула арачы...

## 2007-ЖЫЛЫ БАРСКООН ЖЕРГЕСИНДЕ «КЫРГЫЗ» АТЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Буйрук насип турайбы,
Бурулуп келдик кайрадан.
Азамат менен Амандын
Акындыгынан пайдалан.
Келгенде ушу сахнага,
Кечкендей болом дайрадан.
Эгер рухий дүйнө болбосо,
Адамзат болмок кайдадан.
Акындык өнөр баалаган
Барскоондук элден айланам.
Алтыным элдер барсыңбы?
Алтын деп айтат алтынды.
Болбосо оомал төкмөл заманда,
Кээ бирөөлөр жүрбөйбү.
Кемчилик кырып араңда,
Ушундай улуу заманда,

Насыятына өткөндү,
Наадандык кылган жаман да,
Батыштын жаман өнөрү,
Азыр каптап келе жатканда.
Жана глоблизация дегениң
Таптап келе жатканда.
Тилди да чайнайт турбайбы.
Бул тилиңди дагы сындырат.
Ошол глоблизация дегениң
Акыры бизди тындырат.
Акындар орусча айталбайт,
Айтса эле минтип шайтандайт.
А бирок Азамат айтса орусча,
Бир дагы аксент байкалбайт.
Эмесе иним Азамат,
Азыраак кылдым кемчилик
Койбогуң мени жазалап.
Алыска чапкан тулпарсың,
Сен эмесиң кашаң ат.
Батыштын жаман өнөрү,
Каптап келе жатканда
Өзүбүздү сактайлы.
Өзүбүздү барктайлы.
Кыдырып келдик элетте,
Аябай бийик көтөрдүк,
Айтыш деген желекти.
Кыргызда нечен байлар бар.
Жеңишбек иним айткандай,
Айтыш деген дал ушул.
Садыкка эле керекби.
Байлары бар кыргыздын

Алар да кылса аракет,
Аракет кылбай кээ бирөө,
Кылып жатат балекет.
Анткени тапкандарынын,
Баарысын казиного чачышат.
Таң атканча уктабай,
Ошол жерде катышат.
Сакем бир тыйын акча тапса да,
Акындарга чачканы,
Акындыкты баштады.
Эки айлампадан мени да,
Кудайым өзү сактады.
Ушул үчүнчү айлампага келгеним,
Кудайым өзү колдо деп,
Кутманалиев Амантай
Кууураган жерде болбо деп,
Өзүңдү өзүң оңдо деп
Ичимден толгонуп келе жатамын.
Жакшы сөздү айтсам деп,
Алтындай мындай элдерге
Ойлонуп келе жатамын.
Көпчүлүгү жаш балдар,
Көрүп бизди жаткандар.
Акындыкты көбүнчө,
Улуулар деген укчу эле.
Акылына тутчу эле,
Бул жерде жалаң жаш балдар
Укканына кубанам.
Ар бир сөздү эсине,
Тутканына кубанам.
Анан кантип сиздерге ,

Айтпай сөздү тура алам.
Мына ушундай ар дайым
Суранам, элден суранам.
Татынакай болсоңор,
Таң атканча болсо да
Таңшыймын деген убадам.
Ээ туугандар, туугандар
Кашыбызда тургандар,
Силер үчүн бүгүн бир
Азамат иним экөөбүз
Айта турган ырлар бар.
Келип турган кырдаал бар.
Өзүңөргө белгилүү,
Кимдер өткөн дүнүйө?
Ойлоп-ойлоп отурсаң,
Пирлер кеткен дүнүйө,
Биз деле өтүп кетебиз,
Адам деген чиркиниң
Жашабайт экен күнүгө.
Ошондуктан баарыбыз,
Жашыбыз менен каарыбыз.
Он күндүк ушул жалганда,
Өтпөйлүк такыр арманда,
Өзгөчө ички дүйнөнү,
Барктап дайым жүрөлү.
Ар бир ушул кыргыздын,
Манас деп соксун жүрөгү.
Анан да ушул комузду,
Ар дайым баалай билели.
Ушул жагын Азамат,

Акылына илеби.
Жаш бала деп айта албайм,
Акыл эсиң жетилди.
Кудай оңдосун сенин эсиңди,
Айтышканда сен менен
Далай акын бекинди.
Акындыгыңан каяктан,
Амантай акын шекинди.
А дегенде жанагы Абдылда
Байкем ачкан эле бетиңди.
Ачкан эле ой жүзүңдү,
Оңдосун кудай түшүңдү.
Оңдосун кудай ишиңди.
Үргүзсүн кудай итиңди.
Эмесе сөздүн аягы,
Колдосун сени кудайым.
Улуу өнөр элдики,
Тайбасын жолуң ылайым.
Айтканда сөздүн бул жагын,
Сага да урмат кылайын.
Эмесе аягына чыгайын.
Ар жагын сенден угайын.

**Азамат:**

Кылымдан бери жашасак,
Ким айтат бизде салт жогун,
Ким айтат бизде нарк жогун.
Өнөрпоз менен бир болуп
Өркүндөп өскүн Барскоонум.
Кереметтүү акынсың,
Кетпесе экен тил тийип.
Кутманалиевге асылып,
Кутурбайын жин тийип.

Кайрысаң боло бат-баттан,
Карайып кеттим күн тийип.

Амантай байкем көк асман,
А мен боорунан чыккан нурумун.
Амантай байкем түндүктө,
А мен капталында уугумун.
Амантай байкем ак шумкар,
А мен болсо астындагы туурумун.
Аманатай байкем Ысык-Көл,
А мен кыз-жигит баскан жээгимин.
Амантай байкем аргымак,
А мен үстүндөгү ээримин.
Төрүңө келген балага,
Байке төгүлүп турсун мээримиң.
Кең Чүйдөн келип карачы,
Мен болоюн шеригиң.
Карайып барам мен деле,
Эл колдоп турган кезинде,
Эригин да байке эригин.

Ашыкем койгон ысым бар,
Бул акындык жактан Саркашкам.
Акындын баары как будто,
Амантайга жармашкан.
Агайын элдин алдында
Мен болоюн таймашкан
Мен деле кыйын экенмин,
Амантай менен арбашкан.
Эми бузуп келген экенсиз,
Рече акындардын катарын.
Бирге көрүп жүрөбүз,

Карачы бул өнөрдүн сапарын.
Өнөрүң менен баяке,
Кылымдар бою жашагын.
А деген аттан башталып,
Ааламга кетсин атагың.
Жамынып келген экенсиң,
Эстекемдин чапанын.
Элесин айтып койсоңчу,
Эстебестей атанын.
Эми кагылайын жан ага,
Башка жакка караба.
Кезегиңди берейин,
Кызыл тилди сабала.

**Амантай:**

Кезегимди берсеңиз,
Кызыл тилим сабала.
Бир топ айтып өттүңүз,
Кезек келди мага да.
Таптакыр айла жок экен,
Мындай тарбиялуу балага.
Чымының өөрчүп күчөсүн,
Чымындай жаным садага.

Айтып өттүң бул жерден.
Аңдаптырбыз көбүбүз.
Аңдаптырбыз сөздөрүн,
Алтындай Барскоон элибиз.
Аман болсо мына бул,
Көкө Теңир, көгүбүз
Амантайың көтөргөн,
Кээ бир сөзүң көнүмүш
Сен акындардын акыны,

Амантай акын бийик деп,
Жөн эле болуп жатат өлүмүш.

Осмонкул акын жакшы айткан,
Жакшы айтканда да кашкайткан
«Өнөрүң бийик болсо да,
Өзүңдү төмөн кармагын.
Өзүңдү бийик көтөрсөң анда,
Өпкөдөй калкып калганың»
Деп айтып өткөн Осокең.
Ошолор өткөн дүйнөдөн,
Ошолор кантип сүйлөгөн.
Антиң ай бүгүн байкасам,
Арбак коноор күн белем.
Эми Эстекемдин чапаны,
Аны белгиледиң атайы.
Анткени ар кайсы сөздү сүйлөгөн,
Акын эмессиң жапайы.
Чыкпайсың иним катардан,
Сен өйдө экенсиң Сапардан.
А түгүл акылдуу да көрүнөт,
Жанагы Таалай деген атаңдан.
Бул акын болуп калганы,
Алланын берген жардамы.
Бирок Ашыкемден бата алган.

Ал Ашыкем деген Ашыкем,
Ал акындардын башы экен.
Улуусун айтып жатамын,
Сурасаңар жанагы,
Уурусун айтып жатамын.
Акындардын ичинен

Сулуусун айтып жатамын.
Анан Эстекемди сурадың.
Эстекеме келгенде,
Он сегиз жашар курагым.
Аттиң ай өттү жаш кезек,
Ал кезде кандай чыдадым.
Эстекем менен кошулуп
Автобуста отуруп,
Быягы Талас, Ошту ырдап,
Быягы тиги Таласта,
Быягы Чүй тарапта.
Аралап келдик баарысын,
Аралап келдик шаар ичин.
Ошолордун баарында,
Болуп жүрдү таанышым.
А бирок кыргыз эли үчүн,
Ар убакта парызым,
Угулуп калса деп тилейм.
Умурай журтка дабышым.
Эстекем ыйык мен үчүн,
Эстекем ыйык эл үчүн.
Эстекем деген, Эстекем,
Эстекем бийик девизим.
Эми арбагың мени колдо деп,
Эстекеңдей атанын.
Ошондуктан мынакей
Кийип турам чапанын.
Жер алдында калды да,
Ысмайыл акын айткандай.
Он күндүк жашоо жалганда,
Ойлосок баары армандa
Деги эле оёндун зору болсоң да,

Аз күндүк өмүр жалганда,
Адамдын баары арманда.
Алтының аттай болсо да,
Айла жок экен калганга.
Элимдин баары арманда.
Кайран Эстекем өттү дүйнөдөн,
Жашасак болмок чын белем.
Жашаса болмок ыр менен.
Элүү жашы,элүү жылы сахнада,
Кээ бирөө басып жүрүп өтө албайт.
Элүү жылы кээ бирөө,
Эчтеке эмгек кыла албайт.
Ал элүү жылы таңшыган,
Айлансак болот
Эстекемди көтөргөн
Алтындай кыргыз калкыман
Ошондуктан жанагы
Сөзүңө суроо берилди,
Ардакта кыргыз элиңди,
Улантып ийчи дебегин,
Узартып айткың кебиңди.

**Азамат:**

Кудай берип ырыскы,
Элдин купулуна толсочу.
Ак калпак кыргыз эл колдоп,
Эстебес атам сыяктуу,
Ак таңдай акын болсоңчу.
Анан жана орусчалап сөз айттың,
Тил келбеген сөздөргө
Тийишпей эле койсоңчу.
Ырас, эли сүйгөн кыргызда,
Эстебестей ырчыны айт.

Кара кылды как жарган,
Калкында нечен сынчыны айт.
Акындарды көргөндө,
Агайын кыргыз тынчыбайт.
Маанисин деле билбеймин,
Байке, мурдуңду учу жылтырайт.

Ырас, жанагы айткан сөздөрүм,
Капталдан нурдуу күн тийип
Тер басып турат чекеме,
Алыстан келдик жол басып.
Мына акындык айтыш кечеге,
Кан чыкканда карадан,
Сарылардан өзүңдөй,
Жан чыгып кетет дечи эле.

**Амантай:**

Ар сөздү байка ыгына,
Таң калдым сенин шыгыңа.
Айтайын десем далай сөз,
Ар жагында турду да.
Мааниси жоктор көп болот,
Бирок мактанба каралыгыңа.
Кара болгондун баарысы,
Акын болуп калабы,
Кара эле болсо өңдөрү,
Асыл болуп калабы.
Мунун айткан кебин көр,
Ааламда кыргыз элин көр,
Төкмө акын болуп калбайбы,
Африкалык негирлер.
Мурдумдун учу кичине,
Жылтыраганынын себеби,

Атайын суроо берипсиң,
Ал жагын айтып берели.
Айтканда сөздүн ошосу,
Амандын кекирип турат кокосу.
Аябай күчтүү турбайбы,
Барскоондун бозосу.
Эми айланайын Азамат,
Автаритетүү адамдар,
Аяк башын тазалап.
Анча-мынча кичине
Амантайды жакалап.
Бирок, эр жигиттин ичине,
Ээр токумду ат батат.
Азамат батпай калабы.
Ачылсын элдин кабагы,
Аа бойдогум, бойдогум
Амантай менен ойнодуң.
Жаңылтам деп деги эле,
Жанымды жаман койбодуң.
Кандайча болот ар жагың,
Бүтүрүп ал өзүң койгонуң.

**Азамат:**

Ал ырас ырды арнаймын,
Акындын баарын мактасаң,
Амаке сизди каргаймын.
Жамандык жолго баспай кал,
Ооруп доктур жатпай кал.
Жүз он жашка жеткенде,
Жүз он бирден ашпай кал.
Каранын баркын билбесең,
Кычырап келди кыш дагы,
Капкара көмүр таппай кал.

## 2008-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН ҮРҮСТӨМ КАЙЫРТАЙ УУЛУНУН АЙТЫШЫ

**Үрүстөм:**

Бисмилла бирин чачкан алиппемин
Алла деп айткан сөзгө жарык берем.
Ассаламу алейкум кыргыз журту,
Алэмге эркиндигин даарип келген
Көзүмдүн көргөндөрүн Бишкектеги
Сөзүмдүн өрнөгүнө салып берем.
Агайын айдыңыңа сүзүп келдим,
Ардакты айтыс деген алып кемең.
От жанды агалардын аркасы гой
Амансау алдарыңа алып келген
Кемедей көтөрөтүн төбөсүнө
Теңизге бас ийемин халык деген.

Эгемен эркин элсиң Кыргызстан,
Бостондуктун камалын бир бузускан.
Казак эли эликтин эгизиндей,
Биз сизди сиз демейтин биздин душман,
Бир Манастын атагы жер жарады,
Жаркырап көк асманда жылдыз учкан.

Сиздерге аллам өзү ыраазы болсун!
Тууганым деп кучагына бизди коскон.

Жалпактан маңги басар жалганды айтып,
Сүйлөр сөз кыргыз казактан калгандайтын
Казакстандан салем жолдоп турмын,
Ол жерге алып учуп баргандай ким,
Казак деген калыктын баласымын.
Өзү алдамай өзгөгө алданбайтын,
Кеби истиккен адамга таңдай кагып
Ал кеме жасаутууга таң калмайтын,
Аңкоолугум дагы бар астындагы.
Атын алты ай издөөгө арланбайтын.
Абайсыз да төрт тага табып алса,
Энди алты болсо деп армандайтын.
Сиздей жоомарт калкы соо болсо эгер,
Сыйлыкка эмне берсе шамданатын.

Туугандар бул көргөнүм түс секилди,
Амантай агамыз мен карсыластым.
Эч кими жеңалмайтын күч секилдүү,
Ассаламу алейкум Саркаска акын.
Ак куу деп аталатын кус сыякты.
Жапжасыл мына менин жай секилди,
Ал агам кагыраган кыз сыякты.
Аппак боп касымызга кайдан келдиң?
Бир күндө үч ирээт жууган тис сыякты.

**Амантай:**

Көп болду казак эл менен
Көрүшүп мында көрбөгөм.
Кулакка жакшы угулат,
Мен да сагынып калган өндөнөм.

Болбосо Астанага барганда,
Жолуккам мындай балдарга.
Айтышпай калып ошондо,
Аябай калгам арманда.

Кудайым мында туш кылды
Жана өзүң айткандай,
Асмандан түшкөн куш кылды
Кээ бирөө айтышат десе ойлошот
Бирине-бири муш кылды.
Жок салыштыруусу жакшы экен
Мени апаппак карлуу кыш кылды.
Айтор ак деген нерсе жакшы да
Кара нерседен тыш кылды.
Ойлосом акындыгым баалаган,
Бар бекен кыргыз казак калкындай.
Өзгөчө айтыш угуп жатканда
Ар биринин көөнү жаркылдай,
Жадырап жайнап ысыбай,
Жай болсо да салкындай,
Мен да өзүмө айтайын
Толуктап сенин сөзүңдү,
Жанакы сүттүн ичине,
Чөккөн сары бир алтындай.

Ак деген нерсе жакшы экен
Илгери ак пайгамбар бар болгон.
Анын сөзүнө тээтиги,
Европаны мындай кой
Азия эли жар болгон.
Пайгамбарлык сөз менен
Барлык элге хан болгон

Актыкта жүрсөк эл деген
Адашпайбыз тар жолдон.

Анан да айтаар бир кебим,
Ата-бабадан ой билгеним.
Ата-бабаны оозансам менин,
Сайрап кетет да тилдерим.
Тогуз күн аккан сууну айткан,
Токтобой баарын туура айткан,
Жети атасын кууп айткан,
Жеңижок деген ким болгон?
Арстанбек деген чоң акын,
Акындарга пир болгон.
Алардын бирөөн айтпайсың
Жашсың да иним жашсың да.
Бирок убакыт бар учурда
Убакыт чиркин азсың да.

Кандайсың иним Үрүстөм
Жыйырма жыл болду сахнада,
Айтышта мен эмесмин бүрүшкөн.
Амантайды алам деп бир кезде
Алтымыш акын жүрүшкөн.
Мен болсом жүрөм мен болуп
Медерим кыргыз эл болуп.
Анткени кыргыз казак акындар
Айтышта турат дем болуп.
Алакандарды чапкандар,
Айланайын кыргызым.
Осмонкулга чапкан кол.
Ылайык сөзүн айтканда,
Ысмайылга чапкан кол.

Токтонаалы келгенде
Толкундап ушул алган кол.
Арыба түркүн турмуштан,
Ардактуу элим шар болгун.
Айтор маданият жагынан
Мына алдылап бара жатабыз
Мындан дагы шар болгун.
Ак жылдыз чыккан сыяктуу,
Агарып аткан таң болгун.
Акынын сүйүп тозушкан.
Алтындай журтум бар болгун!

**Үрүстөм:**

Ау байке токтойсузбу ырыңыздан
Азыраак сабыр этчи аялда да.
Айтыс деген айкастын алаңы гой
Жасайтын жер эмес бул баяндама.
Экспресс автобус сыяктысың
Жөн кылып жасамайтың аялдама.

Агайым көп эч кимге иргеңди ачпа,
Казак кыргыз бирлиги мүлдөн баска.
Билдирмей балактагы бит секилди,
Кезинде шыкпа деди кимдер башка.
Казак кыргыз бирлиги бирик болса,
Төбөңө ким чыгады күндөн баска.
Ар сөзүң карыянын батасындай,
Жетилдирип айтайын сапасынбай.
Алматыдан Бишкекке биринчи келдим.
Оюн той болмайды деп нак осындай.
Айналайын Ала-Тау каскайып тур,
Алланын сыйга тарткан ботосундай.
Ала-Тау чөгүп жаткан атан чыгаар,

Бүкүл тоонун атасындай.
Бискек мен Алматы катар жатыр
Сол атандын берген эгиз ботосундай.

Кей акын сүйлөгөндө тис батырыпты,
Ал бири арстандай акырыпты.
Казактын акындарын кыргыз эли
Эгемендик тоюна шакырыпты.
Агайым эгер айып этпесеңиз
Кичине жырлайынчы такырыпты.
Эгемендик баяны болуп маңгы.
Кыргызым өз энчисин бөлүп тынды.
Оно ошол опузамыз аман болсун.
Одак дейтин орток өгүз өлүп калды.
Агайым төбаңыздан жаңылмаңыз
Оңалган тирлигимиз оңуп калды.
Кыргыз эл башчысынын аркасында
Төрт кыбылаң түгөйлөнду толук канды.
Бирөөнөн сурамайтын халге жеттиң
Өздөрүң бермесең да болуп нанды.
Саламыңды алмайтын кей мамлекет
Саалыгыңды сурайтын болуп калды.

Канча жыл тарых бизди көзгө илмекпи,
Эгемендик биз үчүн сөз курметти.
Кечээги эр түрүктүн эр урпагын
Эч кимди урухунан бездирмекпи.
Он жети жыл эгемен эл болгону,
Убакыттан кандай жүрүп оздум депти
Он жети жылда агайым не болмады
Сынап өмүр өткөнүн сездирмепти.
Кыргыз эми бирлигине мыкты болсун!

Биз үчүн жаксы сөздөр сөз курметти.
Токсон бирлер туулган сабийлерде
От жагып оталгылаар мезгил жетти.

Бул айтыс агам үчүн тыйым эмес.
Бул жерде бирөө бизден бийик эмес.
Кырктагы байкем мен шыгып турмын.
Муну калай алланын сыйы деймис,
Бир аел эки балаң бар экен гой,
Бул арийне байкеме дүйүм эмес.
Кырктагы агамды ана отурган
Бойдок жигит жеңилүүсү кыйын эмес.

**Амантай:**

Чолпондой эки балам бар,
А бирок жалгыз аял бар.
Аялым бар да ушундай,
Дастаным бар да баян бар.
Андыктан өзүң айткандай,
Сен менен
Алыша турган чамам бар.
Жашыл чапан жан иним,
Жакшы сөзүң бар иним.
Анда эмесе сен дагы,
Айтканды угуп ал иним.
Эми айланайын иничек
Казакта сенин ат чениң
Жакшы билишет
Мен кыргызга
Тааныштырып да коеюн.
Балким кээ бирөө билбей жүрүшөт.
Бул Кайыртай уулу Үрүстөм
Канчалар менен алышкан.

Канчалар менен жарышкан
Казакта жашап турса да,
Кабары келет дой алыстан.
Ушундай акын менен таанышкан
Амантай акын даанышман.
Дайыма, атагың угуп туралы
Алтындай иним алыстан.

Айтылат биздин кыргызда
Аганы көрүп ини өсөт.
Эгер агасы жаман болгон соң
Андан акылдуу болуп ким өсөт?
Агаң акылдуу сөзүн сүйлөсө
Көңүлгө жакшың алып кой.
Мындан кийин карайлы,
Ар убак сөзүм таанып кой.
Анан Үрүстөм бир кебим бар
Ойлоймун кандай дегим бар.
Ар сөзүм айтсам түшүнгөн
Алтындай кыргыз элим бар.
Ар убак казагым бар да белим бар.
Дагы кандай дегим бар
Айткандай сөздүн ырасын
Бул дүйнөгө эч качан
Жалалуу болбо деп айтам
Каран түн түшүп башыңа,
Балээлүү болбо деп айтам.
Бул дүйнөгө эч качан.
Каралуу болбо деп айтам.
Жаштыктын доорун сүрүңүз.
Жыйырма бешке жеткенче
Балалуу болбо деп айтам.

Кыргызга келдиң сайрайсың,
Кылчайып көрсөң кандайсың.
Кыргыз казак илгертен
Кыз алышып кыз берген.
Ал жагын дагы ойлонуп
Айтсаң боло толгонуп.
Анткени бир нерсе турат оюмда
Айтайын аны ой момунда.
Айтышта баргым келип турат
Сенин үйлөнүү жакшы тоюңа.

Эми ушунча жашка келгенче,
Жыйырма эки деген эмине?
Биздин Манас атабыз
Бээжинди чапкан турбайбы,
Бээжиниң кайда жеп жүрсөм.
Пекинди чапкан турбайбы
Кээ бир кезде алар да,
Мындан карап турушат.
Кеткен кеги бар окшойт
Бузуктар ары бери болушуп,
Кырдан карап турушат.
Ар элде болсун ар дайым.
Элибизде ой ынтымак.
Ынтымак болсо ой тынчымак
Мен ар жагын сөздүн айтпайын,
Оозумдан кандай ыр чыгат.

**Үрүстөм:**

Айтыска бес каруудай сайлап келдим,
Сертимди семсериме байлап келдим.
Айтыс көрүп отурган көрөрмөнүм.
Сиздерди сүт бетинде каймак дермин.

Мурунтан кыргыз казак куда болгон
Ол сөзүм магнасына бойлап келдими.
Бишкекке биринчи ирээт келсем дагы
Агайым кудайга шүгүр бойдак келдим.
Жана гана агамыз айткандайың,
Күйөө бала болууну ойлоп келдим.

Көңүлүмдүн көөнүнө каз конады,
Акында аулеген саз болады,
Агам бирок аелим бар дейди гой
Аган менин көңүлүм жаз болады.
Билесиз мына биздин аталарымыз
Тарыхты эске алайык биз баягы.
Атамыз Алтай элге ээ болган,
Аларга бирөө бар деп наз болады.
Агажан чынын айтсам сиздей жанга
Бирөө эмес экөөнү аз болады.

Калайша көңүлүмө кайкалайын,
Бул жерде мырзадай боп жайланайын.
Жана гана кыз ал деп айтып эди
Агайын соны да ойга алайын.
Бир айдан соң келемиз кудалыкка,
Барлыгыңыз болуңуздар тойга дайын.
Бир кыргыздын кызын алсам кубанамын
Агайын деп турганым жок байге алайын
Өзүм алам деп биринши айтпасам да
Берем деп айтканыңдан айланайын.

## ЖЕҢИЖОКТУН 140 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## ОРОЗААЛЫ ДОСБОСУМОВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Орозаалы:**

Бармысың элим бармысың,
Кыргыз-казак агайын.
Жырым менин жылытам,
Жүректердин далайын.
Жыр алауусун ашайын,
Көңилдерди салайын.
Мында келген барыңды,
Үлкен киши барыңды,
Өлең мен алка тагайын.
Айналайын Амантай,
Сага да бир карайын.
Өлең мен ырлап экөөбиз,
Салысуга жарайын.
Табысуга жарайын.
Айтыс деген сөзгө бир,
Канысууга жарайын.
Атабыздан бери карай,
Таанысууга жарайын.

Амантай агам сен эдим,
Артык сөзи жок тантыган.
Айдың көлдей шалкыган,
Өлеңиңе осында,
Кыргыз-казак балкыган.
Кыргыз-казак сөзинин,
Каймагын гана калкыган.
Бозарган жигит экенсиң,
Бозанын ийисиндей аңкыган.

Ал әнди биз де айтайык,
Аңыңды бирге аңласын.
Казанда бирге кармасып,
Касык мен бирге каржасып.
Казак-кыргыз элдесип,
Отырган экен жалгасып.
Сен да отырсың Амантай,
Адымыңды сал басып.
Казак-кыргыз агайын,
Аскарала тау басы.
Әнди жырды жырлайын.
Көңилиңди багайын.
Көңилде бүгин калма жок,
Эки эл бирге жатырмыз,
Ата бейитте бүгинки,
Арбагымыз мен арласып.
Ал Амантай жырлайын,
Куру карап турмайын.
Өзиндей бир агамды,
Кызырлуу бүгин кундайын.
Кыргыз менен казактын,

Арасын бүгин тау бөлсин.
Тау бөлсин бир жау бөлбөсин,
Деп айткан мырза агабыз.
Төриңде бүгин келип тур.
Кыргызга салем берип тур.
Айналайын агайын,
Жүзиңди нур көрүп тур.
Осында отурган аксакал,
Апалары сенип тур.
Аксакалдуу аталар,
Батадан болып баталар
Энди кезек берейин,
Сол жагыма жайгаскан,
Амантай деген сака бар..

**Амантай:**

Адашпай ата салтынан,
Амандык сурайм калкыман.
Эзелкинин парзынан,
Эсендик сурайм калкыман.
Адеп сөз менен баштасак,
Анан адеп сөз келээр артынан.
Тантыбаган акын дейт,
Амантай эмес тантыган.
Бозодой өңү бар деди,
Бозоруп турган жан деди.
Бозонун өңү бозо го,
Бозонун өзүн кеп кылган,
Болбогон акын ошо го.
Деп тамаша кептен баштасак,
Элдин көңүлү калсын ачылып,
Кумары калсын жазылып.

Улуу Нооруз майрамы,
Жумурай журтум жайдары.
Жана бирөө жакшы айтты,
Алас, алас, алас деп,
Ар балээден калас деп.
Арбагың жар бол Манас дейт.
Баштасак сөздүн баш жагын.
Айткандай Манас бабабыз.
Төбөсү ачык көк колдо,
Төшү түктүү жер колдо.
Ай менен күндүн ширөөсү,
Асман жердин тирөөсү,
Айкөлүң Манас шер колдо.
Айтышты жаткан өткөрүп,
Ушул азаматтар кем болбо.
Жеңижок акын айткандай,
Араба жүрөт кең жолдо,
Телегейиң тең болсун,
Теребелиң дем болсун.
Телмирип жаткан эл колдо.

Байкап байкап олтурсак,
Туугандар, тарыхыбыз кең экен.
Ой өзүң деле билесиң,
Тамырыбыз тереңден.
Кум доорунун ар жагы,
Күн дооруна теңелген.
Күндөн алып кубатты,
Эки эл күчөгөнү ыраспы.
Эгер андай болбосо,
Эл угалы быякты.

Азуусун айга бүлөгөн,
Алышканы жүдөгөн.
Кечээги асыл баатыр чыгатпы.
Ошону байкап олтурсаң,
Даңзага жазган кытайлар,
Дал бүгүнгө чейин туратпы.
Эң эле берки тарыхы элим,
Эки жүз кылым чыгатпы?

Кайран кыргыз жок болбойт оо,
Каракан доорун кулатты.
Уйпаланбай андан да
Билерсиңер баарыңар,
Усун доорун уратты.
Баарысы тегиз белгилүү.
Көрбөгөн заман калдыбы,
Кечээки эле Кокондой,
Аны дагы уратты.
Ой байкап, байкап отурсаң,
Укмуш эле көптөгөн,
Өткөн экен убакты.
Ниетин бузган кечээки,
Николай дагы кыр ашты.
Кыргызды,
Тоо-ташка сүрөм дегендер,
Тоо туралбай кулашты.
Ушулардын баарысы,
Топтолуп тукум улашты.
Биз айтыш эле айтыш деп,
Бири-бирибизге
Бере турган болсок суракты.

Айланайын жан иним,
Жакшылап тоскун кулакты.
Чоӊ суроону берели,
Майдаланып кетпейли.
Эки элдей улуу эл болот,
Эрдигин кандай тепсейли.
Жанашып өскөн эки эл,
Бири-бирибизди кантип тепсейли.
Болбосо аталар өткөн кечээки,
Не бир акындардын ой мекени.
Өзүӊөргө белгилүү ушул,
Орто Азия мекени.
Колумда комуз кармагам,
Домбурасын ой жандаган.
Жактырбаган дүйнөдө,
Жакшы сөздүү барбы адам.
Жакшы сөздөн сүйлөсөӊ,
Жараткан өзү жалгаган.
Оо туугандар, туугандар,
Калайык тегиз тургандар.
Акындарын кубаттайт,
Айта турган ырлар бар.
Уланта бербей ар жагын,
Ар жагын өзүӊ жалгагын.

**Орозаалы:**

Жалга десеӊ жалгайын,
Жалдырып боска калмайын.
Айналайын Амантай,
Адымыӊды аӊлайын.
Кыргыз-казак эки элдин,
Эрдигин бүгин барлайын.

Аулың менен жайлауың,
Жайланып бирге жататын.
Асудан бирге асатым,
Кыргыз-казак эки элмиз,
Төсөктө басың кошактым.
Тескейде малын косатым.
Айналайын Амантай,
Сени дебейм боз акын.
Эки элдин достугун,
Тилеп жүрген осы акын.
Энди кулак тосасың,
Менин де атым боз акын.

Арстанбектин Катаган,
Коңур Бөрү басында,
Бес жүз жылы матаган.
Сүйинбайдай бабам мен,
Бирге жүрген достасып,
Бирге жүрген костасып.
Айналайын Амантай,
Ошылар жайлы жырлайык.
Куру карап турмайык.
Ала-Таудун күңгөйүн,
Кыргызым өзиң жайладың.
Ала-Таунун тескейин,
Казак мен жайладым.
Марага атты байладың,
Желеге кулун байладың.
Жериңде ушу чалкып кеп,
Акыны болуп сайрадым.
Жыгылмасын кыргызым,

Көтөрүлгөн байрагың.
Эки элим колдаса,
Булбулуңдай сайрадым.
Аксакалдар аман бол,
Көтөрүлсүн арыбагың,
Агаларым аман бол.
Орындалсын арманың
Жеңелерим мындагы.
Агалардын койнунда
Ак балыктай ойнагын.

Айналайын Амантай,
Сени да бүгин көздөрмүн.
Өзүңе бүгин сөз бөлдүм.
Ала-Таудан тык басып,
Амандаша келгемин.
Агалардын алдында,
Ырымы болсун термемдин.
Эки элдин эрдигин,
Жалгасканы келгемин.
Татуулук мен жаксыны
Кармасканы келгемин.
Чабыс аттын жабуу бир,
Таныс аттын дау бир.
Жайлай тугын жайлады,
Кыстай туган тау бир.
Казак-кыргыз элденмин,
Айтысам десем айтысам,
Тартысам десем тартысам.
Тыртыгы бирдей денемдин,
Жыртыгы бирдей жейдеңдин.

Кенен атам жырлаган,
Казак мен кыргыз экенмиз.
Өлкөсүндөй түйөнин,
Эмчегиндей бийенин,
Эгиз тууган экенмиз.
Осо эки эл турганда,
Калай бир-биримизге бөтенмиз.
Айналайын Амантай,
Экөөмиз костап ырдасак,
Таусынмайды нөсөрмүз.
Эки элдин достугун,
Таусанмайдын экенмиз.
Жакшылап бүгин айтышып,
Азил менен шарпышып,
Эл көңилин көтермиз.
Айналайын Амантай,
Калпагыңдан айналдым.
Адымымды аңдыган,
Аңсарымдан айналдым.
Отырсың бүгин жырымды,
Колдагандай тоба кыл.
Тереңден тартып суу алып,
Жаксы жырды угалык.
Азилге энди жыгалык.
Оюнду жыргап буралык,
Төмөн карай өсетим.
Сенде бүгин отырсың,
Сабиз оксап кызарып.

**Амантай:**

Орозобай инибиз,
Сайрап жатат тилиңиз.

Сайрап жатса тилиңиз,
Акын эмей кимибиз.
Жаңылбай айтса тилдери,
Аябай болот сүйүнүч.
Салыштырууларың башка экен,
Сабизиң абдан жакшы экен.
Кызыл өскөн сабизди,
Бул кайдан таап алды экен.
Кыргыз элде жок эле,
Же казак элде бар бекен?
Тамаша кеп да бул деген,
Көңүлүңдү көтөрүп,
Калган тура карачы,
Бара-бара төшөлүп.
Акындыкка байкасам,
Өсүп калган турбайбы.
Бийигине акындын,
Жетип калган турбайбы.
Болбосо Кабамбайлар сыяктуу,
Жамбыл бабаң ким эле.
Жарым күнү ырдаса,
Жадабаган тимеле.
Токтогул менен жандашып,
Үзөңгүлөш бастырып,
Эки элде дайым жүрү эле.
Аталардын арбагы,
Арбактарды айтпасак,
Анда сөз болот кайдагы.
Ошону күтүп жаткан кез,
Отурган кыргыз аймагы.
Улуу акын Жеңижок,

Айтышаарга теңи жок.
Эки саат айтышса,
Эч жеринде кеми жок.
Ойлосом кыргыз элимди,
Ошондон ашкан бели жок.
Ээ туугандар, туугандар,
Калжыныӊ угуп балаӊдын,
Каткырып кээде тургандар.
Амантай айтар силерге,
Аздыр-көптүр ырлар бар.
Жеткирген ушул өнөрдү,
Жеӊижок атам кайдасыӊ.
Ак куржун толгон ырыӊда,
Ар кыргызым сайрасын.
Көк куржун толгон ырыӊды,
Көӊкү казак сайрасын.
Ойлоп, ойлоп отурсаӊ,
Мазары көп эл элек,
Азыр базары көп эл болдук.
Анча-мынча кээ кезде,
Чатагы көп эл болдук.
Антсе да колдоп арбактар,
Атагы көп эл болдук.
Ошондуктан туугандар,
Айта турган ырлар бар.
Кээде өзүмчө ойлоном,
Орозаалы жаш бала,
Ойлоруӊ башка жакта да.
Олуттуу сөздү айтсаӊчы,
Отурган кезде сахнада.
Кээде өзүм ой ойлоном,

Казак-кыргыз чогулуп,
Бата кылып алсак дейм,
Калыстар дагы колдосун,
Кагылайын Өтөнү
Ата кылып алсак дейм.
Карагайдын бутагын,
Какка сайсаң өлөбү,
Эки элди байкап олтурсаң,
Канзаададай ой балдары,
Калыстыкка көнөбү.
Көкөлөй берсе деп тилейм,
Ушул кыргыз ой өнөрү.
Төгө турган жерлерде,
Төгүлөлү төгөлү,
Айтышат деген ушу деп,
Алкынып кайдан сөгөлү.
Анда эмесе сөз мында,
Азыраак карап көп тыңда.
Эргибейбиз билбесек,
Элге келет бир кезек.
Элге кезек келгенде,
Эки күлүк тең байлайт.
Жерге кезек келгенде,
Буудай өсүп, чөп жайлайт.
Кагылайын кыргызым,
Эзелкиден эске ой салат,
Эсине алып чоң сабак
Эртеңкиге жол салат.
Айтайын эми эмнени,
Карап турган ой кезегиң,
Акындыкка аябай,

Жарап турган кезегиң.
Жакшы сөздү сен айтсаң,
Жакынымдай сеземин.
Хабардан угуп дайныңды,
Карап калам кээ кезде.
Айтыш керек кээ сөздү,
Аралаштырып мээнетке.
Ар жакта акыл мээ жетсе.
Өткөндө бир акын менен айтышып,
Сен бир акын менен тартышып,
Тантыба деп кеп айттың,
Бирок өзүңөр кеттиң тантышып.
Жүрө-жүрө оңолот,
Сүйлөй-сүйлөй акындар,
Чечен болот турбайбы.
Кээ бир сөздү жөн айтсаң,
Кесел болот ой турбайбы.
Ал Арстанбек акынды,
Алкынтып казак жеңген дейт,
Атактуу казак элибиз,
Аябай бийик элден дейт.
Мен ойлоп, ойлоп олтурсам,
Казак-кыргыз элимди,
Калыктар да бөлбөгөн,
Калктын болгон каймагы,
Тарыхтар да бөлбөгөн.
Сени карап да отуруп,
Мен ошондой кездерде
Капа болот да өңдөнөм.
Ошондуктан жаш бала,
Отуруп ыйык сахнада.

Улуунун кебин сүйлөсөң,
Аганы көрүп ини өсөт.
Ага жолу менен жүрбөйсүң,
Анда сөзүм башкача,
Сөздөрүм болот таптаза.
Кээ бир сөздү угуп ал,
Укпай эле койгун жакпаса.
Кагылайын каралдым,
Ырас акын болуп жаралдың,
Аганы көрүп ини өсөт,
Айтканын уккун агаңдын.
Улуулардын жолдорун,
Жолдоп жүрсөң болгону.
Домбураңды бекемдеп,
Толгоп жүрсөң болгону.
Айтаар сөзүң ар дайым
Чыккан кезде теледен,
Оңдоп жүрсөң болгону.

**Орозаалы:**

Ал агам мени калай сыйласпайды,
Агасын үнү бүгин бир жактайды.
Хабардан өзиңди мен көрдим гой деп,
Агабыз осындайды шын мактайды.
Арбагын казак-кыргыз биз айтпасак,
Акынмын, ырчымын деп ким мактайды.
Кечээги Арстанбек, Катаган мен,
Сүйинбайда ол жагын сымбаттайды.
Ал энди Жамбылдайдын даң кылымдын,
Ишинде элге айтпаган сыр жатпайды.
Кенен мен Токтогулдун достугундай,
Ага мен ини калай сыйласмайды.

Османкулдай аванын мен салайын,
Отырсын эки эл бүгин тыңдап маңги.
Базарды жаманга биз тап болдык деп,
Агабыз да бир сөзди сыргактайды.
Казак-кыргыз чалдары аман болса,
Аузуңду эт мен майдан кургактайды.
Амал жок солар куска самолет жок,
Кемпир чал араба минип ыргактайды.
Нарыкка элдин бары көшкөн күнү,
Катын да койнуңдагы кымбаттауды.
Ай Амантай агамыз,
Адил соттын кадыры,
Бир кыйынга айналса,
Жаксы кийим кадыры,
Бир жуылып жайганша.
Ден саулуктын кадырын,
Кайдан да билсин өлөсүз.
Осылай жырлап келесиз,
Маган да көңүл бөлөсүз.
Гарнийтурдун кадыры,
Көрсү көзү сокканша,
Жигулинин кадыры
Бир чуңкурга тыкканша.
Жаксы сөздүн кадыры,
Калкым тыңдап укканча.
Казак мен кыргыздын,
Элдесип аткан эки элдин,
Айнымайтын достугу,
Экөөн тең жаны шыкканша.

Айланайын кыргыз агайын,

Элиңди бүгүн жырлайын
Эл добушун тыңдайын,
Алдыңа келип турган соң
Куру карап турбайын
Мында отурган аналар,
Кыздарымды жырлайын
Агалар менен апалар
Кыздарыңды жырлайын
Талас бен Чуу экөөсүн
Сууларыңды жырлайын
Эки өзөндөн суу ичкен
Кулдарыңды жырлайын
Чыңгыз агам башында
Таласта элде туулган,
Талас суусуна жуунган
Аягында Таластын
Шерхандайын агабыз
Мырзатайдай тагамыз
Осо экөө туулган
Огулган бир огулган
Бир-бири менен элдешип
Айтылбаганы калбаптыр
Ичтеги жаткан сырыңдан
Мырзатай агам докторлук
Диссертациясын коргоп
Осулайча суулган.
Агабызды ардактап
Төрүнө бүгүн чыгарган
Айландым кыргыз уулунан.

Ал энди кыздар мындагы,

Айланайын агасы,
Кырмызыдай жырдагы
Кыздарыңды бир мактап,
Өтөйүн мында алдыңда.
Буюрган экен туз, даамы
Ораз деген акының,
Бишкекке бүгүн келиптир,
Агасын мынау көрүптүр,
Ак пейилине сенип тур.
Басында аппак көрүптүр,
Калпагыңдан айналдым,
Сөзүмө көңүл бөлүп тур,
Аналарым отуруптур,
Баласынын жырына
Бала ууздай сенип тур
Сулуу экен кыздары
Кыргызымдын кыздары
Талыкшыган бою кандай,
Тал чыбыктай бели кандай
Алтын кирпик, кыйгач каш
Келиси бүткөн кең маңдай,
Кирпигинин астында,
Аударылган көз кандай.
Бутагына шынардын
Күн да кептелип койгондай.

**Амантай:**

Айланайын жан иним да,
Жакшы иштеп калды шаригиң.
Антип айткан ой себебим,
Оңолуп калды сөздөрүң.
Оңолуп калды төккөнүң,

Башкача карап калды окшойт,
Карасам сенин көздөрүң.
Кыздарды айтып өткөнүң.
Кылыктанып ой төккөнүң,
Ак сакалды айтып өткөнүң,
Акылдуулук да төккөнүң,
Айтайын эми эмнени,
Айтылган макал элдеги,
Сөзүм эмес өзүмдүн,
Сөөлөттүү кыргыз бергени.
Акылыңа сакта деп ой,
Дөөлөттүү кыргыз бергени.
Сени какылдатып жаткан бир,
Казактын аталар кылган эмгеги,
Арбактарга ой сыйынып,
Айтканы калган ой жыйылып,
Алла Таала Теңирден,
Акынга берген буюруп.
Андыктан айткан сөздөрүң,
Агылып жатат куюлуп,
Амантайга карачы,
Башкача болуп туюлуп.
Агалар турса карачы
Ак Бакайдай жайнаган
Аталар турса карачы
Ырдабай койсо болобу?
Казак, кыргыз баласы
Көтөрүлсө деп тилейм,
Көрктүү кыргыз ой санаасы.
Ак калпакты мактадың,
Ак калпак деген ак калпак,

Абалтан бери карата
Кыргызга бул берилген
Анығын айтсам бак калпак.
Калпак калпак эмей эмине
Чет элге Чынгыз барса да,
Кийип алган ак калпак,
Ата бабам баарысы
Сүйүп алган ак калпак,
Жоготпо деп моюнга,
Жаш балдар дайым эсине,
Түйүп алган ак калпак,
Ошондуктан иничек,
Элдин баары билишет.
Ак калпактан баштадың,
Кыздар менен келип таштадың.
Кылыктанып турганда,
Кыздары сонунда кыргыздын.
Кымбат баалуу жасалга
Уздары сонун кыргыздын.
Жеңижоктой атанын
Көксулуу деген жары экен,
Көпчүлүгүң билесиң,
Көңкү кыргыз элинде
Көркөмү жакшы жан экен.
Ошол кандай кыз болгон,
Саймалуу көркөм уз болгон.
Анткени,
Учар куштан үлгү алган,
Уйпалабай тон бычкан.
Кайтар куштан үлгү алган,
Кайчылабай тон бычкан.

Ошолорду эстеп отурсаң,
Уз деген болгон кыргызда
Сонун каркырадай керилген,
Кыз деген болгон кыргызда.
Анан кирпиктердин алдында
Жаман көз деген болбогон,
Бир тууганга эч качан
Арам көз деген болбогон.
Айтор жакшы болот турбайбы
Сөздөрүн дайым оңдогон
Адам болот турбайбы
Эскинин жолун жолдогон.
Эки элде деле бипбирдей
Заман келди гой оңбогон.
Кыргызда болгон кемчилик,
Казак элде жок бекен?
Казакта болгон кемчилик,
Кыргыз элде жок бекен?
Ойлоп, ойлоп олтурсаң,
Оомал, төкмөл заманың
Кечээки өткөн турмушту
Бир байкап да карагын
Эне тилдин да кадырын
Энесин сүйгөн жан билет.
Энчилеп берген башынан ал
Эгесин сүйгөн жан билет.
Ал эки тилдин кадырын
Элчиде жүргөн жан билет.
Эл деп жүргөн төрөлөр
Эки тилде көгөрөр бирок
Эне тилин да шар билет.

Мен ойлоймун кээ кезде,
Казак менен кыргызда
Сакталбаган тилдерин
Кээ бир саясатчылар.
Жокпу деп эле ойлобой,
Чындыкты айтып берели,
Чыркыратып чындыкты,
Парламентте отурган агалардын,
Кээ-кезде элге тийди кереги.
Болбосо, элге кереги тийбесе,
Ошолор экен чынында
Толбогон кесе бир кесе
Атанын сөзүн баалабай,
Жүргөн деген уят да,
Алардын мындай сөздөрүн,
Акындар кээде туят да.
Уялбай кээ бир кишилер
Ошол сессияга чыгат да,
Жаман-жуман сүйлөсө,
Жаш балдарга жугат да.
Ошондуктан ой карасам,
Саясатчынын башчысы
Болсо деп тилейм жакшысы
Элде деле бипбирдей
Өз тилинде араң жан,
Ал эми өзүнүн тилин баалаган
Элим каалайт турбайбы,
Элим каалап отурган
Тегин каалайт турбайбы.
Жайнаган мына карачы
Элин каалайт турбайбы,

Эне тилин чанганды
Өзү каалайт турбайбы.
Башканы айтып не керек
Шайланып барып алган соң,
Ошого көңүл бурбайбы.
Болбосо элдин мүдөөсүн
Айтпагандар ким экен?
Өзүнүн жеке мүнөзүн
Сактагандар ким экен?
Ойлоп, ойлоп отурсаң
Кыргыз тилин эч качан
Сатпай турган ким экен?
Алар ким деп сурасаң,
Жеңижоктор болгон го.
Ошондой бир чалкыган
Теңи жоктор болгон го.
Ошолорду сактаган
Арстанбектер болгон го.
Болбосо берки жагында
Токтогулдар болгонго.
Тоо булбулу сайраган,
Ойлоп, ойлоп отурсаң,
Ошондой деги барбы адам.
Айтып турсам андайды
Замандар кетсин оңолуп,
Залалдар кетсин жоголуп.

**Орозаалы:**

Сөздүн баарын жалгайды
Булбулундай сайрайды.
Амантай агам сөзүмдү
Сыртымдан карап баалайды.

Калпагымдан айтады
Катарымдан калмайды.
Калпагымды калпак деп,
Калпактын чырын барк айтты
Ал Ораз айтса кыздарды,
Болочок мынау аналар
Ошолорго жырын арнайды.
Калык коргомаса башыңды
Ак калпак коргой алмайды.

Саясатты жырлайсың
Ол бир саяс аң күдүк.
Таш тийген өңдү шекилди
Такылдап турар жан кылып,
Муну бүгүн кантесиң,
Достугун айтпай эки элдин
Эки эл бирдей жүрөйүк.
Жарашып бирге шаң куруп
Эгиз козу шекилдүү
Маңыраңыз жаңырып,
Айналайын Амантай,
Эми сага тилерим
Бирликтүү болсун билегиң,
Түктүү болсун жүрөгүң.
Эки балаң бар экен,
Үчөө болсун деп тиледим.
Убакыт болду деп жатыр
Кыргыз деген уулу элим.
Ушу менен жүрөмүн
Амантай деген агага,
Иниңдин айтсам тилегин.

Басыңызга бак консун!
Астыңызга таймас так болсун.
Пейилиңиз ак болсун!
Жүрөгүңүз ак болсун!
Кудай мынау эки элдин
Ынтымагына бак болсун!
Кыргыз менен казакка,
Жамандык издеген пенденин.
Башында азирейилдин,
Кылычы шелип как болсун!

**Амантай:**

Айланайын жан иним,
Айткан сөзүң жанагы
Акындын ыры деп турсам
Бирөөнүн айткан жамагы.
Бирөөнүн айткан дегеним
Мен ал жагын айтып беремин
Ар убак каалайм акындын
Жүрөгүнүн тереңин.
Тилегинин да кененин.
Башыма кийген калпакты,
Сактабайт деп айтасың.
Жакшы жолго ал демек,
Баштабайт деп айтасың.
Ушундан бөлөк тамаша,
Калбай калган жер беле,
Башка сөздү оозуна.
Албай калган шер беле.
Улам эле калпакты.
Уйпалайсың эмне эле.
Андай болсо карачы,

Айланып келип не турсуң,
Ата бабам сактаган,
Асыл ушул жергемде.
Ээ, иничек, иничек,
Сөзүңдү оңдо кичине,
Улууга бердиң ак бата
Кабыл болсун батаңыз.
Казак, кыргыз элдердин
Акыны өссө экен деп
Баарыбыз каалап жатабыз.
Бизден да бар жаштары,
Жакшы болбой калбайбы
Жамандын жолун баскандар
Элмирбек деген бала бар,
Шекербек деген бала бар.
Ошолор чиркин чынында
Акындардан болсо экен,
Арстанбекке барабар.
Анан биздей агаларың эгерде,
Жанагыдай сүйлөсө
Жүрөктөр болот жарадар.
Эмесе жалпы туугандар,
Эки балаңар,
Жаман-жакшыдыр сайрады
Чогулуп келген экенсиң
Ар дайым айтышка
Жүрөгүң болсун жайдары.
Жакшы болот эртеңки
Улустун улуу күнү экен
Ушул майрам элдеги
Жакшылап тосуп алалы.

Кандайча болот туугандар,
Каргадай болгон баланын
Астыга жылып баргany,
Өсүп кетсе деп тилейм
Акындык ушул тармагы.
Көтөрсө деп тилеймин
Жеңижоктун арбагы
Анда эмесе туугандар,
Узатып койгун балдарды
Айткан ар бир сөздөрүн
Жаманын жаман кабыл ал,
Жакшысын жакшы кабыл ал
Айтор, ак, кара деген бул турмуш
Ар кандай түрлүү жагы бар
Эмесе, узатып ушул балдарды
Кана алакандарды чабыңар.

**Орозаалы:**

Айналайын агабыз,
Адепти адеми сактаган.
Адепсиздикке аспаган
Амантай деген агабыз,
Агага ылайык жактаган.
Өзүңдү сүйөп барасың,
Убакытың бар чактаган.
Апамдай жайнап кеттиң гой
Каткан куртун мактаган.

## ТОКТОСУН АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

## АМАНТАЙ МЕНЕН ААЛЫНЫН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Айланайын ай кашка,
Агаңа түштүн кармашка.
Агайын, тууган элим бар
Амантай менен арбашпа.
Айтыш деген ушундай,
Айтыш десе
Айтылып жатат ар башка.
Теманы да сыйлайлы,
Теңирди сүйгөн чоң шайыр,
Токтосун агамды ырдайлы.
Арбагын колдоп артынан,
Акындар чыккан турбайбы.

Токтосундай атанын,
Тоодой болгон кече бир
Замандашы бар эле.
Ар убакта бир жүргөн,
Караандашы бар эле.
Комуз алса ырдашкан,
А түгүл кээде бир жазган

Каламдеши бар эле.
Ашыраалы атабыз,
Аскар тоодой болду эле.
Ала-Тоодон чоң эле,
Ала-Тоодо орду эле.
Ал кишини да эскерип коёлу.
Аалыны Айкашка деп бир атап,
Мага Сарыкашка деген ат койду эле.

Кыргызым деген кыргызым,
Кымбат баалуу эл болот.
Өзгөчө өнөр жагынан,
Туугандар өзүңөр деле билерсиң,
Кайсы элден кем болот.
Аксы, Жалал-Абад жергеси
Булар ар өнөргө кен болот.
Шайырлардын ичинен
Шаарларга тең болот.
Ошолорго бел болот,
Акындыгы жагынан,
Аккан селге тең болот.
Бүгүн Токтосун атаны,
Тоого теңеп айтпасак.
Ырыбыз бүгүн кем болот.

Акындарды билесиң да
Илгертен эле бай болбойт.
Бирок акындарды билесиң,
Дайыма шайыр шай колдойт.
Мына бүгүн бул жерге,
Атанын туугандары келиптир.

Көбүнчө кыздар балдарын,
Атасынын арбагы.
Кошо колдосо экен деп тилейм,
Токтосун деген атабыз,
Ар убак сүйүп жактырган
Ак калпак кыргыз аймагы.
Туугандары туруптур
Куттуу болсун деп ырдайм,
Кутмандуу жаңы майрамы!

Саясатпы, башкабы,
Башка жерден айталы.
Токтосундай атабыз
Төрөлө бербейт ай сайын.
Анын кандай экенин
Мына кыргыз байкады.
Бир кезекте топко ырдап,
Кыдырып кыргыз Ошко ырдап.
Бир кездерде Таласта,
Бир кезде Жалал-Абадда.
Ал кезде жакшы кез экен,
Машинага салат да.
Өкмөт өзү кыдыртып,
Нечен алып барат да.
Казакка чейин барыптыр,
Каркыранын добушун.
Калың калкка салчу экен,
Өзбекке чейин барчу экен.
Өнөрү күчтүү жан экен,
Өз элине салчу экен.
Албан албан алп экен,

Жетмиш түрлүү өнөрдүн,
Ээси болгон Токтосун.
Ошонун баарын батырган,
Жүрөгү менен башкача
Мээси болгон Токтосун.
Кече Эстебес деген атабыз
Эскерип далай айтчу эле.
Калдайган ушул элдерге
Жеткирип дайым айтчу эле.
Мындай деп айткан Эстекем,
Айтылбай турган кеп бекен.
Ошондо да Амантай,
Ортого салып кетчү экен.
Мен жаш кезекте келгенде,
Он алты жашта кез эле.
Токтосун деген жыйырмада,
Бирок толук өскөн кез эле.
Менин анделек деген ырым бар,
Андан башка термем жок.
Анча-мынча тааныган
Ак калпак кыргыз элдер бар.
Токтосун деген ал кезде,
Тоодой эле ырлары.
Коргоол деген атаны
Күнү-түнү ырдаса,
Бир башкача турганы.
Отургучту билбейт – дейт,
Отуруп алып сүйлөйт – дейт.
Турмушту дагы билбейт – дейт,
Тизелеп алып сүйлөйт – дейт.
Тизелеп комуз күүлөйт – дейт,

Коргоолду туурап жатканда.
Калың эл колун чапчу экен,
Ардактап тосуп алчу экен.
Ошондойлор чынында,
Ак калпак кыргыз шаңы экен.
Ак калпак элдин байы экен,
Кайран киши бу дагы
Өтө турган жан экен.
Өлбөй турган кимдер бар
Бирок, өнөрү калды артында,
Туугандар болсун жаны эсен.
Ак калпак элдин багы бар,
Ак таңдайлары бар экен!

Улуумун деп бул жерде,
Улай бербей сөзүмдү.
Анча-мынча Аалыбай,
Жадап кеткен шекилдүү.
Эмнени айтып жатат деп,
Ары жак менен бер жакты
Карап жаткан шекилдүү.
Азыркы жаш балдардын арстаны,
Жаш балдардын барсканы.
Амантай менен айтышканы,
Аракет кылып жатаканы.
Кандайча болот анда эми,
Аалы балаңар баштады.

**Аалы:**

Сапсары кашка Амантай,
Сайраса сөзү чубурат.
Оозун ачып аа десе

Оргуштап ырың куюлат.
Барыскан акын деп мени,
Барсканга буюрат.
Албетте сиздей балкалар,
Алар болсо миң урат.
Барскан болсо, бир урат
Амантай байкем кеп айтты,
Баарыңар уктуң нени айтты.
Током Коргоолдун толук ырларын,
Жаттап алыптыр деп айтты.
Көкүрөгүнө аябай,
Сактап алыптыр деп айтты.
Коргоолду кайра тирилтип,
Тактап алыптыр деп айтты.
Анткени, Токтосундай атабыз,
Коргоол менен бир жүргөн.
Агайын журтту сүйдүргөн,
Чындыкты айтып ырдаса.
Чиновниктерди күйдүргөн,
Акын болгон турбайбы.
Бийликти каалап бир болбой,
Эл менен болгон ар дайыма,
Асылдардан турбайбы.
Коргоол менен көп жүргөн,
Биз анысын айтып ырдайлы.
Э Амантай бай аке,
Кыпкызыл болуп калыптыр.
Коргоолдой болуп негедир,
Берки тарапкы көзүңүз.
Айтылуу Коргоол акынга
Окшошуп бараткандайсыз өзүңүз.

Мен Токтосун болуп ырыңызды
Толук жаттап алайын,
Мага айтар болсо сөзүңүз.
Сиз жүз он жашка барганда.
Корголдой болуп куп-куду
Бүкчүйгөн абышка болуп карыганда,
Карыганды мындай кой,
О дүйнө кетип калганда.
Ошондо анык Коргоол болчу деп,
Мен айтып берем балдарга.
Көп өнөрүңдү үйрөнө албай,
Кетип калсаң калың журтуң
Калат кайгы-капада.
Анткени аракет кылгын байаке,
Бүгүн эргиген сөздү салганга
Таластын жогору жагында.
Талды-Булак айылда,
Өскөн экен Амантай.
Алмадай бала чагында,
Ташыркабай алыска.
Чабылып келген тайында,
Токтосундай атанын
Сөздөрүн,
Жаттап алган бала экен.
Таамай-таамай сөздөрүн
Сактап алган бала экен.
Токтосун атам ким эле
Ойлоп-ойлоп олтурсам,
Эсимде менин тим эле
Эсимде деген себебим,
Уккандарымды улуудан
Калкыма айтып беремин.

Он алты кызды бириктирип,
Токтосундай атабыз.
Ооз комуз үйрөтүп,
Ооз комуз сүйлөтүп.
Амантай агам айткандай,
Казакпы, өзбекпи, Москваны аралап.
Далай-далай кыздардын,
Жүрөктөрүн жаралап.
Нечен-нечен жерлерге,
Барып келген эмеспи.
Москвада айтылуу фестивалда
Байге алып келген эмеспи.
Өнөрү менен жаштарга,
Жарык берген эмеспи.
Келаткан не бир жаштарга,
Багыт берген эмеспи.
Азыр эстрадабы башкабы,
Европа сезилишип,
Эзилишип жатканы.
Оронжировка жасатып,
Бир ыр чыгарат.
Сонун ыр болуп чыкты деп,
Өздөрүнчө кубанат.
Эки жума өткөн сөн,
Эл эсинен чыгарат.
Чыгаар замат шыр эле,
Радионун текчесинен
Кетип калган ырлар көп.
Ал эми Токтосундай атабыз
Жаратып койгон обондор.
Садыкова Саламат,

Ырдап жүргөн убагы.
Агайын тууган калкыбыз,
Тыңдап жүргөн убагы.
Бакыт Шатеновдой ага бар,
Алардын дагы таланты
Ала-Тоо менен барабар.
Болбосо, Токобуздун ырларын,
Айтылуу казак калкында.
Болбосо кыргыз эли жалпында,
Кой кайтарып жатканда
Болбосо, ак үйүн барып басканда.
Аянтта же башка жерлерде,
Болбосо Ысык-Көлдөрдө.
Кай жерлерде болбосун,
Ырдашып жаткан учуру.
Ошондой ыр менен кошо жаштары,
Тарбияны мол алып,
Жыргашып жаткан учуру.
Ак калпак кыргыз калкыма
Кудайым кут кылган экен ушуну.
Артынан ошондой жаштар,
Өсө берсе деп тилейм.
Эрезеге буюрса,
Жете берсе деп тилейм,
Амантай байкем кеп айтат,
Билесиңерби нени айтат?
Эстекемдин чапанын кийип чыктым,
Ээрилип ырдайм деп айтат.
Эстекемдей кудуңдап,
Берилип ырдайм деп айтат.
Арбактар баары чогулуп,
Мени колдоп турат деп айтат.

Кыйшык кетсем чапаным,
Оңдоп турат деп айтат.
Байкемдин телегейи тең экен,
Чапанына ишенген,
Амантай агам эр экен.
Арбактар болсун бизге ыраазы
Алар биздин кантип колдосун.
Кыргыздарда арбакка кабылса,
Эстеген сайын куран окуйт сразу
Колдоочу жалгыз бир аллах.
Байке, сыйыныш керек кудайлап
Ар ким колдойт экен деп,
Ар нерсеге сыйынсак
Жашообуз кетет ылайлап.
Муну айтып жаткан себебим,
Түшүндүрүп беремин.
Жалгыз гана колдогон,
Жалгыз зат болуш керек дегеним.
Ошондо аялы дагы башкарып,
Баягы дагы башкарып,
Биягы дагы башкарып.
Мамлекетти көрдүңүз,
Эмне болуп жатканын.
Биримдикке үндөйлү,
Дайым кыргыз жаштарын.
Айланайын көпчүлүк,
Ачык болуп асманың.
Даңазалап жүрөлү,
Аталардын дастанын.
Саркашка байкем Саркашка,
А дегенде айтты го
Аалыдай болгон акынды,

Урамын дейт го жамбашка.
Мен да аракетти кыламын,
Сизге чалынып калбаска.
Ичтен илмей, тыштан илмей деген бар,
Негизи Таластыктар ошондой.
Кар кеткенде эле күрөшүп,
Күрөшкө дайым белен бар.
Амантай деген такыр жыгылбас,
Приомдун камын жеген бар.
Айтып жаткан себебим,
Өткөндө жетинчи апрелде
Таластын аянтында
Агайын журт толгондо
Эл менен Амантай дагы барыптыр.
Айгайды абдан салыптыр,
Ок атып бийлик тарабың
Бир балекетти жарыптыр.
Амантай байкем оң көзү,
Кызарып жаткан себеби
Ошондо огу тийип калыптыр.
Меники бул жерим
Кызарып жаткан себеби,
Ал октун чогу тийип калыптыр.
Эминеси болсо да
Октон дагы коркпойбуз,
Чоктон дагы коркпойбуз,
Анткени, биз коркпойбуз эч качан.
Душмандар салган тузактан,
Коркпойбуз биз эч качан.
Автомат менен бычактан,
Өмүр бою коркобуз
Артында кала берчү сөз, ушактан.

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Сахнага келдик кайрадан,
Күйөрмандардан айланам.
Байкап турсак көптөгөн,
Көрармандар келиптир.
Жакшы сөзгө ар дайым,
Жакшы адамдар шериктир.
Адегенде салт менен,
Амандашалык силерге.
Эмесе 20 мүнөт бар экен.
Шашпай ырдаар чак экен.
Табабыз дечи сөздөрдү,
Таппаганда канатем.
20 жылдан бери карай,
Сахнада жүргөн соң.
Айтабыз дечи бирдеме,
Залкарлар менен бирге эле.
Келип жүргөн сахна.

Колдон келген ырды арнап,
Берип жүргөн сахна.
Кормок белек шайырым,
Баягы корүп жүргөн сахна.
Билбегенди билгенден,
Улап жүргөн сахна.
Ар убак бизди айтышта,
Сынап жүргөн сахна.
Далай айтыштарга катышып,
Чыдап жүргөн сахна.
Жакшы сөз айтып кээ кезде,
Чыңап жүргөн сахна.
Корксоң дагы кой өлөт,
Коркпосоң дагы кой өлөт,
Далай жолу турлардан,
Кулап жүргөн сахна.
Корккондо эмне Азамат,
Айланайын казан ат.
Коркпой ырда сен дагы,
Коймок белем жазалап.
Бул барчын куштай чынында,
Алганда да таза алат.
Азамат менен айтышсам,
Ар дайым көңүл тазарат.
Жашарбаганда эмине,
Көңүл чиркин жашарат.
Жакшы ырчы келсе жаныңа,
Жакшы болот турбайбы.
Артыңдан балдар келатса,
Бакты болот турбайбы.
Буюрса мына ушулар,
Бир кезде элге көрүнгөн,

Чакты болот турбайбы.
Иним кечээ эле бар эле,
Кедейген кичине бала эле.
Эми отузга чыкты курагы,
Бала кезде биринчи,
Мени менен чыксан сахнага.
Убактыңы көп албайын,
Улантып анан сайрайын.
Айланайын Азамат,
Калың эл көргүн кандайын,
Такылдатып койчу таңдайың.

**Азамат:**

Ассалоому аллейкум калың журтум.
Амандык бар Азаматтын санаасында.
Амантай Азамат менен кошо чыкты,
Агайын журт алдында карасынбай.
Айтканың алтын, күмүш кыбат турат,
Ашыраалы, Эстебес баласындай.
Күү чертип ырдаганың абдан жагар,
Күүлөнгөн шумкардын канатындай.
Саркашка акын куш келдиң бул айтышка,
Саргарган берекелүү күз талаасындай.

Кереметтүү айтышка келип турдуң,
Кетким келбейт бул жерден душман болуп.
Мен деген эгемендүүлүк баласымын,
Сиз болсо орозодо куттай болуп.
Шаң чыгарып берсе деп кыргыздарга,
Шайырбек экөөбүдү жуптай коюп.
Алты мүнөт ырдасак эл кубансын,
Алакан чаап коштошуп кутман болуп.
Айтыш деген ошондой жакшы сөздү,

Кетеличи бул жерден бузбай коюп.
20 мүнөт шашпайбыз деп айтасыз,
20 жыл өтүп кетти куштай болуп.

Ал эми Саркашка акын, Саркашка акын,
Санаасына Азамат жармашпасын.
Амантай алп акын да кыргыздарда,
Алп акынга Азамат арбашпасын.
Мен деле Ашыраалы, Тууганбайдын,
Баласымын, канатын карматпасын.
Ак сакал акын келди Амантайдай,
Азаматты ини деп ардактасын.
Кылымдарга кыргыз эл бар болгунуң,
Кылымдарга кызыл желек байрактасын.

Жыйырма жылдын тагдыры жетеленди,
Ылдый кетти алдыга төтөлөндү.
Кыргыздар кээде кайгы болуп жүрүп,
Төрүбүзгө чыгардык бөтөн элди.
Ар-намысы жоголуп кээ бирөөнүн,
Алыстарга бир башың жетеленди.
Эгер кыргыз намысың бар болсо эгер,
Башка улут байрагын көтөрбү?
Карт тарыхты баяндап айткым келет,
Айткым келет кыргызым көтөр элди.
Ал эми арман деген какшап турат,
Арманды айтып Азамат баштап турат.
20 жылдын тарыхын айта кетсек,
Калкыбыз алдыбызда тактап турат.
Азамат ак тилегин самап турат.
Канчалар эл байлыгын тоноп кетти,
Дагы да ошолоруң адат кылат.

Аксыдагы сегиз бала эстегенде,
Жүрөгүм тилинип канап турат.
Толук эл алга жылгын артка жылбай,
90 жылдыз асманда карап турат.

Жакшылык кетпесе экен баарыбыздан,
Намыстык кетпесе экен арыбыздан.
Кара булут кудайым бербесе экен,
Күндүн нуру чачырасын таңыбыздан.
Анткени кызыл желек Кыргызстандын,
Жаралгандай сыяктуу каныбыздан.
Ал эми Саркашка акын арман дейсиң,
Ал кантип ушуларды жалган дейсиң.
Артыңыздан ээрчитип келесиз да,
Артыбыздан ээрчиген балдар дейсиз.
Даамын сөздү чыгаргын Аман ага,
Дал ушул сөзүбүзгө кандай дейсиз.

**Амантай:**

Алешем жок сөзүңдө,
Амантай ага баш ийет.
Айттың далай ырларды,
Азаматта бар да касиет.
Ал жагынан чынында,
Баардыгына кошулам.
Айрым гана кээ жери,
Алешемби деп олтурам.
Анкени башка улутка,
Баш ийбейли деп айттың.
Башты төмөн кылбастан,
Бийик болсок деп айттың.
Мен айтаар сөздү сен айттың,
Артыңдан келет мен айткым.

Парламенттин ичинде,
120 депутат дүрбөшөт.
Арасында эки орус, бирок,
Баары орусча сүйлөшөт.
Ал эми биздин сахнада,
Жалгыз Бөрүбай бар үчүн,
Баары эле казакча ырдашып,
Эмине болот ал үчүн.

Айтайын эми бирдеме,
Азыр түшөт эске эле.
Азыраак айтып кетемин,
Каза бербейм кечке эле.
Айланайын Азамат сени,
Жаман көрбөйм эч деле.
Кечээки кайран устаттар,
Эстекем, Тукам, Ашыкем,
Домбура казак обонун билем,
Сенден да жакшы чертчи эле.
Сенден да жакшы билчи эле,
Казактын үлкөн обонун.
Билесиң го кечээги,
Ашыкеңдин обонун.
Отурштан укчу элем,
Ошол киши мыкты адам.
Сахнага чыкканда эч качан,
Домбура менен чыкпаган.
Ошолор экен чынында,
Айтайын сөздү нускадан.
Мына сен да улуу баласың,
Жетилип өстү канатың.
Кемчилик болот кээ кезде,

Бара-бара жоголот.
Ар кандай балдар чынында,
Аздан-аздан оңолот.
Сен казакча ырдасаң,
Артта келаткан жанагы,
Жаш балдар чиркин не болот?

Ал жагын эми таштайлы,
Анығын сөздүн айтпайлы,
Ырас улуттун айтып баянын,
Ойлондуруп жатпайбы.
Ошол жагын тактайлы.
Чоңдор деген чоңдор да,
Зорлор деген зорлор да.
Жакшынын алган батасын,
Ичинде жакшылары да жок эмес.
Алдыга кетип бараткан,
Астылары да жок эмес.
Андайды мактап айткым бар,
Бир аз фактыларым да жок эмес.
Бирок эсепке алып андайдын,
Тизмесин алсаң он эмес.
Онунун бешин карасаң.
Алардын да ой-тилеги соо эмес.
Курсагын ойлойт өзүнүн,
Кургурдун ою ой эмес.
Сабырдуу бол деп коюшат,
А менин сабырым сары тоо эмес.

Айтканда сөздү кең делип,
Туугандар,
Эскиден айтсам эмне айып.

Алардын кемчилигинде,
Айтып жүрөмүн.
Кезиккен жерден мен барып.
Залкар акындар айткандай.
Улугуң ойчул болбосо,
Убара тарткан эл карып.
Улугуңдун баарысы азыр,
Кайда калып баратат?
Тунугуңдун баарысы азыр,
Майдаланып баратат.
Ээсиң эчки жебесе,
Эртең өлдүң дебесе,
Эки күндүк байлыктын алар,
Эминесин талашат.
Комузумдун дабышы кээде,
Сайда калып баратат.
Добушуңдун мааниси кээде,
Майдаланып баратат.
Калласын карга жебесе,
Калдың сайда дебесе,
Кармалбаган көр-жердин алар,
Кайсынысын талашат.

Алдыда шайлоо келатат,
Талашкандан болбосун.
Партияга бөлүнүп,
Сабашкандан болбосун.
Андай болбойт деп ойлойм,
Анткени,
Борбордо айкөл атанын,
Айкели мына орнойт дейт.
Анын арбагы дайым колдосун.

Өз оокатын ойлобой ошолор,
Өсүшүн элдин ойлосун.
Эми менин оюм ушундай,
Сен дагы жакшы сөз айттың.
Кызылда тизме ырларың.
Бара жатат бузулбай.
Казалың айттың аябай,
Макалың айттың аябай.
Карап турам деңгээлиң,
Байкап турам кээ кезде,
Бакубат айкан жерлериң.
Ичимден санап жатамын,
Канчанчы бетке келгениң.
Ары жагын иним улап кой,
Кезекти берем курап кой.

**Азамат:**

Азамат салбагының аламан деп,
Бөрүбайды ырдадың ал адам деп.
Бир Бөрүбай келгенде кыргыздарга,
Обон салып ыр ырдап самаган деп.
Кээ бирөө айтып жатат казактарды,
Патент кылып бозүйдү талаган деп.
А түгүл боорсок дагы кымыз дагы,
Казактардын ичинен жаралган деп.
А биз болсо патенттеп алабыз да,
Казактар кыргыздардан тараган деп.

Ал ырас аргымаксыз Аман ага,
А бирок Азаматты улак көрдүң.
Жаттадың деп жолумду тоспо ага,
Көзүн ач Азаматтай булак көрдүң.
Мен дагы акын болсом экен депмин,

Агаларды өзүңдөй улап көрдүм.
Жанагы сөз жалган десең казак жөндө,
Кыяз Молдокасымов агайдан сурап көргүн.

Шаң салып берет десем кыргыздарга,
Шайлоосун айтып турсуң жегичтердин.
Мен дагы жанынан аккым келет,
Өзүңүздөй дайранын деңиздердин.
Азамат акын болгун кыргызга деп,
Ак батаңды бир далай берип көрдүң.
Казакча айтат деп арданба Аман ага,
Көөдөнүңдү биз жакка бөлүп көргүн.
Ал эмнеге президент да билесиз да,
Мерседесин минишет немистердин.

Көөдөндөгү көп намыс кайнап турсун,
Куру намыс Азамат кайрат кылсын.
Кадырына жетели кыргыздардын,
Казалдарын Азамат арнап турсун.
Опол тоодой кайгы турса кыргыздарда,
Обонду кайгы кылып сайрап турсун.

Акындар акты ак деп ырдаш керек,
А болбосо оозун тыйбаш керек.
Тамашада чеги менен болот ага,
Кашындагы эл журтту сыйлаш керек.
Азамат бир обонду айтты дебей,
Жерин саткан чоңдорду ырдаш керек.
Эгерим кайгы эмес бул Азамат,
Элин аткан чоңдорду сындаш керек.
Болбосо тамаша айтып отурбайлы,
Тамаша айтсак боорубузду тырмаш керек.

## «НООРУЗ – 2013» АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН МАКСАТ КУЛУЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Ак чапан менен көк чапан,
Айтышты баштап берели.
Бир жылдан бери карата
Айтыш качан болот деп
Айтыш коому айтышты
Айлантып качан коёт деп
Күткөн элим аманбы?
Бир жылга чейин талыкпай
Түткөн элим аманбы?
Кыргыздын ата салты экен
А дегенде баарыңа
Амандашып алалы.
Улустун улуу күнүнө
Жакындап калган кезеги.
Улустун улуу майрамы.
Жетимиш атаңдан бери карай
Майрамдап келген ал жагы
Куттуу болсун майрамың.
Кубанып күлүп жайнагын.

Казак кыргыз айтышын
Болоорлугун кандайын
Атайын келген баарыңар,
Жанатан бери карата
Күтүп жаткан чагыңар.
Саркашканын эмесе
Саламын кабыл алыңар.
Анда эмесе Максатым,
Улуулук кылып бул жерде
Амантай агаң баштасын.
Эми убакытты албайын,
Улантып аркы жактарын,
Улантып иним таштасын.

**Максат:**

Ак чапан менен көк чапан
Саламды айтып баштадың.
Туугандар андан ойго алсын
Көк чапан эмес көк көйнөк
Бул жагын агам жолго калсын
Агайын тууган сагынып,
Келген кезиң турбайбы.
Улуу элим жабылып,
Ноорузга аз калганда
Элим келген кези экен.
Болбосун эч ким арманда
Агама ушул туш келдим,
Элим,
Келе көр анда жардамга.
Саркашка деген атыңыз,
Салмактуу элге наркыңыз.

Казак-кыргыз тааныган,
Элден бир чыккан баркыңыз.
Эстекедей атанын,
Батасын алган агасыз
Айтыш фонддо балдарды
Тарбиялап багасыз.
Кудай таалам буюрса
Чоң байгеге чабасыз
Үч залкар кетсе кетиптир
Эми өчүрбөй отту жагасыз.

**Амантай:**

Улуу Коргоол атанын,
Обонуна салганың,
Атабыздын арбагы,
Колдосун сени ар дайым.
Айланайын Максатым,
Жаш кезде комуз кармадың.
Өссө деп тилейм ар дайым,
Кыргыздын,
Өнөрпоз сендей балдары.

Жыйырма беш жылдан бери карай
Айтышка түштүм мен далай.
Акын кандай айтат деп,
Күтүп турчу эл далай.
Кечээ Горбачевдин доорунда
Болбосо партиянын коомунда.
Эстебестей аганын,
Этегин кармап келди элек
Сары өзөн Чүйдүн боорунда.
Анда эмесе туугандар,

Айтыла берет бул жерде
Акындардын жамагы.
Айта берсе далай сөз
Акындардын баяны.
Улуудан калган нуска экен
Биринен бири ой уланып,
Келе жаткан бул өнөр,
Далай белести ашыптыр.
Далай кырды басыптыр.
Улуу акын Токтогул.
Эшмамбет менен Жеңижок
Эргиген акын теңи жок.
Алар да өттү дүйнөдөн.
Айтышаарга теңи жок.
Ошолор өткөн заманда
Ойлоп турсак аларга,
Кандай айтсак ылайык
А кезде
Кенен, Жамбыл, Токтогул
Аралашып ырдаган.
Эки элди дайым ошолор
Бириктирген турбайбы.
Бир бирине ар дайым
Чек арасы жок эле
Кирип жүргөн турбайбы.
Алар ойду дайыма
Топтоштурган турбайбы.
Казак менен кыргызды,
Достоштурган турбайбы.
Бүгүн казак-кыргыз акыны
Андыктан дайым эки элдин

Ынтымагын ырдайлы.
Кандай дейсиң туугандар.
Айтаар сөздүн негизи
Жакшы болоор чындыкты
Жайнатып айтып беришим.
Он жылдан бери карата
Айтыш деген коомду,
Шернияз Садык түптөдү.
Андан бери карата
Он жылга аяк басыптыр.
Андан башка бир дагы
Агайын элим укпады
Көп эле байлар жүрүшөт
Шернияз Садыкка окшогон
Да бир колдоочулар чыкпады.

Өткөн экен абалы,
Эске салып алалы
Дагы айтылсын бул жерде.
Амантайдын жамагы
Корко турган нерсе жок.
Кечээ болгон туугандар
Бакиевдин заманы.
Азыр болсо эң жакшы
Туугандар, Жакиевтин заманы.

Кечээ Бакиевдин заманы
Өткөн экен келбесин.
Кудайым аны бербесин.
Жакшыраак баа койсо деп
Мактап жаткан кербезим.

Кечээтен бери карата
Амантай акын какшады.
Башкасына жакса да,
Ушу байкебизге жакпады.
Анткени кээ бир акындар
Өспөй калды деп айтат.
Өсө турган жерине
Жетпей калды деп айтат.
Финалга мейли өтпөсөм
Бирок
Ачыгын айтып төкпөсөм
Айтайын сөздүн негизин,
Калыстардын ичинен.
Баарысын жакшы көрөмүн
Айтканда сөздүн ырасын
Мына Роза деген кызыбыз
Кулпунуп турган кушубуз.
Амантайды сакта деп
Айтып турган тушубуз.
Болбосо,
Саламат деген Саламат.
Ак калпак элди аралап
Буюрса мындай кыздардан
Далай обондор жаралат.
Ушундай таланттар барынан,
Кыргыз эл кылган канагат.

Айланайын Максатым,
Алтындай болгон саптарың.
Коргоолдун ырын тарткын да
Мүнөзүн анын тартпагын.

Анткени бир кезекте Коргоолуң.
Сталиндин тушунда
Мурунку ошол учурда
Ак калпак элге какшаган
Агайын элге жакса да
А киши акимдерге жакпаган.
Токтогул менен кошулуп
Кайсыл жерге барбаган,
Аны билбес барбы адам
Түбөлүк калды атагы.
Бирок, ак үйдөн наам албаган.

**Максат:**

А дегенде башында
Казак-кыргыз деп айттың
Асыл агам кеп айттың
Эми келет эми айткым
Бул казактын карды ачканда,
Кыргызымдын ичи ооруйт.
Кыргыздар таш чайнаса,
Казагымдын тиши ооруйт.
Орусташып кеткенге,
Эки элдин тили ооруйт.

Амантай агам ар убак
Болуп турсун жаны эсен.
Жаштарга дайым жол болот.
Кашында болсо кары эсен.
Бу калыстарды мактады
Коррупция кылып жатпайбы.
Бул жакта милициялар бар бекен?
Кимдин кимдин заманы

Демократия болгон соң,
Кедейкандын заманы.
Жакшылары калат экен.
Качат экен жаманы.
Бекеринен эл баатыры
Кылган жок.
Бексултандай агамды

Коргоол деп мага тийиштиң
Мен жооп кылып азыр бир.
Сөздөн бир келет билгизгим.
Ал кишинин кыялын,
Тартпагын деп айттыңыз
Андан кайгы тартыңыз.
Эскилерди эстесек
Ошолор болот баркыбыз.

Коргоолдун көзүн тартпа деп,
Катураак айттың кебиңди.
Ал киши ырдап жатса да,
Кыргыз үчүн берилген.
Сиз эки көзүңүз түз экен
Ал бир башкача караса да,
Ааламды түз келтирген.

Амантай агам ардагым,
Элден бата алып бер.
Болбосун эч арманың
Обонун салып олтурам
Өткөндөрдүн бабалын.

Сыйлашат элди кыргызда
Өсөр деп турам салмагым.
Агайын тууган биригип,
Бирге болсун барганың.
Кагылам кыргыз аман бол!
Жаштарга дайым караан бол!
Казак кыргыз айтышаар
Ары бери тартышаар
Бирок баардыгын
Калыстап көргөн заман бол!
Элибизде бек болсун!
Жакшылыкка кеп болсун!
Ар убакта айтаарым
Кылган ишиң эп болсун
Сакем жөндө кеп айттың
Спонсор деген чынында
Жаралбайт экен күндө эле.
Сырттандын ошол тукуму
Жаралат экен бир эле.
Агайын тууган баардыгы
Кубанып турган чагы экен
Агабыз аман болсо экен
Ээ жакшы жолго консо экен
Бекем болуп бек болуп,
Элине дайым акынды,
Таптап турган жан болсун.
Көргөндөр дайым бар болсун.
Агайын тууган элибиз
Жакшылыка тең болсун.
Бир бирине бел болсун.
Казак менен кыргыздын,

Достугун айта кетели,
Ар убакта агайын
Каалаймын анын бекемин.
Тезек төтө Боромбай
Сырдашып эле жүрчү дейт.
Үмөтаалы Арстанбек,
Ырдашып эле жүрчү дейт
Бир жайлоого конушуп,
Бирде тойдо болушуп
Ырдашып эле жүрчү дейт.
Бирөөсү аттан жыгылса,
Экинчи атка учкашып,
Кырды ашып эле жүрчү дейт.
Ошондой болсун ар убак
Ошого келди бир кезек.
Казак менен кыргыздын
Баскан жери бир болгон.
Тилегени гүл болгон.
Ар убакта бастырса
Күн батып кайра түн болгон.
Манасчысын ар убак,
Казагым сыйлап тыңдаган.
Домбура чертип ойносо,
Казакты ошо сыйлаган.
Эки элдин ар убак,
Ынтымагын ырдасам,
Бекем болот деп тилейм.
Ар убакта кыргыздын,
Пейили кенен болот деп тилейм.
Эми Амантай агам сөз сизде,
Уга турган кулак бар.

Сизде жабылбай турган булак бар.
Агайын тууган угар дейм,
Сизде тарта турган тузак бар.
Эмесе тартсаң тарткын тузакты,
Ушул агам чын эле,
Көп жолу мени айтыштан,
Кулата берип кууратты.
Эми агайын тууган эл ичи.
Агаларды сыйлайбыз
Чабалдыкты кылбайбыз,
Агалар дайым сыйласа,
Андан өйдө жылбайбыз,
Сиздин айтканыңызды ар убак.
Ашыкеңдей тыңдайбыз

**Амантай:**

Айтканыңда калет жок,
Акын эмессин данек жок.
Ар бир айткан сөздөрүң,
Угуп турган до кезегим.
Анча мынча жериңе
Кичине кометар кыла кетемин.
Элдер билет кыргыз казактын,
Бул эки элдин эгиз экенин.
Анткени жалпы туугандар,
Кыргыз менен казагым,
Кудай өзү бөлбөсө,
Бөлүнбөгөн калк эле.
Бир бирине ар дайым,
Жардамдашып барчы эле
Кыйынчылык убакта
Бир-бирин колдон алчы эле.

Анан далай элдер бар да.
Айталык сөздүн аныгын.
Ар бир элдер өзүнүн
Бирок айтат дечи тарыхын.
Амантай айтар бир сөз бар,
Аны билбес до барбы адам.
Кыргыздан чыккан Катаган,
Сүйүнбай менен айтышып
Жеңилген дешет Катаган.
Билбейм алар айткан Катаган
Кайсыл доордо жашаган?
Издеп таппай жатышат
Биздин илимпоздор башы аман.

Ошентсе да ар кандай,
Эки элдин ошол достугу.
Бек болсун деп ырдайбыз,
Жакшылыктар ар дайым,
Көп болсун деп ырдайбыз.
Төрт тарбыңар ар дайым
Төкмөлөр айткан сөз ушу.
Төп болсун деп ырдайбыз.

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АБДЫЛДА НУРАЛИЕВ ЖАНА АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ

**Абдылда:**

Али да турат эсимде,
Ал күндөр болчу кечээ эле.
Анда мен бала эркелеп,
Сексен алтынчы жылында,
Бул жерге мени апкелген,
Асылдар баары бар эле,
Сүйлөгөн сөзү жаңы эле.
Ар бир сабы ырынын,
Агарып аткан таң эле.
Бир эки жыл өткөзпөй,
Кагылайын Таластан.
Таап сени алып келди,
Эстеке деген алп неме.
Ошондой,
Алптардын өстүң жанында,
Менин да жүрдүң жанымда.
Ал эсимде менин жадымда.

Айтып көр элдин алдында,
Амантай деген атың бар.
Саркашка деген затың бар,
Не бирге жазган катың бар.
Ырдап көр элдин алдында,
Уруксат берет Абдылда.

**Амантай:**

Уруксат берсе Абдылда,
Амантай дайым бар мында.
Кечикпей эле жүрчү элең,
Кечигип келе калдың да.
Качан мында келет деп,
Абдылда акын керек деп.
Күтүп жатат зал мында.
Кечиктирбей айтышка
Келип жүрсөң болгону.
Экөөбүзгө бул кезек,
Келген экен болжолу.
Эсиме түшөт менин да,
Абдыкемдин ойлору.
Сексен алтынчы жылында,
Кечээки өткөн кылымда.
Мен филормонияга келгенде,
Бар экен байкем чынында.
Ошондо, жакшы акын болгун деп,
Батасын берген ырымга.
Байкенин берген батасы,
Балким, сүрөп келе жатабы.
Жакшы батаң алды элем,
Дагы-дагы ичинен,
Байкем, тилеп келе жатабы.

Жаш балдарга ар дайым,
Аксакал берген батаны.
Батанын жоктой чатагы.
Жалгыз эле мен эмес,
Балдарга дагы жукса экен.
Байкемдин ыры, казалы.
Анткени агабыздын казалы,
Аны китепке деле жазалы.
Саркашканын санаты,
Он жылы мурда чыкканда.
Китебиме,
Байакең ак батасын берди эле.
Анда Амантай сүйүнүп,
Алдына алып келди эле.
Бир кой деп баасын айтты эле,
Бир койду алдыма тартты эле.
Айтпаймын сөздү карандай,
Айтпаймын сөздү жамандай.
Ошондо берген сыйлыгын,
Байкемден алиге жүрөм алалбай.
Эми аксакал деген аксакал,
Көксакал деген көксакал.
Элде бар дечи көп сакал,
Кээ бирөөлөр чөп сакал.
Сакал деген ар дайым,
Ак болгону жакшы да.
Сакалга дагы айланып,
Бак конгону жакшы да.

Карынын сөзүн кыргыздар,
Капка сактайт турбайбы.

Капка ошол сактаса,
Апта да сактайт турбайбы.
Апта деген бир жума,
Накта сактайт турбайбы.
Карыларды сыйлайлы,
Карыны сыйлап ырдайлы.
Эстекеңди ээрчип мен,
Жыйырма алты жыл мурун келгенде.
Анда отуздагы бала экен,
Казалды дайым көп ырдап,
Калкына жаккан чагы экен.
Көп жүрсө деймин жанында.
Касиет бар байкенин жанагы,
Какшанып айткан сабында.
Өзгөчө жакшы айтыш болучу,
Баягы операнын залында.

Анда операнын залында,
Алтымыш акын айтышкан.
Биринчи айтыш дал ошол,
Бир топ акын жалпы учкан.
Алтымыштын ичинен,
Абдыкең менен кошулуп,
Биз дагы анда калганбыз,
Бала да болсок балбанбыз.
Ошондо бала болсом да,
Байкемден байге алганбыз.
Андай-андай айтыштар,
Болуп эле келатат.
Ар бир жылы ушундай,
Толуп эле келатат.

Амантай менен Аалыдан,
Оңуп эле келатат.
Карылар менен айтышып,
Улам эңип эле келатат.
Анда,
Тайырбек деген бар болчу.
Сапарбек акын дагы бар.
Алтынбек ага дагы бар.
Кайран ошол карылар,
Бир тобу
Бу дүйнөдөн жөнөдү.
Биз байкап кээде отурсак,
Алардын, бийик экен өнөрү.
Алардын берген дагы да,
Ак батасын көрөлү.
Ал кайрандардын ичинде,
Болуп турган чагында.
Улуу кичүүсүнө карабай,
Согуп турган чагында.
Андан бери карата,
Ырдадык далай сайрадык.
Кыргызды жүрдүк айланып,
Ал кезде союз маалында.
Эсиме түшөт дагы эле,
Ош менен Жалал-Абадды.
Кээ кезекте Таласты,
Ар кайсы жерге бурулуп.
Кыргыз элдин баарына,
Концерт коюп урунуп.
Анда Союз маалы экен,
Тартип деген бар экен.

Автобуска салчы эле,
Алыс алыс жерлерге
Жалпысын айдап барчы эле.
Андан бери карата,
Кыргыз элин чынында.
Кыдыра албай жүрөбүз,
Айыл жерге атыбыз
Угуза албай жүрөбүз
Кээ бир кезде аларга,
Жакын барып ырдабай.
Убакыт өттү бир далай,
Бирок,
Айланып дагы келээр дейм,
Алтындай болгон күн далай.

**Абдылда:**

Алдымды тосуп утурлап,
Ар кайсы жерди чукулап.
Мен кечигип калганга
Кабагың неге бузулат.
Далай жерге барчы элек,
Ырас тамашаны салчу элек,
Кечикмек түгүл кез-кезде,
Сен деле,
Чыкпай деле калчу элең.

Ой Саркашка, Саркашка,
Мени салгың бар го жамбашка.
Абдылда да көп жылдар,
Алдырган эмес кармашта.
Алың жетпесе жармашпа,
Бекерден-бекер арбашпа.

Саптарың түзүк акынсың,
Ырас өлүп-өлүп олтуруп
Сен өзүнчө калган баатырсың.
Агаң менен бүгүн бир,
Кармашып ырдап жатырсың.
Сагынган жакшы инимсиң,
Атагың элге билинсин.
Агайын элге жүгүрсүн.
Амантай ырдап жатат деп,
Ак калпак журтум сүйүнсүн.

Далай жерден угулуп,
Кең Таластан туулуп,
Ар жагың жатат угулуп.
Азамат бол, жакшы бол,
Далай элдин асты бол,
Тилегим дайым жакшылык.
Амантай менен чыгам деп
Атайлап келдим бастырып.
Агайын тууган калың эл,
Атайын жатат жактырып.
Жактырып жатса калың эл,
Абдылда эмне бу жерде,
Турмак беле каткырып.
Кагылайын Амантай,
Ырдаганың шар болсун.
Отурган элге бал болсун.
Ар бир сабың ырыңдын
Тим эле,
Агарып аткан таң болсун.
Мен сүйүнөмүн дайыма,

Сени алып келсе жаныма.
Ал кезди сен да билерсиң.
Үйлөнгөн жап-жаш кези эле,
Келинди келдиң жетелеп.
Көргөнүмдө ошондо,
Жоолук салып бөпөлөп,
Келинчегим экөөбүз
Чыгарып койдук жетелеп.
Мен дагы,
Жакшылык кылгам дайыма.
Эскересиң оюңда,
Айтып жатсаң тоюңда,
Каякка өткөн бир кезде.
Билбейм,
Сен каякта өткөн тоюңду.
Айтсаң жанагы коюңду,
Мен уланта берем тоюңду.
Кагылайын Амантай,
Ачкым келет жолуңду.
Көрсөтүп кетчи сонунду.
Абдылда акын келгенде,
Эмне,
Сен тосмок белең жолумду.
Жакшылык болсун дайыма,
Айтылсын элдин ичинде.
Амантай деген акынсың,
Айтып ырдап жатырсың.
Далайлардан баатырсың,
Абдылдага жакынсың.
Экөөбүз болсок бир элден,
Ырдап жүргөн акынбыз.

Балапан жап-жаш кездерде,
Бирге жүргөн жакынбыз.
Башкача оюң бар болсо,
Угууга даяр турайын.
Арка жактан мен дагы,
Акындык менен бурайын.
Улантып көрчү сөзүңдү,
Мен бир аз артын угайын.

**Амантай:**

Улаймын десем улаймын,
Улабай койсом ким болом.
Улуусу айтып жаткан соң,
Унчукпай кантип тим болом.
Жүрө-жүрө жетилсе мен деле,
Жүк көтөрчү пил болом.
Анткенимдин себеби,
Агаларымдын аралаш,
Батасын алган акынмын.

Жатыры деп таластыктар,
Сүйлөгөнү жакшы экен.
Билген элдин көбү бар,
Кээде билбегени жакшы экен.
Анткени, тилдин ичинде,
Диалектика бар экен.
Ошко барсаң бир сөздү,
Айтат экен элибиз.
Таласка барсаң бир сөздү,
Айтат экен элибиз.
Ошолорду чогултуп,
Кыргыз тилин курайлы.

Унутпайлы деги биз,
Тил жагынан баштайлы.
Тил жагын бүгүн айткын деп,
Тилеп бизден жатпайбы.
Теманы берип койгон соң,
Теманы эле какшайлы.

Жаман да болсо агабыз,
Жакшысын кайдан табабыз.
Жакшы агаңды бергин деп,
Жалдырап кимге барабыз.

Жакшысын айтат кыргызым,
Жаман деп кээде койчу экен.
Жаман болсо да бу киши,
Кээде адам деп да койчу экен.
Жаман агам аман бол,
Эл ичинде жүрө бер.
Узак өмүр сүрө бер.
Баягы Тууганбай аткандай,
Ашыраалы акем айткандай.
Элдин ак батасын ала бер,
Ашып калса мага бер.
Анан далай нерсени көрө бер,
Алтымыш жаштан аштыңыз,
Өнүгө бер да, өнө бер.
Балдарга дайым кээ кезде,
Ак батаңды бере бер.
Эми айылда кээде жүрөсүз,
Эстебес акем айткандай,
Эске түшүп жаткандай.

Жүздөн аша басканда,
Жүз жыйырмага барганда.
Жүдөтө бербей балдарды,
Өлө бер байке, өлө бер.

**Абдылда:**

Жаман да болсо инибиз,
Жакшы деп ырдап жүрүбүз.
Жакшы иниңди бергин деп,
Жалдырайт элек кимибиз.
Жамагым менен кыргызга,
Жармашып чыккан акынмын.
Жапжаш ушул балдарды,
Өстүрүп чыккан акынмын.
Жакшылык жакка баарысын,
Көчүрүп чыккан акынмын.
Айтыш фондду түптөгөн,
Баштап жүргөн акынмын.
Далайлардын астына,
Чыгып жүргөн акынмын.
Жаш балдардын тилегин,
Угуп жүргөн акынмын.
Сени жаман деп эч бир айталбайм,
Менин жанымда жүргөн баатырым.
Жакшылык болсун ар дайым,
Сагынып калсаң эл дайын.

**Амантай:**

Аганы көрүп ини өсөт да,
Аны кыргыздар билишет.
Ак калпак кыргыз ар дайым,
Агасын сыйлап жүрүшөт.
Агаларыбыз да кээ кезде,

Алдыга сүрөп жүрүшөт.
Агаларга,
Жакшылыкты тилейли,
Агаларды туугандар,
Колдон келсе сүрөйлү.
Агаларды ар дайым,
Ак кайрактай бүлөйлү.
Көк кайрактай бүлөйлү.
Бүлөйлү деген себебим,
Экөө бар жерде бирөө бар.
Экөө бар жерде бүлөө бар,
Сыйлабаса агасын,
Саркашкада күнөө бар.
Анткени дайым кичүүдө,
Агага бакыт тилөө бар.
Жаман деп айтып койгонду,
Түшүндүң окшойт агабыз.
Аганы сыйлай албасак,
Анда эле биз чалабыз.
Убакыт болуп калды ойшойт,
Ушуну менен барабыз.

**Абдылда:**

Сүйүктүү ырдап олтурсаң,
Сүрөтүң төргө илинет.
Какшана бербе акыным,
Анткени, акын деген билесиң,
Ал эки эле саптан билинет.

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Баракелде Болотум,
Бак таалай сага жолосун.
Айланайын Болотум,
Сен ак жолтой иним болосуң.
Ак жолтой деген себебим,
Ачыгын айтып беремин.
Кеп жеңиште эмес ко,
Жеңилем же жеңемин.
Агаң картайып бараткан кез,
Кичине аяп айтса дегеним.
Айтыш фонддун тамында,
Ар убакта жанымда.
Балдарга концерт беремин.
Сабактарга иничек,
Кечиккен жоксуң эгерим.
Кээ бирөөлөр кечигип,
Ар кайсы жакта жүрчү эле,

Үйрөн десем жамакты,
Үтүрөйүп күлчү эле.
Тартиби жакшы болчу эле.
Ойлонуп коюп бир жерде,
Отура берчү тынч эле.
Көрсө далай жамакты
Бала ойлоп жүргөн турбайбы,
Дала-далай жээкти
Бойлоп жүргөн турбайбы.
Оюн эмес жамакты
Ойлоп жүргөн турбайбы.
Үйлөнө элек бул кезде,
Бойдок жүргөн турбайбы.
Ал жагын да ырдайлы.
Кичине тийишип ырдасам
Тарта көрбө муң кайгы.
Таң болбосо күн чыкпайт,
Агасы менен чынында,
Айтышууга ким чыкпайт.
Кээ бир балдарга койсом
Таарынышып унчукпайт.
Кээ бир балдар түз эле,
Асылышып калышат.
Айтпаган сөздү айтышып,
Катылып дагы калышат.
Билбеймин андай балдарың,
Канча жерге барышат.

Кудай өзү бир билет,
Алла таала бир билет.
Биз деле калган жер эмес,

Азыр картайып балдар үргүлөп.
Караңгы кирет да, түн кирет,
Күн айланып да таң келет.
Адамга дайым да жан керек.
Жан тирүү кезде ар дайым,
Сырдашып эле жүрөлү.
Сахнада ушинтип,
Ырдашып эле жүрөлү.

Анткенимдин себеби,
Баламдан кичүү бала экен.
Ушул балдарымдын ичинен,
Мунун дарамети бар экен.
Убактыңды албайын,
Улантып койчу кана сен.

**Болот:**

Ой кеттим эле артына,
Келип калдым сахнага.
Келтирген кайра сахнага,
Рахмат айтам калкыма.
Агамдын ошол жанында,
Алдыны көздөй талпына.
Бул балам,
Сөз берметин терчү дейт,
Айтышса далайларды эңчү дейт.
Айтыш фондко барганда,
Агам мени унчукпай
Отура эле берчү дейт.
Ата, жамандан жакшы сөз чыкпайт,
Ал ырас тазка да, такыр жүн чыкпайт.
Өзүңүз айтып өткөн соң,

Түн болбосо күн чыкпайт.
Жаныңызда жаш балаң
Жаныңызга жакшы ыктайт.
Акылдуу жигит ошондой,
Аз сүйлөйт да көп тыңшайт.
Ал ырас ата карачы
Ойлоп жүргөн баламын.
Комуздун кылын моминтип,
Толгоп жүргөн баламын.
Айтыш фондду ар убак
Боолгоп жүргөн баламын.
Алып берчү кызың бар беле,
Сурадың бүгүн кайрадан
Бойдок жүргөн баламын.
Баягыда да айтты эле,
Болот анда да жообун тапты эле.
Негизи бир кызың
Байке бар окшойт,
Сурайсыз менден кайта эле.
Бүгүн ырды угуп карачы
Ырыска элим балкышкан.
Акындар келди карачы,
Бири-бири менен айтышкан.
Мен деле кыйын экенмин,
Жолборс менен чарпышкан.
Ата, ушундай жерден бир азга.
Октолуп ырдап кетели.
Темабыз тил болгон соң,
Токтолуп ырдап кетели.
Айтпагандан нетели,
Айтпаска кандай аргаң бар,

Ичимде менин арман бар.
Азыр ала көөдөк жандар бар,
Алымбек болуп төрөлүп,
Алтынчы класс болгондо
Андрей болуп калган бар.
Желпинбес кандай арган бар,
Жан дүйнөмдө арман бар.
Жинди чалыш балдар бар,
Айтпаска кандай арган бар.
Жекшен болуп төрөлүп,
Жетинчи класс болгондо
Жексон болуп калган бар.
Жексон болуп отуруп
Жексур болуп калгандар.
Ошолорду айтканда
Ойлорум ата таптаза.
Ата, ойлоно бербе анча эле,
Байке деп айтып жүрдү элем,
Бирок аталап атам кайта эле.
Аягында балам деп,
Атам наалып калган турбайбы.
Балдар ата деп калды,
Саркашака деген бул акын,
Карып калган турбайбы.

**Амантай:**

Саркашка деген садага,
Картая элек иничек.
Картайып басып келатса,
Тартая элек иничек.
Жамандап ырдай көрбөгүн
Амантай жалпая элек иничек.

Анча бир кездегидей
Кыйшая элек иничек.
Кээ бирөөлөр билбеймин,
Кыйшайды деп жүрүшөт.
Мыйшайды деп жүрүшөт.
Саркашка деп айтышса
Кээлери мыйыгынан күлүшөт.
Саркашканын маанисин,
Бу балдар кайдан билишет.
Өнөрүң иним бар экен,
Кичине өңү-түсүң кара экен.
Өңү-түсүң кара экен,
Өсө турган бала экен.
Бала экен деп жатамын,
Күндө эле көрүп жүрөмүн.
Жетелешип парк жакта
Баса калат кыздарды,
Түн деле көрүп жүрөмүн.
Андай жерге келгенде,
Өлүмүш болуп каламын.
Анан агасынан бул жерде
Аял сураганын карагын.

Агасы деген туугандар
Устаты болот турбайбы.
Устатынын туугандар,
Нускасы болот турбайбы.
Ар бир сөздү байкасаң
Кыскасы болот турбайбы.
Аялды менден сурабай,
Жамакты менден сурагын.

Арактыны менден сурабай,
Талапты менден сурагын.
Жамакты менден сурасаң,
Жаман эмес чыгарың.

**Болот:**

Таап айтты сөздүн нускасын,
Тайыңар бүгүн чуркасын.
Тапан кылган өзү да,
Тапанчадай устатым.
Тийишип койсом кичине,
Таарынгансып каласын.
Бирок, иниңиз менен чыксаң,
Кайгы-капа дегенден
Арылгансып каласың.
Болотбектин бул жерде,
Айтып өттү карасын.
Анчалык кайгыра бербечи,
Өзүң өстүргөн уруктан
Эмине сепсең аласың.
Атабыз да бир кеп айтты,
Атамдын айткан кебин көр,
Колдоп турган элин көр,
Кытайды да коркуткан
Кыргыздын да бегин көр.
Өзүңүз айтып өткөндөй
Кыргыз тил үчүн акынмын.
Аны да бүгүн элим көр.
Болбосо,
Каралар акын болсо эле,
Акын болуп кетпейби
Африкалык негрлер.

**Амантай:**

Африкалык акынды
Көрө элекмин иничек.
Алар менен кошулуп,
Төгө элекмин иничек.
Ал жагынан көңүлдү,
Бөлө элекмин иничек.
Өңүң кара болсо да сенин,
Көөдөнүң ак деп ойлоймун.
Маңдайың кара болсо да,
Өнөрүң ак деп ойлоймун.
Сенин өңүң кара экен,
Менин өңүм сары экен.
Буюрса мына бул гүлүң
Өсө турган бала экен.
Бийик-бийик тилекке,
Жете турган бала экен.
Жаман акын болбойсуң,
Жардам берсе Аалы акең.
Элмирбек менен Жеңишбек,
Алар да келет ар дайым.
Алардын да кыргыз эл,
Ар ким билет салмагын.
Айтышып мында отурсаң,
Адамдар билет да кандайын.
Менин бир жерим такыр канбайт да,
Алардын атын айтып алмайын.
Алар деле ар дайым,
Атымды айтып жүрүшөт.
Саркашка деп эркелеп,
Затымды айтып жүрүшөт.

Жыйырма жыл болгон кыргызда,
Акынды айтып жүрүшөт.
Жаш кезекте келген деп,
Замирбек менен жүргөн деп,
Заңкылдап ырдап күлгөн деп.
Эстекең менен жүргөн деп,
Эргип ырдап күлгөн деп,
Ошону алар билген деп.
Чыга турган ага деп,
Карыса да атагын,
Элдер уга турган ага деп.
Аганын алсак батасын,
Бизге жуга турган ага деп.

Жеңишбек менен Элмирбек,
Аалы, инимдер баарысы.
Эгер араңарда бар болсо,
Болсо кулак да кагышы.
Айтканды жакшы кабыл ал,
Элмирбек бар, Аалы бар.
Ак калпак кыргыз баамы бар,
Айтар сөзүмдүн даамы бар.
Араңарда бар болсо,
Ардактап жалпы коёлу,
Алакандарды чабыңар.
Эми келдик эле кай жерге,
Сөз учугун улантып.
Чыга турган жерлерди,
Чыгар сөздү чыгартып.
Калайык элди кубантып,
Ыр күлкүгө сугартып.

Ар убакта элдерге,
Тилин айта жүрөлү.
Кыргыз тилин ар дайым,
Кымбаттайлы сүйөлү.
Казак элин билесиң,
Тилин кандай баалашат.
Өзүбек элин билесиң,
Өнөрүн кандай баалашат.
Ошентип жүрсөк туугандар,
Ар убакта оңобуз,
Бийик элден болобуз,
Тилибизге ар кандай,
Тибирткелер жологус.
Боло берсин деп тилейм,
Комиссия иштери дайыма,
Оңоло берсе деп тилейм.

**Болот:**

Айтуусунда агамдын,
Жанына келбеш керек турбайбы,
Агам менен айтышса,
Тердеш керек турбайбы.
Устаттарды бул көрсө,
Эңбеш керек турбайбы.
Ар убакта атадан,
Жем жеш керек турбайбы.
Озуп ырдайт экен го,
Алгандан кийин кезекти.
Бербеш керек турбайбы.
Эмесе менин да айтарым,
Айтып алып кайтарым,
Жакшылар менен жүрөлү,
Жаман болуп өнбөйлү,

Жакшы доорду сүрөлү,
Жамандыкка көнбөйлү.
Булактайлы, көлдөйлү.
Ырдаганда ар убак,
Көбөйөлү төлдөйлү.
Кыргыз болуп төрөлүп,
Киргиз болуп өлбөйлү.

**Амантай:**

Кыргыз болуп төрөлүп,
Киргиз болуп өлбөйлү.
Ушуну кээлер түшүнбөйт,
Билбейм акыл-эси көңдөйбү.
Мен деле кыргыз тилин үйрөтүп,
Кыйкырам кээде балдарга.
Кээде капа боломун,
Кечинде үйгө барганда.
Канча тарыхты окуп жатсам да,
Алдыларына балдардын,
Адабият тартсам да.
Кызыгып турат кээ кезде,
Жеки Чан менен Ван Дамга.

Эми көрүш керек туугандар,
Ал жагын да чынында.
Канча тил бар туугандар,
Бул ааламда, кылымда.
Бирок,
Эне тил деген бир болот,
Улут деген миң болот.
Улуттук тилди сүйөлү,
Жанагы иним айткандай
Ардактап дайым жүрөлү.

**Болот:**

Амантай агам жакшы айтты,
Айканда сөздү кашкайтты.
Жакшы эле айтып келатып,
Кээ бир жерин башка айтты.
Агасына кошулуп,
Кошулуп алып отуруп.
Кара менен сарыңар,
Абышканы караңар,
Калчылдаган тайлакмын,
Кайран агам кара нар.
Катуу айткан кебиңе,
Как жүрөгүм жарадар.
Ага менен айтышкан,
Так ушундай бала бар.
Ушу жерге келгенде,
Калыстык менен караңар.
Кошулганда ортодо,
Кыйышпас достук барабар.
Ар убакта атаке,
Жанында сенин жүрөйүн.
Каткырайын күлөйүн.
Кандай доорду сүрөйүн.
Ак кула болуп чуркап бер,
Мен сизди,
Семетей болуп сүрөйүн.
Айыштын аягына келгенде,
Айтсам сөздү бир демде.
Бүгүн айтыңыз сөздү ырастап,
Агамды берген кудайга,
Алты миң жолу ырахмат.

## 2013-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ АРНАЛГАН АКЫНДАР АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Эсенсиңерби агайын,
Эсендешип алайын.
Амансыңарбы агайын,
Амандашып алайын.
Калтарып ырдап жатамын,
Анткенимдин себеби,
Айтыштын көрдүм далайын.
Далай эле чабылгам
Бүгүн бирөөлөрдү чабайын.

Аалы иниме опокшош,
Баяным келген турбайбы.
Ээрчишип бирге көп жүргөн,
Баягым келген турбайбы.
Баягым деген себебим,
Балдарга салам беребиз.
Балдар менен кээ-кезде,

Ушул сахнага келебиз.
Саламдашып жатам деп,
Саламымды айтууга
Жарым саат созбоюн.
Адегенде бүгүн бир,
Темаңарга токтоюн.
Сиздердин ошол темаңар,
Биздердин ошол темабыз.
Тил майрамы турбайбы,
Тил майрамды ырдайлы.
Тил майрам деген тил майрам,
Тил майрам эгер болбосо,
Болот эле тил кайдан?
Тил бар үчүн дил бар да,
Тил бар үчүн күн бар да,
Тил бар үчүн үн бар да,
Үн бар үчүн тил бар да.
Кыргыз эл такыр жоголбойт,
Алтындай тилиң турганда.

Тил майрам кечээ туугандар,
Тил статус биринчи
Кабыл алынган кезинде,
Оюмда турат туугандар,
А да жүрөгүмдө, эсимде.
Жыйырма төрт жыл болуптур,
Ал орноп калган сезимде.
Анда жыйырмадагы бала элем.
Эстекем менен кошулуп,
Бир ак учакка отуруп
Ташкенттен келе жатканбыз.

Ошондо самолёттун ичинен,
Кабарды угуп туугандар
Жарыша колду чапканбыз.
Аэропортко жакындап,
Алтындай кабар укканбыз.
Ак учакттын ичинен,
Ак калпак булгап чыкканбыз.

Андан бери карасаң,
Жыйырманчы жылдын өткөнү.
Анча-мынча болду окшойт,
Алтындай тилдин өскөнү.
Бирок ачык эле айталы,
Кээ бир жериң өксөдү,
Кээ бир жери өспөдү.
А түгүл кээ бир акындар,
Кыпкыргызча төкпөдү.
Дагы эсиме келип жатпайбы,
Ошол жагын баштайлы.
Ырас боло берет да жаңылыш,
Жаңылса кээ бирлери жаңылсын
Жаңылбайлычы баарыбыз.

Айтсак ошол тилдин баянын,
Тээ алты кылым бери карай,
Жети кылым бери карай,
Күн доорунан бери карай,
Келе жаткан тил экен,
Күн деген сөздү билесиз.
Кун деген сөздү билесиз,
Ар жерден угуп жүрөсүз.

Анығын айтып жатайын,
Кубаныч менен армандын.
Бир жолу чет өлкөгө барганда,
«Ай» деп нени айтат деп,
Кыргыздардан сураса,
Аларга абдан таң калдым.
Ай деген сөзгө аябай
Угушуп кубанычка батышкан,
Ушундай сөз болобу деп
Өздөрүнчү кудуңдап жатышкан.
Ар бир сөзү кыргыздын,
Улуу сөздөр турбайбы,
Атадан калган туугандар
Сулуу сөздөр турбайбы.
Манас атам сүйлөгөн,
Ойлосок өткөн дүйнөдөн.
Бабаларым сүйлөгөн,
Байыркы өткөн дүйнөдөн.
Ошондой тилге кээ-кезде,
Өксөп калар күн белең.
Өксөйт деп айтат ким деген,
Өзүндө болот дил деген.
Тил болбосо жана айткандай,
Дилиң болбойт турбайбы,
Тили болбос кишиде,
Билим болбойт турбайбы.
Жана бир бала айткандай,
Билим болбос жерлерде
Илим болбойт турбайбы.
Эртеңи эгер жок болсо,
Бүгүн болбойт турбайбы.

Анда жакшы туугандар,
Күнүң болбойт турбайбы.
Жана да айтып өткөндөй
Үнүң болбойт турбайбы.
Кыргызча сүйлөп акындар,
Кып-кыргызча ырдайлы.

**Баян:**

Амансыңарбы калайык,
Айтыш десе гүлдөгөн.
Ак сүттөй таза жүрөгү,
Арам ойду билбеген.
Кайгы муңуң аралаш,
Канча жыл өттү миңдеген.
Аны мен нак кыргыз деп айта албайм,
Акындын үнүн сүйбөгөн,
Кыргыз дагы кыргызбы,
Кыргызча сүйлөп билбеген.
Кыйкырып салам узаттым,
Кыпкыргызча тил менен.

Улутташ асыл элимсиң,
Ууртуңда күлкү жылмайган.
Ажообуз коштоп карачы
Артыкча болду бул майрам.
Куттуктап ырдап коёун,
Куттуу да болсун тил майрам.

Сересинде сезимдин,
Секиде болгон эне тил.
Кара жаак Калыкка,
Көпүрө болгон эне тил.

Аалы, Жоомарт, Алыкул,
Баштап келген эне тил,
Байдылда, Какен башкалар,
Какшап келген эне тил.
Баялы менен Касымдар,
Сактап келген эне тил.
Жетимиш жыл союзда,
Жетим баладай арман күн,
Какшап келген эне тил
Арстанбектин оозунда,
Чаңкабаган эне тил.
Жеңижок жети күн айтса,
Чарчабаган эне тил.
Ормон хан опузалап турганда,
Омуроолоп душманды
Талкалаган эне тил.
Сөлөкөт болбой өмүрдө
Сөз менен ишти тургузгун.
Сымбаттуу ырдан ырдайлы,
Сылыгын терип жылдыздын.
Аз гана келчи жашоодо,
Биз аманатыбыз турмуштун.
Улуттун баркын үйрөтсөк,
Убайын көрүп каларбыз
Артыбыздагы уул-кыздын.
Өзү өлсө да көрдүң го,
Сөзү өлбөдү Чынгыздын.
Тилиңди сакта калайык,
Тилиңди сакта калайык.
Тилиңди сактай албасаң
Өлгөнү ошол кыргыздын.

Ала-Тоонун тили деп,
Атамбаев агабыз
Колдогонуна ырахмат.
Акын бар деп элимде
Ойлогонуңа ырахмат.
Санаттап турса акындар
Сайрашып сахнанын четинде
Даңкылдак ырлар азайып,
Шаңшысын комуз секиде.
Тилдин баркын билбести
Тик карап айтсак бетине.
Сасыган саясатчыны
Сайгылап турсак безине.
Балакетти кылгандар
Бая эле келмек эсине.
Туурабы байке туурабы,
Туура деп айтчы тууранын.
Тууранын туура дей албай,
Турсунбек Акун куурады.
Амантай деген жан агам,
Мен кубанып турам зал үчүн,
Колдогондор бар үчүн.
Эмнени кылбайт адамзат,
Денедеги жан үчүн.
Аары да жан айласын үрөйт экен,
Уядагы бал үчүн.
Айтар сөзүм бар байке ал үчүн,
Айтыш фонд көрктүү ар убак,
Мына Аманатай агам бар үчүн.

Бала кезден өзүңдү

Таңдайга тилин талдырбай,
Кайрап келди деп угам,
Далай-далай акынды,
Жайлап келдиң деп угам.
Сахнадан түшпөстөн,
Сайрап келди деп угам.
Жакшы менен жаманды,
Талдап келген деп угам.
Арбашкан акынды
Арбап келген деп угам.
Жакшылардын баарысын,
Жандап жүргөн деп угам.
Оозунда шекер сөздөрдү,
Балдап жүргөн деп угам.
Андан кийин билбеймин,
Сизди үч жылга
Филормониянын ичинен,
Айдап ийген деп угам.
Каңырыш кептерди айтчы
Каяктан мен угам.
Мен урматтаймын кыргызды,
Жандыра бер ар убак
Асмандагы жылдызды.
Элдер арактан көрүп жүрүшөт,
Байаке айтып койчу чындыкты.

**Амантай:**

Чындыгын айтып берейин,
Мен да чычалабай көрөйүн.
Чычым суроо берген соң,
Чыңырган бойдон жөнөйүн.
Ырас кыргыз тилге туугандар,

Кыйла акындар күйүшкөн.
Кыргыз тил деп айтышып,
Кыйкырышып жүрүшкөн.
Тилдин башын туура эле,
Бир топ акын билишкен.
Тил-тил деп мен да туугандар,
Далай жолу сайрагам.
Бир жыгылып бир кезде,
Кызыл тилим кайрагам.
Бир кызарып кээ-кезде
Манаттай болуп жайнагам.
Жаманы келбей койсунчу,
Жакшысы келсинчи кайрадан.
Үч жыл деп мага айтпагын.
Илгери Игор деген бир башчы,
Тил билбейсиң деп айтсам,
Тикелей айтып сайрагам,
Үч жыл эмес мен бул жерде,
Үч ай эле айдалгам.

Анда мындай кеп айткам,
Ачыгын мындай деп айткам.
Иштегениңе бул жерде,
Үч жыл болду деп айткам.
Чудинов сүйлөп кыргызча,
Чудо кылса деп айткам.
Башка акындарды билбеймин,
Ошондо акыйкатты мен айткам.
А кезде кетсем да айдалып,
Үч айдан кийин туугандар,
Багым деле бар экен.

Төңкөрүш болуп бул жерге,
Кайрадан келгем айланып.

Бир башчыдан айдалып,
Бир башчысы кайра алып.
Жаманына жаман дебеймин,
Жакшысына кеткким бар,
Жакшы жагына айланып.
Жакшы адамдын ошондой
Жарыгы тиет турбайбы.
Оттун деле кээ-кезде,
Жалыны тиет турбайбы.
Анткени бийлик, саясат
Жана өзүң айткандай,
Кайсы жакка баратат,
Саясат кайсы жакка баратат,
Сөздү айта несин бурбаган.
Андай акындарды кууратткан,
Акындарды булгаган.
Ал дооруң деле кууураган.
Туурасын айтам туугандар,
Сурап калсаң туурадан.
Кандай суроо берет деп,
Карап турсам бу балам.
Арактан деп айтасың,
Чалаптан деп айтасын.
Анча мынча кээ-кезде,
Тамактан деп айтасың.
Айтасың да кайтасың.
Алыс эмесмин чалаптан,
Бирок алыстагам а жактан.

Азыр болсо иничек
Сактыгым менин көп болгон.
Ачуусунан ичкеним
Жанагы чалап, шоро,
Актыгым менин көп болгон.

Ал жагы болсо ал экен да,
Он мүнөтүм бар экен,
Чоң мүнөттү бербеген,
Инимдин болсун жан эсен.
Убакыт бүтүп калыптыр,
Далай сөздөр бар эле,
Ушуну менен канетем.

**Баян:**

Арышымдан жаңылсам,
Жоготкон болом такамды.
Үмүтүмдөн жаңылсам анда,
Жоготком болом сакамды.
Ата-Журттан жаңылсам,
Жоготком болом атамды.
Ким жактырбайт кененди,
Ким жактырбайт тереңди,
Жолунан чыкпа калайык,
Жоодураган тилиңдин.
Жоготкум келбейт энемди.

## «ОШ – 2014» АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ ЖАНА ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВ

**Амантай:**

Тынчтыкты сактай билели,
Тынчтык деген улуу сөз.
Тилек айтып жатканда,
Андан да жок сулуу сөз.
Тынчтык дегендин ичинде,
Ынтымак деген катылган.
Бабалардан бери карай,
Достук деген асылдан
Салам айтып кетейин,
Саргашка деген акындан.

Эки күндөн бери карай,
Айтышып жаткан чагыбыз,
Кечээ эле саламдашканбыз,
Бүгүн да кабыл алыңыз.
Аман болсун баарыбыз.
Анча-мынча жерлерди,
Оңдоп жүргөн чагыбыз,
Анча-мынча нерсени

Айтып жатсам жаңылыш.
Кечиргиле туугандар
Драм театр жагыңыз.
Илгери эле салынган.
Бул жерде нечен актерлор,
Ролдорду аткарган,
Айланып кетем силердей,
Сахнаны жат кылган.

Эми убакытты созбойлу.
Уйкаштырганга окшойлу,
Арткы жагын созбойлу.
Акындарга окшойлу,
Элмирбек деген бала бар
Эверест тоого барабар.
Иманалиев деген бала бар,
Ийгилиги жана бар.
Ойлоп-ойлоп олтурсам,
Оймоктой кезде келди эле.
Тууганбай деген атам бар,
Туурасын айтып жатамын,
Унутуп коём эмнеге.
Тарбиялап Аман деп,
Аны мага берди эле.
Ошо күндөн бер карай,
Окуп жүргөн чагыбыз.
Болбойт бизге жаңылыш.
Айтор,
Аман бололу баарыбыз
Акын балдар көбөйсүн,
Айтышымдын ааламы,
Аябай эле кеңейсин.

**Элмирбек:**

Алтын го кара көтөнбү,
Амантайдан өтөмбү?
Эми устатым десем жарашат,
Алдымда келген Амантай.
Себеби устатым деген сөзүмө,
Убакыт өтүп баратат.
Санаган сайын түгөнбөйт,
Сааттын мүнөт эсеби,
Алаканга сузулган,
Ала-Тоодо булактай.
Баштаган сөзүң төгүлүп,
Алыскы тоодой көрүнүп.
Жакшылыктын өзүндө,
Жалпы журттун көзүндө
Жайнай турган кезиңиз.
Баштаган сөзүм төгүлүп,
Сайрай турган кезиңиз.
Амантай акын ырда деп,
Жайнай турган кезиңиз
Көпчүлүктүн алдында,
Өзүңүздөй акынды,
Өркүнү бийик сеземин.
А кезинде айтышып,
Өзүңө көңүл бөлдү элем.
Анда мен он бештеги бала элем.
Отузга чыккан Амантай,
Эмне десе көндү элем.
Сураганын берди элем.
Көнгүн Элмир деп айтса,
Көгөрүп жатып көндү элем.
Ал эми бүгүнкүдөй айтышты,

Топтолгон элди баягы,
Декабырда көрдү элем.

Акындар айтса ак айтат,
Арты-артына адамдар.
Агып өткөн өмүр бар,
Айтылган үчүн ыр калат.
Агайын тууган сыр калат.
Алды артымды карасам,
Аз-аздан жаздым ирээтин
Азыраак сылайт жылмалап.
Бет алдымда бурганак,
Көзбоочудай шум дүйнө,
Өмүр өтсө муз дүйнө.
Экөөбүзгө жылгаяк.

**Амантай:**

Өмүр бети жылгаяк,
Өмүрдө ар бир жыл таят.
Ошону айтып карачы,
Элмирбек эстеп жылмаят,
Ал кезде жап-жаш бала элек.
Бирок чал боло элек кезибиз.
Азыраак айтып берейин,
Агайын уга кетиңиз,
Бир кезде
Эстекем анда келди эле,
Элирип ырдап берди эле.
Ашыкем деген келди эле,
Алты сөз ырдап берди эле.
Ошондон ошол күн болду,
Талантты сыйлап бул элден,
Тартынмак элем эмнеден.

Ак таңдай калат эсине.
Кыйласын ырга кошсом да
Кыргыз жери сопсонун.
Кыйласынан Ош сонун.
Чай ичкин деп турат,
«Чаар топу досторуң» деп
Байдыкең айтып кеткендей
Мен да ага окшодум.

Элмирбектин сөзүндөй,
Сөз болсо экен деп ойлойм,
Түшүнбөгөн адамдар,
Нес болсо экен деп ойлойм.
Элмирбектей акындар,
Көп болсо экен деп ойлойм,
Садык агам жакшы айтты.
Санадан кошуп башка айтты,
Мына он жылдан мурун байкасаң.
Төрт акын калды деп кыргызда,
Ашырып нечен турмушта.
Замирбектен кийинки,
Акындар деген чыкпайт деп.
Аны эч ким укпайт деп,
Ар ким айтып жүрдү эле.
Ошондо бүгүн кичине
Айтып коёюн бирдеме,
Айтышты ушу баштаган,
Ашыраалы атам бар.
Туурасын кече баштаган,
Тууганбай деген атам бар.
Ошол жолду баштагам,
Ооматынан ашпаган.

Ак сакалдар бел эле.
Ошондон бери ушул күн.
Ырдап жүргөн чагыбыз,
Кагылайын инибиз,
Тээк-бутак бололу
Бирибизге-бирибиз.
Кагылайын инибиз,
Жүк көтөрчү пилибиз,
Айтоор элдин алдында.
Аман-эсен жүрүңүз.

**Элмирбек:**

Атадаң алган көрөңгү,
Арбытат экен өмүрдү.
Улуудан калган көрөңгү,
Улантат экен өнөрдү.
Ашыкем менен Тууганбай,
Аталардын алдында.
Калк алдында сайраган,
Кадимики акын Абдылда.
Андан кийин карасам,
Амантай акын алдымда.
Акылман сөзүн тыңшаса,
Аккан дайра өндөнүп,
Сөзүнө сөзүм таң калып.
Көзүнө өзүм таң калып,
Көпчүлүктүн алдында.
Көп эле ырдап келдиңиз,
Ак таңдай тилиң барында
Агайын-тууган алдында,
Акын болуп кеттиңиз.
Сөзүбүз дайым бир болсун,
Өзүбүздүн тилектер,

Өзүбүздүн мүрөктөр.
Өзгөчө жакшы өтүүдө,
Өзүбүздүн мүнөттөр.
Бүгүн да бар го элибиз,
Айчыгы алтын күзөткөн.
Асмандата көтөрүп,
Айкөл Манас кезинде,
Туусун жерге сайгандар,
Атадан калган Ала-Тоо
Ажатып алгандар.
Кыргыз деген ким болгон?
Кылымды билген эл болгон.
Балдары баатыр шер болгон.
Бар дүнүйө кең болгон.
Таразанын ар качан,
Ташында турган элибиз.
Адамдардын ар качан,
Башында турган элибиз.
Бүгүн да барбыз, элибиз

Амантай агабыздын алдынан,
Өтүп турган кезибиз.
Амантайдай аганын
Алдынан өткөн зор бакын,
Өзүнчө эле чоң бакыт.
Амантай өзү Саркашка,
Ашыраалы, Тууганбай.
Атабыз өзү ат койгон.
Алтынга тете зат болгон.
Акындардын алдында
Ат көтөргүс алп болгон.

## 2015-ЖЫЛЫ ӨТКӨН «ЫСЫК-КӨЛ – МАНАСЧЫЛАРДЫН АЛТЫН БЕШИГИ» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## КАДЫРБЕК БЕЙШЕНОВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Эсенсиңерби залдагы,
Эпостун күйөрмандары?
Амансыңарбы залдагы,
Айтыштын сүйөрмандары?
Айтышып жаткан силерге,
«Айтыш» фонддун балдары.
Ар тарабынан кыргыздын,
Ак калыстар тандады.
Таланттарга бай болсун,
Тарап эле кыргыз аймагы.

Манастын руху баатыр рух,
Мааниси чексиз акылман.
Ал акылмандыгы бир башка,
Асыл бир дүйнө катылган.
Мораль ыйман дегендин,
Баарысын тегиз батырган.
Майданга кирген кезде да,

Кыргыз, Манас деп ураан чакырган.
Кече түндүк бою түрүлүп,
Керөге бою керилип,
Илгертеден бери карай,
Ирээти менен берилип.
Кадимки аян келе атат ой.
Карапайым ырчы акындар,

Ошолордун баарысы.
Асыл болгон турбайбы,
Ирettеп айтып баарысын,
Акын болгон турбайбы.
Эл жүрөгүнө өзгөчө,
Жакын болгон турбайбы.
Бир миң жыл болду деп айтабыз,
Эки миң деп айтабыз,
Бир топтон бери карата,
Такталып эле келе атат,
Айтылуу Манас дастаны.
Даңкталып эле келе атат,
Кайсы жерде болсо да.
Какылдап кыргыз эли айтат,
Тууганбай акын айткандай,
Миллиарддаган кытайдан.
Бир манасчы чыга элек,
Төбөлдөр чыккан орустун,
Төкмөсүн эч ким уга элек.
Андыктан жалпы туугандар,
Манастын билет кабарын.
Өзгөчө көлдүк туугандар,
Түшүнөт дечи а жагын.
Эгерде Манас  болбосо,

Эмне болмок да товарың.
Манас ата кыргыздын,
Мамлекетин кураган.
Кылымдар бою айтылып,
Даңсада калган бул адам.
Жазманы эрте билгендер,
Тарыхты эрте чийгендер,
Архивинде сакталып,
Азыр жаткан кезеги,
Ааламда аты такталып.
Кандай заман болсо да,
Манастын жүзү жапжарык.

Урдуруп кээде сүйлөйбүз,
Улуулугун билбейбиз.
Алабарман сүйлөйбүз,
Асылдыгын билбейбиз.
А түгүл кээ бир кездерде,
Муну баары жакшы көрөт деп,
Пайдасын көрүш керек деп,
Аны идеология кылгандар,
Баш аягын бузушуп,
Ар кандай кылып тургандар.
Андайлар дагы көп болду.
Чоңдорго керек кезинде,
Чоң үйдө дагы сөз болду.
Акырга байланып көнгөндөр,
Ар нерседен пайда издеп,
Амал кылып көнгөндөр.
Жети осуят чыгарып,
Жээликкендер жүрүштү.
Ушундан пайда тапсам деп,

Ээликкендер жүрүштү.
Канчалык кызмат кылам десе да,
Талкалап жатты бул ишти.
Тарыхын тактап айта албай,
Балталап жатты туура ишти.
Манасым өлүп да калабы?
Манас деген туугандар,
Баардык элдер жогору.
Асмандагы айга окшоп,
Тунук болот турбайбы?
Жерде аккын суугa окшоп,
Улук болот турбайбы.
Ал жагын элим билесиң,
Айтпасам деле бир өзүң.
Кыргызым деле байкасам,
Кымбат баалуу мүнөзүң.
Манас айткан элимден
Башкасы чыкпай калабы?
Калыстар мында топтолуп,
Жуп кылып койгон экен да,
Кадырбек деген баланы.
Кадырбектин кандай абалы?
Калың эле абыдан,
Өттү окшойт товары.
Товары деген себебим,
Макталып жатты жамагы.
Ак чапанды кийинип,
Агасына ийилип.
Амантай агама чыктым деп,
Жанатан бери сүйүнүп.
Айтышабыз качан деп,
Арт жакта турду күйүгүп.

Аркы жагын не дейин,
Эле десең сөздү элейин.
Тер десең сөздү терейин.
Ал-абалың Кадырбек,
Эл алдында ченейин.
Өнөрүңдү көрсөтчү,
Өзүңө кезек берейин.

**Кадырбек:**

Токтогул айткан ырлардын,
Сөзү келген турбайбы.
Эстебес кайда деп жүрсөм,
Өзү келген турбайбы.
Кара жаак Калыктын,
Жаагы келген турбайбы.
Болотту күтүп жатты элем,
Сары келген турбайбы.
Кандайсың агам Саркашка?
Саркашка менен биригип,
Мен чыктым бүгүн таймашка.
Амансыңбы сары ава?
Картайган күлүк болсоң да,
Тартып жүрөсүң араба.
Устатка толду алдыбыз.
Шакирттер менен бир чыгып,
Ардактуу байке жандыңыз.
Биздей болгон шакиртти,
Чоң жолго байке салдыңыз.
Бир кезде,
Саркашка жигит элеңиз.
Чал кашка болуп калдыңыз.

Мээримин төгүп жүрөктүн,

Мекенди сүй деп үйрөттүң.
Алмадай бала чагымда,
Сиз менен байке, бир өстүм.
Амантай агам келген соң,
Менин да келет күрөшкүм.
Акындык ага, белегиң,
Акындык сенин желегиң.
Кандай ырдап турсаң да,
Аныңа жооп беремин.
Карысы болгун кыргыздын,
Кыргызга дагы да тиет керегиң.

Кылымдан бери калган сөз,
Кыйырга чейин барган сөз.
Маанисин билген кишиге,
Манаста жатат балбан сөз.
Кыраанын Манас жок болсо,
Кыргыз бар деген жалган сөз.
Сыйкыры улуу «Манстын»,
Сыйбастыр ар бир пендеге.
Айкөлүң баатыр Манасты,
Алмашпайт алтын теңгеге.
Семетей баатыр болбосо,
Сейдене сыкты эмнеги?
Манасчы айтпайт «Манасын»,
Байлык акча, теңге үчүн.
Жашабайт чыгар эр Манас,
Көр жашоо анан пенде үчүн.
Бербесе кудай касиет,
Беш жүз миң сапты бир айткан,
Саякбай чыкты эмне үчүн?

Ошондой улуу «Манасты»,
Жараткан кыргыз турбайбы.
«Манасын» айтса кыргызым,
Таң аткан кыргыз турбайбы.
Ысык-Көл деген кандай жер?
Ысык-Көл деген балдай жер.
Кооздугу менен ашкан жер,
Акындар айтса дастан жер.
Сары алтын чалкып жаткан жер.
Бирок, сары алтындан эң бийик,
Саякбайды тапкан жер.
Шамаалы жанга жаккан жер,
Шаарында конок жаткан жер.
Шаарынан дагы эң бийик,
Шаабайды сүйүп тапкан жер.
Бир кезде,
Сүймөнкул сүйүп тарткан жер,
Чыңгыз сүйүп жазган жер.
Ушундай улуу элибиз,
Чордону болуп өнөрдүн.
Чоюке «Манас» айткан жер.
Улуттар келип жаккан жер,
Улуттун болгон намысы,
Уркашты калкым тапкан жер.
Ушундай болгон элденбиз.
Ушундай болгон төрдөнбүз.
Манасчы чыккан көлдөнбүз.
«Манасты» кайта бербейби,
«Манассыз» кыргыз эл дейби.
Эртеңки күнүң тумандуу,
Эр Манас кайра келбейби.
Салкынсыз желди жел дейби,

Сергиткен желди бербейби.
Сезими өчсө кыргыздын,
Семетей баатыр келбейби.
Азыр,
Мансапкор күнү ток болду,
Маңдайга тийген ок болду.
Абыке, Көбөш азыр бар,
А бирок, Манастай бирөө жок болду.

**Амантай:**

Аябай айтып салды деп,
Айтаары дагы барбы деп.
Ойлонуп калган экенмин.
Баламдын айткан сөзүнө,
Толгонуп калган экенмин.
Оозумду ачпай кичине,
Эки жакты карайын.
Мен эмес мунун жамагын,
Эл баалап жатат карагын.
Акындардын ичинен,
Айланайын карагым,
Башкача чыгат жамагың.
Айтышам десең ал жактан,
Менин деле бар алым.
Сенин деле бар алың.
Көпчүлүккө ыр менен,
Көрүнүп калды караанын.
Манас ата жөнүндө,
Башкача айттың элиме.
Айкөлдүн атын тууралап,
Айтып жатасың жериме.
Манасты кыргыз билбесе,
Маңкурт эмей эмине?

Маңкурттукту таштайлы,
Башкача жашоо баштайлы.
«Манасты» жалгыз бир эмес,
Ай аалам сүйүп жатпайбы.
Манас ата болбосо, касиети бобосо,
Дүйнөгө аты билинип,
ЮНЕСКОГО каттайбы?

Былтыр айтыш болду эле,
Айтыш болгон орду эле.
Анда келип калын эл,
Касканактап толду эле.
Азыр болсо башкача.
Бир кезде көлдүн элдери,
Акын укпай калды эле.
Комузду чертсең кээ бирөө,
Кобурап артка барды эле.
Ал кезде орус аралаш,
Орустар менен чамалаш,
Чекилик жактарды,
Айтып койбосок жарабас.
Азыр элим башкасың,
Берилип угуп жатасың,
Кыргыздын Сарыкашкасын.
Балдардын ырын баарысын,
Жашы менен карысын.
Куттуктаймын баарыңды,
Элдик ушул өнөргө,
Элейип кулак салышын.

Былтыр айтыш болгондо,
Аймагы көлдүн толгондо.

Элдин баары келди эле.
Атагы элге таанымал,
Асылдын баары келди эле.
Ошондо,
Кай бирөөнөн кеп чыкты,
Көркөмдүү сөздөр көп чыкты.
Секетбайды сүйгөндөр,
Семетейди угабы?
Күйгөн ыр деп жүргөндөр,
Күлчорону угабы?
Чоңдорго жакпайт турбайбы,
Ошол жагы туурабы?
Чоңдор кулак салбаса,
Ким жөндөйт ушул тууралуу.
Эки жылдан бери карай,
Атактуу көлдүн аймагы.
Админстрациясы баш болуп,
Фонддун баары топтолуп,
Телевидениеси коштолуп,
Басмалары чогулуп,
Жазмалары жолугуп,
Даңктап жаткан кези экен.
Ушундай ийгилктер көп болсун,
Айтылган далай сөз болсун!
Элдик өнөр жагынан,
Эргийличи абыдан.
Улуттук өнөр жагынан,
Узаналы абыдан.
Эзелтен бери кыргыздар,
Элдик өнөрдүн мекени.
Кыргызда далай аймак бар,
Жаман деп бирин айтпайбыз.

Ошенсе дагы чындыкты,
Оозго салса да актайбыз.
Өзгөчө көлдүн жергеси,
Баарыңарга белгилүү,
Башкача болгон кербези.
Бир кезде,
Саякбай деген чыккан жер,
Сагымбайдын добушун,
Сандаган элдер уккан жер.
Шаабайларга чынында,
Тыныбектерден жуккан жер.
Ошолордун карааны,
Ошолордун барааны,
Кыргызда калган турбайбы.
Алардын аты бийикте,
Жылдызда калган турбайбы.
Эмгек деген унутулбайт,
Турмушта калган турбайбы.
Улуу залкар атаны,
Умурай журтка,
Узанып даңктап ырдайбы.
Ушул залкарлардын өкүлүн,
Айрымын көрүп калды элек.
Айрымы менен чогулуп,
Айрым айылдарга барды элек.
Кааба деген аксакал,
Болбосо Шаабай даган аксакал,
Аалар күн-түн айтчы «Манасты»
Кандай айтып жатса да,
Караанына да жарашчу.
Уркаш «Манас» айтканды,
Элдин баары карашчу.

Ошолор менен кээ кезде,
Аралашканыма кубанам.
Ошолорго кол берип,
Алар бизге ой берип,
Ак батасын алганга,
Артынан ээрчип калганга,
Ыраазы болом кээ кезде,
Бу дүнүйө жалганга.
Бир келип кеткен дүйнөдө,
Башкасын сөздүн сүйлөбө.
Мындай касиеттүү күндөрдө.

Анда эмасе Кадырбек,
Башканы айтпа жаның жеп.
Манастын улуу дүйнөсүн,
Абалар билет да мен билбейм.
Тыныбектин учуру,
Табылда байкем турбайбы,
«Манас» десе «Манасты»,
Жамак десе жамакты,
Обон десе обонду,
Күү десе күүнү уланткан.
Бүткүл журтту кубанткан,
Эсен болсун ар дайым,
Ден соолугуң Табыке,
Бекем болсун ушундай.
Ушундайлар бар үчүн,
Кыргыз элдин куту бар.
Шакирттерин артында,
Аларды да учурар.
Болбосо кыргыздан чыккан таланттар.
Манасчылар көп чыкты.

Манасчы менмин деп чыкты.
Арасында саналып,
Улам улам таралып,
Чыкканына кубанам,
Алардын атын кыргыз эл,
Укканына кубанам.
Бири-бирине ылайым,
Жукканына кубанам.
Болбосо Дөөлөт деген балаңа,
Кудайым дөөлөт берген турбайбы.
«Манас» айтса бир башка,
Сөөлөт берген турбайбы.
Мээнети менен ар жагын,
Алып кетсе болгону.
Агалардын жолуна,
Салып кетсе болгону.
Өнөрү тынбай ар качан,
Агып кетсе болгону.

**Кадырбек:**

Ардактуу менин устатым,
Сиз экенсиз мыкты акын.
Эстебес кеткен бак берип,
Андан акын кантип чыкпасын.
Мынакей байкем эр киши,
Ардактуу байкем шер киши.
Катып калдың ырдабай,
Ал карылыктын белгиси.
Карыпсың байке, карыпсың.
Саркашка болбой бай аке,
Чал кашка болуп калыпсың.
Кандай байкем болсоң да,
Агам айтыштын азыр жолунда.

Агай болгон чагыңыз,
Айтыш фонддун коомунда.
Бирок, олтурсаңыз жарашмак,
Калыстардын тобунда.
Ардактуу байкем дем берип,
Сары агама мен келип,
Сары агам бүгүн да,
Кадырбекке дем берип.
Сиздей Сарытазга мен бүгүн,
Семетей болуп мен келип.
Кадырыңыз кыргызга,
Калчала берсин термелип.
Мынакей калкым карачы,
«Манастан» бүткөн санаасы.
Ысык-Көл бизге казыктыр,
Ысык-Көл бизге азыктыр.
Эр Манас бизге казыктыр,
Эр Манас бизге азыктыр.
Ааламга сыйбас Саякбай,
Алтындай көлгө батыптыр.
Бир кезде чоң манасчы Сакеңе,
Чоюке сабак бериптир.
Кайран киши Сакебиз,
Бүркүттү жакшы көрүптүр.
Ошолор экен бул кезде,
Кайып менен бул дүйнө,
Ошолор элдин энчи экен.
Ысык-Көл,
Манасчылыктын кенчи экен.
Анткени манасчы элдин чынары,
Эр Манас элдин тумары.
Улуу баянды уккандын,

Байыртан канат кумары.
Алыкул сүйгөн асыл жер.
Ай күнгө тээ жакын жер.
Манасчыларды чыгарган,
Ысык-Көл деген баатыр жер.
Ысык-Көл кудай белеги.
Калкына тийсин кереги.
Манасчылыктын чебери,
Жакшылык болсун себеби.
Табият берген Ысык-Көл,
Талантка толо тереңи.
Чалкыган кооз көркөмү,
Кооздоп турат өлкөнү.
Көркөмү кооз чалкыган,
Чыңгыз жазган аңгеме.
Аралап сүзүп калкыган.
Булардын маңдайы жарык эл экен.
Бул күндө манасчы үнү таңшыган.

## ЭСЕНАМАН ЖАЛГАШ УУЛУНУН 180 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН, ТАЛАС РАЙОНУНУН КӨПҮРӨ-БАЗАР АЙЫЛЫНДА БОЛУП ӨТКӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН БОЛОТ НАЗАРОВДУН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Ассалом алейкум,
Көпүрө-Базар айылы,
Көптөн бери бул жердин,
Далайга кеткен дайыны.
Жана да саламдашып ырдагам,
Дагы да саламдашсак сиздерге
Сөзүмдүн барбы айыбы?
Ошол касиеттүү жеримде,
Бабанын урпактары аманбы.
Саламдашсак башында,
Жалпы элдин да алдында,
Он төрт боз үй тигилип,
Он төрт акын биригип.
Келип турган чагыбыз.
Жүзүңөрдү туугандар,
Көрүп турган чагыбыз.
Он төрт элек башында,

Бирөө кемип турган чагыбыз.
Жолдон калды келе албай,
Кейип турган чагыбыз.
Антсе да келген акындын,
Саламын кабыл алыңыз.
Кыргыз элде байкасаң,
Таластын кенен өрөөнү.
Таласымдын туугандар
Белгилүү көпкө өнөрү.
Болсо да чакан көлөмү,
Көңүлүмө туугандар,
Жакпай калбайт бөлөгү,
Өз жериңе келгенде,
Өзгөчө көзгө көрүнөт.
Өзгөчө ырдап төгөлү,
Эсенаман атанын,
Эсенаман бабанын.
Казакка чейин бир кезде,
Эл уккан экен кабарын.
Баарыңарга белгилүү
Аксакалдар далайы,
Айтып өттү баянын.
Ошондой
Бабаларым чыккан жер,
Башынан бери кутман жер.
Куттуу сөздү арнайын.
Биринен-бири жуккан жер.
Турдаке, Мамаш акедей,
Акылмандар чыккан жер,
Бөлөк бий бай сыяктуу
Токторбай бий сыяктуу,
Нечендер чыккан ушул жер,

Чечендер чыккан ушул жер.
Баарыӊа салам айтабыз,
Нусубалы олуя
Көсөмдөр чыккан ушул жер.

Айтор шайырлардын далайы,
Кыргыз элге көрүнгөн.
Башынан Эсенаман ырдаган,
Оозунан ыры төгүлгөн.
Алыска кеткен кабары,
Бектурсун Сүйүтбеков аганы
Баарыӊарга белгилүү,
Токтогулдун да Аманы.
Алыбаевдей Жапаркул
Түгөлбайдай аганы,
Түгөл ырга салалы.
Өнөрлүүлөрдү чыгарып,
Кубанган элим аманбы?
Өнөрлүүлөрдүн далайын,
Чыгарган элим аманбы.
Ойлосом ушул жер,
Абасынан да болобу.
Өнөрдөн өнөр оошмок,
Бабасынан да болобу.
Болбосо Айдаралиев агайы
Алыска кеткен дайыны
Кыргыздын эчен шайыры,
Ак кайыӊдай токойду,
Тиктирген экен агабыз,
Баарыӊарга белгилүү
Искендердей агабыз.
Андай аганы кайдан табабыз.

Нечен элдик кишилер,
Ушул жерде болгону,
Ак сакалдар карылар,
Чогулган ушул тойдогу.
Жаман эмес болжолу,
Акындарды сыноого.
Аларды бүгүн угууга,
Отурушат баарысы,
Жашы менен да карысы,
Алдыдагы кыргызды,
Атпай журтум тааныган,
Нечен-нечен калысы,
Калысты мактайт дебесе,
Аларга да айтам саламды,
Башында мына ырдаттың,
Амантай ошол Аманды
Жуп кылып койгон бул жерде
Болот деген баламды,
Ырдайт десем Амантай,
Узартпайын кебимди,
Амантай агаң сөз берсе,
Алыска жеткир элиңди.
Андан башка не дейин,
Эмесе кандай дейсиң бүгүн да,
Саламың угуп көрөйүн.
Элиңе угуз ырыңды,
Өзүңө кезек берейин.

**Болот:**

Айлыңа келдим абаке,
Биринчи көрдүм элиңди.
Узартып көпкө ырдадың,
Тыңшадым тыңдап кебиңди,

Кезек бербей ырдайсыз,
Кактаган күндүн алдында,
Капкара болгон баланы,
Дагы карайтайын дедиңби.

Калемин ырдын баштадың,
Устатым анан атабыз,
Баштап өттү баш жагын.
Калкагар тоодой каршылаш,
От жалын болот капталым,
Эргип ырдап кетемин,
Эсекеңдин дастанын.
Кайсы айтышка барсам да,
Биринчи болуп каламын.
Бүгүн да биринчи чыкты аппагың.

Ал эми айылыңызды көргөндө,
Ата көрүп көңүл бөлгөндө,
Айылыңыз сиздин кооз экен,
Айтышты күткөн төрт сааттай,
Элдери дагы жоош экен.
Койлоруң ошол карачы,
Жайылып жүрөт жон-жондо.
Ушундай сонун кооздук,
Теңебейм Париж, Лондонго.
А бирок, мындан да кооз көрүнмөк,
Жоргонун минип жонуна,
Комузун кармап колуна.
Эсенаман акындын,
Эстелиги болгондо.

Жанымда менин агабыз,
Эсекеңди ким деген,
Өлүккө тете дейт кыргыз,
Өнөрдүн баарын билбеген.
Бир кезде ошол билесиз,
Өнөрдү тутантамын деп.
Өмүрүң өчкөн ким деген,
Хан болуп таажы кийбеген,
Хандардай болуп бийлеген,
Жангарач, Шабдан, зор Байтик,
Талашкан жоктур ким менен,
Жакшымды жакшы айткын деп.
Канча бир азап тарткан жок,
Кайчы жаак ача тил менен.

Аргый-аргый жүгүрүп,
Арыштуу жерден сүрүлүп
Аргымак келсе жол берем,
Атактуу устат пириме,
Айыпкер болбой кол берем,
Эргий бир эргий жүгүрүп,
Зор акын келсе жол берем,
Күлүктөй ошол атама,
Күнөөлүү болбой кол берем.
Ар дайым ошол жергемде,
Болуп эле жатсын той деген.

**Амантай:**

Ушундай болуп той деген,
Ушундай болсун той деген,
Ушундай улуу ой деген,
Антип айтсаң да Болотум,

Айтаарды айтып кой берем.
Аябай сөздү жакшы айттың,
Атабызды кашкайттың.
Элдер айтып жүрүшөт,
Эзелтеден туугандар,
Эл ичинде кеп кылат,
Эсенаман Бекмурат,
Ээрчишип чогуу ырдаса,
Башка ырчылар тек турат,
Элден чыккан карасаң,
Эсенаман эски ырчы.
Эл кыдырган кексе ырчы,
Айтыштын экен жоргосу,
Угуп-угуп отурсак,
Нуска сөзгө нар экен,
Айтканындай бар экен.
Кызыл тили курч экен,
Ырчылардын мурчу экен,
Талас суунун боюнда,
Таңшып ырдап турчу экен,
Алдынан шамал урганда,
Ак сакалы дирилдеп,
Адашпай ырдап турчу экен,
Аргымак жалы дирилдеп,
Капталдан шамал урганда,
Кара шамал дирилдеп,
Какалбай төгүп турчу экен,
Карагер жалдуу бириндеп,
Дүнүйөң болсо чириген,
Дүйнө экен ушу бири кем,
Байлыгың болсун чириген,

Баары бир жашоо бири кем,
Көзү өткөндө атаны,
Көптө калбайт казалы,
Тоталитардык заманың,
Нечен кыйанаттыкты жазады,
Болбосо калганын окуп отурсаң,
Казалын окуп отурсаң
Башкача чыккан макалы,
Кээ бир, кээ бир жерлерде,
Айтылып жүргөн казалы,
Бурмаланып сөздөрү,
Кээ кезде болгон начары,
Ачыгын сөздү айталы,
Кырк жылы жерде жатса да,
Алтынды дат баспайт деген ошол да,
Акырында ой карачы,
Аңтарып кыргыз баласы,
Элге чыгып жатат дастаны,
Көңүлгө жакты өзгөчө,
Таштандын уулу Болотум.
«Эсенаман» деп китебин,
Эң сонун кылып жазганы,
Болбосо нечен-нечен баяны.
Жоголуп келген да аягы,
Сөздөр болбойт баягы
Айтыштары дастаны,
Бурмаланбай элиме,
Оңдолуп жаткан кезеги,
Ушундай акын экен деп,
Урпактары элимдин,
Ойлонуп жаткан кезеги.

Андыктан жалпы туугандар,
Акын деп айтат акында,
Эсенаман атабыз карачы,
Экинчи жолу ачылды.

Кыскартайын сөзүмдү,
Уланып кеткен шекилди,
Аргымактар чуркаган,
Асманга серпип көкүлдү.
Үмөтаалы кечеки Ырыскүл
Нечен элге да ырдаган,
Тааныш болгон кыйладан,
Эми урпактарды карачы,
Артындагы балдары,
Берип жаткан майрамы.
Ошолор болгон акындын,
Бир кезекте каймагы.
Бура турган кез келди,
Оң тарапка дайраны.
Эртеден бери туугандар,
Баарыңарды колдосун.
Кылып жаткан майрамы.
Баарыңарды колдосун,
Артындагы балдары,
Атабыздын арбагы.

**Болот:**

Айта берсе түгөнбөйт,
Атамда далай кеп жатат,
Убакытты жеп салды,
Кыскарткыныӊ деп жатат.
Тулпар деген тулпар да,

Бир баскан жерин көп басат.
А бирок атасынын артынан,
Атайын мында келген соң,
Алты сөз сабак кеп жатат,
Бүгүн Эсенаман акынды,
Турган бир кезим эскерип
Бирок, бир нерсеге кейийбиз,
Ыйгарып атын койгонго,
Ылайыктуу көчө жок.
Ыраазы болбой кетем э,
Эстелик ошол куралбай,
Же ошончо барксыз бекен э,
Эстелик үчүн атаке,
Чылк алтыңды мындай кой,
Чымдан да куралбай койдук,
Чыкса да жашы нечеге.
Эстеликке кетүүчү,
Акчаларды билесиз.
Чоңдоруң чачат тез эле.
Же бийкечтин кармап этегин,
Бир барсаң эле кечеге.
Болбосо тиги Бишкекте,
Киев деген чоң көчө,
Элдер ошо ар убак,
Эсенаман көчө деп,
Эл өтүп жүрсө десе не.
Ырларың ошол уурдалып,
Эсенаман акынга
Эзели эстүү жумуш кылбадык.
Ошондой болгон доорду
Өткөргөн кыргыз кечээ эле.

Ырдагым келбей акын деп,
Ыйлагым келет акын деп.
Атамдын келсем айлына,
Калбас үчүн кайгыга.
Элинин ошол көзүнчө,
Мактап алып кетейин,
Устатым улуу карачы
Даңктап алып кетейин.
Туу кармап берчү уулдай,
Тулпар чөп жок кулундай.
Тулпарга сизди теңесем,
Каман жаак балык чоң
Кармашпасам айып чоң.
Үйдөй таяк үкү аяк,
Кулун куйрук сыйла жал.
Теке жоомарт капкан бел,
Тердик менен каткан бел,
Кашка тиши кадоодой,
Карачы кара тили бүлөөдөй,
Мукур эмес башка өскөн,
Музда туулуп ташта өскөн.
Тулпар чыккан турбайбы,
Ушул элдин ичинен,
Амантайдай устатым,
Чуркаар чыккан турбайбы,
Тулпарга теңеп устатым,
Айттыңбы сөздүн чын-чынын,
Сынын да уктуң сынчынын,
Кел-келиң келип турган чак.
Туу кармап чурка астыга,
Туягың тулаң кырчысын.

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН 130 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН БАЯН АКМАТОВДУН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Айланайын балдарым,
Ал, кубат менин дарманым.
Көрөңгө кандай экенин,
Эл көрүп жатат ар жагын.
Эми Баян менен бир чыктым,
Байкайын балам кандайын?
Таланты бар бул бала,
Кээде такылдатат таңдайын.
Көтөрүп жүрөт бул дагы,
Көркөм өнөр байрагын.
Ээрчитип чыктым баламды,
Мен да эки ооз сөз табамбы?

Же карбаластап каламбы?
Карап турам Баянды,
Эми айтыш керек баянды.
Илгери бир айтышып,
Абдылда байкем айтты эле,

Бул аккардеонбу баянбы?
Жалпы эл билет баарын,
Жамагын, жаман жакшысын.
Мына көптөн бери карасак,
Ээрчишип жүргөн балдарбыз.
Тууганбай, Ашыраалынын,
Тушунда сабак алганбыз.
Жамак жагын үйрөнүп,
Уйкаштырган балдарбыз.
Улуусу тийип устасын,
Улуулар болгон устатым.
Коргоол акын да чыккан
Өнөргө жумшап бүт жашын.
Илгери бир айтчу элем,
Дагы да айтам кайталап.
Манасчы чыккан кыргыздан,
Жамакчы кантип чыкпасын?
Эми баракелде Баяным,
Улап кетчи да аягын.
Бирок айтышканы жатабыз,
Башталбасын баягың.
Баягыңды баштасаң,
Сенин талпагың ташка жаямын.
Жакшы кабыл аласың сен.
Саркашканын саламын,
Ырас, жаңылбаган дегеле
Жаак болбойт туугандар.
Мүдүрүлбөс дүйнөдө
Туяк болбойт туугандар.
Келечекте ырдачу,
Кеменгер сонун ырлар бар.

Аман болсо Баяным,
Аша турган кырлар бар.
Сага кезек берейин,
Кандай ачыла турган сырлар бар?

**Баян:**

Сиз да сары чийкилсиз,
Биз да сары чийкилбиз.
Өрттөнүп кеткен жыгачтай,
Бизде өң жок күйүктөй.
Эки сары чийкилге,
Эл үмүтү бийиктей.
Алдыңа сайрап мен келдим,
Ажалдан калган кийиктей.
Жүгүрүп ырдап келели
Акындын үнү бийиктей.

Жетиктүүрөк кеп айтсаң,
Жер тиктеп калам чайналып.
Кечиргин кетсе каталык,
Кечирим сурайм баш айланып.
Душманың келсе кашыңа,
Кылычың болуп берейин.
Дасторконду кең жайган,
Ырысың болуп берейин.
Уруш эмес бай аке,
Дурусуң болуп берейин.
Асмандан ачуу күн тийсе,
Булутуң болуп берейин.

**Амантай:**

Ырас, байкең диролдой,
Мажор менен минордой.

Айтылып жатса таттуу сөз.
Ага да сурайт кечирим,
Кечирбесек болобу?
Көпчүлүктүн алдында,
Кечирдик деп коюлу.
Бирок экинчи кылба деп,
Өтүндүк деп коюлу!

Агаң катуу киши эмес,
Катуу жүргөн биз эмес.
Кечиришпесе туугандар,
Кектешкен оңой иш эмес.
Бул дүйнөдө туугандар,
Кечиримден жалгасын.
Ичи кенен адамдар,
Инисин неге кечире албасын?
Бирок, жаңылбай жүрсүн иничек,
Жалпыга дайым сайрасын.

Эл алдында табышпай.
Көңүлдөгү көп сөздү,
Көңүлгө толуп, алышпай.

Алдыга карай кете бер.
Иничек болбо текебер.
Таттуу сөз таап ар дайым,
Талпынып алга өсө бер.
Ылайыгы келгенде,
Ыр түйүнүн чече бер.
Агаң болот Аалы иним,
Агаңа дайым жете бер.

Ырас, мерседести айдаймын.
Бирок, менменсинип калбаймын.
Машинаны айдаймын,
Мартаба күтүп калбаймын.
Анткенимдин себеби,
Ал жагын айтып берейин.
Машинанын да кээ кезде,
Адамга тийет кереги.
Билбейм жакын арада,
Үйрөнө албайт өңдөнөм.

Инибиздин ырынын,
Жообун азыр беремин.
Элиң болсун жөлөгүң,
Эми Баянга окшош кылып,
Бактылуу бала төрөгүн.
Кыргызымда ушундай,
Кызыл тилдүү жаш балдар.
Куйрук улаш бири-бирин,
Улап келе жаткандар.
Улуу сөздүн учугун,
Улап келе жаткандар.
Бир-бири менен айтышып,
Сыналып келе жаткандар.
Бактың болсун кыргыз эл,
Бактысын ар кез тапкандар.
Ушулар болсун кыргызда,
Эмгеги менен жаккандар.
Бирөө Азаматтай чоң болсун,
Бирөө Аалы инимдей зор болсун!

Бүгүн Кетмен-Төбө кең жери
Коргоолдун өздүк мекени!
Кубанып атат деп ойлойм,
Ушулар болсо ар дайым,
Улуу жолдун ордосу.
Көтөрүлө берсинчи,
Көркөм сөздүн байрагы.
Улуу көркөм китептер,
Чыга берсе деп ойлойм.
Баяндай жапжаш балдарга,
Жуга берсе деп ойлойм.

**Баян:**

Тентектик кылбай бул жерде,
Темага назар салалы.
Коргоолду айтпай койду деп,
Байкемдин кыймылдабайт кабагы.
Анда Коргоол атам жөнүндө,
Азыраак маек салалы.

Тоюнда турган атабыз,
Коргоол ата батабыз.
Токтогул деп зарлады,
Толгон иштен кайгы экен.
Өмүргө келген өнөрпоз,
Өнөрпоздордун алды экен.
Топуракты жазданып,
Токтоосуз кетти жан нечен.
Ойлоп-ойлоп көрсөңөр,
Чырылдап дүйнөгө чыр салган,
Чыңгызхан азыр кайда экен?
Ал-күчүнөн тайдырган,

Адил агам кайда экен?
Ашынган акын болсоң да,
Ишенип жалгыз кудайга,
Из салып өтсөң пайда экен.
Дүйнөнүн жыртык-тешигин,
Болбосо бүтөгөн бирөө бар бекен?

Кетким келбейт бул жерден,
Кереметүү нур жерден.
Сагынганым жашырбайм,
Ала-Тоо кыргыз элиме,
Албетте кантип баш урбайм.
Боор эттей болуп бүтсөм да,
Боло албайм, бирок Коргоолдой.

## ТОКТОГУЛДУН 150 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## БӨРҮБАЙ ОРОЗУНБЕТОВ МЕНЕН АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Бөрүбай:**

Ауэзов, Айтматовтор жазып кеткен,
Кыргыз казак ини менен агасындай.
Ынтымакты бирлигиңди сактап жүргөн
Кош президент кош элдин дабасындай.
Акындарбыз элге сыйлуу жыры менен,
Жыры менен айтады го сыры менен.
Ноурузумдун нак өзөк бир ыстыгындай
Көздөрүңө калтырайын жылуу өлөң
Куттуктаймын Түрксойуң белгилеген,
Кыргыздардын Токтогулдай жылы менен!

Мына элге жакса эгер макулданып,
Бес алты ооз сөз айтайын батылданып,
Кетмен-Төбөдө туулган балдарыңыз
Бүгүн жатыр Юнескодо атын калып,
Сибирдеги каторгодо күнү калып,
Жүргөндөрүн айтып отур бүгүн калык.
Токтогулду Жамбылды бир туугузган эл,

Кыргыз казак ичинен бир акын калып.
Алпамыштын арасында туулган эл
Кыргыз казак эзелтен баатыр калык ээй.

Эки эл тең бирин бири сыйлай тыңдай,
Бир бирине берип жүр гой ымандай сыр.
Базары да мазары да бир калыкпыз,
Куда бол деп бирин-бирин кыйнай туган.
Эй жасаары да казаны да бир калыкпыз,
Дүнүйөнү тек кор үшин жыйнай турган.
Бирин-бирин көпкө дагы кыйса дагы,
Бирин-бири жамандыкка кыймай турган.

Билгендерин айтып жатыр ар акындар,
Сырласууга жарайды гой бар акындар.
Эликтен бир өткөзүп бир карасам,
Экөөбүздөн баскасы гой бала акындар.
Экөөбүз да көз салып карап чыксак
Үчүнчүсү болуп чыксын ал акындар.

Бул Амантай эзелтен бир досум менин,
Досум менин көңүлүмдүн кушу менин.
Жана дагы тойду ошо бастап берди,
Бул оюма Амантайым кошул энди.
Бүтүн жерди чалбаганың куруп кетсин
Асыл айтам мындан кийин озуп кеткин
Арноо жөнүн анан дагы бастап кеттиң
Коногуң да сыйлаган досум менин.

Ары карай сөздүн баарын сары бала,
Сары бала кыргыздарда дары бала

Дары бала дегиң келсе масайраба,
Айтышалы кайсалдамай бери кара
Саралдамай ичинен карасам ий,
Мен экем го ичинде ой кара бала.

**Амантай:**

Бөрүбай абам мен ыраазы,
Айтып жаткан до кезеги.
Чалбыз деп айтты бу киши
Өзүбүздү жаштай эле сезели,
Башкача болду аңгемең.
Мына элүүгө чыгып калды элең.
Жетимиште карыйт ко
Сен азыр жеттигип калган чал белең?
Ар жагын ырдын сал дейсиң
Амантай ырдап ал дейсиң
Өзүңө кошуп мени да
Өңгөктөгөн чал дейсиң.
Азыр чаалыгып Аман кала элек
Чабытынан жана элек.
Чамдагынан кайта элек
Чамдагың сары кашка деп,
Элдер чабышат колун мага көп,
Анан «чал кетсин» деп эч ким
Чарбагыма бара элек.

Шайырлыгым кала элек ай,
Шайынан Аман тая элек.
Шакирттерим да кубаттап,
Шанс берип турат мага көп.
«Шал кетсин» деп кыйкырып
Эч ким шарбагыма бара элек,

Кудай, «шал кеттен» сактасын,
Айтайын сөздүн башкасын.
Бир кезекте бул Көкөбүз
Өзбекстандан келчи эле
Өзгөчө ырдап берчү эле.
Азыр Казакстандык болуптур,
Кайрылып шакка конуптур.
Эр кайрылып илгертен,
Жаздыгын табат турбайбы.
Ат кайрылып кайрадан,
Казыгын табат турбайбы.
Казакстандык болупсуң.
Катуулап, наздап ырдайлы

Эмесе казак баурым,
Келип жатат даурым.
Боло элек азыр жауруң
Айтайын сөздүн ырасын.
Абалтан калган мурасын.
Токтогулдун тоюнда,
Толкундап ырдап турасың.
Сарылыгын Амандын
Сайрап эмне кыласың.
Мен да,
Бир кезде сары бала элем.
Дагы эле,
Сары бойдон жүрөмүн.
Сарымын деп эмнеге
Болбойт да ушул чуу кылсаң
Кара болуп каламбы

Эне атамдын ичинен
Сары болуп туулсам.

Айтайын сөздүн баарына,
Бөрүбай окшош карага,
Сары деген чынында
Элим сарыны сыйлайт аны да.
Алтын деп койсоң болбойбу,
Бөкөң алтындын өңү сары да.

Түндө бир жакшы түш көрдүм
Түшүмдө кызык иш көрдүм
Ала-Тоонун боорунан
Астананы түз көрдүм.
Казак баур өнүп өсүптүр,
Каалаган чекке жетиптир.
Байконур космодромдон
Эми айга учабыз дешиптир.
Америкаң орус каалаган
Айга учуп барбаган.
Биз кайрадан учабыз дешиптир.
Андан кайра келгенде
Түз эле күнгө учабыз дешиптир.
Бирок күн ысык күйүп кетебиз,
Түндө учабыз дешиптир,
Түнкү саат он эки
Бирде учабыз дешиптир.

Анда эмесе кел Бөрүбай,
Убакытыңды албайын,
Учуру менен сайрайын.

Дагы эмне кеп айтат
Утуру менен айтайын

**Бөрүбай:**

Кулан эдим өсүп өнгөн кубат белден,
Кундуу акын болдум гой мурат көрген.
Ташкенди да көргөн акын деп кеттиң оу
Көчтү көрүп жаныңа шубак берген.
Ат терлетип Ала-Тоодо басканымда,
Кыргыз эли кымыз менен шубат берген.
Эй ата мекен жериме бир уралганда,
Ар бир казак боюма бир кубат берген.
Үч чанааны бирдей эмип жүргөнүм го
Ата мекен төрүнөн жубак көргөн эй.

Сен айткан оу космонавы түндө ушады,
Эки де эмес үчтө да эмес бирде ушады.
Бул адам учуп барып барган кезде,
Таң жарылып кетпейди экен түн кучагы.
Аман болсок ону дагы көрөрмүз оу.
Колуң менен куттук айтып да кысады
Заман эли кыргыз казак бир десиптир,
Космодромго али де күнго ушады.

Жерлерине карасам эрмин дейбин,
Элдерине карасам эй эринбейди.
Кыруу үйдөн тыйын көргөн кыздары да,
Үлкөндөрдүн жолун кеспес келиндери.
Булардын бир оңду көрсө аталары,
Белбөөңдү шешип берген белиндеги.
Үйүндөгү жалгыз атын союп берип
Кудайындай көрүп келет төрүндөгү.

Эки элде тең улуулары көп чыккан гой.
Ал алоолор улутка бир бөлүнбөйлү,
Ынтымакты бирлигинди айтуу үшүн
Акындары Ала-Тоонун бүгүн келди.

**Амантай:**

Кезегимди алайын,
Элиңди айтып салайын.
Эмне деп ырдап жатканың,
Анын жообуна барайын.
Коштуң мактап ырыңа,
Космоско учкан дадаңды.
Космостон акча табам деп,
Котур кылдың талааңды.
Кокуй кылдың балаңды.
Ырахат дебе Бөрүбай,
Ракет учкан талааңды.
Акча табам деп атып
Рак кылдыңар абаңды.
Ылаңдаттың балаңды.
Аралыңды соолуттуң,
Адамыңды ооруттуң.
Сергейлерди алдырдың,
Семейге бомба жардырдың.
Бомбадан түшкөн акчага
Боёңду абдан кандырдың.
Анан теңине албай кыргызды
Теңгеден жорго салдырдың.

Каз конгон көлдү соолуттуң,
Казактын жерин ооруттуң,
Андрейлерди алдырдың,

Ар жерге бомба жардырдың.
Андан түшкөн акчага
Астананы салдырдың
Анан ары тургун кыргыз деп,
Акчадан жорго салдырдың.
Азыр кадырың артып карачы
Астана кандай шаар болду.
Абийириңер бар болду.
Нур акеңе ырахмат!
Кедей эргечтей кешигиң,
Кең кылып чапты тар жолду.
Ошол карылык деген керемет.
Калктагы каада тереңдик
Карылар менен ченелет.
Карыны көрөм десең сен
Кайрылып бизге келе кет.
Кадырман кары баары бар
Кайрылып салам бере кет.
Карыны бизде кеп дебейт
Картайдың деп жектебейт
Карылык менен тууганбыз
Кара өзгөй сөздү бууганбыз.
Катар эки президентти
Карый элек кезде кууганбыз.

Нур акең сенин отаның да
Ырас Нур акең сенин атагың.
Отаның жерге түшсө эгер,
Анда оодарылар казаның.
Оңбой эле калаар казагым.
Ошондо эле болоор азабың.

Кыргыздын тоосун кар басса,
Казактын жери сууланган.
Кыргызга жамгыр жааганда,
Казактын жери бууланган.
Байыртан эгиз эл элек,
Барк баасы бирге тууганды.
Бирок таасири эстен кете элек
Кече таш көмүр бердиң ууланган.

Айтпаймын сөздүн төгүнүн,
Анда бир сууган көңүлүм.
Туурадан кырсык тилебей
Тууганды тилейм өмүрүн.
Улангың келсе өзүң жак,
Ошол упаттуу кулан көмүрүн.
Жаңшабайм сөздүн төгүнүн,
Жайдары болчу көңүлүм.
Жакынга кырсык тилебей
Жакындын тиле өмүрүн.
Жаккын келсең өзүң жак.
Жалаң кулан көмүрүң.

Казак кыргыз ортосу
Байыртан бирге эл эле.
Казак кыргыз буюрса,
Канча бир жерге тең келет.
Тууганбай акын айткандай,
Поезддин эки жолундай,
Адамдын эки колундай,
Ортодо аскар тоосундай,

Катташып эле жүрөлү,
Жатташпай эле жүрөлү.
Толгонуп колу байланып,
Тогуз жылга айдалып
Токобуз Сибирь көрдү эле,
Болгон тоскоол токойдон
Токтолбой аман келди эле.
Топ вагон бензин, мунайлар
Посто тосуп жатат эмнеге?

Кайрылып колу байланып,
Калың шибер айданып
Кайгыны Токо көрдү эле.
Канча бир тоскоол посттордон
Кармалбай аман келди эле.
Азыр кара май канча вагондор
Кармалып жатат эмнеге?

**Бөрүбай:**

Кыргызда да казакта той көп болады,
Көп болгон соң илгертен бул көп болады
Ынтымакты чырмау үчүн келген эдим.
Амантай жактан мага ок бурады.
Кайдагы бир бомбаларды айтып кеттиң
Бул айтышың Токтогулга шок болады,
Кыргыз казак төртөү да түгөл калык,
Арамызда алтау да жок болады.
Отуз жылдай ынтымакты жырлап келет.
Айткан сайын көңүлүм да ток болады,
Эй мен келгени сөөктөрүм казак деген,
А эттерим кыргыздыкы боп барады эй.
Жеңижок акын жеңим паз

Аалы акын аалымым.
Эстебес мен Замирим,
Акжолтой деген калыкым
Ашыраалы Тууганбай
Экөү тең аруулум,
Токтогулдай акының,
Устазындай баарынын.

Буттары түссө көсөрөр,
Көсөңдөй болгон кургур тил.
Сүйлөп бир кетсе чечилип,
Шешендей болгон кыргыз тил.
Элмирбек, Жеңишбек,
Маңдайдагы жолдосуң.
Аалы менен Азамат,
Касыңдагы кундузуң.
Рахматулла, Амантай
Абдували кундузуң.
Шакирттериң майрамың
Жуптуу болсун кыргыз эл.

Садык Шерният бастаган
Министириң билгизди,
Ак жол тилеп дегендей
Тилектери деңиздей.
Кыргыз да казак бир тууган
Бир соолуктун эгиздей.
Көрүскөнчө аман бол
Келемин али сени издей!

## 2015-ЖЫЛЫ ӨТКӨН «ЫСЫК-КӨЛ – МАНАСЧЫЛАРДЫН АЛТЫН БЕШИГИ» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН ТЫНЧТЫКБЕК ЭСЕНБАЙ УУЛУНУН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Ассалоому алейкум,
Арыбаңыздар туугандар.
Атайын келип сиздерге,
Амандашып тургандар.
Саргашка менен Тынчтык
Саламдашып тургандар.
Арабча менен кыргызча,
Амандашып алайын.
Аралашып жашымдан,
Айтыштын көргөм далайын.
Иним менен кошулуп,
Ирээттеп сөздү жамайын.
Кызый келсем кээ жерден,
Кызыл тилди чабайын.
Көп эле жашка келбедимби,
Балдардан кантип калайын?
Бирок, басташа кетпе мен менен,

Балакетиң алайын.
Тынчтык деген жаш бала,
Тың басып жүрөт сахнада.
Тың басып деген себебим,
Тың келип мында тың басып,
Тыкылдашып ырдашып,
Беш жылдан бери карата,
Айтыш фонддо торолду,
Ала дөңүрөөк бала эле,
Азыр жакшы оңолду.
Кыйшык-куйшук жактарың,
Кыяга түшүп ой жоголду.
Манасчылардын мекени,
Айтыштын маанисин айта кетели.
Залкарлардын мекени,
Заңкылдап ырдап кетели.
Кыргызда далай өнөр бар.
Манасчылыкка жетеби.
Бул баарыбызга белгилүү,
Манастын кандай экени.
Карызың унутсаң унут да.
Манасты унутпа эзели.

Айтканда сөздүн кыскасын,
Айтканда сөздүн нускасын.
Айтайын оюм ирээтеп,
Айрым балдар бузбасын.
Узаагыраак айттың деп,
Ал жакка чыксам урушпасын.
Азыр балдардан кээде коркомун,
Айланайын чолпонум.

Бирөө болсо бармагым,
Бирөө болсо ортонум.
Бирөө болсо сөөмөйүм,
Айтышып бүгүн көрөйүн.
Жалпы элге жагып келатат,
Тынчтык жаман эмес өнөрүң.
Албан ырды табасың,
Айланайын бөбөгүм.
Бул жерди иним таанып ал,
Бул жерден кабар алып ал.
Мына Караколду кыдырсаң,
Каймак ырдын баары бар.
Опутуң бар баласың,
Ойдун кени табылаар.
Караколдук туугандар.
Касканакта тургандар.
Пржевалдык туугандар,
Биерге келип тургандар.
Сөздүн баркын билгендер,
Сөз түйүнүнө киргендер.
Кандай сөздү айтсаң да,
Аркы жагын илгендер.
Манасчылар келсе деп,
Бакылдап айтып берсе деп,
Бир жумадан бер карай,
Чыдабай күтүп жүргөндөр.
Былтыр да мында келди элек,
Анда да ырдап берди элек.
Быйыл дагы чакырса,
Келбей койбойм мен демек.
Чакырган жерге келесиң,

Чаңкылдап ырдап бересиң.
Кел деген жерге келесиң,
Керкейбей ырдап бересиң.
Айтабыз ага туугандар,
Алиги акындык деген немесин.
Ал айтыш деген ошондой,
Оозуңа сөз келе калса жеңесиң.
Оозуңа сөз келбесе,
Ошол бойдон Бишкекке,
Ойлонуп кете бересиң.

Былтыр дагы келгенде,
Айтышым жаман болгон жок,
Айтыш жаман болду деп,
Өкүнө турган ойлор жок.
Элдерим колун чапты эле,
Эки сөзүм жакты эле.
Тегиз колун чапты эле,
Термелерим да жакты эле.
Бүгүн ырдабай койсок болобу.
Манасчылык деген бул өзү,
Байрагы бийик жогору.
Болбосо четинен эле айтканда,
Андай чечендер бизде аз санда.
Ирээти менен айтканда,
Андай илгеркилер аз санда.
Кечээ өткөндө Кыргызстан,
Сагымбай деген эмине,
Сан күндөп айткан Манасты.
Саякбай деген эмине,
Тыныбек манасчылардын.

Ким жеткен экен теңине?
Ошолор таштап кеткендир,
Ыр түйүнүн чечкендир.
Манас ааламын кыргызга,
Таратып кеткен турбайбы.
Океандай баарысын,
Жаратып кеткен турбайбы.
Он күн айтып Манасты,
Оозун элдин ачырып,
Каратып кеткен турбайбы.
Илгери бир айтты элем,
Айтайын сөздүн нускасын.
Уланта бербей туугандар,
Айтайын ырдын кыскасын.
Манасчы чыккан кыргыздан,
Биздей жамакчы кантип чыкпасын.

Тынчтыкка кезек бербестен,
Тыпырай берсем болобу?
Балага кезек берип коёлу,
Аркы жагын ырымдын
Улантып кетчи жогору.

**Тынчтыкбек:**

Акындар келип чыкканда,
Колдоңуз калкым колдоңуз.
Амантай устатыма кайрылам,
Убакыт деген аз экен,
Ошол жагын ойлоңуз.
Убакытты айтып эскерттим,
Буга капа болбоңуз.
Амантай деген Амантай,

Урматтуу менин устатым.
Сөздүн айтты нускасын.
Устаттын алган үлгүсүн,
Тынчтыктан
Кантип сөздөр чыкпасын.
Дагы-дагы айтаарым,
Айланайын устатым.
Өнөрдүн кенин каздыңыз,
Ырыңыз менен устатым,
Казактарды да чаптыңыз.
Алтындай сөздөн таптыңыз.
Мага окшогон шакиртке
Толуп жатат астыңыз.
Тууганбай, Эстебес, Замирбек,
Ашыраалы атанын,
Накта ордун бастыңыз.
Дагы-дагы айтаарым,
Каш жагымды карасам,
Калыстардын ичинде,
Устатым Элмир тиякта,
Шакирти менен айтышып,
Амантай устат биякта.
Айтышып жатса устатым,
Алдыга сүрөп турат да.
Көпчүлүктү күлдүрүп,
Көөнө сөзүн курат да.
Сүрөп турса шакиртиң,
Алдыны көздөй чыгат да.
Карыган кезде устатым,
Жаш бала менен айтышыш,
Ал жагын ойло уят да.

**Амантай:**

Мен айтыша берем уялбай.
Карып калдың Аман деп,
Сахнада жүрөт кууй албай.
Ашыкең деле бир кезде
Амантай менен айтышкан.
Тукабыз деле бир кезде,
Элмирбек менен айтышкан.
Карып калдым дегенин,
Уккан эмесмин эгерим.
Улгайып калдым дегенин,
Уккан эмесмин эгерим.
Наристе бала болсо да,
Наалыбай айтышып беремин.
Анткенимдмн себеби,
Угуп ал сөздү береги,
Сенин жеңиште эмес максатың,
Жетилсин дечи жаш башың.
Кудайым өзү сахнадан,
Кубалагандан сактасын.
Анткени, устат шакирт ар дайым
Сахнадан үйрөтөт.
Аркы жактан билесиң,
Ар нерсени сүйлөшөт.
Мындай сөздү айткын деп,
Тигиндей сөздү айткын деп,
Эстекем өзү баш болуп,
Тарбиялаган эмеспи.
Ошолордо сөздөрдүн,
Уюткусу эң эски.
Агалар менен бир жүрсөң,
Балам ашасың далай белести.

Азыр карып калган чагым жок,
Картайып калган жаным жок.
Бул жерде ырдай беремин,
Кантип бир кишилик алым жок.
Карыса деле бөрүнүн
Бир кишилик алы бар.
Аракет кылып жатбайбы,
Амантай деген жаны бар.
Башкасын билбейм,
Сен үчүн,
Табылаар сөздөр табылаар.
Айтышам десең бери кел,
Айтышпайм десең нары бар.

**Тынчтыкбек:**

Манжаларын санаган,
Манжаларын караган.
Пейли жакшы болсо экен,
Кыргызда ар бир ар адам.
Жакшы устат турбайбы,
Мурункуларды баалаган.
Токтогулдай залкарды,
Элибиз тоо булбулу деп койгон.
Болбосо кара кунан атабыз,
Сарыкунан деп кеп болгон
Ал эми сиздин дагы устатым,
Башыңызга тоодой бак конгон.
Ашыраалы деген атабыз,
Саркашка деген ат койгон.
Анан дагы айтарым,
Кечке эле менин устатым,
Божурап тамашаны таштайлы,
Болуп турган жеринде,

Манасчылардан баштайлы.
Манасты качан айтат деп,
Калыстар күтүп жатпайбы.
Булар тамашасын тартышып,
Тамашасын айтышып,
Кечке эле ырдай берет деп,
Калкым да тартат нак кайгы.
Мен бир көйгөйдү айтамын,
Калкым муну байкагын.
Өлкөмдө он чакты гана манасчы,
Барын калкым билишет.
Алар өнөр үчүн күйүшөт,
Өнөрдү абдан сүйүшөт.
Бирок, барктай албай жатабыз,
Көбү батирде жашап жүрүшөт.
Эгерде он чакты ошол манасчы,
Казактарда болгондо,
Машинасын тебишмек,
Акчанын кармап акчасын,
Тамдын салып нактасын,
Гүлдөтмөк гүл бакчасын.
Түшүнүктүү болду го,
Айтпайын жана башкасын.
Манас бар кыргыз биз барбыз,
Ушуну калкым ойлойлу.
Кабат-кабат тамдар
Салынып жатат бул кезде,
Ошолордон берсе болбойбу.
Барсыңбы Манас тукуму?
Мамлекетибиз баш болуп,
Манасчыларды колдойлу.

## 2016-ЖЫЛЫ 28-МАЙДА БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН ИДИРИС АЙТИБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Аманатай:**

Он беш мүнөт бар болсо,
Ой айтсак деле болчудай.
Айтыш деген ошондой,
Айтышып кээде бошонмой.
Айтыш деген ошондой,
Аралап кирген токойдой.
Жакшы сөз кээде табасың,
Жалтактап кээде каласың.
Жакшы балдар эч качан,
Жаман деп айтпайт агасын.
Улуу муундагы акындар
Далайдан алдың үлгүнү.
Буюрса бүгүн
Менден да бата аласың.
Окшотомун өзүңө,
Идирис оң көзүмдүн карасын.
Айланайын туугандар,
Илгери

Бирөөнүн айткан кеби эле,
Башкадан чыгат акындар
Баткенден чыкпайт деди эле.
Кара оозуңа кан толгур,
Деги кандай неме айтты экен.
Ырахмат мына карачы
Баткенден чыккан ушундай
Сүрөп берели жаштарды.
Анткени Баткен менен Лейлегим
Илгери аралап далай келгенбиз
Аймагың жакшы билемин.
Айтыш айткан акындар,
Арбынырак чыкса деп,
Менин да
Эл менен кошо тилегим.

**Идирис:**

Өзүнө мени окшоткон,
Көзүнө мени окшоткон,
Көзүңүз точный турбайбы.
Анда эл алдына чыккан соң,
Эл үнүбүздү уккан соң,
Берилип бүгүн ырдайлы.
Тоолорун минтип карасам,
Токоюн арча курчаган,
Жаратылышын көргөндө,
Жандүйнөң эргип тимеле,
Тынчыбайт экен ырчы адам.
Атаандаш болуп келиптир
Саргашка деген курч адам.
Сөздөрү өткүр мурч адам.
Келбестен жатып өзүндө,
Уктум жана сөзүңдү.

Идике кайда жүрөт деп,
Кол чапканды сүйөт деп,
Айта отурду сөзүмдү.

Үйүмдүн ичин шаң кылган,
Үмүттүн отун жандырган
Жамгырына карабай,
Жалкоолукка жарабай,
Маңдайда келип отурган,
Энелер үчүн жан курман.
Улууга урмат деп айткан,
Эзелтен бери келаткан,
Макалыңдан айланам.
Ак калпак кийген башына,
Көрүнүп көзгө татына,
Периштелер ойногон,
Аталар, сакалыңдан айланам.

Баткенге эми келген соң,
Экөөбүзгө кезекти,
Калыстар минтип берген соң,
Мен ойлонуп калдым ушуну.
Ойлонгон соң албетте,
Учургум келбейт кутуңу,
Өткөн жылы келгенде,
Өткөндө айтыш бергенде,
Анда чыгып айтышкам,
Баш байгеге андан соң,
Азамат менен тартышкам.
Анда баш байгени алгам да.
Жүрөктө болбой арман да
Ой калың эл мени сүйрөгөн

Ошондо алган байгени
Ажылыкка колдонгом.
Айланайын туугандар,
Жыйналып мында тургандар,
Батаңды алып силерден
Өзүмдү өзүм оңдондум.
Өткөн жылкы байгени,
Ажылыкка колдондум.
Ажылыкка барган соң,
Пайгамбарым жүргөн жер,
Аллахтын өзү сүйгөн жер,
Ошол жерде албетте,
Кырк беш күнү калдым да.
Калың эл турса алдымда
Сөзүмдү айта кетейин.
Аркага анан кетейин,
Арафатта турганда,
Лейлектин эли ар качан
Эсен-соо болсун деп тилеп,
Ак бата кыла келгенмин.

**Амантай:**

Байкап турсам бир кебиң,
Баятан бери билгеним.
Жакшы экен иним бир жериң,
Тартиптүү жакшы кеп айтат.
Жакшы акын деген ушу да,
Жарышып алдыда келатат.
Былтыр да мында келгенсиң,
Жагымдуу ырдап бергенсиң.
Чапкан сайын көз чыкпайт,
Амандан кантип сөз чыкпайт.
Ажылыгың кут болсун.

Жакшылык жака карачы
Жалпы жумшап жатканы.
Ушундай болсун кыргыздын,
Уңгулуу дайым жаштары.
Карачы сөз сыйлаган улуулар,
Кеп сыйлаган улуулар,
Казыналуу улуулар,
Тарбия берген ал балдар
Жаман чыкчу балабы?
Жакшыдан жакшы үлгү алат
Бул жаман жака барабы?
Анан анча-мынча алешем,
Айткан сөзү жанагы.
Ошентип айтсаң ырчынын
Өтөт бекен товары.
Амантайдан жок окшойт
Мунун анча-мынча кабары.
Айтышам десең айтышам.
Калганча менде алты сан.
Он эки мүчөм соо турат,
Кармашсаң мендей жоо турат.
Алты мүчөм соо турат,
Айтышсаң Аман жоо турат.
Идирис деп атыңдан,
Билинип калган баласың
Акча берген жерлерге,
Жүгүрүп калган баласың.
Агалары сыйласа
Дагы да байге алам деп,
Күйүгүп калган баласың.
Бурадарларың отурат.
Буюрса бүгүн да иним аласың.

**Идирис:**

Акча койгон жерлерге
Келе турган бала деп.
Акча берсең акынды,
Жеңе турган бала деп.
Амантай акын жөн жерден,
Сүйлөп өттү мага кеп.
Айланайын Амантай,
Улуунун
Улуу кеби болбосо,
Короодо жаткан уй жакшы.
Карынын,
Кадырлуу кеби болбосо,
Короодо жаткан кой жакшы.
А бирок, байгесине карабай,
Жамгыр жааса тим эле,
Жалкоолукка жарабай,
Элим колдоп турганда,
Мындай айтыш той жакшы.
Ал эми акча үчүн келбедим,
Силерди көрүп сагынып,
Башымды ийип багынып,
Акчаны айттың ай байке,
Өткөн жылы жеңгемин.
А бирок,
Силерге кылгам батамды,
Айтканы мында келди элем,
Лейлектин ошол жерине,
Кайтканы мында келди элем.
Калыстар билем баалайт да,
Акының менен айтышсам.
Анча-мынча акының

Мен билем сизди жеңбеген.
Сый-урматта жүрөлү,
Кадырлуу ушул эл менен.
Анан да айланайын Амантай,
Айтышам десең айтышам
Тартышам десең тартышам
Угушам десең угушам,
Урушам десең урушам.
Сыйлашам десең сыйлашам
Көнүшөм десең көнүшөм.
Биринчи баштап не кылсаң,
Ошондой жооп айтамын.
Эмне кылсаң кыла бер
Жети ойлоп бир кесип
Кылаарың башта байкагын.

**Амантай:**

Айтышам десең айтышкын,
Тартышам десең тартышкын
Ыр сүйгөн элдер отурат,
Ыр каймагын калпышкын.
Тытышам деп айтпастан
Сөгүшөм деп айтпастан
Өсөөр балдар ушундай,
Төгүшөм деп ырдашат.
Амантай менен айтышып,
Тытышам деп жатпайбы
Анча-мынча кичине,
Кычышам деп жатпайбы.
Сары таманын Амандын,
Ысытам деп жатпайбы.
Тытышканың мындай кой
Амантай айтчу баян бар.

Амантай айтчу далай бар.
Эми тытышпай эле иничек,
Тыңыраак сөздөн айталы.
Сугарган сыяктуу болот го.
Чыңыраак сөздөн ырдайлы.

**Идирис:**

Уктуңар Аман кеп айтты,
Сөгүшпөстөн жөн эле,
Өбүшсөң жакшы деп айтты.
Билбеймин аны неге айтты?
Калың элди ойлойлу.
Заман деген өзгөрүп,
Өзгөргөнүн көз көрүп,
Карасаңар мындайды,
Акындын кебин тыңдайбы?
Айланайын туугандар,
Жер бермети Ысык-Көл,
Арам менен аралаш,
Пляж болуп жатпайбы.
Көк бөрү деген улагың
Бара-бара чын эмес,
Муляж болуп жатпайбы.
Анан дагы айтаарым
Сөзүмдү баарың байкагын.
Амантай башта айткан сөз
Кайтарып эле жатамын.
Көкүрөк көзүң көр болсо,
Көрүп турган чекенде,
Көзүбүздөн пайда жок.
Акыл айтып ар кимге,
Аткарбасак өзүбүз,
Сөзүбүздөн пайда жок.

Кылам эле кылам деп,
Бүт баардыгын жыгам деп,
Айтып өтсөң калп эле.
Оозуңдан чыккан шарт эле.
Ураанындан пайда жок.
Ыймандуу элим уккула,
Чаң басып жаткан үйүңдө,
Ачылбаса бир жолу,
Кураныңдан пайда жок.

Дагы эмнени айтаарым,
Сөзүмдү баарың байкагын.
Акча деген жерлерге,
Жетип келет деп айтты.
Ой ортодогу төрт көлдү,
Кечип келет деп айтты.
Менин уруум сарай муңгуштан,
Баласы болом кедейдин,
Аллахым өнөр берген соң ,
Ач каламын дебеймин,
Былтыр алган байгени,
Быйыл да мында келгемин,
Кошоматтап ар кимди
Акча аламын дебеймин.
Алтын, күмүш акчаңар,
Кымбат эмес мен үчүн,
Болгону ак батаны берсеңер
Өмүрүм өтүп кеткиче,
Оо дүйнө көздөй жеткиче,
Ала-Тоолуу бул мекен,
Кызматым кылам эл үчүн.
Анда аягында айтаарым,

Сөзүмдү баарың байкагын,
Акынды колдоп турганда,
Жылуу-жумшак жан жакшы.
Кошоматтап, жалынбай,
Бешене тер менен алынган,
Адалдан тапкан нан жакшы.

**Амантай:**

Тартиби жакшы бала экен,
Сегиз жаш улуу агасын,
Эй дегенин карачы,
Сен агаларды сүйсөңчү,
Улуунун баркын билсеңчи.
Эмитеден агага,
Кашына келип катылган,
Капкайдагы сөз айтып,
Кара таандай асылган,
Ошентип айтсаң иничек,
Не көрөсүң жашыңдан.
Мындай жакшы тарбия,
Сага кайдан берди экен.
Кайсыл жүргөн акылман.
Улуулардын ар дайым,
Уңгулуу сөзүн угуп жүр.
Тилиңди оңдоп ар дайым
Тилекке көңүл буруп жүр.
Коргоол акын айткандай,
Кудай алып кетпесе,
Кутурган акын болосуң.
Улууларга ар дайым,
Уңгулуу сөздү сүйлөсөң,
Ушул жактан оңосуң.

## 2016-ЖЫЛЫ 28-МАЙДА БАТКЕН ЖЕРГЕСИНДЕ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ» ЖЫЛЫНА КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ МЕНЕН АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Саркашка агаң баштасын,
Саптарды кантип таппасын.
Айткан сайын сөз арбып,
Алдыга кетет жакшы атың.
Азамат менен бир чыктым,
Алла кудай сактасын.

Азамат деген азамат!
Ар убакта таза алат.
Азамат менен айтышса,
Амантай акын жашарат.
Көп жерде жүргөн бул бала
Көкүрөгү ыр бала.
Кыйырын элдин кыдырып,
Кыйлага кеткен санаты.
Ардактаган, сыйлаган
Ала-Тоонун баласы.

Уулуң берсин кезекти
Угузуп койчу дабышты.

**Азамат:**

Акындардын акыны,
Салмагын айтып атыры.
Азаматка кез келип,
Арманын айтып жатыры.
Аягында айтыштын,
Калганын айтып жатыры.

Мени чанып жан агам,
Жүрөктөгү кайгыны,
Кылмак белең Саргашка,
Жармашкыдай сен мага
Уйгак белең Саргашка ээй

**Амантай:**

Анда эмсе уйгагым,
Уйгактай болбой ырдагын.
Отурган эл түшүнөөр,
Ойлонушуп бул жагын.
Амантай айтып жаткан жок,
Сени жаман акын деп.
Аалы иним келгенде,
Айтылмак далай азыр кеп.
Антсе дагы сен дагы,
Айта турган сөзүң бар
Амантайдай агаңдан,
Озуп чыккан кезиң бар.
Агаларды сыйлагын ай
Анча-мынча эсиң бар.
Эсиң бар деген себебим,

Эскинин улап этегин,
Акын болуп аралап,
Айланып кыргыз мекенин,
Азамат атка конгону,
Жаман эмес болжолу,

Убактыбыз көп экен,
Улай берсек жөн экен.
Таң атканча ырдасаң ,
Тажабаган эл экен.
Акындар деген илгертен
Ала-Тоо элге тең экен.
Айланайын Баткендик,
Алдыда турган туугандар
Арбый берсин берекең.
Азамат нечен уулдарың,
Алдыда ишти кылганын,
Маданият, туризм,
Министрликке кошулуп,
Ушундай айтыш курганын,
Кээ бирөө айтар ырахмат.
Кээ бирөө айтар сындарын.
Кайсы жагын айтсаң да
Төө ашуунун төрүндө
Төкмөлөрдү чакырып
Баарын тегиз бул жерде
Алдыңарга батырып,
Кубандырып жатканы.
Улуу салттын этегин.
Уландырып жатканы.
Ушундай болсун Баткендин,

Урматтуу азаматтары.
Маданият, тарых жылында,
Маанисин билип мунун да,
Ушундай концерт курганын.

Ал эми айтыш-айтыш жагынан,
Ар киминин орду бар,
Ар киминин жолу бар,
Кара көтөн кармашсак,
Каалаган кишиң жолугар.
Ар жагын гана сен айтчы
Азамат кандай оюң бар?

**Азамат:**

Жан дүйнөнү кубанткан,
Жаркынысың Саргашка.
Сарылардын ичинде,
Алтынысың Саргашка.
Осмонкул, Калык, Алымкул
Урпагысың Саргашка.
Туурада турган кыргыздын,
Тулпарысың Саргашка.
Эстебестей акындын,
Баласысың Саргашка.
Ашыраалы, Тууганбай,
Актаңдайларды ээрчиген,
Даанасысың Саргашка.
Арстандардын артында,
Жол басасың Саргашка
Ооматтуу кыргыз элинде,
Ой багасың Саргашка.
Биз кең Баткендин жеринде,

Кенендигин айталы
Касиеттүү Баткендин,
Белендигин айталы.
Илегилек куш болгон,
Лейлек деген жергемдин,
Касиеттүү тарыхта,
Тереңдигин айталы.
Асылдар чыккан Баткеним,
Көсөмдүгүн айталы.
Улуулары сүйлөгөн,
Чечендигин айталы.
Чек ара тосуп душманды,
Жолотпогон кыргызга,
Бекемдигин айталы.
Кадамжайдын жеринде,
Туяк ырчы өткөн дейт.
Улуулардын кадырын,
Улап ырчы өткөн дейт.
Касиеттүү сөздөрүн,
Курап ырчы өткөн дейт.
Акындыгын айталы.
Душмандардан коргогон,
Баатырдыгын айталы.
Кагылайын Баткеним,
Өрүшүңөрдө ушундай,
Малыңар болсун ар качан.
Акындар келип сайраган,
Шаңыңар болсун ар качан.
Айтышты сүйгөн пейилиң,
Жаныңар болсун ар качан.
Баткенге келсин ырыскы,

Багыңар болсун ар качан.
Айныбай турган ар качан,
Табыңар болсун ар качан.
Качан да келсем силерге,
Казалдын ырын арнасам.
Кагылайын аталар,
Кадырлуу биздин апалар,
Ак батаны бергиле,
Бата деген кыргызда,
Бак болоорун айталы.
Бата берсе улуулар.
Ырыскы, дөөлөт, байлык дейт
Бак болоорун айталы.
Ээ мөмөлөрү төгүлгөн,
Бата менен кыргызда,
Шак болоорун айталы.
Агага ырдап иниси,
Тап болоорун айталы.
Жок биз андайлардан болбойбуз.
Улууларын сыйлаган,
Улууларын кадырлап,
Улуунун кебин ойлогон
Кагылайын Баткеним,
Кагылайын Лейлегим,
Аман болсун эл-жериң.
Мага да бакыт эмеспи,
Маңдайыңа келгеним,
Жан-дүйнөңөр кубанып,
Жанында жүрсөм зор бакыт.
Он бир үй дейт карачы.
Тамыңда жүрсөм зор бакыт.

Москва, Лондон , Париждин
Асфальтында жүргөнчө,
Төө жайлоо деген жайлоонун,
Чаңында жүрсөм зор бакыт.

**Амантай:**

Төө жайлоонун төрүндө,
Аралап жүргөн зор бакыт.
Акын болуп айтышып,
Ар бир сөздү тартышып,
Дааналап жүргөн зор бакыт.
Ойлосоң ойго келеби,
Ошондой чиркин чоң бакыт.
Кагылайын туугандар
Аймагыңарга жолду ачып,
Арчалуу төрдүн этеги,
Алып келген кезеги,
Эртеден көрдүк карчы,
Ала-Тоо кыргыз мекени,
Кечээки улуулардын өз эли.
Ырдын болгон да өзөгү,
Жана айтып кеткендей,
Туяк ырчы чыккан жер,
Айтыша кетсең жүрүүчү,
Кыян ырчы чыккан жер.
Ошонун баарын ырдаган,
Кербезисиң Азамат.
Акындардын салмактуу,
Термесисиң Азамат.
Жигиттердин айрыкча,
Берметисиң Азамат.
Сыймыктансаң жарашат.

Атамбаев ажонун,
Жердешисиң Азамат.
Анткени,
Залкарлар чыккан тукумдан,
Жакшылар чыгат ушундан
Ажолор чыккан тукумдан,
Балапандарды учурган.
Акын чыккан кезеги,
Азамат деп жашыңдан,
Атың чыккан кезеги.

Алдында элдин туугандар,
Ачыгын айтып кетели.
Айтыш фонддун төрүндө,
Жетекчи болуп жүрдү эле.
Он жыл болуп жетекчи
Ооматты абдан сүрдү эле.
Жетекчиликти өткөрүп,
Башкага берген кезеги.
Жетекчилик да жакшы го
Бирок акындыкка жетеби.
Жетекчиликтен алыстап,
Акындыгың арбыткын
Ар жагын сөздүн дарбыткын
Айтыша кетсең мага окшош
Амантайды каңгыткын.

**Азамат:**

Бүгүн абыдан жакшы күн болду,
Айтыш куруп тамаша.
Баарыбыз бастык бир жолду.
Асылдар келип карачы,

Баткендин ичи дүң болду.
Качан келсем силерге,
Ыр болоюн Баткеним.
Кошулайын силерге,
Бир болоюн Баткеним.
Айтышка келсек ар качан .
Сый болоюн Баткеним,
Жалган эмес ар качан,
Чын болоюн Баткеним.
Өзүңөрдүн жанында.
Акындарга биригип,
Уул болоюн Баткеним.
Силер колдоп турсаңар,
Мен кантип
Муң болоюн Баткеним.
Чек араңды тосуучу,
Зым болоюн Баткеним.
Баткен, Баткен, Баткен деп
Багын айтып жатабыз.
Байрагы бийик асманда,
Шаңын айтып жатабыз.
Кадырыңарга сүйөнүп,
Элде ынтымак болсун деп
Жерде ынтымак болсун деп,
Жараткандан тиленип,
Жетиген жети жылдызсың,
Жети облус кыргызсың,
Баткеним бар болгула түбөлүк.

**Амантай:**

Азамат иним бул сөзүң.
Аябай жакты агаңа.

Азамат киши азамат,
Айтат сөзүн жана да.
Баарыңар угуп да турсуңар
Баткендик деген элибиз.
Чек арабыз чегибиз.
Ардактайбыз сиздерди.
Кадырлайбыз сени биз,
Илгертен улуу тегибиз.
Хан көрүп келген элсиңер,
Ардактап ыйык өстүргөн,
Жан көрүп келген элсиңер.
Бир кездерде туугандар,
Батек сакал моджохед,
Кубалаган элсиңер.
Кандай гана кыйындыктарга
Чыдап келген элсиңер.
Ошондуктан кыргызга.
Дайыма силер белсиңер.
Анча-мынча сөзүмдү,
Айтып жаткан кезегим.
Ар жагында дагы да,
Эл башылар туруптур.
Эки ооз сөз айта кетейин.
Кыргыздын улуу өнөрүн,
Кадырлаган башчылар.
Күн сайын ушу жыйында,
Жалындаган башчылар.
Элдик уулдар өсөт дейт,
Элде болсо жакшылар.
Акындарды сыйласаң,
Сиздердин,

Ала-Тоодой бактыңар.
Кулундары кыргыздын,
Булбулдары кыргыздын
Келип турган кезеги.
Сахнаңарга отуруп,
Сары майдай балкылдап
Ээрип турган кезеги.
Жорголору жортушуп,
Жортоктору мага окшоп,
Желип турган кезеги.
Азамат иним айткандай
Ырдайбыз далай сөздөрдү,
Чынында эле ынтымакка жетеби.
Ынтымак болсун элимде.
Тынч убак болсун элимде.
Көбөйө берсин ар дайым
Көркөм өнөр жагында
Көк шибердей демилге.

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА АКСЫ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## АМАНТАЙ КУТМАНАЛИЕВ ЖАНА ИЗАТ АЙДАРКУЛОВАНЫН АЙТЫШЫ

**Амантай:**

Алаканды чапкандар,
Айта түш деп жаткандар,
Колдорун да чапкандар,
Кошо түш деп жаткандар,
Көркөм өнөр сыйлаган,
Көпчүлүк кары-жаштар бар,
Айланайын туугандар,
Арзып келген деги эле,
Айлыңдын аты Тегене.
Эстекемди ээрчип,
Эбелек кезде келди элем,
Эптеп-септеп бир нерсе,
Эки ооз жамап берди элем,
Эми саламдашып алайын,
Сагынган тууган эл менен,
Саламдашып алалы да,
Сары сабакка салалы.

Санат сөздөн табалы,
Саймалуу кооз төрүңдө,
Саат бою ырдасак,
Салтанат элим жагабы,
Эскерген турбуз туугандар,
Токтосун сындуу абаны.
Кээ бирөөнө агабы,
Кайран киши бул жерде,
Ыры менен обону.
Ырлары менен санаты,
Ырыстуу элдин баласы,
Тоолук элдин ичинде,
Тоодой ырды жаратып,
Токсонго чыкты карачы.
Көзү тирүү болгондо,
Чыкмак экен токсонго,
Аралашып ырдамак,
Ак калпак кыргыз топторго,
Эстекем менен ээчишип,
Калыктар жүргөн телчитип,
Ошолор элдин кенчи экен.
Ордосунда элдердин,
Орошон сайрап берчү экен.
Алардын алган үлгүсүн,
Абаларым келсе экен,
Эскеребиз бүгүн биз,
Эзелки тууган мекенди.
Көпчүлүгү тааныштар,
Көргөндөй болбойм чет элди.
Өзүңөр деле тааныйсың,
Ныяздын уулу Кекенди,

Кекең деп коём абамды,
Ээрчитип жүргөн бир кезде,
Токтосундай агаңа,
Толкундап айтам саламды,
Өзүңүздүн атынан,
Өзүңүздү чакырам,
Ак калпак кыргыз элимде,
Кадыр-сыйга татыган,
Токтосун менен бир жүргөн,
Топ элдерди күлдүргөн,
Келдибек сындуу агабыз,
Баштап келген убагы,
Акындардын баарысы,
Агызган ырдын булагын,
Айта берсек далай сөз,
Атактуу ырчы тууралуу,
Күү десе күүнү чертчү экен,
Ыр десе, ырды ырдаган,
Бир кезекте Аксыдан
Бийикке чыккан бул адам.
Дастаны дагы белгилүү,
Жазганы дагы белгилүү,
Саптары дагы белгилүү,
Ырчы десе ырчы экен.
Сынчы десе сынчы экен,
Калың элге келгенде,
Такалбай ырдап турчу экен.
Өзгөчө куудул жактары,
Ошондой кайран балбандар,
Өтүп кеткен дүйнөдөн
Акын деген ким деген,

Кашыңа келип кубанам.
Эскербей кантип тура алам,
Таң атканча болсо да,
Таңшыймын деген убадам,
Саркашка келди балаңар,
Алакан чапкын суранам.

Токтосун менен бир жүргөн,
Топ элден алган батаны,
Ак таңдайлардан үлгү алган,
Аксакал сындуу катары,
Айтылып кеткен элине,
Албан-албан ой макалы,
Ашыкең дагы келген жер,
Алкынып төгүп берген жер,
Ээрчишип жүргөн бир кезде,
Ээрчишкенде эрмеги,
Досу болгон турбайбы,
Ашыкеңди да кошуп,
Анча-мынча ырдайлы,
Аларды эске салбасак,
Азыраак ырдап албасак,
Сөзүбүз келбей калбайбы,
Татынакай аталар,
Такылдаткан таңдайды,
Азыр канча кылым өтсө да,
Таба албайбыз андайды,
Алар өткөн дүйнөдөн,
Бири-бирине сапарлаш,
Бирине-бири катарлаш,
Тоо булбулу Жеңижок,

Толкуган элде чеги жок,
Ошол да өткөн дүйнөдөн.
Өзүнүн аты Өтө экен,
Атанын аты Көкө экен.
Алар өткөн ким деген,
Атын кимдер билбеген,
Санаты калды артында,
Айт-айт десе токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой,
Аксы менен Таласты айт,
Көкчө менен Манасты айт,
Аксыны мактап айтпасаң,
Анда эле ырың жарашпайт.

Аксыдан элим ким чыккан?
Алтымыш акын бир чыккан.
Алымкул аттуу гүл чыккан,
Атагы даңкы дүң чыккан,
Азыр он алты акын ичинде,
Ажары бар жүзүндө,
Эртеңки күнү көрөсүң,
Жаштардын кирген түшүнө.
Өзүңөрдүн кызыңар,
Кулпунуп турган кушуңар,
Кызыңарды сайратып,
Уга турган тушуңар.
Эмесе алаканды чабыңар,
Айтканды кабыл алыңар,
Айта берсең ырыңдын,
Албан сөзү табылар.
Өзүңөрдүн кызыңар,

Колдоп койсоң болбойбу,
Жаш кызыбыз чыксын деп,
Ойлоп койсоң болбойбу.

**Изат:**

Арыба мекен ыйыгым,
Ар убак намыс улугум,
Таксам дейм сага мончокту,
Таба алсам сөздүн тунугун.
Ирецин ачкан сагынычтын,
Ичиме кармап туюгун,
Көзүмө анан жаш келип,
Көлкүтүп кармап турумун.
Гөухарым сенсиң туулган жер,
Көңүлүм суудай тунган жер,
Көтөрсөм такыр арман жок,
Көп карыз кылган сыйыңыз,
Ырыңыз элди даарылайт,
Көңүлдүн канча сыныгын,
Баш бактым окшойт өнөргө,
Бар үчүн бир аз чымыным,
Арзысам сүрөп алгыла,
Ата Журт үчүн борборго,
Аксынын кеткен бир кызын,

Ата Журтум мекеним,
Айланып сенден кетемин,
Жети айланып кыдырып,
Жердин көрдүм неченин,
Топурагы сары алтын,
Тоо, ташынын баары алтын,
Ааламдын Аксы бейиши,

Айтпаймын сөздүн бекерин,
Темиркул, Жунай, Төлөгөн,
Теңдешсиз сүйгөн мекеним,
Жалпы элге кызмат кылышты,
Жазышып сөздүн шекерин,
Ким билбейт Ниязаалыны,
Комуздан устат экенин,
Токсон жашын белгилеп,
Тоолук эл турат эскерип,
Бүгүн Токтосундай чеченин.
Барктуулар чыккан жерде өскөн,
Бактылуу бир кыз экенмин.

Катуу күн мага туш болду,
Картаң дебейин, карыраак,
Алтын башта асыл чач,
Ак дебейин агыраак,
Чалынганга жетелек,
Чал дебейин чалыраак.
Кымызды сүйгөн кыргыз эл,
Кычкылын сөздүн сагынат.
Устатым Тейитбек атка коносуң,
Тек сөздөн болгуң сагыраак.
Ажардуулук сулуулук,
Аксакалдык улуулук,
Айтышта жылат арыраак,

**Амантай:**

Акындардын ичинде,
Амантай экен улуусу,
Ирени түзү башкача,
Ичинде Изат сулуусу,

Бирок, аябай жактың агаңа,
Бүгүн майрамдын болду майрамы,
Айтылуу Аксы жеринде,
Изаттай акын чыгуучу.

Изаттын өңү сары экен,
Айрымдын өңү ак экен,
Айрым сөзүң жакпайт го,
Бул андан башка таппайт го.
Айтар сөзүң бар экен?
Алтындын өңү сары экен,
Сары десе жарашат,
Ойлонуп көрчү жакшылап,
Амантай кайдан чал экен?

Агаңды карап отурап,
Азыраак жерден чал дейсиң,
Бирок, анча-мынча сүйлөшсөк,
Аксыдан кетпей кал дейсиң,
Жакпай калса ырыбыз,
Таласыңа бар дейсиң,
Ой айланайын Изатым,
Он алты акын ичинде,
Ачылып турган гүлүбүз,
Булактай тунук үнүңүз,
Булактай болуп кашкайып,
Бул элдин дайым ичинде,
Мукамдуу ырдап жүрүңүз,
Амантай сыйлайт өзүңдү.
Ал жагын жакшы билиңиз,
Жалгыз кыз чыкса Аксыдан,

Жакшы кыз чыгат жакшыдан.
Мына Иса аксакал отурат,
Илгирлүү сөздөн тапчудан.
Изаттын угуп сөздөрүн,
Бир башкача жашардым,
Айтып ошол сөздөрүн,
Жамансың десең жаманмын,
Начарсың десең начармын.
Акындын акыны болуп кетесиң,
Айтылуу Исак агадан,
Ийилип туруп бата алгын,
Айтар сөзүм ушундай,
Ар жагы сөздүн бузбайын,
Болбосо калкыган Талас элинен,
Чалкыган Аксы элинен.
Не бир акындар чыккан илгери,
Акындын акын эмес кебинен.
Шекер кыз чыккан билесиз,
Болбосо Ырысгүл,
Жаактууга жайды бербеген,
Жарым саат айтса түгөнбөйт,
Жарашыктуу дем менен,
Сен дагы
Жаңы замандын Ырысгүлү,
Шаңшый бер жаңы термеден.

Алардан эмне кем белең,
Сени басынта турган мен белем,
Эми кагылайын Изатым,
Акындардын гүлү бол.
Бирөөлөргө карындаш,

Бирөөлөргө жан жолдош,
Ар кайсы жерге барганда,
Ар дайым калбай арманда,
Айтылуу Аксы жеринен,
Жанагындай сөздү айтып,
Жарашат айтсаң балдарга.

Эми айланайын Изатым,
Бул аттабай айтат сөздөрдү,
Кагазга салып печаттап,
Жаттабай айтат сөздөрдү,
Айтышсаң бүгүн айтышкын,
Аксынын ушул элине,
Айтыша турган кез келди.

**Изат:**

Кара жаак Током турганда,
Кара алтын тема айттыңыз,
Музыка санат обонун,
Мурас деп санайт ал кыргыз,
Жар салып асыл ыр төккөн,
Токобуз, жарыгы өчпөс ак жылдыз,
Каргалардын шагына
Каргалар келип конбосун,
Агайым акындардын ичинен
Туягы талбас жоргосуң,
Агайым мага таарынба,
Тил тийгизсе ким сизге,
Ошонун,
Тилине куям коргошун.

# ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВ

## АТА-БАЛА АЙТЫШЫ, АБАЛТАН КАЛГАН НАРК УШУ[1]

**Шекербек:**

Айныгыс балдай кебиңиз,
Актаңдай ата, келиңиз.
Алтымыштан ашканда,
Азайган жокпу демиңиз.
Айтышка турам чакырып,
Алымды ченеп көрүңүз.

Атыңыз маалым жалпыга,
Ак калпак кыргыз калкыма.
Ачканда эле оозду,
Агылат сөздүн каркыра.
Кечеңизге келгенде,
Тамаша куруп элдерге,
Тийишип ырдап турамын,
Токтосун абам бир кезде,
Тийишкендей Барпыга.
Барпыдай кылып сиз дагы,
Баланды сөзгө жанчыба.
Кашаңдап калсам эгерде,
Катуу сөз менен камчыла.

1 Ш.Адыловдун айтыштары акындын «Өмүр термеси» аттуу китебинен алынды (Бишкек, 2014)

Башында уулуң Шекербек,
Башпаанек шаарды этем деп.
Бапыратып ырдасам,
Барпыдай болоор бекем деп.
Байырлап шаарга келгенде,
Толубай болуп сынадың,
Толтуруп күчүм чыңадың,
Тоорушсам деп өзүңдү,
Эми,
Толорсуктап турамын.
Азыр,
Курап калган кезегим,
Сөздүн,
Кууп оттоп ыраңын.
«Күч атасын тааныбайт»,
Кызыл тилди бүлөткөн,
Күрөшкө кандай дымагың?
Кетилсе тилим ыр жактан,
Келтирип кайра чыңагын.
Бир аз,
Шашмалыгыңыз бар эле,
Кезегин ырдын берейин,
Кетип турса чыдамың.

**Тууганбай:**

Бу бала,
Шашмалыгым билгенби?
Шайтандуу жолго киргенби?
Шалкы тил менен атасын,
Шапалактап жүргөнбү?
Менин,
Толубайлыгым билгенби?

Тозоку жолго киргенби?
Токмок тил менен атасын,
Толорсуктап жүргөнбү?
Күрөшкөнү келгенде,
«Күч атасын таанныбайт»,
Бирок,
Уңгулуу сөзгө келгенде,
Улууну кичүү каарыбайт.
Атасынын төрүндө,
Айтышам деп наалыбайт.
Сенден,
Шилтенген сөздүн төркүнү,
Шиберлүү жайлоо көркүбү?
Аркыны айтып жатканда,
Кыйытасың беркини.
Көөдөнүңдө уюган,
Каухардай ойлор кертими.

Бузсам деп сөздүн капасын,
Бучкактап ойдун атасын.
Буйткага кептеп өзүмдү,
Буруп ырдап жатасың.

Казсам деп сөздүн запасын,
Капкандап ойду атасың.
Калп эле тооруп өзүмдү,
Какчаңдап ырдап жатасың.
Жалындуу сендей кезимде,
Жана айттың сөзүңдө.
Башында катуу киришип,
Барпыга коюп тийишип.

Барпы акын оргуп киргенде,
Бас-бастап кайра жибитип.
Агылган дайра сөзүнөн,
Сузуп алган эмеспи.
Жараатына сүйкөтүп,
Тузун алган эмеспи.
Акындык деген өнөрдөн,
Узун алган эмеспи.
Сенин да,
Акылың болсо эгерде,
Абайлап балам чеберде.
Атаңдын сөзүн алып кал,
Аш катык болоор өнөргө.
Өөрчүтүп анан кетээрсиң,
Өзүңдө болсо көрөңгө.

**Шекербек:**

Улуу атам Тууганбай,
Угуңуз сөздү кууланбай.
Шаштыңды качан кетирдим,
Шапалактап куугандай.
Актанып жаткан сөзүңүз,
«Ариел» менен жуугандай.
Сиз,
Купкургак бойдон чыгасыз,
Кудуктан дагы сууланбай.
Кадырын көрүп адамдын,
Калыбын билем замандын.
Дарыясы замандын,
Булганып бара жаткандай.
Карыясы замандын,

Кууланып бара жаткандай.
Азайып суусу көлүңдүн,
Бууланып бара жаткандай.
Аракка кары-жаш дебей,
Ууланып бара жаткандай.
Болбосо айтып бериңиз,
Өзүңүз биздей жаш чакта,
Көчөдө иттей жалашып,
Өбүшкөндөр бар беле.
Көтөрө албай көчүгүн,
Көп ичкендер бар беле.
Көк тиретип чатырын,
Там салгандар бар беле.
Көөдөнүн ачып бирөөнүн,
Жан салгандар бар беле.
Көчүгүнө суу куюп,
Чаң салгандар бар беле.
Көпөлөк базар дегенди,
Жар салгандар бар беле.
Ошолор жөнүн айтыңыз,
Менин,
Оюма түштү ар неме.

**Тууганбай:**

Куу деп айтып атаны,
Куучуңдап чыгып чатагы.
Атасына бул бала,
Асылгансып жатабы.
Азыркысын ошентип,
Айтуучу сөздөн какады.
Балам,
Кысыр калган бөкөндөй,

Кычыткы кеп көтөрбөй.
Тийише берсең ушинтип,
Үмүтүң калат өтөлбөй.
Болбосо,
Күйгүзүп кылам бозала,
Күлгө чапкан көтөндөй.

Кадырын көрүп адамдын,
Калыбын билсең замандын.
Дайра, көл суу болгон соң,
Буулана берет турбайбы.
Билбегендер балга да,
Уулана берет тубайбы.
Ал-күчүнөн тайганда,
Алышам десе баласы,
Аз болсо ата чамасы.
Амалга салып андайда,
Куулана берет турбайбы.

Ал эми,
Султан бойду сылаган,
Сулууларды сынаган.
Сурасаң биздин жаш чакта,
Суусабай кантип туралам.
Суктантып жанды арбаган,
Сулуунун колун кармаган,
Иш эле айга жеткендей.
Кылгыра карап арбаган,
Кылыктуу кызды жандаган.
Иш эле андан өткөндөй.
Көрүнгөн жайда ар кандай,

Көрсө эле баса калгандай,
Кыздар,
Ит эмес эле өпкөндөй.

Азыр адат болду жаштарга,
Айкаша калып жол тосмой.
Учурашса эле өбүшөт,
Уй жалаган торпоктой.
Сен да,
Обуң менен жүрө көр,
Ошолорго окшошпой.
Оолак болгун алардан,
Ойноп, күлүп, достошпой.

**Шекербек:**

Бооз-кызырын бөкөндүн,
Болжоп билээр экен ким.
Атам,
Күлчатайын жеген бейм,
Күлгө чапкан көтөндүн.
Айтканымды билет деп,
Азилди жакшы сүйөт деп.
Кычыткы эмес мен сизге,
Тамаша кеп көтөрдүм.
Болбосо,
Алтымыш акын келсе да,
Айтыштан сизге жетээр ким.
Азыркы тирүү акындан,
Алдыңызга өтөөр ким.
Жан дубалы урабайт,
Пайдубалы бекемдин!
Тикенек эмес айтканым,

Тийиишип ырдап жатканым.
Өзүңдөн алган үлгүдүр,
Өзүңдүн ушул жапсарың.

Бир кезде,
Ыр пирине асылган,
Ысмайылды качырган.
Кубаты менен жаштыктын,
Куйкум сөз айтып катылган.
Азил кепке келгенде,
Аккелте болуп атылган.
Бороондуу ырды сапырып,
Боройлоп барып басылган.
Үлгүсүн алып жүрөмүн,
Устатым сиздей асылдан.

Заңк эткен ар бир сөзүңүз,
Замбирек менен аткандай.
Бой денеме бүтүндөй,
Бомба түшүп жаткандай.
А мен айткан жаңкы кеп,
Жөн эле,
Броножилет калкандай.
Теңесем сизге өзүмдү,
Тегирмен менен талкандай.
Мен,
Ийнеге учук жип болсом,
Сиз,
Кыл чылбырлуу аркандай.
Жарышаар болсом калармын,
Аягымды тарта албай.

Менин сөзүм тикенек,
Сиздин сөз болсо чалкандай.
Анан кантип коёмун,
Өзүңүздү барк албай.

**Тууганбай:**

Күлчөтайга аралаш,
Балам берсе куйрукту.
Атам деп сыйлап жатпайбы,
Кантели ушул буйрукту?!

Эми, калкым чынында,
Күлкүдөн тамак, эт берип,
Күлкүгө бир аз кептедик.
Чындап мында кажышып,
Чычалашып кетпедик.
Болбосо,
Атпай журттун алдында,
Ата-бала айтышып,
Кай тарапка жулунат?
Анткенде алар кутурат.
Кээ бир жерде ырдадык,
Кем-кетикти чукулап.
Акын чыкса баласы,
Атасы,
Айтышпай ак утулат.
Анткени,
Козу илинсе бычакка,
«Кой өлүмдөн кутулат».

А сен балам Шекербек,
Жаңыдан чыгып таскагың,

Жарыштан чыга баштадың.
Жамагың күндөй чачырап,
Жаркырап турсун асманың.
Жакшыны калбай ээрчигин,
Жамандын изин баспагын.
Акындык жакка келгенде,
Арбыткын сөздүн дастанын.
Атанын көөнү кубанар,
Алганда жолун жаштарың.
Ачып калган кезегиң,
Акындык кудук капкагын.
Акындык деген өнөрдүн,
Астанасын аттадың.
Акын болсоң нагыз бол,
Атаандашың какпагың.
Күйгөндүк кылып бөтөндүн,
Күлүгүн башка чаппагын.
Сүйөп ал, калкым баламды,
Сүйлөтсүн ырдын аспабын.
Балама кубат, дем болоор,
Бали деп колду чапканың!

## ЖЕҢИЖОК АКЫНДЫН «КУТ ЖЫЛДЫЗЫ» АТТУУ АЙТЫШТАН

**Бишкек. 2004-ж. 20-март**

## САРА ТОКТАМЫСОВА МЕНЕН ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВДУН АЙТЫШЫ

**Шекербек:**

Ала-Тоонун арасы,
Атыр жыттуу абасы.
Айтыш курду Ноорузга,
Ак калпак кыргыз баласы.
Көпчүлүк ушул айтышка,
Көңүл буруп карачы.
Кара кылды как жарган,
Калыстыкка жарачы.
Кабылыптыр өзүмө,
Казактардын даанасы,
Калтардай болгон Сарасы.
Шектенбей жаным эмесе,
Шекердей тилди сабачы.
Кирпиги кошо ыр курайт,
Кимде экен мунун санаасы.
Өзөгүмө өрт коёт,
Өзүмдү бир жалт карашы.

Ээ, кудай,
Өңүмбү же түшүмбү,
Өңүмдө көрчү кишимби?
Оюмду ишке ашырып,
Оңдочу теңир ишимди.
Чырайыңды көрүп курган жан,
Чүкөдөй болуп кичирди.

Анда эмесе Сара кыз,
Абайлап бери караңыз.
Айып кетсе сөзүмдөн,
Артынан бүрүп жамаңыз.
Айтышам деп келипсиз,
Айтышка анда салабыз.

Жогору өтсөм төрт теңге,
Түйүп барам Сара кыз.
Жоодураган көзүңө,
Күйүп барам Сара кыз.
Жомоктон келген жансыңбы,
Сүйүп барам Сара кыз.

Төмөн өтсөм төрт теңге,
Түйүп барам Сара кыз.
Төгөрөнгөн көзүңө,
Күйүп барам Сара кыз.
Төлөгөн болуп мен сени,
Сүйүп барам Сара кыз.

Кылыгы жандан бир бөлөк,
Кыргыйек болуп түрлөнөт.

Кыйрында жүрсөң Саранын,
Кышында гүлүң гүлдөмөк.
Дүлөйдүн угуп кулагы,
Дудуктар анда сүйлөмөк.
Азиздерге көз бүтүп,
Аяксыздар бийлемек.
Жамалынан Саранын,
Жараткан өзү сүрдөмөк.

Ырым менен баш бактым,
Ышкым түшүп каш кактым.
Ылаачындай жан эркем,
Ырдашкандан качпассың.
Жамак ырдын сабагын,
Жамгырдай кылып төксөңчү.
Жаныңды жанга теңешип,
Жанаша жүрүп кетсеңчи.
Калтырбай ырың төксөңчү,
Каалаганга жетсеңчи.
Каалаган мендей жан менен,
Катарлаш жүрүп өтсөңчү.
Самаганга жетсеңчи,
Сабатып ырың төксөңчү.
Сара кыз мендей жан менен,
Сапарлаш жүрүп өтсөңчү.

**Сара:**

Бисмилладан бастасам, жамак сөзим,
Эмгектенсем саамайдан тамбак терим.
Кыргыздай кайраттуу элге келген кезде,
Барактап мен ашайын жан дептерин.
Кыргыз, казак качан да таттуу болса,

Талгамдуу тарыхыммын алмак төрүн.
Манас баатыр касына эр Көкчө кеп,
Бул дабандан куумак деп калмак терин.
Ыр жампозу Катаган, Токтогулдар
Айтыста аркаланган арбактуу эдиң.
Жеңижок боп аталган Өтө акын,
Айтыста дара тууган саңгак дедиң.
Жолун кууган Ашыраалы, Эстебестер,
Чыккан жок го кыраандай самгак тегин,
Казактын үкүлөгөн Сарасы эдим.
Сары алтындай жырымды арнап келдим.
Айтыска жат карабай бак санаган,
Армысың Бишкектеги ардактуу элим.

Алдыңда бийиктетем жыр кузурун
Жырымды сүйүктүү этем, күндүзү күн,
Куаныш бен шаттыкка толады экен.
Кыргыздай аялуу элдиң нур жүзүнөн,
Эзелтен тамырлас эл болгандыктан.
Бөтөнү эмес едим кыргызымдын,
Елимден ат терлетип келген кезде.
Эндиге кыздырайын жыр кызыгын
Агайын өз кызыңдай кабылдасаң,
Сызылган Айчүрөктөй кырмызымын.
Карсы келген карсыластан каймыкпайтын
Казактай кайсар елдин бир кызымын.
Кыргызга да казакка да орток тууган,
Еки елдиң жаркыраган жылдызымын.
Топка түссем төбемнен жаңылдырмай.
Кубат бер кудуреттүү тил кузурум.

Кубантайын осылай,
Агайынды бир күн кеп.
Кечетен бери жүр эдим.
Айтысатын мени мен,
Мына кыргыз ким, ким деп.
Менин да ага ойымды,
Отургандайсың билгиң кеп.
Азил сөз айтып агамыз,
Бар ойымысты бүлдүрмөк.
Арзан сөз бен калыкты,
Дебеймин, акын күлдүрмек.
Шекербектей байкем бен,
Көрейин бүгин шүлдүрлөп.

Кыргыздай баатыр калыктын,
Асылдай асыл бели бар.
Толгап айтар жери бар,
Мөлтүр таза көлү бар.
Кыргыз менен Казактын,
Айтылмай жүргөн шери бар.
Бетке устар кылып көрсөтер,
Кызы боп болса, эри нар.
Бүгүнкү мына тоюңда,
Болар кызыкты көрүп ал.
Анжырдын эксем гүлдерин,
Эринбей ага терип ал.
Жеңижоктун тоюнда.
Айтысып эми көрейин,
Шекербектин жеңи бар.
Казактын Сара саңгалын.
Мыкты болсаң жеңип ал.

**Шекербек:**

Ак калпак элим көрүп ал,
Мендей,
Акынга көөнүң бөлүп ал.
Сыртыңан байкап карасам,
Сымбатыңды көркүңдү.
Жүткүнө калып өзүңө,
Жүрөктүн күүсү чертилди.
Келбетиңден кыпындай,
Көрө албадым кемчилди.
Бурала басып чыкканда,
Буруп алдың эркимди.
Айтып өтсөм чынымды,
Ачып берсем сырымды.
Көргөндүн көзүн тайгылткан,
Көркөмүңдү сыныңды
Кандай уста келтирди.

Куп келишкен чырайың,
Кут куюлган ырайың.
Кынтыгы жок жараткан,
Кудурети кудайдын.
Эми айып көрбөсөң,
Бир суроону сурайын.

Жерден түркүн гүл чыгат,
Желден түркүн үн чыгат.
Жетесинде болбосо,
Жеринен сендей ким чыгат?
Караңгы кетсе күн чыгат,
Кара жерден гүл чыгат.

Канында кокус болбосо,
Казактан сендей ким чыгат?

Асыл чыгат жеримен,
Акыл чыгат кебиңен.
Айып издеп таппадым,
Айнектей тунук өңүңөн.
Арбактуу бирөө бар го дейм,
Аркы атаңан, тегиңен.
Аруужан болот ушундай,
Алты атасы колдосо.
Айтып берсең тегиңди,
Айтканым айып болбосо.

**Сара:**

Адептүүлүк таанытсаң,
Баатыр деп сени сыйлармын.
Адепсиздик көрсетсең,
Басжибиң бен байлармын.
Тегимди менин сурасаң,
Ал тегинен тайган ким.
Намысты колдон бермейтин,
Кызы болом наймандын.

Талаптанган бир кызмын,
Бийик-бийик чың куз гай.
Оңойлук бен кетпейтин,
Өлеңден салам тургузбай.
Каймыкпай келе жатырмын,
Салган изимди бир бузбай.
Арымдын сактап намысын,
Багымдын гүлүн жулгузбай.

Жүйрүктөй чыксам додага
Колдай көр бабам ыргызбай.
Жорго минет Шекер мен,
Колго устатпас кундуздай
Жаркырап элим багымды
Маңдайда жанган жылдыздай.
Кечээ мен агалар мен мол кеңестим,
Айтыска бир ыңгайлуу жол керек чын.
Он жетиде ойнактаган бойдок кызмын,
Арийне, сен айткандай колда эмесмин.
Кыргызга бир келдим деп кала салар,
Шекербек сага оңой олжо эмесмин.

**Шекербек:**

Сара,
Ушундай деп жүргөмүн,
Ушундайың билгемин.
Улуулуктун эмесе,
Учугун кармап сүйрөгүн.
Улантпай жолун актыктын,
Убалга калып жүрбөгүн.
Угуту бышкан бозодой,
Удургуй берсин сүйлөмүң.
Улуулуктун белглси,
Унутпастан көңүлгө,
Ушундай баарын түйгөнүң.

Улууларды эстемек,
Урпактардын милдети.
Унут кылып аларды,
Биз эмеспиз билбечү.
Шерменде болор андайды,

Шекердин такыр билбеши.
Жеткилең болду Саранын,
Жетесин айтып сүйлөшү.
Анык тура бул Сара,
Алтындуу тондун түймөсү.

Эмесе сен да угуп тур,
Айтылчу сөзгө келейин.
Аныктап ата-тегимди,
Айтылуу Аксы жеримди.
Мен дагы айтып берейин.
Жеңижок өскөн жер экен,
Сурачу болсоң себебин.
Ошол,
Жеңижоктун жеринен,
Жете, жото тегинен.
Жеңиштүү туудай булгалап,
Жеткирип айтам эми мен.
Айтышка келсем атам тең,
Алакан жайсак батам тең.
Акын кыз сенден кемибейм.
Ал,
Жеңижок жайын сурасаң,
Ааламга толо күч менен
Акындык жолун түптөгөн.
Аккан суунун тамчысын,
Алты күн айтып бүтпөгөн.
Жер аалам сыйбас күч менен,
Жетиктеп жолун түптөгөн.
Желдирген суунун тамчысын,
Жети күн айтып бүтпөгөн.

Кыйрында элдин жыргаган,
Кылычтай тилин чыңдаган.
Кыргоолдун бир тал канатын,
Кырк күнгө чейин ырдаган.

Эми,
Көйкөлгөн ырды жандаган,
Көйкөлгөн кызга таң калам.
Көңкү бир элде макал бар,
«Көз мончок жерде калбаган».

Көңүлгө түшкөн бир ойго,
Көлөкө болуп байланам.
Көпөлөк жандан эмесмин,
Көрүнгөн гүлдү тандаган.
Көйрөңдөн дагы эмесмин,
Көрүнгөн кызды жандаган.
Эми,
Айтайын деген ал ойду,
Айтпастан кантип жайгарам.
Бу,
Көз мончок сендей кыздарга,
Кайындатып барбаган,
Калыңын төлөп албаган
Казактарга таң калам.
Дегенимдин себебин
Тетири ала көрбөгүн.
Мен анын,
Тек-жаатын айтып беремин.
Айтканымдын баарысын,
Акылга салып ченегин.

Керексизин ыргытып,
Алып кал жанга керегин.
Кергиштене бербегин,
Келип турса кемелиң.
Арам ойго алдырсаң,
Арам болор өнөрүң.

Кадимден казак-кыргыздын,
Катарлаш конгон айылы.
Кыз алышып, кыз берип,
Кайчылаш куда кайыңы.
Мына ушундайды айткандын,
Болмок беле айыбы.
Мен дагы айттым Сара кыз,
Мелжеп ушул жагыңы.

Куйкум сөз айтсаң мурч болот,
«Курама темир курч болот».
Куралса эки эл биригип.
Куруган жанга тынч болот.
Ыр менен дүйнө кураган,
Анда,
Ырыска тунган журт болот.
Анын,
Экөөбүз болсок башаты,
Эки элге бирдей кут конот.

**Сара:**

Шекербек агам сен един,
Өсүп да калган санаңыз.
Айтысып бир аз көрөйүн,
Жеткенимше шамамыз.

Тектүүдөн тектүү шыкпайма,
Кудуретти мынау караңыз.
Бул, Шекердин буйрутса,
Бир ебин али табамыз.
Түрткүлесем сөздөр мен
Кетпесин Шеке, мазаңыз.
Шайкасамын деп олтуруп,
Жыртылмасын жакаңыз.
Байкап, байкап көсүлсө,
Учуп кетпесин тагаңыз.
Сайтанын болса боюнда,
Кагып алат Сара кыз.

Зуулудап, берги жакка бурулмайсың,
Сөзүңдү жырың менен тыгындайсың.
Мына ел өз кызындай көрсө мени,
Ал сени кабылдайды уулындай шын.
Оң жактан кеп жудырык тийсе дагы,
Билемин, оңайлык бен жыгылмайсың.
Аптыкпай отурусуң караганда,
Шерт берген бул айтыска чымырдайсың.
Жогалган алтыныңды тауп алгандай,
Эмнеге, карап алып жымыңдайсын.
Саат сайын менин кауп келе жатканым,
Шекербекой сен бирак угунбайсын.
Кыргызстанга бир келибем, сүйө калып,
Мени эмнеге өтүрүк кырындайсың
Казакстанга мени издеп келмедиңби?
Анчейин өз елинде мыгымдайсын.
Шын сүйсөң, мурун сонда кайда калдың,
Көктөмдө жаңы ойганган шымындайсың.

**Шекербек:**

Жаңшанганым билбесең,
Жадыңа жөндөп илбесең.
Как ушуну билбесең,
Какшансам көзгө илбесең.
Жаман ырдайт экен деп,
Жанагыдай тилдесең.
Көйкөлгөн сулуу перизат,
Көктөн түшүп келсең да
Көңүлүмдү зилдетем.
Туйлай бербе андыктан,
Тунук акыл сүйлөсөм.
Туурума конор бекенсиң,
Туурдан чыгып үндөсөм.

Эми,
Акындыктын салты экен,
Азилдешип ырдаштык.
Аяк-башты сындаштык,
Кыйшык кетпей сен дагы,
Кылып турдуң кылдаттык.
Узарта койбос биздерди,
Убакыт турат ченелип.

Көп чайналган сагыздай,
Кежирленбей биз дагы
Кезегибизди берелик.
Сен эми,
Арчадай болуп көктөй бил,
Агаңа «сен-сен»дешпей жүр.
Алыстап кетип бул жерден,

Айлыңа барсаң эстей жүр.
Көйкөлүп өсүп көктөй бил,
Көйгөйгө такыр чөкпөй жүр.
Көгүчкөн сындуу Сара кыз,
Көкем деп мени эстей жүр.
Шек-шыбаа болбой жолуңда,
Шерт болсун ушул моюнга.
Шешеңдин нанын жеп жатып,
Шекербек болсун оюңда.

**Сара:**

Карап турсам Шекербек,
Шын «жентельмен»сиякты.
Тулпар боп чабам жериңде,
Талдырмай тургун туякты.
Шумкар боп учам көгүңде,
Кыйылган каштуу, кыякты
Эстиймисиң кыздардан,
Жигитсиң деген жиякты.
Чыныңды айтчы Шекербек,
Канча кызды алдадың.
Шуулдатып буякты.
Көз салдың эми жаш кызга,
Болмаспы бунуң уятты.
Көктөмдө мына кутуруп,
Алденген карышкыр сыяктуу.
Жас токтуларды тамактап,
Дамденген карышкыр сыяктуу.

Жарысканда топка кеп,
Эш ким айтпас токта деп.
Шекербекке караймын,

Айласы анын көппа деп.
Башын устап туратын,
Мойыны анын жокпа деп.
Азили көп болган мен,
Оюны анын жокпа деп.
Көпөлөктөй күйөрсүң,
Жанып турган отка кеп.

Жеңижоктой улуу акын,
Акындардын асылы еди
Аккан суу деп ырдаган,
Ырлары толо осият.
Той жасап бүгүн урпагы,
Арбагына бас ийет.
Таланттарды туугузган,
Таластын бою касиет.

Шокан бабам түшүргөн,
Манастын ырын катка алгач.
Бата алып Чыңгыз, Мухтардан,
Танылып жолу, тапты алгач.
Шахановду эрчиткен Чыңгыздын,
Эмгеги кандай мактaлбас.
Улууга ошентип эликтеп,
Өнөргө канат каккан жан.
Жеңижок менен айтыскан,
Майкөт деген бир бабам.
Сөздөрү кандай жатталмас,
Өнөрдү сүйгөн эл барда,
Ысымы калай сакталмас.

**Шекербек:**

Сен айткандай кыздарды,
Алдагандан эмесмин.
Далайларга мен барып,
Жандагандан эмесмин.
Ана өзүң айткандай,
Карышкырдын алдына
Басылып турсуң Сара кыз.
Шекербектин жанына,
Жашынып турсуң Сара кыз.
Кээ-кезекте тийишип,
Качырып турсуң Сара кыз.
Шекербек мендей акынга,
Батынып турсуң Сара кыз.
Эми сага айтайын,
Жүрөктөгү каны бир.
Жүлүндөгү жаны бир.
Жүздөмөндөп жыгылса,
Жүткүнүшкөн жагы бир.
Кыргыз-казак илгертен,
Кыла жүргөн камы бир.
Артыла берсин дейликчи,
А көрөк жашоо кумары.
Карегим менин казагым,
Көзүмдүн сенсиң кумары.
Ак түшпөсүн көзүңө,
Өчпөсүн достук чырагы.
Айып этпе сөзүмө,
Сара кыз анда туралы.

## АМАНТАЙ МЕНЕН ШЕКЕРБЕК, АЙТЫШКАН БИР КЕЗ БЕТМЕ-БЕТ

**Амантай:**

Сакадай иним Шекербек,
Салмактуу жакшы жигитсиң.
Бийик жердин кулуну,
Билимдүүсүң, бийиксиң.
Сары-Челектин өзүнөн,
Салам айтып ийипсиң.
Эс алып жакшы жүрүпсүң,
Эң сонун күнгө күйүпсүң.
Бетме-бетке чакырса,
Менин атым айтылса,
Мыйыгыңдан күлүпсүң.
Айтышам деп шар эле,
Ач билегиң түрүпсүң.
Ошол жерден түз эле,
Оруңдоп кабак түйүпсүң.
Калаага түшүп келбейсиң,
Каадаланып мен дейсиң.
Карып калган агаң жок,
Каруу күчтөн бу күндө,
Тайып калган агаң жок.
Жарыя кылдың теледен,

Жакындап айткан салам жок.
Жамагыңды баштай бер,
Жалтана турган, адам жок.

**Шекербек:**

Аптаптуу жайдын күнүндө,
Аксыда жүрсөм эс алып.
Алдыман чыгып Шайырбек,
Амантайга чык деди,
Акын болсоң бет алып.
Саратан жайда жүргөндө,
Сары-Челекте эс алып.
Салам айтып Шайырбек,
Саркашкага чык деди,
Салт боюнча бет алып.
Бетме-бетке чакырса,
Бекинип калчу мен белем.
Кеп табалбай алдыңда,
Кетилип калчу мен белем.
Кандай айтыш болгонун,
Карашат калыс эл деген.
Абайлап анда бери кара,
Айтышка чыктым сен менен.
Бетме-бет чыгып алдыңа,
Беттешейин деп келдим.
Эки эли тилди бүгүн бир,
Экчешейин деп келдим.
Бекем олтур эмесе,
Бетме-беттен бет келдим.

Атыңды атпай журт билет,
Ардактуу Аман акыным.

Акыл күчүн сынашып,
Алышканы жатырым.
Азилдешип ырдашып,
Жабышканы жатырым.
Акындыктын кубатын,
Табышканы жатырым.
Кандайсың Аман акыным,
Кадимкидейби акылың.
Каруун тилдин сынашып,
Кармашканы жатырым.
Калк билген сиздей акынга,
Жандашканы жатырым.
Кубатыңды кетирип,
Арбашканы жатырым.
Куйкум сөз менен өзүңө,
Жармашканы жатырым.
Кууланып калчу кезиңди,
Кармातканы жатырым.
Илинсе сөзгө бере бер,
Иниң Шекер катыгын.

Талантың мурда билинген,
Тажырыйбаң көп иниңден.
Чакчарылып ырдасаң,
Чаң чыгат кызыл тилиңден.
Бир гана сенин айыбың,
Бир аз,
Чыгып жүрдүң чийинден.
Байке деп чыкпай жаныңда,
Мен болдум сага ийилген.
Чымчылаганым себеби,

Чын айтышып көрмөккө,
Чыкса дедим ийинден.

Каруу күч кирип тилиңе,
Каяша айтчы иниңе.
Тикелей бүгүн бет келип,
Тийейин дедим жиниңе.
Ачылчу кезде ачыл да,
Чачылчу кезде чачыл да.
Ана-мына дегиче,
Алла берген ырыскы,
Аны кармап жегиче,
Агара баштайт чачың да.
Качырчу кезде качыр да,
Чамаң жетсе айтышка,
Чакырчу болсоң чакыр да.
Каруу-күчүң кеткенде,
Карылыкка жеткенде,
Калбай калат акыл да.
Акыл жаштан деп айтат,
Айттым сиздей акынга.
Анан кимге айтмакмын,
Айтпасам сиздей жакынга.
Эркелеп айттым байке деп,
Эл алдында бакылда.

**Амантай:**

Акыл жаштан деп айттың,
Аның ырас Шекербек.
Акыл айтсаң сүйүндүм,
Акылман болгон экен деп.
Жаштардан күтүп жүрдү элем,

Жардам берер бекен деп.
Генийлигиң кут болсун,
Генийлер бирок кекетпейт.
Эси жок байкуштарды да,
Эл катары эсептейт.
Акыл айтса баласы,
Атасы аны чечек дейт.

Көрүнбөй калсаң бир топко,
Көңүлүмдү кейиттим!
Көрсө,
Көмүскө жерде көп жүрүп,
Көсөм болуп келипсиң.
Жатырымды жат айттың,
Акылыңды баса айттың.
Чийинден чыгып жүрдүң деп,
Чымчылап жаным кашайттың.
Түшүнүп жаттым бийигиң,
Түз эле бастың ийиним.
Кайрылып кайра кирейин,
Канакей чийген чийиниң.

Көптү күтөм инимден,
Сөздү күтөм тилиңден.
Мына ушундай болоруң,
Мурун эле билинген.
Жүргөнүң да башкача,
Жүңдөрүң да тирилген.
Чын экен ушул байкашым,
Азыр,
Чыга калып айтасың

Чыгарам деп ийинден.
Чыгарам десең ийинден,
Менин,
Чыкканым кайсы чийинден.
Сезип калдым катамды,
Сен айткандан кийин мен.
Башында өзүң айткандай,
Айтышабы деп турсам.
Арбашканы жатырың,
Кармашканы жатырың,
Жармашканы жатырың.
Жакшылап айтсаң болбойбу,
Жатырыңдын акырын.
Арманың эмне деги бир,
Айланайын асылым.
Баягыдан негедир,
Башкача го басыгың.
Ток этер жерин угайын,
Кана,
Толук айтчы ачыгын.

**Шекербек:**

Азил кепке жараша,
Айтып өтсөм тамаша.
Куйкум сөзгө жараша,
Курап өтсөм тамаша.
Чыкпадым деп чийинден,
Чычаладың балача.
Өнөр деген ошондой,
Өргө сүрөп тынчытпайт.
Өсөр жигит агасын,
Төргө сүйрөп тынчытпайт.

Ал эми,
Өлөрман кээ бир адамдар,
Көргө кулап кырсыктайт.
Таланты бар азамат,
Такылдап тилин тынчытпайт.
Бактысы бар азамат,
Бакылдап тилин тынчытпайт.
Тагдырына таарынган,
Тарамыштай кээ бирөө,
Тамында жатып тынч уктайт.

Жатырым деп баштасам,
Жат кишидей карайсың.
Жаныңа чаң жугузбай,
Сак кишидей карайсың.
Жатырымдын акырын,
Жакшылап айткан жоксуң деп
Кас кишидей карайсың.
Жарым сааттан бер карай,
Жаныңдагы Шекеңди,
Мас кишидей карайсың.
Ток этээр жерин айтканда,
Токтоп нени самайсың.
Ээсин тапкан күчүктөй,
Ээк башың жалайсың.
Аңчылыкка чыкканга,
Айталбайм кантип жарайсың.

Мурунтадан белгилүү,
Мусулман тили келмеде.
Агайын элге келгенде,

Акындын тили термеде.
Айбандан артык жаратып,
Акыл берген турбайбы,
Алла Талла пендеге.
Бир аз,
Чыктың десем чийинден,
Чыртыя түштүң сен неге.
Өткөндө Ошко барды элең,
Өткөнбү ысык келдеңе.
Же,
Суусамырдан өткөндө,
Суук тийгизген эр беле.
Чын чычалайт дечү эле,
Чычалайсың эмнеге.
Чийинден качан чыктым деп,
Бул жер,
Сурай турган жер беле.
Периште деп жүрчү элем,
Пенде экенсиң сен деле.

Үмүтүңдү актаарга,
Үкөңмүн го ийилген.
Ачууланба Амантай,
Акыл уксаң иниңден.
Келечекти ойлонбос,
Кежирлигиң билинген.
Артыңдан чыкты көп жаштар,
Колуна комуз кармаган,
Калкына аты билинген.
Көпчүлүктөн калышпай,
Көшөрүп жүргөн иниң мен.

Азыр,
Заманынан калышпай,
Өнүп жатат жаштарың.
Заң-законун замандын,
Көрүп жатат жаштарың.
Кошуп ырдап сиз менен,
Төгүп жатат жаштарың.
Коррупция дегенди,
Калктын нанын жегенди,
Сөгүп жатат жаштарың.
Компьютердик тармакты,
Үйрөнүп жатат жаштарың.
Канат кагып ай сайын,
Күүлөнүп жатат жаштарың.
Интернет дегенге,
Кирип жатат жаштарың.
Издегенин табышып,
Билип жатат жаштарың.
Карабай былык чылыкка,
Ак эмгек менен иштешип,
Айтыш фонд, Манас-мурас деп.
Акындык, манасчылыкка,
Буруп жатат жаштарың.
Эл дегенде тикеден,
Туруп жатат жаштарың.
Жан дилдери биригип,
Жаңы заман, жаңы өлкө,
Куруп жатат жаштарың.
Элден четтеп калбайбы,
Ээрчибесе адамды.
Түркөйлүккө жатпайбы,

Түшүнбөсө заманды.
Эл билгенди сен билип,
Эмгектенсең жаманбы.
Ошондойлорго жашынан,
Окутсаң боло баланды.
Өспөсө алып билимди,
Анда,
Өлгүчө кетет караңгы.

Алгалап өсүш элде бар,
Акындык өнөр менде бар.
Аралап көрсөң кыдырып,
Ар түркүн жемиш жерде бар.
Анда бердим кезекти,
Кана,
Амантайда эмне бар.

**Амантай:**

Бали рахмат Шекербек,
Качырганың бир укмуш.
Баштап коюп балээни,
Жашырганың бир укмуш.
Бетме-бет деген ушул деп,
Асылганың бир укмуш.
Кербездендиң деп айтсам,
Кекчил төөдөй көбүгүң,
Сапырганың бир укмуш.
Таш тийген аюу сыяктуу,
Бакырганың бир укмуш.

Азаматтын жакшысы,
Азыраак сүйлөп көп тыңшайт.
Акын болчу шакирттер,

Аалы, Азамат, Курсанттай,
Агалардан сөз тыңшайт.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чокутпай.
Тургуздум эле бутуңдан,
Тура турчу кошкурбай.
Таптакыр эстен чыктыбы,
Баягы,
Тапшырган кези Доктурбай.
Чепкениме жылуулап,
Черттирген жокмун чекеңе.
Чылбырды сундум биринчи,
Чыкканың жакшы жекеге.
Тажрыйбамды үйрөтүп,
Элге,
Тааныта турган кез эле.
Кемечайыр сөздөрүң,
Кепшебепсиң бетеге.
Наркы жагын эстегин,
Наадан болуп кетпегин
Нардан жыгыл десе эле.
Аталардын бир сөзүн,
Айтайынбы Шекеме.
«Мал арыгын сактасаң,
Ооз майлайт дечү эле.
Киши арыгын сактасаң,
Ооз кандайт дечү эле».
Амантай деп түз айтсаң,
Аябай жакшы угулду,
Аке деп жүрүп кечээ эле.
Көргө кулайт деп айтып,
Көргөзбөгүң кырсыгың.

Көңүл жок эрте өлүшкө,
Көпчүлүк күткөн ырчымын.
Же,
Көмөсүңбү мен менен,
Көчкү алган жердин жыртыгын.
Бүтүрөйүн дейсиңби,
Бүгүн тилеп кырсыгын.
Бүлүнөөрүм күтпөгүң,
Бүлө күткөн ырчымын.
Же,
Бүтөйсүңбү мен менен,
Бюджетиңдин жыртыгын.

Ысык-сууктан коркпогун,
Ымыркай бала мен белем.
Ыр жаралат Шекербек,
Ылдый менен өйдөдөн.
Ырчы болуп жарытпайт,
Ылгап, таанып, бөлбөгөн.
Ышынчаактан пайда жок,
Ысык-суукту көрбөгөн.
Ынтааң коюп кулак сал,
Ыңгайы келген жер белем.
Ысмайылдын сөзүнөн,
Ылайык жооп мен берем.
Мурункулардан болобуз,
Муз чайнаса аш кылып,
Сызга жатса тердеген.

Периште менен пенденин,
Айырмасын билбеген.

Шекербексиңби чын эле,
Шайтан болуп жүрбө сен.
Айтышмак түгүл сен менен,
Анда мен кантип сүйлөшөм.

Кыргызчылык дегенди,
Былыкчылык деп айтпа.
Көчмөн журттун жолоюу,
Көкө Теңир тарапта.
Көндүрөт заман өзү эле,
Көлөкөм,
Көбүрөөк сыйын Манаска.

**Шекербек:**

Айткан сөзүн карасам,
Аң-таң болуп баратам.
Таштаган кебин карасам,
Таң калып кетип баратам.
Жалпы журттун алдында,
Жалаа жаптың жанатан.
Куулана бербей кечке эле,
Кудайды аке карасаң.
Кудай деген кур калбайт,
Кут болот анда аласаң.
Какшык сөзгө чалынбай,
Каадалуу ырга жарасаң.
Какшыктын иши какшыкта,
Какшыктайм деп отуруп,
Кадырыңды какшытпа.
Башынан эми келейин,
Баятан берки сөзүңө,
Баяндап жооп берейин.
Четинен эми келейин,

Чечмелеп жооп берейин.
Эми,
Чычалабай угуп тур,
Чын сөзгө көңүл буруп тур.
Ачууланбай угуп тур,
Айтканга көңүл буруп тур.
Анда,
Адресиң көргөзүп,
Алпарган эле Доктурбай.
Жумуш кылсаң бирөөгө,
Жүрбөйсүңбү док кылбай.
Көптү билген агам деп,
Көңүлүм тартып өзүңө,
Баргандыгым ал ырас.
Саламдашып ырдашып,
Калгандыгым дагы ырас.
Анан,
Узанганың ыр болсо,
Устаттыгың чын болсо.
Устат деген шакиртин,
Чакырмак беле жекеге.
Черттирбегем деп койуп,
Чертмек беле чекеге.
Тажырыйбамды үйрөтүп,
Элге,
Тааныштырам деп айттың,
Ойлонуп көрсөң Аманым,
Он жыл мурда бул сөздү,
Айта турган кез эле.
Азамат, Аалы, Курсанттай,
Алмадай бала кез эле.
Анда,

Канатымды куулөгөн,
Кадырым айтып сүйлөгөн,
Туура айтсам сөздүн кыскасын,
Тукам болду устатым.
Сөөгүң тирүү жан деди,
Сөзүңдө болсо бар деди.
Ала бер деп тартынбай,
Аяган жок нускасын.
Алгач элге чыгарып,
Анда,
Алып барган Таласка.
Атың барда жер тааны,
Атаң барда эл тааны.
Эңсеген жерге келдим деп,
Атап куран окугам,
Атабыз айкөл Манаска.

Атамдай болгон Тукамды,
Ээрчип жүрүп жетилдим.
Айтпай турган сөз эле,
Айтылып кетти өз эле,
Аша чапсам кечиргин.
Ал эми,
Атам Манас сыймыгым,
Атам Манас урааным.
Атам Манас колдоочум,
Атам Манас коргоочум.
Өйдө чыксам өбөгүм,
Ылдый түшсөм жөлөгүм.
Айкөл Манас атамдын,
Арбагын бийик көрөмүн.
Бирок,

Сени дагы жараткан,
Мени дагы жараткан.
Жан-жаныбар баарына,
Ырыскыны тараткан.
Өнөр берген сага да,
Өнөр берген мага да.
Жаратуучу бир кудай,
Сени билбейм менин бир,
Сыйынганым бир кудай,
Жыгылганым бир кудай.
Ойлогонум бир кудай,
Жаман жолго түшүрбөй,
Ондогонум бир кудай.
Адам деген ар кандай,
Кууган дагы кудай дейт,
Качкан дагы кудай дейт.
Каршы чыккан душманын,
Аткан дагы кудай дейт.
Дүнүйөсүн көргөзбөй,
Каткан дагы кудай дейт.
Берешен болуп байлыгын,
Чачкан дагы кудай дейт.
Жайнаган элдин ичинде,
Мен да,
Жашап жүрөм кудай деп.
Аа,
Тааныбагандар кудайын,
Табалбай жолун убай жейт.
Анан,
Мулуңдап мындай кеп айттың,
Мурункуларданмын деп айттың.
Залкарсыңбы жетилген,

Бюджетти бүт жеген,
Же,
Шалкарсыңбы бекинген.
Кандай какшык айтса да,
Кашымдагы агамды,
Каткырып ырдап кечиргем.
Амантай деп койгонго,
Олтурасың таарынып.
Эркелетип айтканга,
Менин,
Оозум турат жабылып.
Сиздин атка көп киши,
Дайыма турат чалынып.
Эл менен чогуу кеңешип,
Бир жакшы атты коёлу,
Алладан нур ошондо,
Өзү эле келет агылып.
Иним акыл айтат деп,
Итиреңдеп кетпегин.
Кеп,
Укканда эмес жукканда,
Ушул жагын эстегин.
Айтпай турган нерсени,
Айттырасың жан аке.
Көңүлүңдү өзүңдөн,
Кайт кыласың жан аке.
Карматып анан шайтаның,
Шаштырасың жан аке.
Алгач кандай болгонун,
Айтыш фонддун жолдорун,
Айтпадың го ооз ачып,
Акылың сенин канаке.

Ашыкпай эми угуп тур,
Айтаарым далай бар аке.
Анан,
Өлүмүш боло калбагын,
Өл деген сизди эч ким жок.
Жаман көрүп турсаң да,
Жаныңдан алыс кетким жок.
Али көп элге берериң,
Акың жок эрте өлүшкө.
Андайды айта көрбөгүн,
Акча жок сени көмүшкө.
Калкыңа көп берериң,
Камынба эрте өлүшкө.
Карзыбыз көп ансыз да,
Каржы жок сени көмүшкө.
Өстү десем жаштарым,
Көптү деп айтып турасың.
Төктү десем жаштарым,
Сөктү деп айтып турасың.
Ар бир сөздү бурмалап,
Ашмалтай гана кыласың.
Эзилип майдаланбастан,
Элди айтсаң болбойбу.
Элди баккан намыскөй,
Эрди айтсаң болбойбу.
Эр эмгегин жебеген,
Жерди айтсаң болбойбу.
Же,
Аферисттерге алданып,
Күйгөндү айтсаң болбойбу.
Чет жерге кетип келе албай,
Жүргөндү айтсаң болбойбу.

Мугалим, врачтарыңдын,
Айдан-айга жетпеген,
Айлыгын айтсаң болбойбу.
Басып койгон чоңдордун,
Байлыгын айтсаң болбойбу.
Өзүбүздү чукушпай,
Өйдө төмөн нукушпай,
Эл ырчысы болгон соң,
Элдин камын ойлойлу.

**Амантай:**

Кара боёк чампалап,
Кандай сүрөт тартканың.
Калк көңүлүн айнытпай,
Кайрадан өрттөп таштагың.
Бейчекирээк көрүндү,
Бейнемди менин тартканың.
Мейли дей турган жери жок,
Бекитип өрттөп таштагын.
Ыксыз сүйлөп кыйкымдап,
Ызаланып чыйпылдап,
Ыйлап ийе жаздадың.
Майдаланбай Шекербек,
Маданиятың сактагың.
Уйкашат деп туш келди,
Урдура берген кебиңен,
Устатымын деп айтыштан
Уялып калдым эми мен.
Ушунуку туура деп,
Уга берер эл барбы.
Ушалатып кулагын,
Тура берер эл барбы.
Көчө сөзү бүттү окшойт,

Көргөзө элек эмнең калды.

Чаап койсоң ылайды,
Чачырай берет дегендей.
Мен,
Сабырымды сактайын,
Сага кечке теңелбей.
Жакшыны сүйөт кулагым,
Жалаага болсо кереңдей.
Антпесем Амантаймынбы,
Андыктан турам кебелбей.
Кара башка асылбай,
Калк мүдөөсүн айтайын.
Элдин ичин аралап,
Эчендерди байкадым.
Муну айтканым маселен,
Мусулман эле ата-энем.
Мухамбеттин үмөтү,
Кыйла динге бөлүндү,
Кыргыздын кээ бир бүлөсү.
Атап айсак аларды,
Атеист аял-күйөөсү.
Християнин тун уулу,
Кришнаит бирөөсү.
Буддага бири сыйынып,
Бурчта отурат тим өзү.
Ортончусу мусулман,
Оозунда келме сүрөөсү.
Эң кичүүсү студент,
Иогованын күбөсү.
Ким билет, кудай бир билет,
Киминин канча күнөөсү.

Көчөдөн бура бастырбайт,
Көпкө сүйлөп жанашып.
Жумушуңдан калтырат,
Жүрөсүң деп адашып.
Миллиардерби чоңдору,
Миллиондук тиражда,
Китебин жатса таратып.
Менчиктеп алган кудайды,
Менники деп талашып.

Азыр,
Өлгөнүн жерге берүүдө,
Өзгөрдү биздин калкыбыз.
Өкүрүп түшмөй биринчи,
Өткөндөн калган салтыбыз.
Имам окуур доораны,
Исламдык парзыбыз.
Ичкилик ичүү күйүткө,
Ивандан калган шартыбыз.
Жыртышы менен жылкысы,
Жыйначу кадыр баркыбыз.
Оркестр митинг кечээки,
Коммунисттик даңкыбыз,
Билбейм,
Кара жанга сооп болот,
Кайсыны сактап калтырыш.

Байкап туруп таң калдым,
Балдардын тили тез чыкты.
Жашабай жатып шар эле,
Жан Клод Ван Дам деп чыкты.
«Р»тамгасын айт десең,

Рент Джер деген сөз чыкты.
Карышкыр түлкү коёнду,
Карабай калды теледен.
Калп жомокту койчу деп,
Качышат андай немеден.
Азыркысы бул болсо,
Кандай болот неберең.

Балээси көп батыштын,
Боевигин самашат.
Киши жеген канкордун,
Кинолорун карашат.
Бургузбай кыргыз каналга,
Пультуңду колдон талашат.
Өздөрү көрбөс киносун,
Өлкөлөр сыртка таратат.
Сөз жок анын таасири,
Зөөкүрлөрдү жаратат.
Мунун,
Түбүндө барбы деп кетем,
Түзүлүп бүткөн саясат.
Татынакай жаш балдар,
Тамырга ийне саюуда.
Тамекинин түрлөрүн,
Таратып элге жаюуда.
Реклама жасап аюуга,
Кээ бирөөлөр баюуда.
Ал эми,
Кыргыздын каада салттарын,
КТР гана жаюуда.
Бал кошуп мейли таратсаң,
Пайда жок пиво арактан.

Айланып кетсин ошолор,
«Тан», «Шоро» «Тагай» чалаптан.
Көчөдө көрнөк-жарнакта,
Көлөмү тоодой чылымдын.
Жыйынтыгы сыяктуу,
Жыйырма биринчи кылымдын.
Айткан менен сөз жетпейт,
Азайтышып чектешпейт.
Саламаттык сактоочу,
Министрлик эскертпейт.
Эскертүү майда тамгага,
Кадаган дүрбүң болбосо,
Караган менен көз жетпейт.

Замандын жакшы-жаманын,
Сайрап өттүк биерде.
Адамдын кандай түрү бар,
Талдап өттүк биерде.
Азилдеп мени, мен сени,
Жайлап өттүк биерде.
Чатак кылып сен эртең,
Чакырып жүрбө килемге.
Көпчүлүк үчүн тамаша,
Көңүлгө алып жибербе.
«Бетме-бетке» рахмат,
Беттештирген бул элге.
Кайталык бүттү убакыт,
Калган сөз кийинкилерде.

***5-Август, 2004-жыл.***

## ЭКИ АКЫНДЫН ЫРЫ БАР,
## ЭЛИНЕ АЙТАР СЫРЫ БАР

## ШЕКЕРБЕК МЕНЕН ААЛЫНЫН АЙТЫШЫ

**Шекербек:**

Агайын элим уксун деп,
Акындар айтыш баштайлы.
Айтаардан мурда ойлорду,
Акылга салып аштайлы.
Арбытпай саман, топонун,
Ашыгын алып таштайлы.
Айтышуу жеңил нерсе эмес,
Ар бир сапты маштайлы.
Алдыма келди көрөйүн,
Асыл ырга бөлөйүн,
Бүгүн,
Ардагым Аалы жаш тайды.

Айтышам деп жан иним,
Алдыма келсең Аалы иним,
Агаң ыр кантип таппасын.
Чыйрак сендей баланы,

Чылбырдан кармап какпасын.
Акыйкатты ырдаган,
Арам оокат кылбаган,
Асылдары элимдин,
Ашыкем, Тукам барктасын.
Азилдешип кеп курган,
Алыска чуркайм деп турган,
Азыр,
Айтыш фонддо таптасың.
Айтылып жатат билинип,
Агайын элге жакшы атың.
Оозуңдан ырың чубуруп,
Ордолуу элге угулуп,
Орундалсын максатың.
Жылдыздай жанган курагың,
Жыйырма эки жаштасың.
Ой-тилекке жеткенче,
Осмонкул болуп кеткенче,
Ойлонбо иним башкасын.

А деп салам бергениң,
Арбыганы таанышың.
Айтыш фондго келгениң,
Ачылып жатат арышың.
Анда,
Көлдөлөң кылып жаялы,
Көңүлдө ойдун баарысын.
Сөз куржунун ачып көр,
Седебин элге чачып көр.
Кеп куржунун ачып көр,
Кереметин чачып көр.

Жаздагы чырпык өңдөнүп,
Жайнап турсаң алдымда,
Сенин,
Жан агаң кайдан карысын.
Эми,
Башкача кылып айтайын,
Баш териңди байкайын.
Сыналгыдан биз чыгып,
Сырдашпайбыз ай сайын.
Камчылап койсом тай сарым,
Катуударсың ансайын.
Жүнү тирүү баласың,
Жүгүн элдин артайын.
Тартып кетсең сүйүнөм,
Тарталбасаң тартайын.

А дегенде тай сарым,
Аксы менен Таласты айт,
Ата-энебиз турган жер,
Антпесек бизге жарашпайт.
Туулган жерди айтпасак,
Туура деп элиң карашпайт.
Адамгерчилик болбосо,
Акын деп эч ким санашпайт.
Жарыгың элге тийбесе,
Жакының дагы жанашпайт.
Элдин баары угушсун,
Эч ким ырың талашпайт.
Козголуп турган көпчүлүк,
Коомдогу талашты айт.
Ырдайм десең калкты ырда,

Ырдан бүткөн салтты ырда.
Жакырчылыкты жоём деп,
Жалган айткан антты ырда.
Жумушу жок бошту ырда,
Баркы бийик башынан,
Баткен менен Ошту ырда.
Жанаштырып ар дайым,
Жалал-Абад, Чүйдү ырда.
Кулаткан тактан бийликти,
Кутмандуу элди күндө ырда.
Наркты билген жигитсиң,
Нарын менен Көлдү ырда.
Кыдырып жүрүп шайлоодо,
Кызыктарды көрдүң да.
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Айта турган жер белен.
Кысынып мурда жүрчү эле,
КТР дагы эл менен,
Сени менен, мен менен.
Жан иним анда баштай бер,
Жалпы эл берген дем менен.

**Аалы:**

Жыйырма эки кылым баскан эл,
Жылдыздан саны ашкан эл.
Кыраанын Манас баш болуп,
Кытайды сүрүп чапкан эл.
Кырк жерден кыркын чогултуп,
Кабылан Манас тапкан эл.
Азыркы эрлер шайлоо деп,
Алтымыш бөлүп чачкан эл.
Шайлай албай мыктысын,

Шайы ооп, шору каткан эл.
Чыркырап чыгып көчөгө,
Чындыкты издеп жаткан эл.
Алты сааттын ичинде,
Ак үйдү барып баскан эл.
Таң калып баатырдыгына,
Тарыхка дүйнө жазган эл.
Манастан калган баатыр эл,
Максатка жетти негизи,
Ачык айт эми коркпо деп.
Акынга укук беришти,
Шер-Нияз Садык жактаган,
Элмирбек төкмө баштаган.
Ашыкем, Тукам таптаган,
Акындар толук келишти.
«Айтыш» фонддун атынан,
Куттуктайм элдик жеңишти.

Ардагым Шеке алп акын,
Ар сөздү айттың камтылап.
Такшалган чыгаан күлүксүң,
Такандан оргуп чаң чыгат.
Таалимиң алып жөнөйүн,
Таптасаң сүрөп камчылап.
Жөөлөтпөй бир да күлүккө,
Жөнөсөм деймин аркырап.
Анткени,
Теминген жерден билесиң,
Тулпардан озуп тай чыгат.

Туулган жерди ырдасак,

Туурубуз Аксы, Таластан.
Жетимдиктин айынан,
Жеңижок элден адашкан.
Ааламда эл жок мындай деп,
Аксылык элге жанашкан.
Жеңижок сүйгөн Аксы элин,
Ок атып бийлик сабаткан.
Ушунча элдин каргышы,
Уктатат дейсиң каяктан.
Акыйкатты ырдашып,
Акындар тилин тыйган жок.
Чындыкты айтып турбаса,
Жалганды айтып ырдаса,
Ал акында ыйман жок.
Жалган сөз айтып ырда деп,
Жараткан акын кылган жок.
Акыйкатты акындар,
Айтпасын деген мыйзам жок.
Бийликтен коркуп бул теле,
Бир кезде болсо БТР.
Кайран эл алып бийликти,
Кайрадан болду КТР.
Теминип айтсам чындыкты,
Теледен көрсүн бүтүн эл.
Нарынды айтам Көлдү айтам,
Намысын сатып чоңдору
Насибин жеген элди айтам.
Кытайга сатып четинен,
Кыркылып жаткан жерди айтам.
Кан болуп учу найзанын,
Айбалта жоого аштаган.

Ушул жерди кан төгүп,
Урпакка Манас сактаган.
Ниети бузук душмандын,
Жериме буту баспаган.
Жергеме сугун артышып,
Байлыгын сузуп калпышып,
Чет элдик келди каптаган.
Коркпостон ишин кылышат,
Койгун деп эч ким тыялбай,
Цианид төгүп булгаган,
Көл жээгин койдук жууй албай.
Өлтүрсө деле мейли деп,
Өзгөдөн кууп кун албай.
Кууралы го кайран эл,
Кумтөрдүн кунун кууй албай.
Бабалар сактап келген деп,
Баркын билбей мурастын,
Башка элге бекер бергем деп,
Урпактарга ушуну,
Айтабыз кантип уялбай.
Жалпы журт чыккан дем берип,
Жалал-Абад, Ошунан.
Жарылган элди көргөндө,
Жалтанып бийлик чоочуган.
Мурдараак сиз да студент,
Окуу жайда окуган.
Бийликке каршы сын койсоң,
Бир жечү элең чокудан.
Эркиндик алдың эмесе,
Эмне сөз чыгат оозуңан.

**Шекербек:**

Адамдын буту жетпеген,
Ак кары баштан кетпеген.
Ала-Тоо кыргыз конушу,
Ааламда жердин зору ушу,
Ачыгын айтсак кеп менен.
Табигат менен сырдашып,
Таң атканча ырдашып,
Тарыхын дайым эстеген.
Жабышпай байлык, бийликке,
Жашаган акыл-эс менен. Алар,
Бир метр жерин сатпаган,
Бийлигин таштап качпаган.
Антына бекем бек турган,
Аталар менен мактанам.

Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү элим кыргызым.
Түгөнбөгөн күчөгөн,
Күчтүү элим кыргызым.
Берешен, жоомарт салты бар,
Кенен элим кыргызым.
Изилдесе тарыхын,
Исадан дагы мурдагы,
Терең элим кыргызым.
Бирок,
Карт тарыхын жашырып,
Катылып келген кыргызым.
Канча заман алмашып,
Чачылып келген кыргызым.
Баркын билбей башкага,

Баш уруп келген кыргызым.
Эл бийлиги бар болуп,
Биригели кыргызым.
Эрктүү эл деп дагы да,
Билинели кыргызым.
Жакшылыктар көп болуп,
Жана берсин жылдызың.
Айта бербей башканы,
Азыркы күнгө келейин.
Арманым ичте бар эле,
Аксыны айтып берейин.
Айлымды айтып жан иним,
Бошоттуң менин муунумду.
Кордук эмей эмине,
Коргошун жүрсө аралап,
Конушумду, туурумду.
Ал күндөрү кантейин,
Айлам алты куурулду.
Анда,
Абийирсиз болуп башкарма,
Аксынын элин атканда.
Жетесиз болуп башкарма,
Жеңижок элин атканда.
Сайылды барып коргошун,
Сага окшогон жаштарга.
Көрсөттү элге теледен,
Көргөндүрсүң сен дагы,
Ок тийген жерин ачканда.
Кары-жашы биригип,
Кан төгүлгөн жерге азыр,
Таш алпарып бек койду.

Каттап өткөн адамдар,
Токтоп өтсүн деп койду.
Каза тапкан балдарды,
Жоктоп өтсүн деп койду.
Кан жыттанган бийликти,
Калк алдына чыгарып,
Соттоп өтсүн деп койду.
Агайын элдин атынан,
Акындар айтып калалы.
Аткарылсын бардыгы,
Ак калпак элдин талабы.
Оңолуп кетсе болгону,
Ойлонтуп жаткан заманы.
Жалпы эл үчүн иштесин,
Жаңы бийлйк кадамы.

Эми,
Аалы иним кеп айттың,
Арт жагында бек айттың.
Чокчоңдогон чоңдордон,
Чокуга жечүң деп айттың.
Жай-маанимди билгендей,
Жанымда дайым жүргөндөй.
Билгизип элге ырдадың,
Бийликтен катуу күйгөндөй.
Эмки келген бийликти,
Эңсеп күндө ырдаарсың,
Сүйгөн кызың сүйгөндөй.
Кеп тизгини өзүңдө,
Кана,
Кайрадан жөнө күрмөлбөй.

**Аалы:**

Беришип акча кызылдай,
Бийликке көптөр жутунмай.
Колуна мансап тийген соң,
Кой десе болбой кутурмай.
Эл уулу болом деп жүрсөм,
Мансапты ээрчип бузулбай.
Эмки келген бийликти,
Сүй дейсиң сүйгөн кызыңдай.
Агалык кылып сен Шеке,
Айттыңбы акыл ушундай.
Жакындап ага барбайлы,
Жактыра бербейм андайды.
Баркына жетпей сүйгөндүн,
Байлыкты иниң тандайбы.
Жарынан малды жуук көрсө,
Карынбай болуп калбайбы.
Калк бийлиги деп,
Кээ бирлер ишти баштоодо.
Кайрандар кызмат талашып,
Калкты унутуп таштоодо.
Баш аламандык күч алды,
Башчы аз тартип сактоого.
Он беш жыл жер жок берилген,
Жер сурап көптөр какшоодо.
Кыйналгандан кайран эл,
Кытайды басып алгансып,
Күздүктү тепсеп таптоодо.
Бишкекти тоноп, талкалап,
Бир топко кыргыз аксоодо.
Дүйнөнүн эли көз салып,

Шылдыңдап ушак сөз салып,
Бузуктун сөзүн жактоодо.
Так ушул болсо заманың,
Татыктуу беле мактоого.
Качан кыргыз тарыхта,
Пикетке зарлап чыкчы эле.
Бир карыянын айтканын,
Биригип баары укчу эле.
Уу тырмак кысса айла жок,
Унутуп койдук намысты.
Күнүгө пикет калкыбыз,
Көнүшүп деле калышты.
Он беш жыл бою кайран эл,
Ордодон таппай калысты.
Ошол үчүн бийликти,
Омийин кылып салышты.
Далайлар,
Кошомат кылып бийликтин,
Колтугунда жашаган.
Коркутуп сабап элдерди,
Коколоп алка-жакадан.
Чындык деп чыккан калкымды,
«Бандиттер» деп атаган.
Бийликти элдер алганда,
Биз эл менен бирге деп,
Өзгөрө түштү бат анан.

Ажосун шайлаар мезгилге,
Аттанып журтум барышат.
Манасты шайлап алган эл,
Мыктысын тандап алышат.

Ак дили менен иштеген,
Адилеттүүсүн табышат.
Ал дагы иштей албаса,
Алты сааттын ичинде,
Алмаштырып салышат.
Түндүк түштүк бөлүнбөй,
Түгөл кеңеш салалы.
Кайсы обулус болсо да,
Кыраанын тандап алалы.
Эми ким башчы болсо да,
Эстүү болсо экен аялы.

Аны мындай таштайлы,
Акындардан баштайлы.
Саясат деген сасык иш,
Сазына анын батпайлы.
Жеңижок акын бир кезде,
Өнөрпоздордун көркү экен.
Көксулуу деп боздосо,
Уйкусун төрткө бөлчү экен.
Алымкан үчүн Аксыга,
Токтогул күндө келчү экен.
Азыр да жүргөн ырдалып,
Аксыдан чыккан сулууга
Акындар айткан шерт экен.
Суктанып көптөр жетпеген,
Сулуунун Аксы кенчи экен.
Жеңижок менен Токомдун,
Жолдодуң жолун сен Шекем.
Акындар жетпес Аксынын,
Аккуудай кызына үйлөнгөн,

Ардагым Шекем өрт экен.
Батасын алып элиңдин,
Дагы да өсүп өнөрсүң.
Көп иште Шеке эмитен,
Көшөгөңөр көгөрсүн.
Кудум эле өзүңдөй,
Кара каш уул төрөлсүн.
Оо, Кудай берип тилекти,
Ошентип кыргыз көбөйсүн.

**Шекербек:**

Кулун эмес кунаным,
Кудуңдаган чунагым.
Кудай берсин тилегиң,
Кубанып мен да турамын.
Убагың келсе сен дагы,
Үйлөнөм деп жөнөрсүң.
Үйлөнсөң анан көрөрсүң.
Айтканыңа рахмат.
Көшөгөбүз көгөрсүн,
Көп эле балдар төрөлсүн.
Ашыкем менен Тукамдын,
Алдым эле батасын.
Аракет кылып иничек,
Азайганча запасым,
Аткарайын заказың.

Бир мүнөз күтүп башынан,
Жүргөнүң жакшы кубулбай.
Кыргыздын чыгаан уулу бол,
Кызылды көрүп жулунбай.

Байлыкты кандай көрөт деп,
Сынадым иним чынындай.
Өзүмчүл болсоң иничек,
Өлөт элем арыман.
Туткучтун уулу бүттү деп,
Түңүлөт элем жаныман.
Андайга ырас барбайсың,
Адат жок сенде кубулмай.
Ал эми бийлик жаатында,
Арсыз жандар көбөйдү,
Алкымын ачып сугунмай.
Атып кетип жатышат,
Акчаны көрсө кызылдай.
Барбайсың уктум андайга,
Бал тилиң бар таңдайда.
Бактыңды издеп бара бер,
Башка жака бурулбай.
Жеңижок болуп сен дагы,
Көксулууну тандап ал,
Көп сулууга урунбай.

Эми,
Ыр деген өзү ушундай,
Ырыскынын кушундай.
Кээде келет башыңа,
Кээде кетет тутулбай.
Каадалуу, нарктуу ырларды,
Кармап кал иним учурбай.
Акындыктын жолунда,
Асылдык болсун оюңда.
Таза жүрүп так ырда,

Талантка көргүн камылга.
Алтын, күмүш, берметтей,
Асыл сөз болсун табылга.
Дооруң келип турганда,
Доо кетирбе кадырга.
Мактаныч каптап өзүңдү,
Май баспасын көзүңдү,
Айтканым болсун жадыңда.
Калкыңа талбай ырдай бер,
Калганы таалай багыңда.

**Аалы:**

Айтканың Шеке акыл да,
Аны уккан кулак макул да.
Аганы көрүп чоңойсо,
Андай уул асыл да.
Жандабайм бийлик, байлыкты,
Жан дүйнөм бүтбөс асыл баа.
Чөнтөктө эмес байлыгым,
Жүрөгүмдө, башымда.
Улуу мурасты эстесем,
Унутуп калам кайгыны.
Укканда «Манас» баянын,
Кут даарый түшөт айлымы,
Тоодой байлык мен үчүн,
Токомдун черткен кайрыгы.
Буларга,
Миллиардер аталган,
Соростун жетпейт байлыгы.

Ашыкем, Тукам таптаган,
Атпай журт түгөл мактаган

Акындык таза өнөрүң.
Артынан чыктың оргуштап,
Абдыкем менен Амантай,
Айтылуу эки төрөнүн.
Элге ырдасаң жамакташ,
Эт жегенде табакташ,
Элмирбек, Жеңиш өнөгүң.
Аалы менен Азамат,
Артыңдагы бөбөгүң.
Устаттан шакирт ашат дейт,
Улуусун кичүү басат дейт.
Ушуну туура көрөмүн.
Анткени,
Өссө экен деп жаштарды,
Шер-Нияз берди көмөгүн.
Дүңгүрөгөн калкымды.
Дүйнө эли сынап жатпайбы.
Урпакка калган кыргыздын,
Улуулугун сактайлы.
Эмесе келди доорубуз,
Эмгекти жаштар баштайлы.
Кадырлап ата-энесин,
Карынын уксак кеңешин,
Жамандык алыс качпайбы.
Ардактап жаңы заманды,
Ак тилек менен кадамды,
Келекчек көздөй таштайлы.

***2004-ж.***

## ЖЕҢИЖОКТУН 140 ЖЫЛДЫГЫНА АНАЛГАН АЙТЫШТАН

## САРА ТОКТАМЫСОВА МЕНЕН ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВДУН АЙТЫШЫ

**Шекербек:**

Катарга койсо катарлаш,
Кан жолго чыкса сапарлаш.
Өнөрү бирге баурлар
Өлөңүн айтса такалбас.
Таза казак акындар
Камданып келген турбайбы.
Калпыйм деп кыргыз каймагын
Камданып келген турбайбы.
Шайтанда болсо жеңем деп,
Шаңданып келген турбайбы.
Куп болуптур эмесе,
Куюлсун ырыс, береке.
Айтышты Сара куралы
Куйкум сөзгө жөнөтө.
Какшык менен ырдасак,
Кадырга түшөр көлөкө.
Кубантып ырдайм калкымды,
Кут, дөөлөткө бөлөтө.
Кызыл тилди бүлөшүп,

Айтыш деп мында күрөшүп.
Дайрасын дагы ал эмес,
Кайыктай кылып жирешип.
Анда эмесе бул жерде,
Айта турган ыр анык.
Ала-Тоо элдин арасы,
Атыр жыттуу абасы.
Айтышалы анда бир,
Көңүл буруп бул жерде
Көпчүлүк анда карачы.
Калыстыкка жарачы.
Анткени,
Туш келиптир өзүмө,
Казактардын даанасы
Калтардай болгон Сарасы.
Шектенбей жаным эмесе,
Шекердей тилим сабачы.
Кирпиги кошо ыр курайт
Кимде экен мунун санаасы.
Өзөгүмө өрт койду
Өзүмдү жалт деп карашы.

Ырым менен баш бактым,
Ышкым түшүп каш кактым.
Ылаажындай Сара кыз,
Ырдашкандан качпасын.
Ашыглыктан баш бактым сага,
Ашыктык ырын мен айттым,
Ашыктыктын ырынан
Сен дагы Сара качпассың.
Жылуу сөз менен баш бактым,
Жылмая карап каш какктың.

Жыбылжыган Сара кыз,
Жыргашкандан качпассың.

Жогору өтсөң төр теңге
Күйүп барам Сара кыз,
Жоодураган көзүңө
Күйүп барам Сара кыз.
Жомоктон келген жансыңбы,
Сүйүп барам Сара кыз.
Төмөн өссөң төрт теңге
Түйүп барам Сара кыз.
Төгөрөнгөн көзүңө
Күйүп барам Сара кыз.
Төлөгөн болуп сени мен,
Сүйүп барам Сара кыз.

Кылыгы жандан бир бөлөк,
Кыргыйек болуп түрлөнөт.
Кыйрында жүрсөң Саранын
Кышында гүлүң гүлдөмөк.
Дүлөйдүн угуп кулагы,
Дудуктар анда сүйлөмөк.
Азиздерге көз бүтүп,
Аяксыздар бийлемек.
Жамагын көрчү Саранын
Жараткан өзү сүрдөнөт.

Жамак ырдын саптарын,
Жамгырдай кылып төксөңчү.
Жанды жанга теңешип,
Жанаша жүрүп өтсөңчү.
Каалаганыңа жетсеңчи,

Катырып ырды төксөңчү.
Каалаган мендей жан менен
Катарлаш жүрүп өтсөңчү.
Сара, самаганга жетсеңчи,
Сабалап ырды төксөңчү.
Сара кыз мендей жан менен
Сапарлаш жүрүп өтсөңчү.

**Сара:**

Биссмилладан бастасам жанбак сөзүм.
Эмгектенсем саамайдан танмак терим.
Кыргыздай кайраттуу элге келген кезде,
Парактап мен ашайын жандаткерим.
Кыргыз, казак качан да таттуу болсо,
Тарыхтын алмакта даана төрүн.
Манас баатыр касында Эр Көкчо боп.
Жыржың болсо Катаган, Токтогулдай,
Айтышта аркалагын ар убак деди.
Жеңижок деп аталган Өтө акын
Айтыста дара тууган салмак бердиң.
Жолун кууган Ашыралы, Эстебестер
Чыккан жок саамга тегин түйдөктегeн.
Казактын өкүлү Сара менмин
Сары алтындай жырымды арнап келдим.
Айтысты жат санабай, бак санаган
Арбасын Бишкектеги ардактуу элим.
Алдыңды бийиктетем кыргыз урум
Жырымдын сүйүктү этем күндүзү күн.
Кубаныч мен шаттыкка толо экен
Кыргыздай аялуу экен нур жүзүнөн.
Эзелтен канаттас эл болгондуктан
Бөтөнү эмес эдим кыргызымды.
Элимен ат терлетип келген кезде,

Эндеше кыздырайын жыр кызыңын.
Агайын өз кызыңдай кабылдасаң,
Сызылган Айшүрөктөй бир кызымын.
Карсы келген каршылаштан таймыкпаймын
Казактай кайсар элдин бир кызымын.
Кыргыз эли казакка да ортак тууган
Эки элдин жаркыраган жылдызымын.
Топко түшсөм тобуман жаңылдырмай,
Кубат бер касиеттүү тил кызырым.

Кубантайын усылай,
Агайынга бир күн кеп.
Кечээ күнге жүрдүм эле
Айтысатын мени мен,
Мына кыргыз ким ким деп
Менин да ага оюмду
Отургандырсың билгиң кеп.
Азил сөз айтып алмай
Бар оюбузду бүлдүрмек.
Арзан сөз мен калыкты
Кызыктырып, күлдирмек.
Шекербектей агам мен
Көрөйүн бүгүн шүлдүрлеп.

Кыргыздай асыл калыктын
Ашуудай ашуу бели бар.
Булганбаган жери бар,
Мөлтүр тунук көлү бар.
Кыргыз менен казактын
Айтылмай жүргөн чери бар.
Бүгүнкү мына тойында,
Булай кызыкты көрүп ал.

Канча ырды төксөм гүлүмдү,
Эринбей ага терип ал.
Жеңижоктун тоюнда,
Айтысып энди көрөмүн
Шекербек мени жеңип бар.
Казактын Сара акынын,
Мыкты болсоң жеңип ал.

**Шекербек:**

Анда мени көрүп ал,
Акынга оюң бөлүп ал.
Ырас мен сага айтпайын,
Кыйын деп казакта айтып жүрүшөт
Сен дагы мени эңип ал.
Сыртыңдап карап байкадым,
Алдагы сымбатыңды, көркүңдү.
Келбетиңден Сара кыз,
Көрө албадым кемчилик.
Жүткүнө түшүп өзүңө
Жүрөктүн кылы чертилди.
Бурала басып чыкканда,
Буруп алдың эркимди.
Өңүнө кебиң жарашып,
Өзөгүмө өрт үйдү.

Эми айтып өтсөм чынымды,
Мен ачып берсем сырымды.
Көргөндүн көзүн тайгылткан
Алдагы көркөмүңдү, сыныңды
Кандай уста келтирди?

Кут уюган ырайың,
Куп келишкен чырайың.

Кынтыксыз кылып жараткан,
Кудурети кудайдын.
Эми Сара өзүңдөн,
Бир нерсени сурайын.
Жерге жайнап гүл чыгат,
Желден түркүн үн чыгат.
Жетесинен болбосо,
Жеринен сеңдей ким чыгат?
Караңгы кетсе күн чыгат
Кара жерден гүл чыгат.
Канында кокус болбосо,
Казактан сендей ким чыгат?
Алтын чыгат жеринен,
Акыл чыгат кебиңден.
Айтор айып таппадым
Айнектей сулуу көөнүңдөн.
Ардактуу бирөө бар го дейм,
Аркы атаңан, тегиңден.
Асыл жан боло ушундай,
Алты атасы колдосо.
Сара айтып берчи тегиңди
Менин айтканым айып болбосо.

**Сара:**

Адептилик таанытсаң,
Бакыр деп сени сайлармын
Адепсиздик көрсетсең,
Башың менен байлаймын.
Тегимди менин сурасаң,
Ал тегинен тайган ким.
Намысты колдон бербеймин,
Кызы боломун наймандын.
Талаптанган бир кызмын,

Бийик-бийик шынгызгай.
Оңайлык мен кетпеймин
Өлеңден амал тургузбай.
Каймыкпай келе жатырмын,
Салган изимди бир бузмай.
Арымдын сактап намысым
Багымдын гүлүн жулгузбай.
Жүйрүктөй чыксам ботага
Колдой көр бабам кыргызбай.
Жорган мен Шекердей
Колкустаспас кундуздай.
Жаркырат элим багымды,
Маңдайда жанган жылдыздай.
Кечээ мен агалар мен кеңестим,
Айтыска чынында жол керекшиң
Он жетиде ойнактаган бойдак кызмын,
Арийне сен айткандай колдо эмесмин.
Кыргызга бир келдим деп кала салаар,
Шекербек сага оңай олжо эмесмин.

**Шекербек:**

Сара, жетесиң көктө жылдызга,
Сен калып калсаң кыргызга,
Анткени байкап отурсам,
Ушундай дечи турмушта.
Ушундайың билгемин,
Ушундай деп жүргөмүн.
Улуулуктун эмесе,
Учугун кармап сүйлөгүн.
Угуту күчтүү бозодой,
Удургуй берсин сүйлөмүн.
Улуулуктун белгиси
Унутпастан баардыгын,

Эстеп жүргөнүң.
Улууларды эстемек,
Урпактардын милдети.
Андайларды Сара кыз,
Биз эмеспиз билбечү.
Шерменде болор андайды
Шекердин такыр билбеши.
Жеткилең болду Саранын
Жетесин айтып сүйлөшү.
Ушундай тура Сара кыз,
Алтындын тура түймөсү.
Эми Сара угуп тур,
Айтылчу сөзгө келейин.
Аныктап ата тегимди,
Айтылуу Аксы жеримди
Мен дагы айтып берейин,
Жеңижок атам жашаган
Сурачу болсоң себебин
Аксы деген кандай жер,
Жеңижок атам айткандай
Жангагы сайдын ташындай,
Алмасы аттын башындай.
Алчасы койдун этиндей
Алтымыш түрлүү мөмөсү,
Бышып турат эзилип.
Ал дагы сенин бетиңдей.
Ар бир сабы билектей,
Алмуруту да жүрөктөй.
Жүргөндө акын аралап,
Жүрөгүң алат канаагат.
Убайым тартпай сүйлөсө
Учкуң бир келет сабалап.

Жигиттериң анан бир,
Жүрөгүң кетет жаралап.
Токсондогу карысы
Тоо кушундай таранат.
Абалтадан келаткан
Ал элек Аксы жаманат.
Ар жагында Падыша-Ата
Бер жагында Баба–Ата.
Анын жайын айтайын.
Адамдын баарын эңсеткен
Аксы деген жери бар.
Жогор жагын карасаң,
Сары-Челек көлү бар.
Санааңда болсо Сара кыз
Мени менен барып көрүп ал.
Байкап мында турамын
Жаңы чыккан баланын
Тилиндейсиң Сара кыз.
Жайнап чыккан жылдыздын
Бириндейсиң Сара кыз.
Комузумдун карачы,
Коңгуроосундай Сара кыз.
Шекербекке келгенде,
Дирилдейсиң Сара кыз.
Азыр сага биз дагы
Айтылчу сөздү табабыз.
Өзүң да байкап турасың,
Байкап мен да көрдүм.
Жараткандын жазмышын
Билесиңби Сара кыз,
Жай акыл айтсам кулакка
Илесиңби Сара кыз.

Көз мончок сөздү жадыңа
Түйөсүңбү Сара кыз.
Сен найман деген уруудан,
Мен кыргыздын
Мундуз деген уруудан,
Ачыгын сага айтайын
Тиесиңби Сара кыз.

**Сара:**

Шекербек агам сен де эдиң,
Өкүттө калган санааңыз
Айтышып бир аз көрөйүн
Жеткенинче чамабыз.
Тектүүдөн тектүү чыкпайма.
Кудуреттүү мына караңыз,
Бул Шекердин буюрса,
Бир эбин али табабыз.
Түрткүлөсем сөздөр мен
Кетпесин Шекер мазаңыз.
Шайкашамын деп отуруп
Жыртылбасын жакаңыз.
Байкап-байкап көшилсе,
Ушып кетпесин тагаңыз.
Шайтаның болсо боюңда,
Кагып алат Сара кыз.

Зуулдап берки жакка бурулмайсың,
Сөзиңди жырың менен тыгындайсың.
Мына эл өз кызындай көрсө мени,
Ал сени кабылдайды уулундай шын.
Оң жактан кеп жудурук тийсе дагы,
Билемин оңайлык мен жыгылбайсың.
Аптыкпай отурушуңа караганда,

Кептелген бул айтышта чымырдайсың.
Жогалган алтыныңды тауп алгандай,
Мага неге ыржыңдап жымыңдайсың.
Саат сайын менин келип жат жыргайым,
Шекербек сен бираук огунбайсың.
Кыргызстанга бир келсем сүйө калып,
Мени неге өтүрө кырымдайсың.
Казакстанга мени издеп келбегенде,
Анча неге өз элиңде мыгымдайсың.
Чын сүйсөң мурун энди кайда калдың,
Көктемде жаңы уйганган шыгымдайсың.

**Шекербек:**

Кубанып ырдап Сара кыз,
Курушуңду жазабыз.
Алдыңда ырдап турганда
Кетпейт го биздин мазабыз.
Өзүң да айтып тургандай,
Келип турсуң жергеге.
Ак калпак кыргыз элиңе,
Ырдап мында жатканда
Дем кошулду демиңе.
Андыктан азыр Сара жан,
Менин тиесиңби деген себебим
Тетири ала көрбөгүн,
Тек-жаатын айтып беремин.
Айтып жаткан сөзүмдү
Акылга салып ченегин.
Керексизин ыргытып,
Керектүүсүн алып кал.
Анан дагы айтайын
Ар бир сөздү таап кал.

Кергиштей бербегин
Келип турса кемелиң.
Арам болсо ойлоруң,
Арам болор өнөрүң.
Кадимден кыргыз канатташ,
Жакын турган айылы.
Кыз беришип, кыз алып
Бирге куда, кайыны.
Муну айткандын Сара кыз,
Болмок беле айыбы.
Мен дагы айттым Сара кыз,
Ойлоп ошол жайымы.
Куйкумдуу сөз мурч болот.
Курама темир курч болот.
Курулса эки эл биригип,
Куураган жанга тынч болот.
Ыр менен дүйнө топтошуп,
Ырыска жуулган журт болот.
Бириктирсек экөөбүз,
Эки элге бирдей кут конот.

Көйкөлгөн сөздү жандаган,
Көркөмдүү кызга таң калам.
Көңкү бир элде макал бар
Көз мончок жерде калбаган.
Көпөлөк жандан эмесмин,
Көрүнгөн гүлдү тандаган.
Көйрөң жандан эмесмин,
Көрүнгөн кызды жандаган.
Айтуучу дагы бир сөз бар,
Айтпай кантип жайгарам.
Көз мончок болгон кыздарга

Кайындатып барбаган,
Калыңын төлөп албаган
Бу казактарга таң калам.
Бул жерде келген сөз үчүн
Айтып дагы коёюн.
Жеңижок атамын тою да,
Ошону алып койгун оюңа.
Ай аалам толо күч менен,
Атам акындыгын түптөгөн.
Аккан суунун тамчысын ал
Алты күн айтып бүтпөгөн.
Жер, Аалам сыйбас күч менен
Жетиген ырдын түптөгөн.
Желдирген суунун тамчысын
Жети күн айтып бүтпөгөн.
Кыйрында элдин жыргаган,
Кылычтай тилин чыңдаган.
Кыргоолдун атын Өтө атам
Кырк күнгө чейин ырдаган.

Анан кайра өзүңө келейин,
Сага да жооп берейин.
Алдымда турган Сара кыз,
Арчадай болуп көктөй бил.
Агаңа сен, сен дешпей жүр,
Ак калпак элден кеткенде.
Айылыңа жеткенде,
Агам деп мени эстей жүр.
Көркөмдүү болуп, көктөй бил,
Көйгөйгө такыр чөкпөй жүр,
Көркөмдүү сулуу Сара кыз,
Көргөм деп мени эстей жүр.

Добушуңду чыгарган
Домбра болсун колуңда,
Ар дайыма жүргүн Сара кыз,
Акындардын тобунда.
Жеңеңдин нанын жеп жатып,
Жентелмен турсун оюңда.
Шекшип бир койбой оюнда,
Шерт бирөө болсун мойнуңда.
Шешеңдин нанын жеп жатып
Шекербек болсун оюңда.

**Сара:**

Карап турсам Шекербек,
Шын жентелмен сыякты.
Тулпар боп чабам жеримде,
Талдырбастан туякты.
Шумкар боп учам көлүңдө,
Кыйылган кастык сыякты.
Эстеймисин кыздардан
Жигитсиң деген сыякпы.
Шыныңды айтчы Шекербек,
Канча кызды алдадың,
Шуулдатып буякты.
Көз салдың энди жас кызга,
Болмас мунуң уятты.
Көктемде мына кутуруп,
Алданген каскыр сыякты.
Жастык кылып тамактап
Далденген каскыр сыякты.

Жарысканда топка кеп,
Эш ким айтпас токта деп.
Шекербекке караймын

Айласы анын көппа деп.
Башын мустап туратын,
Моюну мунун жокпа деп,
Азили көп болган мен,
Ойноорун жуутпа деп.
Ак калпактын астында
Баста али доппа деп.
Көп алетте күйөрсүң
Жанып турган от га деп.
Жеңижоктай улуу акын,
Акындардын асылы.
Аккан суу деп ырлаган
Ырлары толук осует.
Той жасап бүгүн урпагы
Ар убак ага бас ийет.
Таланттарды туугызган
Таластын бою касиет.

Шохан бабам түсиргөн,
«Манастын» жырын катка алгач.
Бата алып Чынгыз Мухтардан
Таанылып жолын тапты алгач.
Шаханов менен Чынгыздын
Эмгеги калай макталбас.
Улуулар үсте иликтеп,
Өнөргө канат каккан жас.
Жеңижок мен айтыскан,
Майкөт деген бир бабам.
Сөздөрү калай жатталмас.
Өнөрдү сүйгөн эл барда
Эсинде калай сакталмас.

**Шекербек:**

Сен айткандай кыздарды,
Алдагандан эмесмин.
Далайына мен барып
Жандагандан эмесмин.
Анан өзүң айткандай,
Карышкырдын алдына
Басылып турсуң Сара кыз.
Шекербектин жанында
Жашынып турсуң Сара кыз.
Анан кээ кезекте тийишип,
Качырып турсуң Сара кыз.
Шекербек мендей акынга
Батынып турсуң Сара кыз.

Аксыдан чыккан Жеңижок
Айтышаарга теңи жок.
Таластан чыккан Жеңижок,
Таймашарга теңи жок.
Ооданда бирге болгон да,
Ал эмес кыргыз элимдин
Атагы, даңкы конгон да.
Ошонун баарын Сара кыз,
Айтып мында турасың.
Акындык менен карачы,
Тартып мында турасың.
Ак калпак элге келгенде,
Калкып мында турасың.
А дагы сенин кубанчың.
Эми сага айтайын
Жүрөктөгү каны бир,
Жүлүндөгү жаны бир

Жүздөмөндөп жыгылса,
Жүткүнүшкөн жагы бир.
Кыргыз, казак илгертен
Кыла жүргөн камы бир.
Тамашалап ырдаштык.
Бул жерде да калыстар
Токтото турган убагың,
Айтыш да токтой турган сыягы.
Анда эмесе Сара кыз,
Кол беришип туралы.
Кыргыз, казак адамдын
Карегиндей сыңары.
Ак түшсө кокус бирине,
Бирине тийет зыяны.
Улуулукту Сара кыз,
Унутпай эске туялы.
Артыла берсин дейличи,
А көрө жашоо кумары.
Сайрандуу күндү жаңшанып,
Сайрасын тилдин куралы.
Карегим менин казагым,
Көзүмдүн сенсиң тумары.
Ак түшпөсүн көзүңө,
Өчпөсүн достук чырагы.
Айып көрбө сөзүмдөн
Анда эмесе туралы.

## 2013-ЖЫЛЫ 21-МАРТТА НООРУЗ МАЙРАМЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Шекербек:**

Бөрүбай айтса саламды,
Бөгүп туруп каламбы.
Казактар айтса саламды,
Карап туруп каламбы.
Калың элдин ичине,
Айтайын мен да саламды.
Айтыш мында болот деп,
Уктуңар журтум кабарды.
Анан сахнанын артында,
Ага кандай айтасың деп.
Аалы койду сес берип,
Алтыоз айтып турсак да,
Алты саат айтсак да.
Аалы үкама жетпедик,
Айланайын жан иним.
Балта болгон турбайбы,
Токомбайдын Аалысы.
Азыр, төгүлүп турган убагы,

Төкөмбайдын Аалысы.
Кызыл тилди сайратса,
Кыргызга тийген намысы.
Адашып кетсем болбосоң,
Айтышар мында калысы.
Казакка чейин барды эле,
Казактан кабар алды эле.
От болуп күйүп жанды эле.
Далайларды жайлаган,
Кызыл тилин кайраган.
Сен балка эмей эле балтасын,

**Аалы:**

Ардактап салам жөнөтөм,
Амансыңарбы жаш карым.
Акындар келип айтышат,
Өйдө төмөн тартышат.
Токомдун чертип комузун.
Толкутайын кыргызды,
Жүрөктүн айтып дастанын.
Бүгүн Нооруз айы жаңырып,
Кудайым кыргыз калкымдын.
Ачык кылсын асманын.
Казакка жооп берем деп.
Калчылдашып келем деп,
Далай жолдорду баскамын.
Кээ бир жерде кубансам,
Кээде көзүм жаштадым.

Айрымдар басып кээ жерде.
Талантын тепсейт экен го,
Чыгарышып акмагын.

Чыныгы талант дегендер,
Токтолбой алга жүрүшөт.
Салдырып жорго таскагын,
Анан казакка жооп берем деп.
Кээ бир жерде катардан да,
Унутула баштадым.
Айтыштын баарын алпарып,
Ардагым Мирлан баш болдуң,
Анан айтам бир нерсе.
Анча мынча сак болгун,
Аалыны унут койгон.
Сага
Тазбаймат деген ат койдум,
Бүттүм окшойт биягын.

Кагылайын Шекебай.
Кайрылбай эмне кыламын,
Шекербек келет дегенде.
Шекер сөзүм табалбай,
Баш айланып турамын.
Болбосо Шекем толтура,
Көпчүлүк элдин планын.
Шекербек оозун аа десе,
Шекер сөз чыгат таңдайдан.
Эл колдоп сүрөп турбаса,
Бал сөздөр чыкмак ал кайдан.
Биринчи амандыгын сурайын,
Ден-соолук көңүл болбосо,
Акындан чыкмак шаң кайдан.
Шекем Токомбайдын Аалысы,
Балка деп дагы айттыңыз.

Төкөмбайдын Аалысы,
Балта деп дагы айттыңыз.
Туура дечи аныңыз,
Атамдын аты Төкөмбай.
Сөзүндө жок да жаңылыш,
Улуу айткан сөз акыл дейт,
Улуулар нени сүйлөсө.
Кичүүлөр үчүн макул дейт,
Шекем айткан сөзүнө.
Аалы баш ийип жатыр дейт,
Кагылайын Шекебай.
Сиз айтканга кошулам,
Мен кыргыздан чыккан балтамын.
А сиз дөңгөч боло көрбөңүз,
Ашыкем Тукам курчуткан.
Мизин мендей балтанын,
Элим колдоп каалаcа.
Эргип сөздөн айтамын,
Өзүңүз менен бир чыксам.
Ырдабай кантип кайтамын,
Өзүң тээтиги Аксы жеринен.
Сары Челектин көлүнөн,
Нүсүп бий чыккан кечээки.
Асылдардын элинен,
Жеңижокту төктүргөн.
Акындардын элинен,
Болбосо,
Ааламга кеткен атагы.
Касымбеков сыяктуу,
Баатырлардын элинен.
Анан өзүңүздү көргөндө,

Ырдабайм кантип эми мен.
Сиз болсо алп жоргосуз,
Маңдайда тери ээриген.
А мен болсо артыңдан,
Жетсем экен деп теминем,
Сиз жоргологон чоӊ жорго.
А мен жоору таймын желиген,
Желисем да карачы.
Күч кубат алып олтурам,
Маңдайда кыргыз элимен.
Кагылайын көпчүлүк,
Дем кошулат демиме.
Силердей калайык берген деминен,
Акын болуп калган соң.
Колго комуз алган соң,
Айтышам деп атайын.
Алдыңарга барган соң,
Акын катары албетте.
Ырдаш керек андан соң,
Кагылайын Шекербек.
Байкем менин угуңуз,
Комузуңузду тырмабай.
Аалыга көңүл буруңуз,
Момунча элдин алдында.
Жоопкерчилик чоң болот,
Оңой эмес го бу жумуш.
Жалаң кыргыз акындар,
Бири-бири менен жарышсын.
Жалаң кыргыз акындар,
Аргендей обон салышсын.
Агайынтууган калкына,

Өз өнөрүн таанытсын.
Жеңгендери жеңишип.
Марага чейин барышсын,
Жеңилгендер кейишип
Аттиң мындай ырдабай деп
Аркада туруп наалышсын.

Чындыгы болот тарыхтын,
Эми кагылайын байкем,
Шекербек какылдатып төгөлү
Калың эл колун чабышсын.

**Шекербек:**

Эл колун чаап бүтүшсө
Мага да кезек берсе экен.
Жарым саатты сен алдың,
Жарымын эле мен алдым.
Жакшы сөздөн баштадың.
Мени унутуп таштадың.

Эми кантсе дагы иничек,
Сен далай жерге баргансың,
Далай байге алгансың.
Балта деген себебим,
Сен андан да күчтүү балбансың.
Эл менен бирге ырдасаң,
Ар бир сөзүң зоо болот.
Бирок балтанын сабын билесиң,
Кайра эле
Туугандарына жоо болот.
Ал жагын айтып өзүңдүн
Ырдап жүргөн баласың.

Тай кезинден байге алып,
Таалайлуу болуп жаралган.
Чал куйруктай чуркаса,
Атагы кыргыз эл эмес,
Казакка дагы тараган.
Айланайын Аалы иним,
Оозуңан такыр түшпөсүн
Ордолуу элдин эсени.

**Аалы:**

Аалыны мактап ырдасаң,
Шекемдин,
Оозуңда сөзү белен го.
Мактап эле негедир
Балкып эле баратам,
Бул Аалы деген таластык
Мактасаң эле ушуну
Жеңип аласың деген го
Азыр,
Шекербек байкем кеп салды
Мирлан менен айтышсаң
Мен жөн эле чыккан экем да деп салды
Ээ байке,
Бир акын менен чектелбейт.
Бир акынга кептелбейт.
Ким менен болсо да айтышат.
Кыргызда улуу төкмөлүк.
Ар ким менен айтышып,
Башынан көп иш өткөрүп.
Азыр да келе жатамын
Өйдө-төмөн өкчөлүп
Байке,

Карысы жашы тең турса
Ырдабайт деген эмине.
Ырдаш керек ушундай,
Ырыстуу кыргыз элиме.
Көптөн бери карата,
Айтыш өтпөй калкымы,
Биз куралбай тамаша,
Калкымды дагы сагындым.
Жалпыңды дагы сагындым.
Алдыңарда силердин,
Суу сымал келет агылгым.
Анкени, элдин берген демине
Эридим дагы багындым
Кагылайын көпчүлүк,
Калчылдап туруп чыкты элем,
Мээримиңерге табындым.
Эл деген ушул эл экен,
Элдин пейли кең экен,
Элде болсо тынччылык,
Мамлекетке бул дем экен.
Өлкөбүз деген өлкөбүз,
Ар жылда болсо төңкөрүш,
Андай болсо албетте
Өлкөмдө болбойт өнүгүш.
Артты көздөй кетишкен,

Оң жагың деле саясат,
Сол жагың деле саясат,
Бешикте жаткан балдар да,
Тура калып талашат,

Саясат эле дей берсең
Адамдын баары адашат.
Саясатты таштайлы
Казак-кыргыз ортодон
Ынтымакты баштайлы
Ынтымак ырын мактайлы
Демек эртеңки күнү финалда
Балким өтүп каларбыз
Колдосо эгер бир Алла
Анан Алладан эле кийинки
Алдыда турат калыстар
Себепчилер булар да.
Кошомат кылсак буларга
Булар да мээрим кылаарда.
Ошентип жатып акындар,
Астыны көздөй жылаар да.
Акындык кепке жараша,
Булардын баары тамаша.
Кагылайын да көпчүлүк,
Карачы көптөн бери ушундай
Сагындык элдин жалпысын,
Эл дагы абдан сагынды,
Төкмөлөрдүн айтышын.
Анткени азыр издеп табалбас,
Токтогул менен Барпысын.
А биз болсо акын күлүктөр,
Агайын-тууган камдаган,
Алакандан камчысын.
Биз дагы агайын ушу калк үчүн
Намысты бийик кармайлы,
Жыйылып келген жалпы үчүн

Анан да куттуктоо айтам силерге
Жаңырган Нооруз март үчүн.
Бул Нооруз март деген билемин
Бул сонун майрам турбайбы.
Өзгөчө кыргыз калкы үчүн.
Анткени Нооруздун артынан
Эл көрүп жатат айтышын
Анда агайын-тууган калкыма
Арнап өтөм бир-бирден
Жанымдын ар бир тамчысын

Шекербек байкем сен Шекем
Ичинде толо кенч экен да,
Аксылык Шекем өрт экен.
Айтыш фонддун төрүндө,
Акынга кылып демилге,
Далай-далай жаштарды,
Тарбияладың кезинде.
Өзүң карап отурсаң
Торгойдой киши кичине
Бирок,
Таланттын баарын батырган,
Алмадай баштын ичинде.
Шекербек келди дегенде
Талантты сүрөп колдоймун.
Өзүңдү көрсөм Шекебай
Кетенчиктеп токтоймун.
Оң жаккы тизем титирейт.
Айтышам деп сиз менен,
Жөн эле келген окшоймун.

Антсе да,
Агайын-тууган элим бар.
Элим колдоп турганда
Эч кимден коркпойм дегим бар.
Кагылайын Шекебай,
Казактан келсе акындар,
Даңкташат кыргыз эл-жерин.
Казактар менен карачы,
Акындар деген ушундай.
Айтышат экен эрмегин.
Анда эмесе Шекебай
Тизгиниңди бош койгун.
Агайын-тууган кашында
Чогулган ушул топтордун,
Курбу-курдаш достордун,
Алдында,
Эргип туруп ырдаңыз.
Сергип туруп ырдаңыз.
Биз казактарга барабыз
Айтышып ырдап калабыз,
Кээде сөздү табабыз,
Кээде куру кол кайтып калабыз.
Кантсе дагы кудайга,
Биз тооба кылган балабыз.
Улуу элдин тукуму,
Улуу болот экен да.
Коноктор үчүн жан дүйнө,
Жылуу болот экен да.
Жашыңар менен карыңар.
Жанатан бери сын бердиң,
Жеңишбек менен Аалыга,

Эртеңки күнү жарайбыз,
Намысы үчүн кыргыздын,
Аргымакты чабууга,
Асылын сөздүн табууга,
Анан дагы уруксат
Берсеңер эгер аттанып,
Эртеңки күнгө барууга.
Калган-каткан кептерди,
Эртеңки күнү салаарбыз.
Эртеңки күнү табаарбыз.
Эми кагылайын Шекебай,
Сиз менен эргип кыялым,
Сизди күтүп турамын.
Агызыңыз оозуңуздан,
Асыл сөздүн булагын.
Калк менен бирге кошулуп,
Жаныңызда отуруп,
Эмине десең ошону
Эл менен кошо угамын.

**Шекербек:**

Агайын элге келгенде,
Аалынын бүтпөйт жомогу.
Айланайын жан иним,
Мен дагы бир аз
Ырдап койсом болобу.
Анткени, акыйкатчы келиптир,
Акыйкатты ырдайлы.
Айланайын жан иним,
Ырдаганыңа кубандым.
Мендей болгон агаңды,
Сыйлаганыңа кубандым.

Убакаыттын тардыгы
Айтылып мында кетти окшойт.
Акыйкатты айтканы,
Акындар айтып жатканы
Айланайын жан иним,
Акыйкатчы келди деп,
Аны да айттым белгилеп.
Жанагы, ченебей жерди саткандар
Чет элди көздөй качкандар.
Метрлеп жерди саткандар,
Мекенин таштап качкандар,
Кайрылып алар келсе экен.
Алардын чыны жазасын,
Айланайын жан үкөм
Алла таалам берсе экен.
Алла таала кудайыдын,
Атын айтып ырдайлы,
Ак кийинип келипсиң,
Бактыны айтып ырдайлы.
Элге келген ушундай,
Шатты айтып ырдайлы.

**Аалы:**

Ардактуу агам Шекербек,
Эмнени айтып ийет деп.
Кай бир жерден сактанам.
Калайыкты кытайдан,
Кыраан Манас сактаган.
Жигитке жетимиш өнөр,
Аздык кылыт дечү эле.
Эмне көрсөң ошону,
Үйрөнүш керек тез эле.

Бул Турсунбек Акун карачы,
Турсунбек деген аты экен.
Акун деген бул өзү,
Атасынын заты экен.
Анан дагы карачы
Апапак болгон чачы экен.
Кагылайын Турсуке,
Алдагы сиздин башыңыз.
Ой ырды да көргөн баш экен.
Жалган менен кошулуп,
Чынды да көргөн баш экен.
Ак үй менен көк үйдөн,
Чырды да көргөн баш экен.
Мамлекетти ойлонуп,
Ак кирген да баш экен.
Оо Шеке,
Акын болгондон кийин,
Түгөнбөйт экен оюбуз.
Кимди көрсөк ошону.
Төгө берет экен да.
Акындык кепке жараша,
Булардын баары тамаша.
Тамаша айтып ырдайбыз,
Көңүлүңөргө жараша.
Агайын-тууган карачы,
Тыңшадыңар баарыңар
Силерге бир аз ырдады
Шекербек менен Аалыңар.
Артта да күтүп олтурган
Акындардын баары бар.
Ар бириси кыргызга

Белгилүү болгон таанымал.
Алты күн ырдай берсе да,
Чарчабай турган жаагы бар.
Алар да келип ырдашсын,
Агайын-тууган кабыл ал.
Ак бата болсун биз үчүн,
Эгер арзыса кол чабыңар.

**Шекербек:**

Колун чаап турса агайын
Акындар ырдап балкыган
Депутаттын баарына,
Турсунбек өзү татыган.
Айланайын жан ага
Акыйкат деп жүгүрүп,
Агарыптыр чачтарың.
Ал эми айтып ырдасак
Аалы менен Шекербек
Бүтпөйт окшойт жакында,
Ага да элим макул да.
Айланайын элдерим,
Ушул ырлар жук болсун,
Анткени бүгүн жыйырмасы,
Жыйырма биринчи март келет.
Анда Ноорузуңар кут болсун!

## 2016-ЖЫЛЫ II БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН АЛКАГЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН X ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## БАТЫРЛАН САГЫНТАЕВ МЕНЕН ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВДУН АЙТЫШЫ

**Батырлан:**

Бисмилла, колдоу мен бир Теңирдин,
Ашайын ой чаптыра ыр сандыгын.
Кошулуп казак-кыргыз азаттыкта,
Биздерге чачып тур деп күн таң нурун.
Дубан кып ат чаптырып тоюн жасап,
Айтышка байтып жатыр ыр танжырын.
Тарыхын тамга кылып ташка баскан,
Унутар бабалардын ким таглымын.
Ассалому алейкум армысыңдар,
Жалгасып Аксыдагы журт ордынын.
Улы дала оюнын өткөздүңдөр,
Урпагына сак-саламат туткан күнүн.
Алдыңа Алла жарлап келди бүгүн,
Кайра жеткенби дейм кырка уруунун.
Айды кошуп турсам да күндү сүйүп,
Алдыңда султан башым ултан бүгүн.
Кызыл тил мен кылганда кызматымды,

Орок тилим органда ыр чалгынын.
Алаканды чаап берсен энди агайын
Өзөктү жарып чыккан уксын ырым.

Бисимлла сөздү ай баштасам,
Ылайыктуу сөзгө кут келгей.
Бүгүн элдин исенимин,
Оюма болдум жүктөөрдөй.
Жарты куртту жарышкан,
Бөтөн курттай бөлүшкөн.
Бир тууган элге келгенде,
Бир сырын жок бүткөндөй.

Бул жыйындын бейнеси,
Орнайт түгөл түркүгү.
Көкөтай ханга аш берип,
Байракты бийик тиккендей.
Эл алдында сүйлөйүн,
Эңсем да бийиктиктерди.
Эр кыргызым арбысын,
Талаада бийик чынардын.
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Чын алтын мен күмүстүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Жылдыз мен ай, күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй,
Жай олтынын көктеги,
Жалтылынан бүткендей.
Сүмбелдеги булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Тулаган Ысык-Көлүмдүн,

Толкунунан бүткөндөй.
Эрегишкен жоо болсо,
Эңсесин эзип бүктердей.
Энчиси бирге эзелтен,
Эмчектеш тууган энеңден.
Эгизиңден дагы арсалшау,
Эр Манасың да күткөндөй.

Бул айтыш кечээ бүгүн таркалбады,
Акындар айтышуудан жалтармады.
Армысың шекер тилдүү Шекер байкем
Тап келген жеребемден далтаңдауы.
Балтырын байпакка кыскан бай уулундай,
Шыгады Шекер байкем балпаңдады.
Ал эми кызыл тилиң жорголосун,
Кулан желиш кулжадай, аркар дагы.
Үлкенинин бирисиз бул айтышта,
Ал эми эң жакын мен ортоңдагы.
Балаңдай жаш балага нени айтарсың,
Таңдайын тепти сөзгө мөртаң балы.
Жасанып жас бала деп азуу баспа,
Жаранган карт буурадай каңтардагы.

**Шекербек:**

Ак жаандан кийин кечээги,
Кандайсың менин кыргызым?
Агарып аткан карачы,
Таңдайсың бүгүн кыргызым.
Кырчында ушул жасалган,
Кымызга кошкон карачы,
Балдайсың менин кыргызым.
Көчмөндөргө келгенде,

Кызматың болсо карачы,
Актаган менин кыргызым.
Жамгыр деген кеп бекен,
Жамгырдай жааган октордон,
Качпаган менин кыргызым.
Үркүнгө жүз жыл болду деп,
Ойлонуп келдим бул жерге.
Эгемендүүлүккө жыйырма беш,
Толгонуп келдим бул жерге.
Көчмөндөр мына оюну,
Көктөн кудай жар болуп,
Жол болуп келдим бул жерге.
Кагылайын кыргызым,
Атам Манас айкөлдүн,
Арбагы жүрөт бул жерде,
Семетей, Сейтек ал эмес,
Балдары жүрөт билгенге.
Кошой, Бакай жана да,
Абасы жүрөт бул жерде.
Алманбет, Сыргак, Чубактай
Чоролордун ичинде,
Тазасы жүрөт бул жерде.
Канкор бийликти кулаткан,
Токсондон ашык балдардын,
Жаны жүрөт бул жерде.
Мен кыргызмын дегендин,
Баары бир жүрөт бул жерде.

Айланайын да Баатырым,
Абыдан жакшы акылың,
Манастан кепти баштадың.

Бүткөндөй деп баштадың.
Кайран гана Баатырым,
Көктөн азыр түшкөндөй.
Эми сага Баатыр не деймин
Кыргыз менен казактын,
Жүрөктөгү каны бир.
Жүлүндөгү жаны бир.
Жүзтөмөндөп жыгылса,
Жүткүнүшкөн жаны бир.
Кыргыз менен казактын,
Кыла жүргөн камы бир.
Андыктан сага карачы,
Кыдырсам дагы казагың,
Сендей боор таппаймын баары бир.

Менин мында бөбөгүм
Сени жакшы көрөмүн.
Андыктан не дейсиң деп турасың,
Ырас оозумду мен ачсам,
Баспай калып жүрбөгүн.
Кабагыңды бул жерден,
Ачпай калып жүрбөгүн.
Кагылайын да баурым,
Казак жакка анда сен,
Кайтпай калып жүрбөгүн.
Сен деген жакшы бөбөгүм,
Андыктан сени билемин.
Эң негизгисин айтканда,
Сендей бөбөгүмдү көргөндө,
Эзилип турат жүрөгүм.
Канакей кыргыз элге келгенде,

Кагылайын баурым, дагы бир
Кызыл тилиң сүрөгүн.

**Батырлан:**

Эл элек эзелтен ак бир негиздүү,
Ынтымак, таттуулукту кимдер үздү.
Шекер байке, жаныбыз бир деп айттың,
Осылай айтып өттүң бирлигибизди.
Казак кыргыз бир тууган эл эди деп,
Өзгөлөр атабайбы биргебизди.
Төрөбүз, төмөбүз бир, денебиз бир,
Турады жакындатып тилибизди.
Дагы бир элдер азгырып кетпесмин мен,
Дебессин бул айтышта ирге бузду.
Ак пейил агайындын көңүлү бир,
Ала-Тоо бөлгөн менен иргемизди.
Өмүр түгөл өлгөндө керек десең,
Көмөдү көрчү кылып мирземизди.

Аскаксың Ала-Тоодо шым бетиндей,
Турмайды айтыс десе тил жетилмей.
Ол ырас жамгыр жаап болду бул жер,
Сүйлөймүн жүгүретин суу бетиндей.
Деген менен качпаган мынабу элим,
Бул айтыштан кетсе экен мүлдө өкүнбөй.
Ошондуктан да кестели сөзүңдү айткын,
Кызыл бастын китеби сүрөтүндөй.
Ал энди бул агайын айтыш көрсө,
Жакшылап ырдоо менин милдетим гой.
Агайындын урматы акындарга
Мусулмандын меккеге урматындей.

Да бирден тарта берсем ыр желесин,
Теңирден тилөө кылдым сиздер үчүн.
Казактан жакыны жок кыргыздарга,
Кыргыздан жакыны жок бир мен үчүн.
Арада алтын көпүрө таттуулуктун,
Эч ким да бузбаса экен из желесин.
Онсыз да отар кылган орыстардын,
Тааныткан бирдик жок да биздер үчүн.

Иншалла телейсиздик алгандан соң,
Көргөнбүз азап күндүн биз жемишин.
Деген мен биз али да сак бололук,
Жакаңда жасалган мен жүз келишим.
Өзгөлөр ойлайдымы сен жайында,
Өзүнүн баш пайдасын билген үчүн.
Журтунун камын ойлоор жандар керек,
Кулкундун кууп кетпес күн көрүүсүн.
Зор болбосок болмайык өзгөлөрдөн,
Кор болбоо керек бирок биздер үчүн.

Айта алсам мисал сөздү накта өмүрдөн,
Биз далайга ишенгенбиз ак көңүл мен.
Бир кезде бука болуп ак падышага,
Кампадан казынаңды жат кемирген.
Эки элди араз кылып өткөн алар,
Сумпыйгыл чыккан кезде жатка эленген.
Биздерге токсон бирде ким жетипты,
Буга да болгандыктын как бөлинген.
Бирликтүү казак кыргыз таттуу болсо,
Биз корлук көрбөс едик жат жебирден.
Бирлигин бек болсын сондыктан да,

Саңлак эл болом десен сапка кирген.
Кайгысыз уктабаса каймана журт,
Хандан да кайыр болбос такка минген.
Аңдасаң акылга салып ушуларды,
Айырмай устап турар бакыт элимден.
Кайраты чексиз тууган калк гана,
Кайраны чексиз турган как теңир мен.

Теңирим берген жыр кылып,
Тардай бакты таңдайга.
Көз одасына келгенде,
Көз жиберсем бар жайга.
Катар эмес тең эмес,
Кылжактасар жер эмес.
Кырктан ашкан байкем мен,
Кармасатындай жол кайда.
Таттуулукту жырдап келгенде,
Тартысатындай жол кайда.
Ак пейилдерин көргөндө,
Айтысатындай жол кайда.
Кыз алармын берседим
Сөз беремин дегенмин.
Кыз бармы шалгайга,
Шекеме бөрк миңгизсең
Ийинге шапан кийгизсең,
Ол да бир күн тозмайма.
Ошондуктан да агасы,
Төркүнүң мына уулу деп,
Жасы кичүү ини деп,
Батаңды берсең болмайма.
Түмөн түркүн дал бүгүн,

Жыйылып жаткан жыйында,
Бир тууган элден бата алсам,
Бул да бир үлгү болмайма.

**Шекербек:**

Жалаң казак акыны,
Тандалып келген турбайбы
Калпыйм деп ырдын каймагын,
Камданып келген турбайбы.
Айланайын Баатырым
Шайтан да болсо жеңем деп,
Шанданып келген турбайбы.
Анда айтып ой ырдайлы,
Бөбөгүм менен чынында,
Ары-бери тартышсаң,
Бу дагы болот муң-кайгы.
Кагылайын көп журтум,
Тарых жылы болгон соң,
Бир аз тарыхтан айта кетейин.
Алдыга келген ошондой,
Жарыктан айта кетейин.
Жыйырма беш жыл болгону,
Жыйырма беш жыл чынында,
Кандай болду ой ордоңу.
Алгач болсо кыргызым,
Бийлик болсо ушундай
Ал дегендер келишкен.
Акча, байлык, дүйнөгө,
Жан дегендер келишкен.
Өкүмөттү бөрүдөй,
Орогондор келишкен.
Өз курсагын өздөрү,

Ток кылгандар келишкен.
Сан миңдеген малдарды,
Сатып ичип аягы.
Бок кылгандар келишкен.
Жемкорлоруң
 курусун,
Жети атамдан калган деп,
Жерди дагы талашты,
Астындагы ал эмес,
Кенди дагы талашты.
Шайлоо болсо силердей,
Элди дагы талашты.
Бетегеси буралган,
Белди дагы талашты.
Кагылайын туугандар,
Акыры барып жай алар.
Көрдү дагы талашты.
Кадимки кыргыз аталар,
Кайран жерди сатпаган.
Калкын таштап качпаган.
Метрлеп жерди сатпаган,
Мекенин таштап качпаган.
Энчилеп жерди сатпаган,,
Энесин таштап качпаган.
Ала-Тоонун ичинде,
Ат менен коргоп мекенди,
Алдырбай жоодон сактаган.

Алардай намыс бизде жок,
Анан мен кантип мактанам.
Азыркы чоңдор карачы,

Байлык десең жутунган,
Баш ийип коркпой кусурдан.
Абыке, Көбөш алты арам,
Ал кезде дагы кутурган,
Ач көздүктүн айынан,
Акыры келип тутунган.
Ушундай нерсе дагы бар
Кагылайын да ой боорум,
Ал жагын чыны кабыл ал.
Ал эми сага айтарым,
Кыргыз элге барганда
Сүрөдү деп айта бар.
Кызыл тилин карачы,
Бүлөдү деп айта бар.
Кыргыз мене казактын,
Бир экен дегин ар убак,
Жүрөгү деп айта бар.
Анткени сендей жаш балдар,
Чыкса деген тилегим.
Шерик болсун ушул оюнга,
Шек-шыбаа кылба оюңа.
Шешеңдин нанын жеп жатып,
Шекербек болсун оюнда.
Кагылайын да ой карачы,
Ар убак ачык болсун жолуң да.
Көп нерсе болсун ушундай,
Көп нерсенин тобунда,
Көкөңө барган кезиңде,
Кагылайын баурым,
Көчмөндөр турсун оюнда.

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА АКСЫ ЖЕРГЕСИНДЕ ӨТКӨРҮЛГӨН РЕСПУБЛИКАЛЫК АЙТЫШТАН

## ШЕКЕРБЕК АДЫЛОВ МЕНЕН ТУРАТ ЖУМАЕВДИН АЙТЫШЫ

**Шекербек:**

Акыйкатты туу кылган,
Аксы элим аманбы?
Ааламга кеткен атагы,
Жакшы элим аманбы?
Ушундай жерге чогулган,
Нарктуу элим аманбы?
Токомду эстеп отурган,
Салттуу элим аманбы?
Ушул жерде төрөлгөн,
Темиркулдай,
Акын элим аманбы?
Төлөгөн менен Жунайдай,
Жазуучу элим аманбы?
Топтолуп мында келишкен,
Токтосунду эскерип,
Асыл бир элим аманбы?
Чертмегин берсе колуна,

Черткен элим аманбы,
Эки ооз сөздү табышып,
Төккөн элим аманбы?
Кыргыздын жакшы сөзү бар,
Кыштын кыштай болгону,
Жакшы деп айтат илгери,
Кыздын кыздай болгону,
Быйыл кыштан бир азыраак,
Кыйналган элим аманбы?
Көбүрөөк сызда отурган,
Алдыңар элим аманбы?
Кыштан алып чыгарган,
Өтүгүңөр аманбы?
Тууганбай атам айт кандай,
Көгөргөн чөптө отурдун,
Көчүгүңөр аманбы?
Бул айтылгандар тамаша,
Кагылайын туугандар,
Чындыгына да жараша,
Көлдөн келген Туратым,
Көп жерде ырдап турасың,
Канакей элге келгенде,
Айтасың сөздүн ырасын,
Аксылыктар моминтип,
Келип турган жергемде,
Анан кантип ырдабайм,
Толкунданган эл жерге,

**Турат:**

Аксы жерге келгенде,
Ак караны ылгаймын,
Элим ырды күтүүдө,

Эринчээктик кылбаймын,
Токомдун бүгүн тоюнда,
Токтолбой чуркап берейин,
Туйлаймын дагы турбаймын,
Абалкы калган салт менен,
Мен да амандашып алайын,
Амансыңбы мынакей,
Аксылык тууган агайын,
Теминип ырдап алайын,
Барсыңбы Тегенелик агайын,
Десем бир дуулап алышты,
Анда көтөрүлдү таалайым,
Атайын бүгүн келген соң,
Токтосундай атама,
Топтоп ойду табайын,
Эл журт айтып кеткендей,
Далайларды өстүргөн,
Жери сонун Тегене.
Эзелтен бери карачы,
Эли сонун Тегене.
Токтосундай эл чыккан,
Эли сонун Тегене.
Мынча элди чогулткан,
Жери сонун Тегене,
Ар убак кайнап турса экен,
Казаның да кемеге.
Баатыр деп айтат баатырга,
Катын деп айтат катынга,
Жакыр деп айтат жакырга,
Туш келип турам момундай,
Шекердей болгон акынга,

Аксынын кымбат чыгааны,
Аксынын кымбат бууданы,
Шакиртиң сага жуп болсун,
Шакиртиң сага туш болсун.
Эл журт тартуу этишкен,
Тулпарыңыз кут болсун!

**Шекербек:**

Айланайын Туратым,
Сен айткан сөзүң ошондой,
Ар бир жерин тактайбыз,
Экөөбүз аягында чыккан соң,
Ошентип арт жагынан баштайбыз,
Бирок сага айтаар жөнүм бар,
Аксы элимди көрүп ал.
Аксынын бийик төрү бар,
Атакттуу Тоскоол көлү бар,
Ажайып жери ошол жер,
Эңсесең барып көрүп ал,
Саймалуу кооз төрү бар,
Сары–Челек көлү бар,
Азыр суугураак кичине,
Саратан жайда бир келип,
Самасаң келип көрүп ал,
Падыша Ата, Кашка-Суу,
Пери кыздай өңү бар.
Абилетимдин тоосу,
Ага да көңүл бөлүп ал.
Кожожаштын аскасы,
Кош айтылар жөнү бар,
Акын болсоң токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой,

Алп акын Өтө ырындай,
Эргип бир анда төгүп ал,

Айланайын жан иним,
Аксы деген өр болот,
Аксы деген төр болот,
Анда сендей болгон инимди,
Өргө чапсаң кантесин?

**Турат:**

Айтышам деп мен дагы,
Аксыга келип жер кездим,
Айтыша келсем мен деле,
Ар кимге намыс бербесмин,
Сары-Челекке бир барып,
Көрүп ал деп кекетпей,
Алып барып көргөзгүн.
Абилетимди көр дебей,
Алып барып туруп көргөзгүн,
Көпчүлүк жерге жетемин,
Көпчүлүк жерди кеземин,
Месный эмесмин бул жерде,
Адашып мен да кетемин,
Анан байке кеп айттың,
Өргө чабам деп айттың,
Өргө чапсаң чаба бер,
Өйдөгө чапсаң күйүкпөйм,

**Шекербек:**

Аксыга келсе Туратым,
Сары-Челекке кантип жетпесин?
Көрсөтпөй жаткан себебим,
Көзүң тийип кетпесин,

Анткени мына четинен,
Көргөзүп бара жатамын.
Алгач Тегенени көрүп ал.
Анан Сары-Челекке жетесиң,
Көрүп алып ал жерди,
Көп ойго түшүп каласың,

**Турат:**

Ардагым Шекем жан агам,
Миллионер беле бай беле?
Жанында турган Тураты,
Кунан беле тай беле?
Алып келип алып Аксыга,
Сары-Челекти көргүн дейт,
Анан үйлөнгөм ырас ал жагы,
Үйүмдө үч балам бар,
Үйүмдө туткан караан бар,
Ал жагын билет атагы,
Көк сулуу, Алымкандардай,
Аксылык карындаштардан,
Токол алып берген жатабы?

**Шекербек:**

Келип алып Туратым,
Керилдиң ата конушка,
Антсе да айтып кетели,
Мынакей байкап отурсак,
Саналып күндүн эсеби,
Сайраган булбул кечээки,
Казылып ырдын бермети,
Кааруу күчтүү келгени,
Токтосундай атага,
Толкундап ырдап кетели,

Теңирим өзү жараткан,
Тегене болгон мекени,
Бал кошкондой ыр ыдап,
Баласы болду Калыктын,
Барагы болду тарыхтын,
Эмгектин жолун басканда,
Элүүдөн жаңы ашканда,
Үзүлгөндүр өмүрү,
Үзүрүн көрбөй жарыктын,
Токтосундай атаны,
Айланайын туратым,
Айта берсек кандайбыз,
Тетиги борбор жакка барганда,
Токомду көөнгө албайбыз,
Акындарыбыз көп жерде,
Айтабыз да сайрайбыз,
Токтосундай атанды,
Такыр оюбузга да албайбыз,
Эми эмне дейин жаш бала,
Айтып турам бул жерде,
Ар өнөргө маш бала,
Анда сага айтаарым,
Каалаган жерге бара бер,
Карагердей чаба бер,
Жаркылдап турган Туратым,
Жакшылык күндү таба бер.

**Турат:**

Ардагым Шекер жан ага,
Алдыбызга келдиңби,
Карагерди чапкын дейт,
Тартууну мага бергенби,

Анан да байкем кеп айтты,
Алымкан тапкын деп айтты,
Жакшына ойду бөлөтөм.
Алсам эгер Аксыдан,
Токтосундай жээнди,
Топ-тобу менен төрөтөм.

**Шекербек:**

Сурасаң берем карагер,
Каалаган жерге чаба бер,
Тайгандай болгон карагер,
Ташкентке чейин чаба бер,
Эң негизгисин айтканда,
Кагылайын Туратым,
Токтосун деген чоң акын,
Толкундап ырдап кала бер.

**Турат:**

Жанатан бери айткандай,
Карындашыңан алып бер,
Бүгүн да алдың карагер,
Эл алдында кайрып бер,
Эң эле узак көл жолу,
Эмикисин конвертке салып бер.

# ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН 2200 ЖЫЛЫНА АРНАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШТАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН ЭЛМИРБЕК ИМАНАЛИЕВДИН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Акындык деген ушундай,
Алланын берген белеги.
Эки дос чыкты алдыңа,
Айтышып анда бул жерде,
Желбиресин төкмөнүн,
Бийик жакка желеги.
Эмки жолу айтышка,
Досум очеред менен келели.

Делбиреп турам мындайда,
Айтылып жаткан сыймыкка,
Башынан бул акындан,
Далай-далай ыр чыкты,
Далай-далай сыр чыкты.
Жеңижок айткан турбайбы,
Жети күнү тынбастан,
Учуп өткөн чымчыкты,
Ошолордон калган сөз,

Оодарылбас балбан сөз,
Бабалардан калган сөз,
Баасы кымбат балбан сөз.
Эми да сөздөн айталы,
Кадырман журтум байкады,
Канча акын чыгат деп,
Баасын билсе баарысы,
Жашы менен карысы,
Экөөбүз болдук бүгүн биз,
Кутмандуу элдин жарчысы.
Эмесе анда мен дагы,
Алтындан ырды элейин,
Андан башка не дейин.
Желбиретип ырдайлы,
Бүгүнкү
Майрамдын бийик желегин.

**Элмирбек:**

Козголуп турат арааның,
Жеңишбек,
Элдин кол чапканын карагын.
Жүрүп турат арааның,
Жүргүзгөн ошол арааның.
Кыргыздын эли турбайбы,
Киндик кесип, кир жууган,
Өстүргөн элиң турбайбы,
Жеңишбек деген атыңа,
Жеткирген элиң турбайбы.
Байыртан берики ушундай,
Кеп билген элиң турбайбы.
Кеп билген элге келгенде,
Айтып-айтып ырлардын,

Аяк жагын да улайлы,
Өзүбүздүн элибиз,
Өзүбүздүн жерибиз.
Ушул жерде ырдаган,
Улуу акындар сындаган.
Калыгың какшап өткөн жер,
Канчалар жашын төккөн жер.
Ала-Тоо кыргыз мекени,
Алптары өсүп жеткен жер.
Аягы терең жагына,
Бир кезде,
Каныкейдей энебиз,
Төрөп кеткен уулунан,
Төбөл болгон эл экен.
Ошондон берки арбагы,
Жоголбогон эл экен.
Кайрыгы такыр комуздун,
Тонолбогондон эл экен.
Элиңдин ичи кең экен.
Андыктан сайрап ырдай бер,
Ардагым Жеңиш берекем.
Бирок,
Бүгүнкү күндө карасаң,
Акындар айтпай ким айтат?
Агайын элиң турганда,
Ырчылар айтпай ким айтат?
Сынчылар айтпай ким айтат?
Ар ким айткан сөздөрүн,
Орду-ордуна койгондо,
Кээ бирөө,
Чынын айтып чыркырап,

Кээ бирөө
Калпын айтып муң айтат.
Ошонун баарын ойлосом
Кандай болду замана?
Бирде жарык, бирде түн,
Ар кандай болду замана.
Ар качандан бир качан,
Алга жылып барса да.
Алда кандай күнүнө
Бармай болду замана.

Акындар айтып кетпесе,
Өз жолун өзү таба албас,
Өзүнө-өзү караандаш,
Келе атканды ким айтат?
Кайра-кайра катарын
Көрбөгөндү ким айтат?
Башкадан болуп уругу,
Төлдөгөндү ким айтат?
Андай-андай нерсени,
Билбегенди ким айтат?
Өз элин чанып жиндеген,
Жиндегенди ким айтат?
Өз тилин билбей жиндеген,
Тилдегенди ким айтат.
Канакей Жеңиш сайрай бер,
Калкың угуп турганда.
Өз элиң да өз жериң
Көтөрөт дечи чынында.
Ачыгың болсо ачык айт,
Чындыгың болсо чындап айт.

Калпы болсо калпып айт,
Ошонун баарын таңшып айт.

**Жеңишбек:**

Кашында турган эки акын,
Коргошун болуп балкысын.
Төгөрөк ырдап келгенде
Төгүлгөн өзүң Барпысың,
Жакшы мына чапты окшойт,
Төкмөлүктүн камчысын.
Сен ырдасаң, мен ырдайм,
Жеңишбек кайдан тантысын.

Замананы жакшы айттың,
Замана деген замана.
Карабай калган турбайбы,
Кары менен балага.
Сен дагы угуп тургунуң,
Элмирбектей садага.
Ырдап-ырдап келгенде,
Ырдай билген баласың.
Далай жерге барасың.
Далай-далай айтышта,
Акынды жолго саласың.
Сени тапкан эмесби,
Манастын мына урпагы.
Ар убакта айтпайсың,
Ар бир сөздүн чаласын.

Кандай болду замана?
Кары-жашка карабас,
Балбан болду замана.

Айтпасак анда болобу,
Чындыкты айткын деп айттың,
Кесир менен кусурга,
Кезиккени көбөйдү,
Коомдо жок пайдасы,
Гезиттери көбөйдү.
Азгырып турган шайтанга,
Эшиктери көбөйдү.
Бирок, мындай келгенде,
Баңги зат менен башкага,
Канча нерсе бөлөндү.
Айта берсе түгөнбөйт,
Акындарың ушинтип,
Чече берген сыр экен.
Ошолоруң илгертен,
Заманадан келгендей.
Жоголуп барат кыргызым.
Жоголбой калсын дайыма,
Торолуп барат кыргызым,
Оңолуп барат турмушуң.
Дал ушинтип келгенде,
Айланайын кыргызым
Ак сөзүңдү жүрөккө,
Жайгарайын кыргызым.

Төбөгө дайым жанды дейм,
Эркиндик заман келгени,
Бал-бал жанган жылдызың.
Анан, эргип ырдап келгенде
Далай жерге келгенде,
Айтышып мында колунда,

Берип жүргөн Элмирбек,
Жеңилгенин билбеймин,
Жеңип жүргөн Элмирбек.
Кубанып турат мындай да,
Кашымда элдер келди деп.
Андай болсо мындайда,
Ырдачу болсоң ырдап кал.
Сындачу болсоң сындап кал.
Жүрөктүн мында күүлөрүн,
Күүлөп ырда Элмирбек.
Жакшы ырдын баарысын,
Сүрөп ырда Элмирбек.
Кубанычка мен дагы,
Өзүң менен тең болуп.
Өзүңө мына бел болуп,
Өзүңө мына дем болуп.
Колдой турган эл болуп,
Калбайбыз дечи экөөбүз.
Бири-бирибизге жем болуп.

Андан көрө мындайда,
Отурган элим турганда
Тамаша айтып сындайлы,
Тартпайлы анда муң кайгы.
Кезегиңди берейин,
Калыктай сайрап ырдайлы.

**Элмирбек:**

Элим турса термелип,
Буга чейин айтышта,
Болбогондой келген эл
Буга чейин бул залда,

Толбогондой келген эл.
Термелип турса кубанам.
Ардактуу кыргыз тукуму,
Эл келип турса кубанам.
Акыл айтар чоң парзым,
Айтайын деген убадам.
Айланам калкым суранам,
Байгеси десе байгеси,
Ырдаган жерде табылат.
Акындар айтса нак сөздү,
Ааламдын жүзү жаңырат.

Күндө алган байге ал,
Күн көргөн жерден табылат.
Күкүгү болсоң элиңдин
Күлүстөн жүзү жаңырат.
Дагы да айтып келемин,
Жаңшана берет дебегиң.
Кыргыз кыргыз болгону,
Кыргыз атка конгону.
Телегейи тең болгон,
Теңир деген эл болгон.
Бар пейили кең болгон,
Балдары баатыры шер болгон.
Тээ ошондон бери кыргыз эл,
Кыйла кылым карытып,
Жүрүп келген эмеспи,
Кыйналганын билгизбей,
Күлүп келген эмеспи.
Качан да болсо жаркырап,
Өзүнчө жакшы шаң менен,

Көтөрүп турган кыргыз эл,
Акындарың бизге окшош,
Өнтөлөп турган кыргыз эл,
Экөөсү чыкса жарышып,
Жетелеп турган кыргыз эл.
Анан кыргыз ким болду?
Ошол кезде ойлосоң,
Ордосу көркөм гүл болгон
Ойротко даңкы дүр болгон,
Желеги көркөм гүл болгон.
Жергеси даңкы дүң болгон,
Казатта жолу шыр болгон,
Казалы санат ыр болгон.
Жортуулда жолу шыр болгон,
Жомогу санат ыр болгон.
Анан кыргыз ким болду?
Акыл эси кир болду.
Эми кыргыз ким болду?
Эс-акылы тер болду.
Теңирди таанып теңи жок,
Телегейи теңи жок.
Балдарынын шери жок,
Бар пейилдин кеңи жок.
Санжыра санат ыр кетип,
Сапаты кетип чын кетип.
Жанагыдай айткандай,
Кээ бир,
Төрөсү төрдү булгады.
Төбөлдөр элден уурдады.
Жаттан карыз көп алды,
Жан кечтилер жеп алды.

Бөлөктөн карыз көп алды,
Бөрүлөрү жеп алды.
Той борген томук кемирет,
Томо сөз менен семирет,
Аш берген ашык кемирет,
Алдоо сөз менен семирет.
Келе элек али дүйнөгө,
Келечек күндү не билет?

Башчысы элдин баштабай,
Бар милдетин актабай.
Чокчоңдоп турат алсызга,
Азыр чоңдору адеп сактабай.
Ошолордун баарысын,
Акын айтпай ким айтат.
Агайын тууган эл болсо,
Кадимкидей тең болсо.
Эгер балдарыңар момундай
Бапырандап шер болсо.

Айтыш деген өнөрүң,
Ар качандан бир качан
Тил өнөрү турбайбы.
Тилди дайым сайраткан,
Дил өнөрү турбайбы.
Тилибизди ой ырдайлы.
Азыр,
Өз тилин дурус билбеген,
Өз тилин чанып жиндеген,
Киргиздери көбөйдү.
Ошолорду ойлосоң,

Ойондору кутуруп.
Ойлободу кусурду.
Эл башчылар эсирди,
Эстебеди кесирди.
Жамагы калган ыр менен,
Жалганы дагы чыр менен.
Жүрүп турган кезеги.
Анча-мынча нерсени,
Ичинен алып кымырып,
Билип турган кезеги.
Алп маселе тил деген,
Туугандар,
Айланмак болду жарага.
Сабалап айткан Манасың,
Садага кеткен бир тилден.
Айланмак болду жарага,
Уул, кызың ушул бул кезде,
Өз кызы жана өз уулу,
Өзгөгө баркын санаба.
Ак сүтүн берип чоңойткон,
Дагы да андай балага.
Каны башка болсо да,
Катыра сүйлөйт кыргызча.
Андайлар Кастюктан кетсин садага,

Баркын билбей тилдеги,
Ошол Ата-Мекен конушту,
Кереги эмне туугандар,
Кеп билбей гений болуштун.
Улуу журттун тукуму,
Уга албай калды Манасты.

Мен ушуга башым ооруттум,
Карамолдо таңшыткан,
Кайрыгын укпайт комуздун.
Өз тилин билбес кыргыздан,
«Иди» десе жоголгон
Иттери сонун орустун.

**Жеңишбек:**

Алтындан ырды ырдасам,
Айтканым сага оролмок.
Акын деген ошондой,
Айтышып жатып торолмок.
Анчалык кеттиң Элмирбек,
Акындыгыңды укса өкмөт,
Эчак эле оңолмок.
Анан мындайга келгенде,
Алты сапты бир айтып,
Элмирим,
Актанганы келген бейм.
Айтышка эмес, бул жерге,
Даттанганы келген бейм.
Анда сенин,
Айтканың ырас бүт туура,
Теле жакка барсаңчы,
Тегиз турган өкмөткө,
Текши айтып калсаңчы.
Ак үй жакка барсаңчы,
Алдына чыгып жети саат,
Аябай ырдап алсаңчы.
Мындайда ырас жакшы убак,
Сынга келген кыргызым.
Далай-далай жерлерден,

Кулга келген кыргызым.
Ойлонуп мына баратат,
Ободо жанып жылдызың.
Майрамдын мына шаңында,
Элдин түшүрбөйлү маанайын.
А көрөкчө Элмирим,
Жакшы ырды каалайын.
Оттой болуп жаналы,
Акындардын ушундай,
Өткөрүп жаткан талабы.
Акын деген эмне экен,
Айтып жаткан оозунда,
Алла берген терме экен.
Айтышканы келгенде,
Айтышып койгон эмне экен.
Кыздарын мына карасаң,
Кыздарында кылык бар.
Карысында улук бар,
Ала-Тоосу бийик бар.
Ошол илгертеден кары-жаш,
Урматташып бир-бирин.
Кыргызды мына билет го,
Чындыгында кимди ким.
Орусчалап сүйлөсө,
Орусчалап үндөсө.
Алар да бара-бара оңолот,
Чынында мына карачы,
Кагылам кыргыз калкыман
Күн, ай менен тең өстү.
Кыргызымды эстесем,
Тарыхты окуп отурсаң,
Көзгө бир келет элестер,

Ал эми мына билесиң,
Бара-бара оңолот,
Москва деле Элмирбек,
Бир күндө бүтпөйт эмесби.
Ошолор да мындайда,
Ишти кудай оңдосо,
Алла таалла колдосо,
Далай жолу ырдайбыз,
Байгеге чапкан жоргочо.
Экөөбүз мына башынан,
Эгиз болуп келебиз.
Телегейи айтыштан,
Тегиз болуп келебиз.
Эл журтка акындык
Жактан чачкан бир,
Бейиш болуп келебиз.
Энелерим колдосо,
Аталарым колдосо,
Кудай ишти оңдосо,
Экөөбүз ырдайт белекбиз,
Колдоп турган ушундай,
Кыргыз калкым болбосо.
Дагы бир ырдап өтсөңчү,
Жорголоп гана жоргочо.

**Элмирбек:**

Ал сөзүңдүн баары ырас,
Жеңишбек,
Айткан сөзүң дагы ырас.
Бирок, бир сөзүңө кейидим,
Өзүңчө ырдап бул жерге
Такшалганы келбегем,
Өз элиме сөз айтып,

Даттанганы келбегем.
Же өзгөчө акын менмин деп,
Мактанганы келбегем.
Ар качандан бир качан,
Ага-тууган эл менен,
Мында тилдешкени келбегем.
Көңүлдөгү жарасын
Ырбатканы келбегем.
Көп сөзүмдү дайынсыз,
Сындатканга келбегем.
Андан көрөк туугандын,
Балким өз кезеги өзүнө,
Билээр деп айтып жатамын.
Өз жеринде кыргызым,
Өз тилинде кыргызым.
Сүйлөөр деп айтып жатамын.
Өз жеринде өзүндөй,
Жүрөөр деп айтып жатамын.
Азыр чет элден чыгып каптаган,
Четтен келип таптаган,
Тама-тама таш тешкен,
Саясатын кантейин.
Жүрө-жөрө жүрөктө,
Жүлүнүнөн тешкендей.
Сөздөрүн анын кантейин,
Тайрактаган бийлеген,
Таасын сөздү билбеген,
Ырларын анын кантейин,
Тайраңдап көргөн алардын,
Жыргалынан кантейин.
Ошондон берики ордолуу,
Журт бузар жана дил бузар.

Жүргөндөрүн кантейин,
Кайра какшык сый менен
Күлгөндөрүн кантейин.
Арадан андан тайраңдап,
Сайраңдаган ыр менен.
Сайраганын кантейин,
Саясатка шылташып,
Сан көңүлдү ырбаткан,
Сөздөрүн анын кантейин.
Адамдан башка караган,
Көздөрүн анын кантейин.
Мына аял заты турбайбы,
Азыр журналбы, телени
Ачып көрсөң туугандар,
Ушул күндү айтканда
Жылаңач болуп баарысы.
Курманжан Датка эненин,
Куюлуштурган сөзүнүн,
Куйкуму менен дарысы.
Бул жагын неге сүйлөбөйт,
Бул жакка неге үндөбөйт.
Ошо үчүн калкым жыйылды,
Ордодо көргөн сыйыңбы.
Жалпыңар турат тунжурап,
Бул жалганыңбы, чыныңбы.
Агайын-тууган эл болсо,
Каныңар эгер бар болсо.
Ар качандан бир качан,
Атадан калган ошондой.
Арышыңар бар болсо,
Кадимкидей ошондой,
Алдыга чапсаң арыбас,

Ар атыңар бар болсо.
Атадан калган урпакка,
Адатыңар бар болсо.
Калыкка айтып ырдаган,
Санатыңар бар болсо.
Кадимки күлүк ат деген,
Канатыңар бар болсо.
Кыскасы,
Карызыңар бар болсо,
Парызыңар бар болсо.
Ортого койгон гүл менен,
Биздей ондогон бала үйрөнгөн,
Карылары бар болсо
Калкка тутуп сүйлөгөн,
Карылары бар болсо.
Дагы да, алп Манастын атындай,
Арышыңар бар болсо
Акын айткан сөздөрдү,
Калкым эч качан унутпа,
Эгер намысыңар бар болсо.

**Жеңишбек:**

Жан досумдун айтканы,
Жалын бекен от бекен,
Кызарып турган чок бекен.
Жакшы ырдап отурду,
Көңүлүм менин ток бекен.
Элмирбектин айтканы
Ырас, арабызда жок бекен.
Сенден калбай ырдайын,
Сенден калбай чындайын.
Болбой калды көрүнөт,
Ушундай сөздү тындайын,

Араңарда мындайдан,
Асыл жанды ыймандан,
Кор туткандар жок бекен.
Ачка калсаң өлөм деп
Коркуткандар жок бекен.
Кыскасы мында келгенде,
Жыргагандар жок бекен.
Орустардын ырларын,
Уурдагандар жок бекен.
Кыргыз эмес башканы,
Сыйлагандар жок бекен.
Кагылам Ысык-Көлүмдү,
Туризимге шылтоолоп,
Булгагандар жок бекен.
Көңүлдөргө алып келсем,
Жыргагандар жок бекен.
Кыскасы мында келгенде,
Ойлогондор жок бекен.
Ата-энесин таштaшып,
Кордогондор жок бекен.
Көңүлдөргө көп нерсе,
Бүлдүргөндөр жок бекен,
Туз таткан жерге миң жолу,
Түкүргөндөр жок бекен.
Чынында айтып жатайын,
Өмүргө мында келгенде,
Өмүрдүн суусун татайын,
Ырдап ырдап келгенде,
Элмирим өзүң билесиң
Кара кандай ак кандай,
Коркок кандай сак кандай,
Кулак кандай, баш кандай,

Сакал кандай, чач кандай,
Көп кандай да, ас кандай.
Акын болуп калган соң,
Айтыш керек жазганбай.
Ташка тамга баскандай,
Барсбектен келе аткан,
Барсбектен бери жакка,
Ушулардын баарысы,
Чындыгында не айткан.
Илгертеден карачы,
Барсбек каган баарында,
Бакылдап турган чагында,
Камбар деген баатыры,
А дагы көргөн камылга,
Ошолордун келе аткан,
Эр урпагы Манастын,
Тукумдары экенбиз,
Бүгүн эркиндик заманды,
Учурганы экенбиз
Кытай менен кармашып,
Далай канды кечкенбиз.
Ушундай күнгө жеткенбиз,
Бүгүн андан көрө бул жерге.
Көңүлдөрдү алып келсек,
Көп кубанычты жейличи,
Чындыгына келгенде,
Соо бололу дейличи.
Кан төгүлбөй келиптир,
Азаттык ушул заманга,
Аллага шүгүр дейличи.

**Элмирбек:**

Теңирге шүгүр дейличи,

Теңдүү күнгө жеткирген.
Байкап турам деминен,
Бабалардын урпагы
Кадимки элим да кеп билген.
Качан да болсо кыргызым,
Курсагың ач калса да.
Куруган күнгө барса да,
Жай маанисин таппаган,
Жабык күндө калса да.
Жаман күнгө барса да,
Акының акын болгон эл.
Ар убакта каадага,
Ата-бабам толгон эл.
Так ушундай болгула,
Айта турган сөзүмдө,
Калайык калк сүйлөсө,
Элей турган элекпи,
Айтуучу сөздү өзүнчө,
Биз дагы,
Көтөрүп жүрө берели,
Көк тиретип желекти.

**Жеңишбек:**

Жашы менен каарына,
Керек дечи баарына.
Сен экөөбүз экенбиз,
Бул жашоонун коногу.
Ырдай берсе акындар,
Ырга айтчы тоюбу.
Өлсөк бир чуңкурда бололу,
Тирүү болсок ошентип,
Бир дөбөгө конолу!

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН КАДЫРБЕК БЕЙШЕНОВДУН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Качан да болсо кол чапкан,
Кадимки кыргыз калкым да.
Кыргыздан калган салт экен,
Кыйындар калат артында.
Таланттуу иним Кадырбек,
Тартынба бүгүн тартынба.
Отурган элди мактайлы,
Оюбузду сактайлы
Өзүң жолдуу акын окшойсуң
Шакем сага,
Жол ачып берип жатпайбы
Кыргызды ырдап баратсам,
Кыялым менин канатчан.
Денемде ысык кан болбосо,
Мен ырдамак элем каяктан.

Барсбек каган барында,
Бактысы үчүн урпактын,
Бабалардын каны аккан.
Нечендеген доор сүрүп,
Кыргыздар
Кайгыдан жүрөк канаткан.
Кыскараак айтып ырдасам,
Бактысын кийин кыргыздын,
Баштасак болот Манастан.
Бирок аны тарыхчылар айтышар
Ал жагын болбойт талашкан.
Биз көргөнүбүздү ырдайлы.
20 жыл мурун эркиндик,
Жылмайып бизге жанашкан.
Бирок он тогуз жылдын ичинде,
Ойногон бала кейиптендик,
Оорун таппай адашкан.
Шайлаган падышаларың,
Шайтанга журтун кажаткан.
Эми орозонун маалында,
Ооз булгап айтпайын,
Алардын ишин тажаткан.
Орозо менен бир келген,
Эркиндик майрам кут болсун,
Элибизге жарашкан.
Курманжан Даткан энем да,
Ак калпак кыргыз элине,
Азаттыкты саматкан.
Үмүттүн арты бакыт деп,
Үйрөнгөм хадис аяттан.
Андыктан ыйык күндөрү,

Бата тилеп кыргызга,
Бактылуу кыргыз болсун деп,
Баштасак дейм аппак барактан.
Анда Рамазан айында,
Сиздерге, ыраазы болсун жараткан.
Эркиндик деген жакшы экен,
Эсиңе салып карап көр.
Жанагы секиде ажо тактыга,
Сексенден ашык талапкер.
Азаттык деген жакшы экен,
Акылга салып карап көр,
Айлык албай жүрүшкөн,
Адамдын баары талапкер,
Буудай куурган тилдери,
Булбулдан бери талапкер.
Куйкалары курушкан,
Куудулдан бери талапкер.
Кээ бирөө Москвадан келишип,
Миң жылдан бери талапкер.
Саясат сасык нерсе экен,
Сайрабай койчу нерсе экен.
Алкымдагы ырларга,
Байлабай койчу нерсе экен.
Санжыра билген калкыма
Бир  ооз сөз менен айтканда,
Салмактуу бирөө келсе экен.
Ардактуу бирөө келсе экен.
Көк сүт болуп сасыбай,
Каймактуу бирөө келсе экен.
Билимдүүлөрүн топтогон,
Бир айткан сөзгө токтогон,

Катуурак кармап балдарын,
Катынынан коркпогон бир,
Акылдуу бирөө келсе экен.
Агайын-тууган кашында,
Актыкты сүйлөп берсе экен.
Эми мен ойлуу акынмын,
Кадырбек, мен жолдуу акынмын.
Андыктан сага айтаарым,
Түшүндүрүп жатырмын,
Тээтиги бир чоң айтышта,
Амантай чыгып мен менен,
Аябай оттой жанды эле,
Саргашкаң өзү кыйын да.
Санатын элге жайды эле.
Мен сүрөп-сүрөп отуруп,
Баш байгени алды эле.
Андан кийин Аалы акын,
Да бир айтышта жолугуп,
Ырдаймын деп оолугуп,
Мага туш болуп калды эле.
Анда да,
Ак жолтой акын болгомун,
Сүрөп-сүрөп отуруп, Аалы да
Баш байгени алды эле.
Ойлонуп азыр жатамын,
Башында суусар тебетей,
Бул акындан чыккан Семетей,
Ыры дагы башкача,
Сыны дагы башкача,
Жүрөгүндө байкасам,
Дили дагы башкача,

Азыр чайнайм дегендей,
Түрү дагы башкача,
Инилер дайым билемин,
Жүрөгү болот таптаза.
Кадырбек иним ырдайлы,
Отурган мобу жакшы элге.
Эгерде кыргыз болбосо,
Ырдамак элек кайсы элге.
Эмесе сени сүрөп отуруп,
Бүгүнкү чоң айтышта
Алып берейин баш байге.

**Кадырбек:**

Айтылбайт сөздүн катасы,
Аалынын өкүл атасы.
Алыска кеткен атагы,
Жаныма келген турбайбы.
Аалы акындын паханы.
Жеңишбек ырдайт термеден,
Жеңишбек ырдайт эл менен,
Ал эми мында кыргыз эл,
Ак калпак деги кыргызым,
Алышса намыс бербеген.
Боз үйүн тигип жайлоого,
Кымызын ичсе тердеген.
Тоосуна жылкы айдаган,
Кылычын айга кайраган,
Булуту тоонун башында,
Булбулу бакта сайраган.
Айтышты көрөм деп келген,
Ак калпак элден айланам.
Байке көңүлүңүз жай дейин,

Кадырбек сизге тай дейин.
Баш байгени алып берсең,
Оозуңузга май дейин.
Анткени агам Жеңишбек,
Өзү болот чоң жорго.
Бийлик жакты көп ырдап,
Көп тийишесиң чоңдорго.
Сиз атылып кетмек окшойсуз,
Баягы Сталин тирүү болгондо.
Мен түшөм мындай ойлорго,
Ардактуу байкем Жеңишбек,
Жаныма келсе салмактуу,
Жаныма келсе ардактуу,
Сүйлөгүң келбейт ойлонбой,
Көркүңдү жасап койгондой,
Мушташып кетпе Жеңишбек,
Ак үйдө жүргөн чоңдордой.
Салмагы сайдын ташындай,
Байкем алтынбы десем асылдай,
Автомат дешет Жеңишти,
А бирок кырк биринчи жылдагы,
Байкем орустун катюшасындай.
Ардактуу мында жан ага,
Жеңишбек жүрөт жандатпай.
Жанына акын карматпай,
Акыркы чыктык экөөбүз,
Кырк бешинчи согуштан,
Акыркы келген солдаттай.

Ардактуу менин жан агам
Улантып өнөр мурасың,

Узарса деймин кулачың.
Ак бата кыргыз келгенде
Батаны иниң сурасын.
Мен өтүп кетсем финалга,
Жеңишбек өзү куласын.

Байке, молдо акын элеңиз,
Жорго акын элеңиз,
Орозо кармап алдыңбы?
Шалдырап байке турасың.
Ырдаган кезде чечensиз,
Алдыга байке кетээрсиз,
Байкасам деги агамды,
Арыктап калган экенсиз.
Эмдиги жылы байке
Орозо кармайт бекенсиз?

Эми айтаарым мында эмине
Тушунда тулпар чуркайт дейт.
Ардактуу мында жан ага,
Тушума келсең туямын,
Азыр он тогуз жашта курагым.
Мынакей алтын жан агам,
Сайраган мында комузум,
Сайраган тилим ок болсо,
Комузум болсун куралым.
Энебиз биздин Курманжан,
Эскерип ырдап турамын.
Тууганбай атам айткандай,
Калкты экиге бөлбөгөн,
Убайдан жашы көлдөгөн,

Кыраны көктө ойногон,
Кылымдын камын ойлогон,
Алдыда нечен жылдар бар,
Унутулбайт деген ордодон.

Алтындай агам Жеңишбек
Ар сөздү айтат негиздеп.
Өзүңүз молдо акынсыз,
Ар качан жүргөн бейиш деп.
Бул жерде Жакиевдей агабыз,
Анын эмгегин кайдан танабыз.
Мээримин төккөн жүрөктүн,
Мекенди сүй деп үйрөттүң.
Элеси турат көзүмдө.
Чыңгыз деген сүрөттүн.
Колумда турган комузум,
Жакиев агам берди эле.
Балапан чакта бул комуз,
Бактыма менин келди эле.
Эми эмне дейли ал жагын,
Өмүрлүү болсун Жакиев.

Айтылган сөздө кайгы жок,
Ардактуу мында жан агам,
Кетесиң кээде дайны жок.
Инилер ырдап турганда,
Иниңдин деги айбы жок.
Шайлоодон акча табам деп,
Жүрөсүңбү кайгы жок?

**Жеңишбек:**

Ар кандай ырды көп айтып,

Биз инилер менен боздойбуз.
Айтыштын жолу ушундай,
Ар кандай тема козгойбуз.
Агылган суудай токтобой,
Жалындап күйгөн оттойбуз.
Үтүр, точкасы жок ырдайт турбайбы,
Биз эрте эле.
Пенсияга кетет окшойбуз.
Эми, ардактуу иним айтаарым,
Майрам өткөзүп жаткан чак,
Курманжан аттуу энеге.
Сенин сөздөрүңдү тыңшасам,
Окшошот аткан жебеге.
Бирок, Жеңишбектей акынды,
Жакалашып мушташкан,
ЖКдагы депутаттарга теңебе.
Анткени өзүң билесиң,
Акыл акын болобу,
Аны да айтып коёлу,
Жакшылыкты ырдаса,
Келип турат ой оңу.
Ой менен анан уланып,
Табылып турат жол оңу.
Акындык деген даража
Алты ай отурган ак үйдүн
Алтынчы кабаттан жогору.

Ардактап ырдап турбасаң,
Ардактын эмне кереги.
Манастан калган урпакка,
Бардактын эмне кереги.

Жаныңда жакшылыктар болбосо
Жан жактын эмне кереги.
Арыктап калдың деп айттың,
Сен да эркек болгон соң,
Мен да эркек болгон соң,
Салмактын эмне кереги.
Бийикте болсун деп турам,
Жакшылыктардын желеги.
Тээ 92-93-жылдары
Мен да он бештеги бала элем.
Алдыма чыккан аганы,
Быркыратып турчу элем.
Чагылгандай тез айтып,
Чыркыратып турчу элем.
Кыяматты салчу элем,
Кармашам деген акындын,
Алдына өзүм барчу элем.
Азыр айланып келип турбайбы,
Инилер кыйын чыкканы.
Тарта баштадым муң-кайгы,
Инилердин да ичинен,
Илимдүүлөрүн ылгайлы.
Башынан кыргыз ошондой,
Жакшылык менен бир болуп,
Жакшылыкты жолдошот.
Улуусу менен кичүүсү,
Сахнага чыгып калганда,
Кичүүлөрүн колдошот.
Анан улуулары ой таппайт,
Кичүүсү кыйын чыккан соң,
Кантип,

Келечек үчүн жол чаппайт.
Кыйын айтып турса да бизде,
Улууларга кол чаппайт.
Ошондой сонун шансың бар,
Ошондой улуу баркың бар,
Кыргыздан чыксын деп турам,
Сага окшогон алтындар.
Эми ардактуу иним сөзүңө,
Жооп берип ырдайын,
Аалы деген чоң акын,
Аалы деген зор акын,
Калган каткан акындар,
Кармаша калса чынында,
Алдында анын кор акын.
Сага дагы айтаарым,
Өкүл баламдай бол акын.
Байгени алып сен кетсең
Отурган элге майлагын,
Алкымда ырың бар болсо,
Аккан суу сымал айдагын.
Кыйын-кыйын акындын,
Артында такыр калбагын.
Кадырбай айтам ардагым,
Опол тоодой болсун деп,
Осмонкулдай ырдасаң,
Эл алдында салмагың.
Акын болсоң тың ырда.
Козгоп ырдап жүргүнүң,
Агайындын арбагын.
Көтөрүп жүрүп ырдагын,
Кыргыз элдин байрагын.
Жекенди жакшы көрсөң сен,

Аалыдай болом деп жүрсөң,
Жакында калсаң үйлөнүп,
Мени да өкүл ата шайлагын.

**Кадырбек:**

Алдыңа ырым жайната,
Тилимди сизге сайрата,
Сизди өкүл ата кылбаймын,
Мен сизди кылам кайната.
Ардактуу байкем Жеңишбек,
Жалындап турган жалындын,
Мен жалы болсом деп жүрөм.
Күйгөн деги бир оттун,
Табы болсом деп жүрөм,
Ала-Тоо кыргыз жергемдин,
Багы болсом деп жүрөм.
Батасын берсе кыргызым,
Аалы бир болсом деп жүрөм.

Калкына калка болбогон,
Хандарды куудук ордодон.
Кыргызды атып ойногон,
Канкорду куудук ордодон.
Эр азамат өлүштү,
Эгемен журтту коргогон.
Эр Манас кылган согушту,
Коргойм деп ыйык конушту,
Аазыркы далай чоңдоруң,
Атадан калган жерлерди,
Саткындар сатып коюшту.
Ал эми мында карасак,
Ардактуу агам Жеңишбек,
Туусу кылып кыргыздын,

Байлап алсак деп турам
Түндүгү кылып кыргыздын,
Кармап алсак деп турам.
Президенттик шайлоо дейт,
Биз сизди, шайлап алсак деп турам.
Анткени, айтайын сөздүн нускасын
Куудулдар акын болом дейт.
Акындан кантип чыкпасын.
Акын болом дегендер,
Дастанды үйрөн бай аке.
Көркөмдүү болом дегендер,
Басканды үйрөн бай аке.
Президент болом десеңиз,
Качканды үйрөн бай аке.
Алтындай мени жан агам,
Ал жагы болду тамаша.
Кыргызымдын турмушун,
Оңдогондор келсе экен.
Элибиздин турмушун,
Ойлогондор келсе экен.
Баягы качкан ажочо,
Болбогондор келсе экен.
Эр Манастын артынан,
Жолдогондор келсе экен.
Чекеге мээлеп атышпай,
Чет өлкөгө качышпай,
Атпагандар келсе экен.
Ата-баба жерлерин,
Сатпагандар келсе экен.
Эл үмүтүн буюрса,
Актагандар келсе экен.

Баш байге дейсиң агам ай,
Ал болсун мени санаам ай.
Сиз берем деп жатасыз,
Эмне деп айтат болду экен,
Садык деген агам ай.
Карасам Садык байкеме,
Байгени сага берем деп,
Көзүн кысып жатпайбы.
Мында турган Кадырбек,
Сөзүн кысып жатпайбы.
Жакиевдей агамдын,
Өзүн кысып жатпайбы.
Айла жок анда не дейли,
Калыстарды мактайлы,

Баш байге деле буюрсун.
Айтайын деги мунусун.
Женишбек айдап мерседес,
Аны Азаматка сатты эле.
Ал кезде байкем Жеңишбек,
Баш байге утуп алды эле.
Ардактуу мени жан агам,
Бүгүн утсаң баш байге,
Бөлүшкүн жарым үлүшүн.
Жок дегенде бер бир үзүм.
Эми эл алдында не дейин,
Мага дагы бул жерге,
Таштап кеткин деп турам,
Байке машинаңдын ключун.

**Жеңишбек:**

Кадырбектин турбайбы,
Кылычтай айткан жактары.

Ала албай жатып кызымды,
Эми машине сурай баштады.
Айткан сөзүңдү мен уксам,
Көңүлүм болду саратан.
Берейин деп жатты элем,
Кызымды ойлоп жанатан,
Кийин ключту сурап ырдадың,
Кайра ойлонгонсуп баратам.
Бул жерде ырас сен айткан,
Калыстарың отурат.
Жеңишбек баш байге берем десе,
Сен калыстардан чочулап.
Сакем көз кызса мага көз кысат,
Менин айтканыма кошулат,
Андыктан иним айтайын,
Эгер акындыгың бар болсо,
Ырдап жүргөн миң нуска.
Миң нускадан аласың.
Отурган элге бир нуска,
Сени моюнума көтөрүп,
Акындыгың бар болсо,
Көтөрүп жүрөм кыргызга,
Тилиңди анан от кылам,
Айтышка сени үйрөтүп,
Жалын кылам чок кылам.
Каталыгың табам да.
Кайсы жерден ырдасаң.
Кармап алып сот кылам
Эгер акындыгың жок болсо,
Сыйлабасаң агаңды,
Казанга салып жок кылам.

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Эки кул болуп кудайга,
Өкүл бала, өкүл атасы.
Ээрчишип чыктык финалга.
Бирөө күйөө бала болот жанагы,
Бул өкүл балам болот баягы.
Ыраазымын кудайга.
Экөөбүз чогуу чыккан соң,
Табылар деймин бир арга.
Экөөбүзгө туш болбосок деп
Далайдан
Кетип жаткандыр бир арга.
Эгемендүүлүк майрамы,
Акындардын баарысы,
Ал жагын толук сайрады.
Жыйырма жылдын ичинде,

Какшанып элдин баарысы,
Кызыл тилин кайрады.
Кээ бири туруп оң сүйлөйт,
Кээ бир туруп сол сүйлөйт,
Сөздөрдү айтып кайдагы.
Бузулбай элдин санаасы,
Ынтымакта болсун дейм.
Кыргызымдын арасы.
Анткени ынтымакты ырдаган,
Биз акындарбыз ар качан,
Айтыштан ишке жарачу.
Бир гана сөздү айтайын,
Мактана турган дүйнөгө
Башка элдин барбы «Манасы»?

Чыңгыз менен Манасты,
Мактана турган кыргызбыз.
Дүйнөгө айтып атагын,
Даңктана турган кыргызбыз.
Анда эмесе бул жерге,
Отурган мына бул элге,
Мына рамазан да аяктап,
Кадырдын болуп түндөрү,
Жараткандын алдында,
Момундар болуп сүйгөнү.
Периштелер жандашып,
Айлантып жатат дүйнөнү.
Адамзат деген ошондой,
Напсиге кандай алдашат.
Кыска күндө кээ бирөө,
Орозосун кармашат.

Ысык күнгө келгенде,
Шылтоо кылып иштерди,
Бул убакта жай басат.
Кармагандарга да ырахмат
Кармабагандар да ырахмат.
Муну айтып жаткан себебим,
Орозоңор кут болсун.
Силерди жараткан турсун кубаттап.
Анткени, сыйынаарыбыз бир кудай,
Кыргызга жакшылык берсин ылайым.
Жаңшанып ырдап турганда,
Жалпыбызды буюрса,
Сактасын деймин кудайым.
Тазасын баштан өткөрүп,
Баспайлы турмуш ылайын.
Ардактуу өкүл балам бар,
Мен дагы мунун сөзүн угайын.
Алтынын ырдын бул иним,
Арнап турган чыгар дейм.
Салмагы болсо опол тоо,
Сайрап турган чыгар дейм.

**Аалы:**

Туш болдум өкүл атама,
Кандай болду экен багыбыз?
Ырас өкүл атасыз,
Жалган эмес аныңыз.
Орозо кармап жатам деп,
Сөзүңүздү уктук баарыбыз.
Эки кыз келип эшиктен,
Алдыга келди чайыңыз,
Биз элге ырдап алалы,

Оозду ачып алыңыз.

Кадырбек күйөө балаңыз,
Бүгүн күйөө бала таптыңыз.
Эки олжолуу болдуңуз,
Чоң турбайбы бактыңыз.
Күйөө бала болом деп жабышат,
Болсо эгер сизде жакшы кыз.
Ал эми, күйөө баланды жетелеп,
Жолдуу акын экен деп,
Байке, анын да жолун ачтыңыз.
Ал эми, айтайын сөздүн өңүтүн,
Көрүп жатам күйөө баланды,
Өзүңдү ээрчип төгүшүн,
Кайната күйөө баланын
Экөөн тең чыккан финалга,
Биринчи жолу көрүшүм.

Эми айланайын жан байке,
Кыргыздын бизбиз уулдары.
Жараткан ушул жашоого,
Кудайдын бизбиз кулдары.
Эң бактылуу акынбыз,
Анткени эгемен күндүн уулдары.
Аркабызды ой карасам,
Тээтиги жазуу катты көргөндө,
Ойлонуп кетип баратам.
Жыйырма жылга толуптур
Эгемен күндү санасам.
Курманжандай апабыз,
200 жашка келди деп,

Эскерүү күнүн белгилеп,
Апабыздын эмгегин,
Айтпасак деле эл билет.
Алайдан чыккан алыскы,
Атагы кеткен алыска,
Далайга салган дабышты,
Бир кезде орустун генералдары,
Опкоолжуп сүрдөп калышты.
Ал эми Камчыбектин мойнуна,
Кабат-кабат аркан салышты.
Анда да энеси сактап калса деп,
Эл кейибестен таныштты,
Өзүнөн чыккан уулунан,
Өйдөрөөк койгон намысты.
Курманжандай апанын,
Эрдигине таң калам.
Пейилинин ошондо,
Кеңдигине таң калам.
Ал эми 120 депутат,
Толгон эркек жүрүшөт,
Курманжандай болбогон,
Кемдигине эй арданам.

Курманжан апа демекчи,
Айтайын бүгүн кайрылып,
Бүгүнкү бийлик бетине,
Курманжан десе коомдогу,
Аялдар түшөт эсиме.
Мактоо эмес көзүнчө,
Чындыкты кыргыз калкыма,
Айтпай жашырмак элем несине.

Дагы да бийлик жөнүндө,
Иштеген кыргыз эли үчүн,
Карысы, жашы тең үчүн,
Айтайын сөздүн өңүтүн.
Өз ыктыяр менен мандат тапшырган,
Президентти тарыхта,
Биринчи жолу көрүшүм.
Айланайын көпчүлүк,
Таластык мактанып атат деп,
Бузулбасын кейпиңер.
Чындыкты айтып койсо эле,
Бул мактанып атат дейсиңер.
Анткени Отунбаева дейт экен,
Элдин камын жейт экен,
Баарынан дагы акын катары.
Оозумда сөзүм уланган.
Жараткандан ыймандуу,
Башчы келсе экен деп
Ырымда дагы сурандым.
Акыйкат көрсөм эл үчүн
Айтпай кантип тура алдым.
Манасты жайылтуу боюнча
Мыйзамды кабыл алганын,
Баарыңар угуп көрдүңөр.
Болбосо,
Эне тил жөнүндө мыйзамды,
Агайын кыргыз эл билер.
Көбөйө берсин кыргызда,
Элди ойлогон белдүүлөр.
Эл журтунун баарысы,
Жетекчини колдошот.

Эстүү болсо жетекчи.
Кыйшык жолду оңдошот.
Артындагы жаштары,
Улууларын жолдошот.
Ал эми кыргыздын,
Кереге менен ууктары,
Кучактап турат бири-бирин,
Биригип алып баарысы,
Эң бийикте кармайт түндүгүн,
Ушулар турат далилдеп,
Улуттун дайым кимдигин.
Эгерде түндүк болбосо,
Кереге ууктар тура албайт.
Кереге уук болбосо,
Түндүгү бийик чыга албайт.
Эгерде түндүк болбосо,
Боз үйдүн ичи жарык нур албайт.
Анткени, бабадан калган бул сөздү,
Жаштары кантип уга албайт.
Көрсө бабаларыбыз ошентип
Далилдеп койгон турбайбы.
Кереге, уук, түндүк, боз үйдөн
Алсак болот мындайды,
Анан бөлүнүп облус облуска
Неге тартабыз муң кайгы.
Түндүк түштүк бөлүнүп,
Жалаң эле
Саясатчылар бөлөт турбайбы.
Саясатчыларды бүгүн биз,
Ыр менен чукуп ырдайлы.
Анткени, беш манжа турат беш бөлөк,

Муну беттесе душман чыр кылат.
Жалгыздап турса күчү жок,
Жандаса зөөкүр тындырат.
Бешөөсү эгер бириксе,
Ал бир койгон жерин сындырат.
Дал ошонун сыңары,
Түндүк түштүк бөлүнбөй,
Бири-бирибизге сөгүнбөй,
Жанагы келген жетекчи,
Булар талапкер болду деп аларга,
Кошомат кылып көрүнбөй,
Акматы келсин бияктан,
Ташматы келсин тияктан,
Элди бөлгөн буларды,
Алыс кылалы уяттан.
Биримдиктүү биз болсок
Жумулган колдой ар дайым,
Уюм болуп туралы.
Келген элдей чогулуп,
Жыйын болуп туралы.
Каптап келген душманга
Кыйын болуп туралы.
Тийишем деген душманды
Как чекеге уралы.
Болбосо Батыштан бүгүн саясат,
Баткакка сүйрөп баратат.
Кыргыздын эгемендигин бир эле,
Кыргыз калкы дейсиңби.
Башкалар дагы талашат.
Демек, кыргызга кыргыз биригип,
Бир тууган болсок да жарашат.

Анткени, муну айтып жаткан себебим.
Ачыгын айтып беремин.
Эгемендүү эл болсок деп,
Энтигип мен да ашыгам.
Дагы эле көз карандыбыз,
Көргөндүн несин жашырам.
Эркиндик үчүн күрөшкө,
Элимдин баарын чакырам,
Болуш үчүн эгемен,
Кутулсак экен батыштын,
Кууратан саясатынан.

**Жеңишбек:**

Ардагым иним ырдадың,
А деген жерден ыр төксөң.
Атактуу ырчы Калыксың.
Жанагы сексенден ашык талапкер,
Мен ажо болом деп жүрөт.
Алардын атын айтпаймын,
Айтканыңдай иш кылсаң,
Сен ажолукка жарап калыпсың.
Кыргызга кыргыз күйөт да,
Кыргыз деп соккон жүрөк да.
Андыктан биздей акындар,
Кыргызды ырдап жүрөт да.
Мен дагы кээ бирөөнө таң калам,
Кыргызды кыргыз жандабай,
Кыргызды кылмыш жандаган,
Артына колун байлабай,
Жан дүйнөсүн байлаган.
Калыс деген сотторуң
Акча келсе экен деп

Жан дүйнөсү жандаган,
Башка улуттун бирөөсү,
Зордуктап кызын жатса да.
Акчасын алып унчукпас,
Калыстыгына таң калам.

Эми, ал жагы болсун ал жагы,
Азыр көрүнбөй турат чынында,
Кыргыздын сонун каймагы,
Каякка кеткен билбеймин,
Кыраан Манастай балдары.
Эркектердин түгөнүп,
Чындыгында амалы.
Көбөйүп бара жаткансыйт,
Чындыгында жаманы.
Ажо болсом алсам деп,
Далайдын ачылып жатат кабагы
Мыйзамдуу түрдө ажолукту өткөзөт.
Азайып бара жатпайбы,
Ошондой аялдардын заманы.
Андай чындыкты сүйлөп иштеген
Биздин арабызда аз эле.
Ырас Отунбаева өткөзөт.
Андан кийин ким болот.
Ошондо турат маселе.
Желекти бийик көтөргөн,
Кыргыз десе ооруган,
Малы жокко мал берген,
Даны жокко дан берген,
Кардын сылап уктабай,
Кыргыз үчүн жан берген,

Иштеген бирөө келсе экен.
Кыйындын алдын тоспогон
Кыргызым деп боздогон,
Кара жанын кыйнаган.
Түндө отуруп дайыма,
Кыргыз үчүн ыйлаган,
Акылдуу бирөө келсе экен.
Анткени падыша деген падыша,
Жакшылыкты улаган,
Падыша эгер жок болсо,
Карарып кыргыз асманы,
Манасты дагы көрдүңөр,
Маңкурт кыла баштады.
Уланбай калды кийин да,
Урпактарга келаткан,
Улуулардын дастаны.

Кечээ Аалы экөөбүз биригип,
Аалы экөөбүз сүйүнүп,
Операнын залында,
Чымчыганда чоңдорду,
Тээ парламенттин залында.
Бир депутат кеп салды,
Өзүн-өзү жеп салды,
Сотточуну соттобой,
Төкмө акындын баарысын,
Соттош керек деп калды.
Мен муну айтып жатканым,
Аларды турбайм кубаттап,
Алардын мына ыйманы,
Тазарган жок булактап.

Жалгыз Текебаев бизге болушту.
Аны колдогон деле жерим жок,
Ошонусуна ырахмат.
Эми ардактууларды карачы,
Ээрчишип ырдап жүрөбүз
Үйбөйлү башка капаны.
Азыр билинбей
Кыргызды жок кылыш деген
Саясат жүрүп жаткандай.
Кээ бирөөнүн, башталып жатат азабы.
Көчөдөгү имараттардын үстүндө,
Калмактын калпактары койкоёт,
Алардын башталган жокпу чатагы?
Калпагын көккө койгондой,
Кыраан Манас тукумун,
Калмактар бийлеп жатабы?

Эми ардагым Аалы айтарым,
Курманжан датка энебиз,
Кубанып айтып келебиз.
Эсирбестен эжелер,
Дал ошондой болсо экен.
Эжелерим дайыма,
Курманжан датка сыяктуу,
Бийиктикке консо экен.
Энелер таза болсо экен.
Даарат менен бала эмизген,
Жеңелер таза болсо экен.
Укум-тукум тазарып,
Сугарылбай арамга
Денелер таза болсо экен.

Бакыт менен бир конуп,
Каталыгын кыргыздар,
Ар убакта жойсо экен.
Тилегеним дайыма,
Жараткандан суранып,
Суранган сайын ушинтип,
Көңүлүмдө ак турат.
Дагы эмне болуп кетет деп,
Жан дүйнөлөр сак турат.
Ал түндө күндө ыйлайбыз,
Кыргызым оңолсо экен деп,
Жайнамазда жаш кулап.
Жан дүйнөң ооруп турганда,
Жаранын сөзүн айттырат.
Баарыбыз баягы экен дебестен,
Жакында шайлоо келатат,
Ойлонгула жакшылап.
Анткени, башчыбыз жакшы болсо экен.
Бөксөргөн кесе толсо экен.
Тияктан өзбек карап күлбөсүн,
Дүрбүсүн салып тияктан,
Аңтарбасын башкалар,
Көралбастык дүйнөсүн.
Аттиң ай, жер сатылбас болсочу
Эл сатылбас болсочу.
Сатылып кетип ортодо,
Жаш карысы биригип,
Теӊ сатылбас болсочу.
Жаратканым бүгүн бир,
Ак батаны кылалы,
Кабыл алып койсочу.

Ал эми эл аралап жүрөбүз,
Экөөбүздү өткөндө,
Элдер дайым кеп кылат.
Кеп кылганда көп кылат.
Өткөндө бирөө кеп айтат.
Аалыны ажо кылып сен өзүң,
Премьер болбойсуңбу деп турат.
Билесиң да дүйнөдө,
Ушундай сонун тандем бар.
Бул жагын кандай ойлойсуң?
Анын суроосунда мандем бар.

**Аалы:**

Жеңишбек байке макал бар
Орус мене дос болсоң,
Айбалтаңды ала жүр.
СНБ менен дос болсоң,
Оозуңа конфет сала жүр.
Секреттерди көп айтпа.
Камерасын көтөрүп,
Бу жерде далай бала жүр.
Айланайын байкебиз,
Эгер бир кишини бирөө алдаса,
Аны аферист деп эл айтат.
Миң кишини алдаса,
Мошенник деп көп айтат.
Бүт кыргызды алдаса.
Андайды саясатчы деп айтат.
Муну айтып жаткан себебим,
Сизге ачыгын айтып беремин.
Андай саясатчы болбой эле,
Жөн эле жүрсөм дегемин.

А бирок,
Сиз эл ушинтип айтты десеңиз,
Ойлонгонсуп баратам.
Ажо кылып шайласа,
Мейли иштеп беремин.
Бирок, сиз менен тандем түзөйүн.
Келишип алып оболу.
Премьер болсом экен деп,
Байке, оюңуз
Болуп кеткен жокпу жогору?
Анча-мынча нерсени,
Көпчүлүктүн алдында,
Калыс чечип коёлу.
Эгер мен болсом президент
Сизге муфтийди алып берсем болобу?

## 2011-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮНҮН 20 ЖЫЛДЫГЫНА ЖАНА КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН 200 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫНАН

## ЖЕҢИШБЕК ТОКТОБЕКОВ МЕНЕН ААЛЫ ТУТКУЧЕВДИН АЙТЫШЫ

**Жеңишбек:**

Ардактуу журтум колдосо,
Албетте баарын сүйөбүз,
Жаңшанып ырдай баштайлы,
Жараткан кудай тирөөбүз,
Эки акын чыкты алдыңа,
Бирок, эки деп айтпайм ар качан,
Экөөбүз бириккен дайым бирөөбүз,
Ыйласак бирге ыйлайбыз,
Күлгөндө чогуу күлөбүз.
Эми балама кезек берейин
Баарыбыз эле туугандар,
Бала деп жашап жүрөбүз.

**Аалы:**

Бала деп жашап жүрөбүз,
Байке, ал жактан батпа санаага,

Анткени сиз атасыз,
Атанын оюу балада,
А баланын оюу талаада.
Адам ата да бир кезде,
Атасыз болуп жаралган.
Капа болбойсуз ага да.
Айланайын көпчүлүк,
Айтыштын шарты ар кандай.
Өмүрү мындай болбоптур,
Бир акынды эки салгандай.
Жеңишбек өкүл атама,
Кайра бир жолу туш болдум,
Эки ирет инфаркт алгандай.

Жеңишбек байкем карачы,
Буйругу мага туш экен.
Эл алдында эргүүгө,
Көөдөндө ыры жыш экен.
Бирде жаалы төгүп ырдаса,
Жай экен, кээде кыш экен.
Эргисе жан дүйнөсү жай экен.
Кээде туруп муз экен.
Кечээ мен ажо болуп турганда,
Муфтийликке койду элем.
Көтөрүлүп алганда,
Кылган иши ушу экен.

**Жеңишбек:**

Жараткандын иши бар,
Жазганын каалаcа туруп өчүрөт.
Сени ажолукка шайласак,
Апабыз баштап өчүрөт.

Тагдыр деген ошондой,
Бирине-бири кезигет.
Жакшы адамдар ушундай,
Сахнага чогуу чыкканда,
Жан дүйнөсү тазарып,
Бири-бирине сезилет.
Сен муфтий кылып шайладым,
Деп өкүнгөнсүп жатасың.
Негизи падышалар ошондой,
Адегенде шайлашып,
Кийинирээк өкүнөт.

Кудай өзү буюрса,
Жанганы калдың көрүнөт.
Башынан туура эл билет,
Бара турган бийикке,
Барганы калдың көрүнөт.
Ата машине сатып бер дедиң,
Айтпаган сөзгө буюрса,
Канганы калдың көрүнөт.
Атаңан ачкыч сурабай,
Машинеңдин акчасын,
Алганы калдың көрүнөт.

**Аалы:**

Ардактуу атам Жеңишбек,
Экөөбүз ымалага келишсек
Өзүңүз ушундай,
Кээ бирөөлөргө баласыз,
Кээ бирөөлөргө агасыз.
Машинаңызды сурасам,
Шарт эле башкага бура саласыз.

Сиз өзү болсо мусулман,
Жайнамазды жаясыз.
Кудайдан тилеп жакшылык,
Далай ийгиликтерди табасыз.
Таттуу уйкудан ойгонуп,
Таң ата элек кезинде,
Мечитти көздөй барасыз.
Ал эми пайгамбардын сүннөтү,
Пайгамбардан таалим аласыз.
Анан «виндом» деген машина,
Айдаганыныз дагы чын,
Аны кайдан танасыз.
Оң рулдуу дейт андайды,
Кээде кыйналып каласыз,
Мусулман
Оң жактан баштайт биринчи,
Сиз рулга отурганда,
Биринчи сол бутуңузду саласыз.
Ошон үчүн деп жатам,
Машинаңызды байке,
Мага бериңиз деп жатам.
Бакылдап минтип отурсам,
Отмазкага көп чыгып.
Машинасын бербейт да.
Бул байге 200 миң сом экен,
Ага виндом келбейт да.
Албетте, мен дагы бир баламын.
Сизге окшогон карачы,
Ээрчип жүрөм артыңдан,
Атанын жана аганын.
Ээрчитип чыксаң агабаз,

Эргип обон саламын.
Өзүңүз менен талашып,
Мен эмнеден канамын.
Улууну кичүү сыйласа,
Албетте элге жагамын.
Айланайын байкебиз,
Тер десең мына ыр ырдап,
Түшүмүн ырдын теремин.
Албетте өзүңүз менен айтышып,
Турганым ушул себебим.
Сиз жүр деген жактарга,
Кошулуп бирге келемин.
Сизди такыр жеңе албайм,
Бирок башкасын,
Кудай таалам колдосо,
Айтышканын жеңемин.
Мен үйлөнгөн кезимде,
Тоюма көп кошумча берди эле,
Бүгүн кудай таалам буюрса,
Процентин төлөп беремин.

**Жеңишбек:**

Мусулманчылыкты сен айттың,
Мусулманда бар намаз.
Элдин баары тең намаз окушат,
Башка кайсы кай намаз.
Мен салсам алгач жай намаз,
Сен саласың жай намаз.
Экөөбүз ырдап жүргөндөй,
Биринчи
Имам алдыны көздөй умтулуп,
Алдыны көздөй турушат.

Калган мусулман намаз кылаарда,
Арткы катарга түптүз турушат.
Бир имамдын айтканын,
Жүз миңдеген мусулман,
Тартип бузбай угушат.
А саясатчылар башкача,
Сексенден ашык орунга,
Бири-бирине тырышат.
Андайдан кудай сактасын.
Азыр Токтогулдун комузун,
Колуңа алып ырдайсың.
Толгонуп көрсөң болгону,
Менин артымдан намаз окуйсуң,
Аша албайсың имамды
Бул жагын,
Ойлонуп көрсөң болгону.
Кээ бир акын менен ырдашсаң,
Алыстап алып талаалайт.
Ал эми Аалы менен ырдашсаң,
Тим эле алп куш болуп сабалайт.
Анан процент берем дейсиң го,
Мусулманчылыкта билесиң,
Процент деген жарабайт.

**Аалы:**

Ардактуу байкем билесиз,
Ырас мен артыңызда жүрөмүн.
Өзүңүз менен кошулуп,
Ушул калкыңызда жүрөмүн.
Имам нени тилесе,
Менин да ошол тилегим.
Агайын тууган эл менен,

Карысы жашы тең менен,
Мандайында ыр ырдап,
Мен болоюн дембе дем.
Айланайын көпчүлүк,
Жалпыңарга ырдайын.
Эсендикти тилеймин.
Ынтымакты ортодо,
Бекемдикти тилеймин.
Ак калпак кыргыз элибиз,
Ала-Тоо биздин жерибиз,
Казылбасын башкага.
Жерибиздеги кенибиз.
Карегин чукуп жатса да,
Кайдыгер болсо дилибиз.
Намысын саткан акчага,
Баарысын саткан акчага,
Сойкубузбу деги биз.
Ошондуктан айтаарым.
Көлүбүздү сатпайлы,
Төрүбүздү сатпайлы,
Элибизди сактайлы.
Бийлик үчүн тырышып,
Элибизди атпайлы.
Болбосо мына далайлар,
Кайгыны тартып жатпайбы.
Эл жеринен эң алыс,
Жүргөндүн өзү нак кайгы.
Ал эми элибизден чыгыптыр,
Эл коргогон баатыры жана султаны.
Улантып келген артында,
Мен алардын урпагы.

Ичээр суум бүткөндө,
Буюрса деп тилеймин,
Мага Ата-Журттун турпагы.
Муну айтып жаткан себебим,
Ар бир жүрөк элим деп,
Согуп турсун дегеним.
Ойдогудай жакшылык,
Болуп турсун дегеним.
Илгертен бери мынакей,
Карыны кыргыз сыйлаган,
Анткени кары төрдө жыргаган.
Карыларын кубат деп,
Кичүүлөрү ырдаган,
Улуусу айтса нуска кеп,
Кичүүлөрү тыңдаган.
Айтканың болсо акыл деп,
Уккан кулак макул деп.
Акындар дагы мынакей,
Улууларын сыйлашат.
Урматтап биздин акындар.
Эки акын ээрчишип,
Элине ырдап жатыр деп,
Көпчүлүктүн баарысы,
Жыйылып келди бу жерге.
Кудай насип карачы,
Буюруп келди бу элге.
Оозумдагы сөздөрү,
Куюлуп келди бу жерге.
Акындардын айтканы,
Элге угулуп келди бу жерге.
Айланайын көпчүлүк,

Кайрылып кетем силерге.
Эсиңде калат го түбөлүк,
Кызматты кылса ким элге.
Ал эми келген мүмкүнчүлүктү,
Калкым бекерге текке жибербе.
Ал эми адал болсун ак болсун,
Бүгүнкү алчу ак байге,
Саяпкерлер элдин ичинде,
Сахнада болduң ат байге.
Татыктуууга буюрсун,
Бүгүнкү бериле турган нак байге.
Жеңишбек байке чын дилден,
Жүрөгүм менен куттуктайм,
Калыстар уруксат берсеңер,
Куттуу бир болсун баш байге.

**Жеңишбек:**

Өзү акылдуу жигит эмеспи,
Асылын кептин баштады.
Куттуктап ырдап байкасам,
Мени сөз таппас кылып таштады.
Айланайын Аалыке,
Маңдайыңда отурам.
Башкадан мейли чочунам,
Ырдасаң чогуу ырдаймын.
Созулсаң чогуу созулам.
Эми атасыбы баласы,
Экөөнүн бири алса да,
Айтканыңа кошулам.
Эми айланайын Аалыке,
Океандай толгунуң,
Осмонкулдай болгунуң.

Калыктай болгун кара жаак,
Кармашканды сойгунуң.
Акындардын алпы бол,
Арстанбек, Барпы бол.
Кыйынчылык маалында,
Кыргыз элге жарчы бол.
Асмандагы толгон бир,
Жылдызды кошуп ырдагын,
Алакан чаап отурган,
Кыргызды кошуп ырдагын.
Келе жаткан келечек,
Уул кызды кошуп ырдагын.
Токтогулдай толкундап,
Толкуткун ырдын кырманын.
Анткени жагат эмеспи,
Агайын элге кылганың.
Куттуу болсун сенин да,
Бүгүнкү ала турган сыйларың.
Акын сөздү мол табат.
Мол тапканда чоң табат,
Эки акын бириксе,
Биригип алып жол табат.
Бирок оюңду толук билгизбей,
Көрөрмандарга ырахмат.
Тоскоол болуп кол чабат.
Антсе дагы ырахмат.
Эч убакта кылбайбыз,
Агызып ырдын булагын,
Жараткандан сурагын,
Жараткандан сурасаң,
Ишке ашсын ылайым.

Ойнойлу да күлөлү,
Бирибизди бирибиз,
Дайыма сүрөп жүрөлү.
Бирок сага ылайыктуу деп турам,
Негизи ак тулпардын жүгөнү.
Антсе да балалык кылып атаңа,
Ак тилек айтып жатасың,
Кадырың дайым билели.
Эгемен кыргыз эли үчүн,
Дайыма ээрчишип ырдап жүрөлү.

**Аалы:**

Акча бул камыртуруштай,
Казандан ашып ташытат.
Адамдын өзүн көптүрүп,
Жан дүйнөсүн ачытат.
Ал эми акчаны эңсеп кеткендер,
Ак үйгө барып сасышат.
Анан чогултун ошол акчаны,
Ажо болгондор кызыкса,
Сандыгына басышат.
Сүйрөп алып учаккка,
Жүктөп алып качышат.
Ал эми
Аалы президент болом десең эгерде,
Кызыкпа деп акчага,
Бул көпчүлүк айтып жатышат.
Мен муну айтып жаткан себебим,
Кудай буюрса жакында,
Сиз айткандай жакында,
Президент болуп келемин.
Ал эми муфтий алган акчаны,

Жетим-жесир мечитке,
Жумшаганын көрөмүн.
Бүгүнкү айтыш байгеси,
Жакшы жактарга иштесин,
Андыктан сизге беремин.

**Жеңишбек:**

Падыша айтып жаткан соң,
Мен падышага ыктаймын.
Ана бул калкан болбосо,
Мен кантип муну муштаймын.
Муфтий алган акчаны,
Жетим-жесирге берем дейт.
Таратып кел деп мен бүгүн,
Өзүмдү-өзүм жумшаймын.

## МАЗМУНУ

Постсоветтик доордогу айтыштардын абалы ............................3

**Рахматулла Козукеев**

2016-жылы 28-майда Баткен жергесинде «Тарых жана маданият» жылына карата өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Рахматулла Козукеев менен Амантай Кутманалиевдин айтышы ........................................ 16

Токтосун акынды эскерүү.
Рахматулла Козукеев менен Курстан Нурматовдун айтышы ........................................ 23

**Абдибали Акимбеков**

Барпы апыздын шакирти Тайирбек төкмө менен учурашуу ..... 36
Мырза-аке айлындагы жолугушуу........................................ 44
Алгачкы шакиртим Төрөбай ........................................ 47

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан Датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын республикалык айтышынан.
Абдибали Акимбеков менен Азамат Болгонбаевдин айтышы........................................ 49

2013-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө арналган акындар айтышынан.
Абдибали Акимбеков менен Болгонбаев Азаматтын айтышы........................................ 57

2016-жылы 28-майда Баткен жергесинде «Тарых жана маданият жылына» карата өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Абдибали Акимбеков менен Болот Назаровдун айтышы .......... 66

**Амантай Кутманалиев**

Амантай менен беттешүү........................................ 76
Алым сабак........................................ 86

2003-жылы Мамалекеттүүлүктүн 2200 жылдыгына арналган эл аралык айтыштан.
Чоробек Айдаров менен Амантай Кутманалиевдин айтышы..... 90

2003-жылы Мамлекеттүүлүктүн 2200 жылдыгына арналган эл аралык айтыштан.
Муханбетжан Тазабеков менен Амантай Кутманалиевдин айтышы........................................................................100
2007-жылы «Кыргыз» атына арналып өткөрүлгөн айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Сапарбек Зулпуевдин айтышы........................................................................ 106

2007-жылы Барскоон жергесинде «Кыргыз» атына арналып өткөрүлгөн республикалык төкмө акындардын айтышынан.
Амантай Кутманалиев менен Азамат Болгонбаевдин айтышы........................................................................ 117

2008-жылы Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө арналган айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Үрүстөм Кайыртай уулунун айтышы........................................................................ 129

Жеңижоктун 140 жылдыгына арналган айтыштан.
Орозаалы Досбосумов менен Амантай Кутманалиевдин айтышы ........................................................................ 139

Токтосун акынды эскерүү.
Амантай менен Аалынын айтышы ........................................ 165

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына Курманжан Датканын 200 жылдыгына арналган айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Азамат Болгонбаевдин айтышы ........................................................................ 176

«Нооруз – 2013» айтышынан.
Амантай Кутманалиев менен Максат Кулуевдин айтышы... ...186

2013-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө арналган акындар айтышы........................................ 198
Абдылда Нуралиев жана Амантай Кутманалиев .................. 213

2013-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө арналган акындар айтышынан.
Амантай Кутманалиев менен Болот Назаровдун айтышы....... 210

2013-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө арналган акындар айтышынан.
Амантай Кутманалиев Баян Акматовдун айтышы................. 222

«Ош – 2014» айтышынан.
Амантай Кутманалиев жана Элмирбек Иманалиев ................ 233

2015-жылы өткөн «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу республикалык айтыштан.
Кадырбек Бейшенов менен Амантай Кутманалиевдин айтышы ........................................................................ 240

Эсенаман Жалгаш уулунун 180 жылдыгына арналган, Талас районунун Көпүрө-Базар айылында болуп өткөн төкмө акындардын республикалык айтышынан.
Амантай Кутманалиев менен Болот Назаровдун айтышы....... 255

Коргоол Досу уулунун 130 жылдык маарекесине арналган айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Баян Акматовдун айтышы ....... 266

Токтогулдун 150 жылдыгына арналган эл аралык айтыштан Бөрүбай Орозунбетов менен Амантай Кутманалиевдин айтышы ........................................................................ 273

2015-жылы өткөн «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу республикалык айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Тынчтыкбек Эсенбай уулунун айтышы ........................................................................ 284

2016-жылы 28-майда Баткен жергесинде «Тарых жана маданият» жылына карата өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Идирис Айтибаевдин айтышы ........................................................................ 293

2016-жылы 28-майда Баткен жергесинде «Тарых жана маданият» жылына карата өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Амантай Кутманалиев менен Азамат Болгонбаевдин айтышы ........................................................................ 303

Токтосун Тыныбековдун 90 жылдыгына карата Аксы жерге синде өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Амантай Кутманалиев жана Изат Айдаркулованын айтышы ........................................................................ 314

**Шекербек Адылов**

Ата-бала айтышы, Аалтан калган нарк ушу ........................ 326
Жеңижок акындын «КУТ ЖЫЛДЫЗЫ» ............................. 336
Сара Токтамысова менен Шекербек Адыловдун айтышы ....... 336

Амантай менен Шекербек, айтышкан бир кезде бетме-бет ..... 352
Эки акындын ыры бар, элине айтар сыры бар.
Шекербек менен Аалынын айтышы........................................ 375

Жеңижоктун 140 жылдыгына аналган айтыштан.
Сара Токтамысова менен Шекербек Адыловдун айтышы ....... 392

2013-жылы 21-мартта Нooруз майрамына арналган Эл аралык айтыштан.
Шекербек Адылов менен Аалы Туткучевдин айтышы ........... 410

2016-жылы II Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөрүлгөн X эл аралык айтыштан.
Батырлан Сагынтаев менен Шекербек Адыловдун
айтышы...................................................................... 425

Токтосун Тыныбековдун 90 жылдыгына карата Аксы жергесинде өткөрүлгөн республикалык айтыштан.
Шекербек Адылов менен Турат Жумаевдин айтышы............. 436

**Жеңишбек Токтобеков**

Кыргыз мамалекеттүүлүгүнүн 2200 жылына арналган Эл аралык айтыштан.
Жеңишбек Токтобеков менен Элмирбек Иманалиевдин
айтышы...................................................................... 445

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын эл аралык айтышынан.
Жеңишбек Токтобеков менен Кадырбек Бейшеновдун
айтышы...................................................................... 465

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын эл аралык айтышынан.
Жеңишбек Токтобеков менен Аалы Туткучевдин
айтышы ..................................................................... 480

2011-жылы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына жана Курманжан датканын 200 жылдыгына арналып өткөрүлгөн төкмө акындардын эл аралык айтышынан.
Жеңишбек Токтобеков менен Аалы Туткучевдин
айтышы...................................................................... 495

*Адабий-көркөм басылма*

**«АЙТЫШ» СЕРИЯСЫ**

**АЙТЫШ**

6-том

Түзгөндөр:
*А. Акматалиев, М. Көлбаева*

Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректорлору: *Н. Осмоналиева, К. Солтобаева*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 27.07.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 32 б.т. Нускасы 500. Заказ № 31

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.